# МАЗМУНУ

**_ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ_**
**_ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ_**
**_HISTORICAL SCIENCES_**

***Авазов Эрнис Абдыманапович***
ТАРЫХЫЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРДӨГҮ МОДЕЛДЕШТИРҮҮ УСУЛДАРЫНЫН МААНИСИ ЖАНА РОЛУ ........ 6
***Айталиева Толкун Кундузбековна***
ЭР СОЛТОНОЙ - КЫРГЫЗ ЭЛИН КОРГОГОН БААТЫР ........ 11
***Арзыбаев Тыныстан Кадырович***
ЭТНОГРАФИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИЛИМ КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫ ........ 15
***Асанов Темиркул Ишекеевич***
ТЕҢИР-ТОО КЫРГЫЗДАРЫНЫН XVI–XIX КЫЛЫМДАРДАГЫ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮК МАСЕЛЕЛЕРИ ........ 19
***Анарбекова Венера Эркинбековна, Анарбаева Гульназ Араповна***
ЖАЛАЛ-АБАДДАГЫ САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО ОКТЯБРЬ РЕВОЛЮЦИЯСЫНА ЧЕЙИН (КАМАЛИТДИН ГАЙББАЕВДИН “ООРУЛАРДЫ АЙЫКТЫРУУ” КИТЕБИНИН МИСАЛЫНДА) ........ 31
***Ахмедов Орунбай Козубаевич***
ЧАПКЫЛДЫК УРУУСУ ........ 38
***Аюпов Тимур Маратович***
БАШКЫРТ УЛУТТУК КЫЙМЫЛЫНЫН АКТИВДҮҮ КАТЫШУУЧУСУ ИЛИАС АЛКИНДИН БИОГРАФИЯСЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ИЗИ ........ 45
***Бакаева Гаухар Ергалиовна***
С. ЖОЛДАСБАЕВДИН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ XV-XVIII КЫЛЫМДАРДАГЫ ЖЕТИСУ КАЗАКТАРЫНЫН САЛТТУУ КОНУШТАРЫ ........ 50
***Бердиев Асан Токсонович, Султанова Сүйүнгүл Ташбаевна***
АБСАМАТ МАСАЛИЕВДИН КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КООМДУК ИШМЕРДИГИ ........ 54
**Дүйшеев Жеңишбек Аматысакович**
ПРОФЕССОР Э.Ж. СУЛАЙМАНОВДУН ЭМГЕКТЕРИНЕ СЕРЕП ........ 61
***Жакыпбеков Жаныбек, Толобаева Элида Анарбековна***
КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛАСТЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮНҮН ТАРЫХНААМАДА ИЗИЛДЕНИШИ (XX КЫЛЫМДЫН 20-30-жж.) ........ 66
***Жаныбекова Кайрыкан***
ЖАЙЧЫ-БАКШЫ (ШАМАН) ДҮЙНӨСҮНДӨГҮ БӨРҮ ........ 75
***Жаркынбаев Талайбек Жумабаевич, Алымбаев Жээнбек Байыскулович***
СОВЕТ БИЙЛИГИНЕ КЫЗМАТ КЫЛГАН АЛЫМБЕК ДАТКАНЫН УРПАКТАРЫ ........ 82
**Жолдошов Рыскул Жолдошевич**
КЫЗ АЛА КАЧУУНУН БАШАТЫ ЖАНА АНЫН СЕБЕПТЕРИ ........ 88
***Зулпуева Рабы Жаңыбаевна***
КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАРАНДЫК КООМУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ ........ 96
***Исаков Кубанычбек Абдыкадырович***
ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ДООРУ (ТАРЫХЫЙ-ФИЛОСОФИЯЛЫК РЕФЛЕКЦИЯ) ........ 103

***Каратаев Олжобай Кубатбекович***
КЫРГЫЗДАРДЫН ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРИНИН ПАНТЕОНУ: ЫЙЫК ЖЕР-СУУ (IDUK JER-SUB) ........ 108
***Калыш Аманжол Боранбайулы***
ЭТНОГРАФ Э.А. МАСАНОВДУН XIX – XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ КАЗАКТЫН САЛТТЫК ҮЙ КЕСИПТЕРИ ЖАНА КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮН ИЗИЛДӨӨГӨ КОШКОН САЛЫМЫ ........ 115
***Кедейбаева Жамал Арсталиевна, Кубатбекова Нурзада Кубанычбековна, Шакирова Нургуль Мирзаевна***
КЫРГЫЗ ЭЛИНИН РУХАНИЙ КООПСУЗДУГУНУН ТИЛДИК, МАДАНИЯТ КОРКУНУЧТАРЫНЫН СЕБЕПТЕРИ ........ 120
***Колсариева Назира Шаршенбековна, Джалиев Зафар Нурланбекович***
УКУКТУК МАМЛЕКЕТ МЕНЕН ЖАРАНДЫК КООМДУН КАТЫШЫНА ТЕОРИЯЛЫК ПОДХОДДОР ........ 126
***Малтабаров Бакытбек Амирович, Түмөнбаева Гүлүмкан Байышовна***
АЗЫРКЫ ЖАШТАРДЫН УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШКА БОЛГОН КӨЗ КАРАШЫН ЖАНА БИЛИМ ДЕҢГЭЭЛИН АНЫКТОО МАКСАТЫНДА ОШМУНУН СТУДЕНТТЕРИ АРАСЫНДА СОЦИОЛОГИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨ ........ 134
***Мамытова Алтынай Билаловна, Сайпидинова Карлыгач Сыргабековна, Амирбек кызы Гульбарчын***
КЫРГЫЗ БОЗ ҮЙҮНҮН ЖАСАЛЫШЫ ЖАНА КОНСТРУКЦИЯСЫ: САЛТТАР ЖАНА МАТЕРИАЛДАР ........ 142
***Маразыков Нурабидин Камчыевич, Садыкова Максатай Токторовна***
Кыргызстандын түштүгүндөгү «катмы окутуу» жөрөлгөсү ........ 152
***Муратова Зуура Абдыкеримовна***
МОНГОЛ ДООРУНДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН МИГРАЦИЯСЫ ........ 157
***Мирзаев Авазбек Талибжанович, Чыныкеева Гулназ Эргешалиевна***
НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ЭТНОГЕНЕЗА И ЭТНИЧЕСКОЙ ИСТОРИИ УЗБЕКСКОГО НАРОДА ........ 162
***Мирзаев Авазбек Талибжанович, Чыныкеева Гүлназ Эргешалиевна***
ӨЗБЕК ЭЛИНИН ЭТНОГЕНЕЗИНИН ЖАНА ЭТНИКАЛЫК ТАРЫХЫНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ........ 162
***Ормушев Асан Сулайманович***
СТАЛИНГЕ КАТ ........ 167
***Осмонова Самара Курбаналиевна***
САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ ЖАШ МУУНДАРДЫ ЭМГЕККЕ ТАРБИЯЛООНУН КУРАКТЫК ЖАНА ГЕНДЕРДИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ (ТҮШТҮК-БАТЫШ ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН МИСАЛЫНДА) ........ 173
***Осмонов Самарбек Жумабекович***
КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛЫК ОБЛАСТЫНЫН ӨЗГӨРҮШ КОМИТЕТИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ........ 178
***Сулайманов Эртабылды Жолдошевич, Смадияров Сыдык Акунович, Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна***
КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛУСУНУН ТҮПТӨЛҮШҮНДӨГҮ ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН ОРДУ ........ 183
***Султаналиева Назира Ишенбековна, Шекерова Элизат Нурдиновна***

БОЗ ҮЙДҮН ИЧКИ ЖАСАЛГАЛАРЫНДАГЫ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК БУЮМДАРЫНЫН БЕРИЛИШИ........................................................................................................................................... 189

***Турдибеков Мумин Тураевич***

ЭТНИКАЛЫК ИДЕНТИКТИН ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮҮСҮ ............................................................... 198

***Чыныкеева Гүлназ Эргешалиевна, Мирзаев Авазбек Талибжанович, Таирова Мукаддас Гуламжановна***

АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗСТАНДЫН КАЛКЫНЫН УЛУТТУК КУРАМЫНА ДЕМОГРАФИЯЛЫК ТАЛДОО ......................................................................................................... 205

АВТОРЛОР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ.....................................................................215

***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***
***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***HISTORICAL SCIENCES***

**Авазов Эрнис Абдыманапович**

# ТАРЫХЫЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРДӨГҮ МОДЕЛДЕШТИРҮҮ УСУЛДАРЫНЫН МААНИСИ ЖАНА РОЛУ

***Авазов Эрнис Абдыманапович***

# ЗНАЧЕНИЕ И РОЛЬ МЕТОДОВ МОДЕЛИРОВАНИЯ В ИСТОРИЧЕСКИХ ИССЛЕДОВАНИЯХ

***Avazov Ernis Abdymanapovich***

# THE SIGNIFICANCE AND ROLE OF MODELING METHODS IN HISTORICAL RESEARCH

***УДК. 947, 083 (043.3).***

***Аннотация.*** *Тарых илими башка илимдер сыяктуу эле методдордун чоң жана түрдүү арсеналына ээ. Азыркы учурда тарых илиминин методологиялык концепциясы, изилдөө усулдары жана технологиясы менен куралдары жаңыланып жаткандыгы маалым. Учурда колдонулуп жаткан тарых изилдөөнүн жана үйрөнүүнүн салттуу эмес усулдарынын бири тарыхый моделдештирүү болуп саналат Тарыхый процесстерди жана кубулуштарды моделдөө маселеси өзүнчө өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Тарыхый изилдөөлөрдө моделдөөнүн максаты белгилүү бир убакыттык аралыкта изилденип жаткан процесстин динамикасы жөнүндө колдо жок маалыматтарды калыбына келтирүү жана реконструкциялоодо жатат. Анын маңызы тарыхый өнүгүү альтернативаларын талдоодо, изилденип жаткан кубулуштун же процесстин мүмкүн болгон жүрүм-турумун моделдөө болуп саналат. Макалада азыркы маалыматтык технологиялардын тарых илимиинде колдонуу маселесинин алкагында моделдештирүүнү практикага кийрүүнүн тарыхнаамасына сереп салынды. Жыйынтыгында тарыхый изилдөөлөрдөгү моделдештирүүнүн маанисин жана ролун ачып берүүгө аракет жасалды.*

***Негизги сөздөр.*** *Тарых илими, методология, изилдөө усулдары, моделдештирүү, мааниси, ролу.*

***Аннотация.*** *История, как и любая другая наука, имеет большой и разнообразный арсенал методов. История, как и любая другая наука, имеет большой и разнообразный арсенал методов. В настоящее время известно, что методологические концепции и методы исследования, а также технология и инструментарий исторической науки обновляются. Историческое моделирование является одним из используемых в настоящее время нетрадиционных методов исторического исследования и познания. Проблемы моделирования исторических процессов и явлений имеет свои особенности. Целью моделирования в исторических исследованиях является восстановление и реконструкция недостающих данных о динамике изучаемого процесса на протяжении определенного периода времени. Его суть заключается в моделировании возможного поведения изучаемого явления или процесса при анализе альтернатив исторического развития. В статье представлен обзор историографии внедрения моделирования в рамках вопроса использования современных информационных технологий в исторической науке. В результате была предпринята попытка раскрыть значение и роль моделирования в исторических исследованиях.*

***Ключевые слова.*** *Историческая наука, методология, методы исследования, моделирование, значение, роль.*

***Annotation.*** *History, like any other science, has a large and varied arsenal of methods. Currently, it is known that methodological concepts and research methods, as well as the technology and tools of historical science are being updated. Historical modeling is one of the currently used non-traditional methods of historical research and knowledge. The problem of modeling historical processes and phenomena has its own characteristics. The purpose of modeling in historical research is to restore and reconstruct missing data on the dynamics of the process being studied over a certain period of time. Its essence lies in modeling the possible behavior of the phenomenon or process being studied when analyzing alternatives to historical development. The article provides an overview of the historiography of the introduction of modeling within the framework of the issue of using modern information technologies in historical science. As a result, an attempt was made to reveal the and role of modeling in historical research.*

***Key words.*** *Historical science, methodology, research methods, modeling, significance, role.*

Учурдагы коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүнүн санариптешүүсү тарых илиминин методологиялык концепциясына карата жаңыча мамилелерди шарттап тарыхчы-изилдөөчүнүн технологиясы менен куралдары жаңыланып жаткандыгы маалым. Азыркы доор коомдук турмуштун кубулуштарын моделдөөнүн сапаттык жаңы этабын билдирет. Мындан улам учурда экономикалык жана социалдык системалар жана процесстерди пландаштырууда, болжолдоодо жана чечимдерди кабыл алууда кеңири колдонулуп келүүдө. XX кылымдын акыркы чейрегинде пайда болгон коомдук жана гуманитардык илимдердин синергетикалык мамилеге болгон кызыгуусу тарыхчыларды да кыйгап өткөн жок. Бул өңүттө тарых илиминдеги учурда колдонулуп жаткан тарых изилдөөнүн жана үйрөнүүнүн салттуу эмес тарыхый моделдештирүү, сандык(математикалык), социалдык-психологиялык, лингвистикалык, семиотикалык (информацияны сактаган жана өткөрүүчү белгилер жана белги системалары изилденет) жана чыгарманын мазмунун жана формасын, ошондой эле автор колдонгон көркөм каражаттарды изилдөөнү камтыган искусство таануучулук талдоо усулдары практикаланууда. Моделдөөнүн негизинде окшоштуруу, сыңарлык теориясы жатат, ал эми обьектти модель боюнча үйрөнүү аналогия принцибине негизделет. Тарыхый моделдештирүүнүн максаттары: белгилүү бир убакыт аралыгында изилденип жаткан процесстин динамикасы боюнча жетишпеген маалыматтарды реконструкциялоо; маданий мурастарды реконструкциялоонун виртуалдык 3D реконструкциясы; тарыхый өнүгүү альтернативаларын талдоо; курулган математикалык моделге ылайык изилденип жаткан кубулуштун же процесстин мүмкүн болгон жүрүм-турумун теориялык жактан изилдөө болуп саналат.

“Моделдөөнүн тарыхый теоретикалык-методологиялык маселелери тиешелүү деңгээлде иштеп чыгылбагандыгына карабастан тарыхый изилдөө практикасына көрүнө кирүүдө. Бул болсо ушул усулдун, принциптердин жана тарыхый реалдуулукту моделдөөнүн маңызын туура түшүнүүгө жана чечмөлөөгө көмөк берет” [7.374].

Моделдөөнүн формалары ар кандай жана ал колдонуу чөйрөсү, максаты жана усулдардын типтери менен аныкталат. Мүнөзү боюнча предметтик (материалдык) жана идеалдык (белгилер боюнча) моделдөө белгилүү. Тарыхый процесстерди жана кубулуштарды моделдөө жарым кылымдан ашык убакыттан бери тарыхчылардын көңүлүн буруп келет. Тарыхый моделдештирүүнүн алгачкы мисалдарынын бири болуп байыркы Грециядагы Пелопоннес (431—404 б.з.ч.)согуштарынын моделин жасоо саналат. Модель СССР илимдер академиясынын эсептөө борборунун, Москва мамлекеттик университетинин математиктеринин жана программисттеринин жана тарых факультетинин күч-аракеттеринин аркасында ишке ашырылган. Моделдештирүүнү колдонуу менен 27 жылга созулган Пелопоннес согуштарынын эволюциясы жана динамикасы калыбына келтирилген. Бул тарых илиминдеги моделдештирүүнүн айкын мисалы болуп саналат. Тарыхый процесстерди моделдөө боюнча алгачкы эмгектер 1970-жылдары жарык көрө баштаган. 90-жылдары тарыхый процесстерди моделдештирүүнүн методологиясынын жана техникасынын көйгөйлөрү боюнча Россияда бир нече конференциялар уюштурулган жана 1996-жылы «Тарыхый процесстерди математикалык моделдөө» деген макалалар жыйнагы жарык көргөн.

Тарыхта моделдерди колдонууга англиялык тарыхчы жана социолог А. Дж Тойнбинин [12] (1889–1975**)** цивилизациялардын, Л.Гумилевдин [5] (1912-1992)

этностордун өнүгүүсү боюнча изилдөөлөрүн мисал катары келтирсек болот.Эске салсак А. Тойнбинин пикиринде тарыхтын философиялык коомдук прогресс түшүнүгүн "циклдик теория" алмаштырып бүткүл дүйнөлүк тарыхты"цивилизациянын" жыйындысы катары караган. Ал эми Л.Гумилев болсо этногенез жана пассионардуулук теориясын жаратып, этностун «биосоциалдык организм» катары кароо менен анын пайда болушун (этногенездин) географиялык жактан аныкталган процесс катары космостук энергиялардын жана ландшафттын биргелешкен таасиринин натыйжасы катары сүрөттөгөн.

Тарыхый процесстерди контрафактылык жана альтернативалуу моделдерди сунушташкан америкалык атактуу клиометрлер Роберт Фогель (1926-2013) жана Д. Норт Дуглас (1920-2015) 1993-жылы экономикалык теорияны тарыхый изилдөөлөргө колдонгондугу үчүн Нобель сыйлыгына татыктуу болушкан. Фогель жана Норт ар кандай жолдор менен экономикалык тарыхка жаңы ыкмаларды иштеп чыгышкан. Алар экономика тарыхынын «жаңы экономикалык тарых» же б.а. экономикалык өсүү жана төмөндөө процесстерин түшүндүрүү үчүн экономикалык теорияны, сандык методдорду, гипотезаны текшерүүнү, контрфактуалдык моделдөө жана экономикалык тарыхтын салттуу ыкмаларын айкалыштырган изилдөө тармагы клиометрика деп аталган багытынын пионери болушкан. Алардын ишинде эмне үчүн, кантип жана качан экономикалык өзгөрүүлөр болгон? деген сыяктуу фундаменталдуу суроолорго жооптор берилген. Алсак, бул багыттагы көз караштары Роберт Фогельдин американын экономикалык өнүгүүсүндөгү темир жолдордун ролу боюнча эконометрикалык тарыхы боюнча "Railroads and American Economic Growth: Essays in Econometric History" (1964); илимий жана салттык тарых боюнча "Scientific History and Traditional History", (1982) *Д. Норттун* «Institutions and economic growth: An historical introduction" (1989) аттуу изилдөөлөрүндө чагылдырылган.

Моделдөө ыкмалары Россиялык бир катар изилдөөчүлөр тарабынан колдонулган жана улантылып келүүдө. Алардын бири 1920-жылдардагы СССРдин экономикасында1920-жылдын аягында акча жүгүртүү толугу менен табигый алмашуу менен алмаштырылгандыгы боюнча сунушту берген экономикалык реформалардын тарыхы, булак таануу, тарыхый информатика жана экономикалык тарыхта математикалык методдорду колдонуу боюнча адис Ю.П.Бокаревдин(1947-2018) моделдештирүүсү саналат. Ал эми тарыхый изилдөөдө, өзгөчө Россиянын 19-20-кылымдардагы экономикалык тарыхын изилдөөдө маалыматтык технологияларды жана математикалык методдорду колдонууга адистешкен Л.И.Бородкиндин(1946) жана М.В.Свищевдин (1961) моделдеринде ЖЭС(жаңы НЭП-экономикалык саясат- А.Э.) мезгилиндеги ишкерлердин социалдык мобилдүүлүгү, колхозго чейинки дыйкандардын дифференциация процесстери талдоого алынган. Моделдештирүүнүн натыйжасында авторлор бул процесстер айылдын социалдык "поляризациясына" алып келгендигин көрсөтүшкөн. Алардын баамында 20-жылдардын орто ченидеги тенденциялар сакталган менен орто дыйкандардын үлүшү 1930-жылдардын биринчи жарымында стабилдешип, акырындык менен көбөйүүсү болмок. Ушундай тариздеги изилдөөлөрдүн ичинде орусиялык физик, педагог жана телеалпаруучу, ошондой эле демограф. С.П.Капицанын [6] (1928-2012), советтик жана орусиялык математик, физика-математика илимдеринин доктору, профессор, Малинецкийдин [8]

тарыхый жана демографиялык процесстердин сызыктуу эмес моделдери, орусиялык математик, социалдык, экономикалык жана техникалык системалардын динамикасын математикалык моделдөө, ошондой эле клиодинамика боюнча адис С.Ю.Мальковдун [9], советтик тектүү америкалык окумуштуу, популяция динамикасы жана тарыхый динамиканы математикалык моделдөө (клиометрия жана клиодинамика) тармагындагы адис, «светтик» социалдык-демографиялык циклдердин математикалык моделдерин иштеп чыгууга, анын ичинде Ибн Халдундун социологиялык теориясын колдонууга өзгөчө маанилүү салым кошкон. «клиодинамика» концепциясын биринчи жолу сунуш кылган П.В. Турчиндин [13], советтик жана орусиялык тарыхчы, физика-математика илимдеринин кандидаты, тарых илимдеринин доктору (2007), С.А.Нефедовдун [10], экономикалык өнүгүүнүн узак толкундары, орус тарыхчысы, физика-техника илимдеринин кандидаты, тарых илимдеринин доктору (2006) А.Ю.Андреев менен Л.И.Бородкиндин иш таштоо кыймылдарынын моделдери [1.434-489] белгилүү.

Белгилей кетсек аталган авторлордун арасында Л.И.Бородкинден башкасы алгач физика-математикалык билим алышып, ошол багытта илим жакташып, андан соң тарыхкка кылдат киришкен окумуштуулар болуп саналышат. Ал эми кыргыз тарых илиминде бул багытта моделдештирүүнү колдонгон изилдөөлөр жокко эсе. Илимдердин кесилишинде жаралган жаралган изилдөөлөр аз учурайт. Бир гана Кыргызстандын аймагындагы орто кылымдардагы архитектуралык эстеликтерди виртуалдык реконструкциялоонун булак таануу проблемаларын изилдөө колго алына баштады. Үч өлчөмдүү моделдөө тарых жана маданият эстеликтерин сактоого жана визуалдаштыруу багытында азыноолак иштер бар [2]. Көрүнүп тургандай орусиялык изилдөөчүлөр моделдештирүү жаатында ат чабым алдыда келишүүдө. Алар тарабынан бир катар макалалар, монографиялар даярдалган. Алсак, С.А. Нефедов [10] өзүнүн монографиясында Чыгыш Европа мейкиндигиндеги тарыхый процессти азыркы тарыхый жана социологиялык теориялардын негизинде талдоого аракет жасаган. Изилдөөнүн түпкү максаты катары Россиянын тарыхын азыркы билим деңгээлинде түшүндүрө алабызбы? деген суроого жооп берүү коюлган.Аталган автордун орус революциясынын агрардык жана демографиялык жыйынтыктарына арналган изилдөөсүндө [11] революцияга чейинки мезгилге салыштырганда ЖЭС мезгилинде керектөө деңгээлинин өзгөрүшү жөнүндөгү маселеге кайрылган.

Башка илимдерден айрымаланып тарыхта кубулуштардын жана процесстердин моделдеринин ичинен контрфактылык («эгер... эмне болмок?») талкуулар тарыхый чөйрөдө тарыхтагы орду жана жалпы эле анын максатка ылайыктуулугу жөнүндөгү өзгөчө орунду ээлейт. Анын маңызы ар кандай окуяга карата анын болушу же болбой калуусуна карата «эгер... эмне болмок?» деген суроого карата каршы далилдерде жатат. Ошол эле учурда, болжолдоо жана контрфактылык моделдөө тарыхта "субьективдик маанай" жашай турганын да көрсөтүп турат. Ал тарыхый өнүгүүнүн альтернативдик табиятын болгон тарыхтын алкагында изилдөө, эгерде окуялар башкача болгондо эмне болмоктугун сүрөттөп эмес, «окуялар башкача болуп кетиши мүмкүнбү?» деген суроого жооп издөөнү билдирет. Биринчи учурда тарыхчы окуялардын ыктымалдуулугун изилдейт, экинчисинде ал ыктымалдуулуктан абстракцияланат, ал тургай эң аз ыктымал болгон контрфактылык окуяга да таянбайт (анын мисалдары тарыхта көп). “Тарыхый өткөндү кандайдыр бир

контрфактылык илимий моделдөөнүн негизги кемчилиги - натыйжаларды текшерүүнүн жана кээде бурмалоонун практикалык жактан мүмкүн эместиги,” [3.125] - болуп саналат.

Ошентип,тарыхый процесстерди жана кубулуштарды моделдөө жарым кылымдан ашык убакыттан бери тарыхчылардын көңүлүн буруп келет. Бирок бир катар маселелер талаштуу бойдон калууда. Алардын арасында төмөнкү жагдайлар ачык бойдон калууда. Алсак, тарыхчы тарыхый процесстердин, кубулуштардын жана артефакттардын компьютердик реконструкцияларына канчалык деңгээлде ишене алат? Белгилүү бир тарыхый процесстин өнүгүшү үчүн мүмкүн болгон альтернативаларды талдоо куралы катары компьютердик моделдештирүү мүмкүнбү? Тарыхый процесстердин түзүлгөн моделдерин болжолдоо максатында колдонууга жол берилеби? Тектеш коомдук илимдерде түзүлгөн жана алардын пайдалуулугу далилденген моделдерди тарыхый изилдөө чөйрөсүнө өткөрүүгө канчалык деңгээлде жол бере алабыз? Ушундай суроолор санариптик бурулуштун шарттарындагы тарых илиминде жаралган маселелердин орчундуусу болуп саналат.Методологиялык жана изилдөөчүлүк технологиялардагы өзгөрүүлөр сөзсүз түрдө тарыхы илимиинин эртеңи тууралуу маселени күн тартибине коюп жаткандыгы да тегин жерден эмес. Бул жагдайга кайрылган Л.Н. Мазур: “Тарыхый маалымат илиминде жакынкы келечекте кайсы структуралык элементтер “үстөмдүк кылаарын” алдын ала айтуу кыйын, бирок бул салттуу аналитикалык изилдөөлөрдүн, мисалы, сандык тарыхтын (социалдык, экономикалык, моделдөө) биригүүсү болот деп болжолдоого болот. Жаңы изилдөө инструменттерисиз (мисалы, мейкиндик анализи жана географиялык маалыматтык технологиялар) мүмкүн болбогон принципиалдуу башка билимдерди алууга багытталган жогорку технологиялык багыттар” [4.31-42] өр алышын белгилеген.

Албетте, жыйынтыктап айтканда тарыхый өнүгүүнү моделдештирүүнүн теориялык жана методологиялык проблемалары али талаптагыдай өнүгүү деңгээлине жете электиги маалым. Ошол эле учурда коомдун санариптик трансформация доорунда илимий чөйрөдө жана тарых илиминин инфраструктурасында олуттуу өзгөрүүлөр болуп, тарыхтын иштешинин жаңы өзгөчөлүктөрү ачылууда. Мындан улам тарыхый изилдөөдө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу методикалык инструменттин ажырагыс бөлүгүнө айланып бараткандыгына ынанууга болот. Бул болсо тарыхый изилдөөлөр үчүн математика жана тарыхый информатиканын моделдөө усулдарынын колдонуунун зарылчылыгын жаратууда. Мындан улам келечекте аталган илимдердин тогошуусунда тарыхый изилдөөлөр колго алынуусун болжолдоого болот.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Андреев А.Ю., Бородкин Л.И. Нелинейная модель стачечного движения: анализ эффектов самоорганизации // Круг идей: электронные ресурсы исторической информатики/Ред. Л.И.Бородкин, В.Н.Владимиров. М., 2003. -С.434-489.
2. Батырбаева Ш.Д. Цифровой поворот и историческая наука // Историческая информатика. - 2019.- № 3.-С. 6-13.
3. Бочаров А.В. Алгоритмы использования основных научных методов в конкретно-историческом исследовании. Учебное пособие. Томск. -2007- с.125.
4. Владимиров В.Н. За цифровым поворотом: история продолжается // Историческая информатика. - 2019. -№ 3. - С. 31-42.

5. Гумилев Л.Н. Этногенез и биосфера Земли. Ленинград: Издательство Ленинградского университета. - 1989. -495 с.
6. Капица С.П.Модель роста населения Земли и экономического развития человечества // Вопросы экономики. 2000. №12.
7. Ковальченко И.Д. Методы исторического исследования. Отделение историко-филологических наук. 2-е изд., доп. — М.: Наука, 2003. -С. 374.
8. Малинецкий Г.Г. Математическое моделирование исторических процессов // История и Математика. М.: ЛКИ, 2008.
9. Малков С. Ю. Математическое моделирование исторических процессов // Новое в синергетике. Взгляд в третье тысячелетие / Ред. Г.Г.Малинецкий И С.П. Курдюмов. - М, 2002.: Наука. с. 291–323.
10. Нефедов С.А. История России. Факторный анализ. Т. II. От окончания Смуты до Февральской революции. - М., 2011.
11. Нефедов С.А. Аграрные и демографические итоги русской революции. -Екатеринбург, 2009. 209 с.
12. Тойнби, А. Дж. Постижение истории / А. Дж. Тойнби; пер. с англ. Е. Д. Жаркова. - М.: Айрис-пресс. 2010. - 640 с
13. Турчин П.В. Историческая динамика. - М.: «УРСС», 2007.

* * *

**Айталиева Толкун Кундузбековна**

## ЭР СОЛТОНОЙ - КЫРГЫЗ ЭЛИН КОРГОГОН БААТЫР

***Айталиева Толкун Кундузбековна***

## ЭР СОЛТОНОЙ ЗАЩИТНИК КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

***Aitalieva Tolkun Kunduzbekovna***

## ER SOLTONOY DEFENDER OF THE KYRGYZ PEOPLE

***УДК. 801.8/321***

***Аннотация.*** *Эр Солтоной XVII кылымдын орто ченинде Талас өрөөнүндө туулган. Ал өз мезгилинде элин коргогон эр жүрөк баатыр болгондугу тууралуу маалыматтар кеңири кездешет. Эл арасында Эр Солтоной тууралуу айтылган дастан белгилүү. Аны Сүйөркул Абдырахманов жазып калтырган. Баатыр тууралуу баянды Сүйөркул атасы Абдырахмандан үйрөнгөн. Эр Солтоной баатыр кыргыздар менен калмактардын ортосунда күрөш күчөп турган мезгилде жашап, элинин эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн. Эпосто ал Темиркан менен Болоткандын кырк жигитинин ичинде эң көрүнүктүү орунда турат. Кандай гана маанилүү иш болбосун баарында катышып,өзүнүн эрдиктерин көрсөтөт. Чыныгы реалдуу турмушта Эр Солтоной абдан шамдагай, эр жүрөк, элинин кызыкчылыгын өзүнүн кызыкчылыгынан жогору койгон мекенчил адам болгон. Ал өз доорундагы атактуу баатырлар Атаке, Бердике баатырларга аскердик өнөрдү үйрөткөн.*

***Негизги сөздөр.*** *кыргыз, калмак, ойрот, согуш, чоро, мекенди коргоо, эпос, аскердик өнөр, баатыр*

***Аннотация.*** *Эр Солтоной, родившийся в Таласской долине в середине XVII века, был легендарным киргизским воином, защищавшим свой народ от врагов. Его храбрость и подвиги, вошедшие в народный эпос, сохранились благодаря записям Суеркула Абдырахманова, который узнал историю богатыря от своего отца, Абдырахмана. В эпоху обострения конфликта между киргизами и калмыками, Эр Солтоной неустанно боролся за свободу и независимость своего народа. В эпосе он предстает самым выдающимся воином среди сорока дружинников Темиркана и Болоткана, всегда участвующим в важных делах и проявляющим исключительную храбрость. В реальной жизни Эр Солтоной был деятельным, отважным патриотом, ставившим интересы своего народа превыше всего. Он обучал военному искусству таких известных богатырей, как Атаке и Бердике.*

***Ключевые слова.*** *кыргыз, калмак, ойрот, война, дружинник, оборона Родины, эпос, военное искусство, богатырь.*

***Annotation.*** *Er Soltonoy, a legendary Kyrgyz warrior of the mid-17th century, embodied the spirit of defense and freedom against encroaching Kalmyk (Oirot) forces. His heroism, documented in an epic poem by Suerkul Abdyrakhmanov (who learned the tales from his father), established him as a prominent figure among the Kyrgyz. Soltonoy, a key participant in crucial battles during the Kyrgyz-Kalmyk conflict, was renowned for his courage and leadership. The epic portrays him as a crucial element within a group of 40 warriors, highlighting his active role in*

*major events. His patriotism, demonstrated by prioritizing the needs of his people, inspired and mentored other renowned heroes like Atake and Berdike. Soltonoy's legacy lives on as a symbol of Kyrgyz resistance and military prowess.*

***Key words.*** *Kyrgyz, Kalmak, Oirot, war, warrior, defense of the Motherland, epic, military art, hero.*

Кыргыз эли башынан көптөгөн кыйын кезең замандарды өткөргөн. Баскынчы душмандарынын запкысын көрүп, алардын үстөмдүгүнүн астында күн кеечирген мезгилдери болгон. Ошондой катаал шартта элин коргогон баатырлар алдыга чыгышып, эл-жер үчүн кан-жандарын аяшпай кызмат кылышкан. Кийинки муун алардын даңктуу жолдорун ырга кошушкан, чыгармаларды жаратышкан. Эл арасында айтылып калган "Эр Солтоной" дастанында кыргыздын атактуу баатыры тууралуу маалыматтар камтылган окумуштуу, академик А.Акматалиев өзүнүн "Эр Солтоной" тууралуу изилдөөсүндө: " эпоско ат «Эр Солтоной» деп коюлса да, окуя Темиркан менен Болоткандын тегерегинде өтөт. Экинчиден, ар кандай элдин эпостук чыгармаларында эпоско тема болгон, каармандын ата-энеси жөнүндө толук кабар берилип, негизги окуя да баатырдын төрөлүшүнө, өсүшүнө, аракетине карата өнүгүп отурат. Мындай көрүнүш Темиркан менен Болоткандын образдарында толук сакталган. Ал эми Солтонойдун эпостогу орду бар болгону Темиркан менен Болоткандын кты чоролорунун бири катары көрүнөт. Кандай болгон күндө да чыгарма элде айтылган аты боюнча «Эр Солтоной» деп аталып кала берет."-деп жазган [1].

"Эр Солтоной" эпосу башталганда эле "Мурунку өткөн кылымдарда кыргыз элинде Темиркан жана Болоткан деген атактуу эки баатыр уул болгондугу тууралуу айтылып, алардын түпкү ата-бабалары - Жаныш, Байыш болгондугу кара сөз менен баяндалат. Байыштын кичүү уулу Жангазы, анын уулу Барман,Бармандын уулу Жолборскан. Жолборскан жөнүндө эпосто кеңири баяндалат.Ага кыргыз, казак, өзүбек болуп, бардыгы 45 шаардын эли багынуучу экен. Эпос бул көркөм чыгарма, тарыхта кыргыз, казак, өзбек элдерин бириктирип, бийлик жүргүзгөн адам болгонбу?-деген суроонун айланасында изилдөө жүргүзүү кызыктуу фактыларга алып келери чындык. Эпосто кыргыз эли үч падышага бөлүнө турганы тууралуу айтылат. Биринчи падышалыкты Жолборскан башкарып, ээлеген жери Капкадан ылдыйкы бир шаар эл болгон. Темир коргон менен курчалган шаарына "Чынабат" деп ат койгон. Көгөйкан Кенколдун оозунан төмөн тарта күңгөй, тескейи менен Төрткүлдү кошо башкарган. Азыркы Көгөй деген жерге Көгөйкандын аты коюлганы айтылат. Көк-Ой азыркы учурда Талас районунун административдик борбору.Элдин арасындагы айтылган маалыматтарга караганда, Көк-Ой аталышы Көгөй кандын атынан келип чыкканы тууралуу маалыматтар бар. Советтик түзүлүш мезгилинде Көк-Ой айылы Ивано-Алексеевка деп аталган. Тагайкан Кетмен-Төбөдө жашап бийлик жүргүзгөн.

"Көгөйкан Жолборскандын жардамы менен Эки-Таластын чатынын төмөн жагындагы чычырканактын сайынын ылдый жагын, күңгөй-тескей тоосунун ортосун таза бүтөп, таштан жыйып чеп кармаган. Анын чыгыш жагы калмакка караштуу, батыш тарабы кыргызга караштуу болгон." Эпостогу маалыматтар боюнча ошол учурда Чүй боюнун бардыгын кара калмактар ээлеп, жогорудагы айтылган чептен өйдө калмактар ээлеп турган экен. Калмактар абдан көп болгон. Эл аларды "Он сан ойрот" деп аташкан. Чүй менен Таласта жашаган калмактарды Коргош кан, Жедигер кан, Түлөмөт кандар башкарып турушкан.

Сүйөркул Абдрахманов жогорудагы маалыматтады төмөнкүдөй ырга кошот:

Ошо кезде карасаң,
берип санасаң логон көп болгон,
Коркуп кыргыз калмактан,
Чукулдаган көп калмак,
Чүй, Таласты жердеген
Кырк эсе аз калмактан,
Кыймылга кантип жараган.
Кыркка бирден пар келбей,
Кысылып кыргыз жадаган [2]. Мисал келтирилген ыр саптарында калмактардын абдан көп экендиги тууралуу айтылат.

Калмактардын кыргыздарга көрсөткөн кордугун сүрөттөөдө “Манас” эпосунда кыргыздарга баскынчы душмандарынын көрсөткөн кордугун сүрөттөгөнгө окшош экендигин байкоого болот.

Эпосту баштан аяк окуп чыкканда Эр Солтонойдун эрдиктери, калмак баскынчыларына каршы күрөшү көз алдыга тартылат. Эпосто ал Темиркан жана Болоткан баатырлардын мыкты чоросу катары сүрөттөлүп берилген.

С.Абдрахмановдун ыр куруу чеберчилигинде башкалардан айырмаланып турган жактары бар. Башкача айтканда, аллитерация, ассонансты өтө кылдат колдонгон. Эпосто көркөм сөз каражаттарынын түрлөрү да кеңири кездешет. “Эр Солтоной” эпосу ар тараптуу изилдөөнү талап кылган эпос деген тыянак чыгарууга болот.

Калмактар менен кыргыздардын ортосундагы согушту сүрөттөөдө да С.Абдырахмановдун чеберчилигин көрүүгө болот.

Алсак, Жолборскандын уулдары Темиркан менен Болоткан калмактар менен согушуу тууралуу кеңеш курушат. Алардын курган кеңеши тууралуу Шаңкор аттуу шойкондуу соодагер адам калмактардын арасына барып соода кылган жерлеринде айтып жүрөт.Калмактардын кан Коргошу бул тууралуу угат да, Шоңкорду өзүнө чакыртып келип, аныктап сурайт. Ал кыргыздардын калмактар менен согушуу тууралуу кеңеш курганы чындык экендигин билгенден кийин, Шоңкорду кетирип жиберип, кол курай баштайт. Кан Коргош Чүй Таластан 45000 кол курап, Көгөй канды басып алууга даярдана баштайт.

Эпосто Жолборскандын курбусу, акыл кеңешчиси Каратал тууралуу кеңери баяндалып берилген. Караталдын кеңеши менен калмактарга элчиликке Шоңкор, Саткын, Калча аттуу адамдар барышат. Алар кыргыздар тараптан айтылган сөздөрдүн баарын айтып барышат. Калмактарын каны элчилердин сөздөрүн угуп макул болот. Эки эл Ачынын сырткы боз талаасында согуша турган болушат.

Эки эл болжошкон жеринде жолугушуп, согуш башталат. Кыргыздардын Найман, эр Мамбет, Шабек баатырлар эрдик көрсөтүшөт. Ошол согушта Шамалкөк атын минген Эр Шабек калмактардын күндүгүнө жарым кап нан жеген, кыймылы шамалдай Кыйыр аттуу баатырын аты менен сүйрөп кыргыздар тарапка алып кетет. Кыйыр кыргыздар тарапка өтүп кетип, калмактар менен кармашат. Буга анын Коргошканга болгон таарынычы себепкер болот. Ал өзүнүн канына болгон наразычылыгын согуш талаасында айтып, кыргыздарга биротоло өтүп кетет. Өмүрүнүн акырына чейин кыргыздарга кызмат кылып,

маанилүү учурлардын баарында катышып, согуш учурунда кыргыз жоокелерин даарылап, кеп-кеңештерин айтат.Кыйырдын образынын “Манас” эпосундагы Алмамбеттин образына окшоштук жактары бар. Алмамбет кандын уулу болуп, башка кандыктагылар менен мамилеси келишпей калган болсо, Кыйыр баатыр жөнөкөй адамдын баласы болуп, канга канча кызмат кылса да жакшы жашоого жете албай койгондугуна нааразы болот. Коргош кан согушта каза болуп, каны жок калган калмактар баш аламан болушат.

Согуш учуру тууралуу эпосто төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

Солтоной, Шабек, Дөңкөнөй
Эки миң колду ээрчитип,
Алактатып калмактын,
Айласын жаман кетирип.
Учкул тору ат менен,

Темиркан кирди бир четтен. Ыр саптарында кыргыз баатырларынын эрдиктери баяндалууда. Согуш талаасынын көрүнүшүн сүрөттөөдөгү ыр саптарынын мазмунуна көңүл бурганда,баатырдык эпостордогу согуштук эпизоддордун сүрөттөлүшүнө жакын экендиги байкалат.

Эпостогу бир өзгөчөлүк катары белгилеп коючу нерсе катары кандай гана маанилүү окуя болбосун кыргыздардын башчылары Жолборскан, Темиркан, Болоткандардын комузду колдоруна алып, өздөрүнүн ойлорун билдиргени деп айтууга болот. Алсак, Темиркан менен Болоткан жоого аттануу тууралуу кеңеш курганда, же болбосо, согуш болуп, кыргыздар жеңишке жетише турган болгондо, Жолборскандын алыстан дүрбү салып, көз жүгүртүп, кыргыздардын жеңишке жетишкен учурун көргөнүнөн кийинки учурларын айтууга болот. Чыгармада кыргыз баатырлары Темиркан менен Болоткандын Уюлкандын колуна түшүп кетип, ордо жаткан учурларында да алардын бошонуп чыгуусуна комузда кол ойнотуп, калмак акынын жеңип алуусу себепкер болот.

Эпостогу окуялардын бири-бири менен байланышы да кылдат иштелип чыккан. Катышкан каармандар да арбын алардын образдарынын ачылышы да өзүнчө изилдөөнү талап кылат. Чыгарма 23 басма табактан ашыгырак,370 бет көлөмүндө. Анда баатырларын ысымдары Темиркан 180, Болоткан 136, Эр Солтоной 96, Шабек 80, Кыйыр 100 жолу аталат. Чыгармада негизги каармандардын ысымдарынын кездешиши азыркы технологиялардын жардамы менен аныкталды. Чыгарманы окуп түшүнүүдө жогорудагы ыкманын да жардамы тиери белгилүү.

Эпостогу көркөм сөз каражаттарынын айрымдарына токтолууну туура көрдүк. Темиркан төрөлө турган болгондо, энесинин жыланга талгак болуусу, Болоткан төрөлө турган болгондо бүркүттүн этине талгак болуусу баатырдык эпостордогу, “Манас” эпосунун мисалында, баатыр боло турган балдардын энелеринин жолборстун жүрөгүнө же болбосо башка бир күчтүү жырткыч жаныбардын этине талгак болуусу менен үндөш. Темиркандын бала кези тууралуу эпосто төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

“Бул баланын өсүп, чоңоюшуна эл аябай таңданышат. Бала туулгандан кийин жыйырма күндө күлөт. Эки айда өзүнчө жерге олтурат. Үч айда эмгектеп, беш айда темтеңдеп буту басып, бой келбети он сегиздеги жигиттей болот. Тогуз айда тили чыгып сүйлөй баштап, акылы ондогу баладан калышпайт. Төрт жашында элдеги ырчы, комузчунун эң алды болот.” Темиркан баатырдын өсүп-чоңоюшундагы колдонулган

гиперболалык сүрөттөө. Ал Эми Болоткан баатыр тууралуу: "Бул баланын өсүп, чоңоюшу жана бою, келбети мурунку баладан бир канчалык артык болот. Ал буту басып, тили чыккандан кийин агасынын ыры менен комузун аз убакытта эле үйрөнүп алат. Өзү алп сүрөттүү, жолборс жүрөктүү, чынар билектүү, тике караганын көргөн киши чыдап тура албай чалкасынан кетет."-деп сүрөттөлүп берилет. Болочоктогу баатырдын төрөлүшүнөн тартып, бой жетип,эрдик көрсөткөнү, элин коргогонун сүрөттөөдө гиперболалык ыкма кеңири колдонулат. Эпосто гиперболадан тышкары, эпитет, салыштыруу, метафора ж.б. ыкмалар кеңири колдонулат жана изилдөөнү талап кылат.

"Эр Солтоной" эпосунун тарых менен байланыштуу жактарына жана сюжеттик-композициялык түзүлүшүнө, образдар системасына, көркөм сөз каражаттарынын колдонулушуна, ыр түзүлүшүнө изилдөө жүргүзүү багытында иш алып баруу керек.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Кыргыз адабиятынын тарыхы.3-том.-Б, 2002.
2. Абдрахманов С. Эр Солтоной. - Б,2002.
3. Б.Исаков - кыргыз элинин улуттук баатыры. - Б, 2012.
4. Анарбекова В.Э., Умуркулова Ч.Ж. Эр Солтоной - видный киргизский борец с джунгарскими захватчиками // Бюллетень науки и практики. 2023.Т.9. №5.с.617-623.


* * *

***Арзыбаев Тыныстан Кадырович***

# ЭТНОГРАФИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИЛИМ КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫ

***Арзыбаев Тыныстан Кадырович***

# СТАНОВЛЕНИЕ ЭТНОГРАФИИ И ЭТНОЛОГИИ КАК НАУКИ

***Arzybaev Tynystan Kadyrovich***

# THE DEVELOPMENT OF ETHNOGRAPHY AND ETHNOLOGY AS A SCIENCE

***УДК. 930 (257 Ки) :392***

***Анотация.*** *Илимий билимдердин ар кандай тармагынын тарыхы анын пайда болушу ар дайым адамдардын практикалык керектөөлөрү менен аныкталып келгендигин аздыр-көптүр ынандыргандык менен күбөлөндүрөт. Этнологиянын өз алдынча илим катары пайда болушу да четте калган эмес. Ар кайсы өлкөлөрдүн этнологдору тарабынан жасалган көптөгөн тарыхый изилдөөлөр бизди адамзат тарыхында (алгачкы мамлекеттен бүгүнкү күнгө чейин) адамдар өздөрүнүн жашоо-турмушу, каада-салттары жана үрп-адаттары жөнүндө гана эмес, ошондой эле маданияты жөнүндө да билимге муктаж болгон жана муктаж экендигине ынандырат. курчап турган элдер.*

***Ачкыч сөздөр.*** *Этнография, этнология, доор, маданият, элдер, салттар, жортуулдар*

***Анотация.*** *История любой области научного знания с большей или меньшей степенью убедительности свидетельствует, что ее возникновение всегда было обусловлено практическими потребностями людей. Не является исключением и становление этнологии как самостоятельной науки. Многочисленные исторические исследования ученых-этнологов из разных стран убеждают, что на протяжении всей человеческой истории (от первобытного состояния до наших дней) у людей существовала и существует потребность в знаниях не только о своей жизни, традициях и обычаях, но и о культуре окружающих народов.*

***Ключевые слова.*** *Этнография, этнология, эпоха, культура, народы, традиции, наука.*

***Abstract.*** *The history of any field of scientific knowledge, with a greater or lesser degree of persuasiveness, testifies that its emergence has always been conditioned by the practical needs of people. The formation of ethnology as an independent science is no exception. Numerous historical studies by ethnologists from different countries convince us that throughout human history (from the primitive state to the present day) people have had and still*

*have a need for knowledge not only about their own lives, traditions and customs, but also about the culture of surrounding peoples.*

***Key words.*** *Ethnography, ethnology, era, culture, peoples, traditions, science.*

Этнография-тарых илиминин бир бөлүгү, элдерди, этносторду жана башка формацияларды, алардын келип чыгышын (этногенезин), составын, отурукташкандыгын, материалдык жана рухий маданиятын (сүрөттөө илими) изилдейт.

Этнология – түрдүү этностордун калыптануу жана өнүгүү процесстерин, алардын өзгөчөлүгүн, маданий өзүн-өзү уюштуруу формаларын, алардын жамааттык жүрүм-турумунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана социалдык чөйрөдөгү инсандардын ортосундагы мамилелерди изилдөөчү илим (теориялык илим).

Илимий билимдин ар кандай тармагынын тарыхы анын пайда болушу ар дайым адамдардын практикалык керектөөлөрү менен аныкталып келгендигин аздыр-көптүр ачык көрсөтүп турат. Бул жагынан этнологиянын өз алдынча илим катары пайда болушу да четте калбайт. Ар кайсы өлкөлөрдүн этнологдорунун көптөгөн тарыхый изилдөөлөрү бизди адамзаттын тарыхында (алгачкы мамлекеттен азыркыга чейин) адамдар өздөрүнүн жашоо-турмушу, каада-салттары жана үрп-адаттары жөнүндө гана эмес, ошондой эле элдин маданияты жөнүндө да билимге муктаж болгон жана керек экендигине ынандырат. курчап турган элдер. Мындай билимге ээ болуу бизди курчап турган дүйнөнү башкарууну жеңилдетип, андагы ишенимдүү жана ишенимдүү сезүүнү жеңилдетти. Бир нече кылымдар бою алыскы жана жакынкы элдер жөнүндө этнографиялык билимдер топтолгон. Мындай маалыматтарды биз байыркы элдердин мифтеринен, жомокторунан, уламыштарынан табабыз [3].

Байыркы доордо алыскы элдер жана жерлер жөнүндө бир топ маалыматтар топтолгон, алар так жана кылдат болгон. Ошондуктан, Байыркы Грецияда жана Байыркы Римде көптөгөн билимдерди жана материалдарды системага киргизүүгө биринчи аракеттер жасалган. Алар алгачкы этнографиялык сүрөттөөлөрдүн жаралышына негиз болгон. Алардын мүнөздүү өзгөчөлүгү этноцентризм болгон, б.а. элдердин маданий өнүгүү деңгээлине жараша цивилизациялуу жана жапайы болуп бөлүнүшү, эталону бул алгачкы окуулардын өз маданияты болгон. Алгачкы орто кылымдарда демографиялык, экологиялык жана социалдык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында Батыш Европада (Византиянын, Кытайдын жана Араб Чыгышынын топтоо борборлору) этнографиялык билимдерге кызыгуу төмөндөгөн.

Батыш Европанын башка элдери жана өлкөлөрү жөнүндө билимге болгон кызыгуунун кайра жаралышы католик чиркөөсүнүн кызыкчылыктары жана европалык мамлекеттердин колониялык саясаты менен шартталган. Крест жортуулдары, миссионерлердин жана соодагерлердин саякаттары, географиялык улуу ачылыштар Батыш европалыктарга Африканын, Американын, Түштүк-Чыгыш Азиянын, кийинчерээк Океания менен Австралиянын элдери жөнүндө кеңири маалыматтарды чогултууга мүмкүндүк берген [1].

Эл агартуу доорунан (XVIII-кылым) этнологиянын жакынкы тарыхы элдер жөнүндөгү атайын илим катары башталат. Бул мезгилде географиялык детерминизм үстөмдүк кылган теория болгон, ага ылайык адамдар, элдер жана маданияттар табигый чөйрөнүн продуктусу катары каралып келген. «Асыл жапайы» деген түшүнүк да кеңири тараган.

Элдердин өз алдынча илиминин пайда болушу XIX кылымдын орто ченине туура келип, элдердин маданий өнүгүүсүндөгү айырмачылыктарды теориялык жактан түшүндүрүүнүн, этникалык психологиянын калыптануу механизмдерин жана өзгөчөлүктөрүн түшүнүүнүн, этностук психологиянын өзгөчөлүгүн ачып берүүнүн чукул зарылчылыгы менен байланышкан. элдердин ортосундагы расалык айырмачылыктардын себептерин, этникалык өзгөчөлүктөр менен коомдук түзүлүштүн ортосундагы өз ара байланышты орнотуу, маданияттын гүлдөшүнүн жана төмөндөшүнүн себептерин жана белгилүү бир элдин тарыхый ролун аныктоо. Бул проблемаларга жооп иретинде теориялар жана концепциялар пайда боло баштаган, илимий багыттар, мектептер калыптанып, алар бара-бара этнология деп аталган элдердин бирдиктүү илимине айланган. Бул концепцияны элдердин жана маданияттардын жаңыдан пайда болгон илиминин аталышы катары колдонууну француз окумуштуусу Жан-Жак Ампер 1830-жылы антропологиялык (гуманитардык) илимдердин жалпы классификациясын иштеп чыгып, анын ичинен этнологияны бөлүп көрсөткөн [4].

Этнологиянын өз алдынча илим катары түптөлүшүнүн расмий фактысы 1839-жылы Париж этнология коомунун негизделиши болгон. Бирок бул окуя дароо эле бул илимдин предмети, максаттары жана орду тууралуу түрдүү багыттардын жана мектептердин кызуу илимий-теориялык талкуусунун башталышы менен белгиленди. Белгилүү бир деңгээлде бул талаш-тартыштар бүгүн да токтой элек.

XIX-кылымдын ортосу Батыш Европанын алдыңкы өлкөлөрүндө этнологиянын тез өнүгүшү үчүн абдан ыңгайлуу мезгил болуп чыкты. Бул процесс европалыктардын глобалдык аймактык экспансиясы менен стимул болгон, анын жүрүшүндө алар өздөрүнөн таптакыр башка элдерге жана маданияттарга туш болушкан. Өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдүн колониялык саясаты басып алынган элдер жөнүндө кеңири билимди талап кылган. Алгач этнология «артта калгандар» жөнүндөгү илим катары өнүккөн, б.а. өзүнүн мамлекеттуулугун түзө элек элдер [2].

Германия: Болжол менен XIX-кылымдын ортосунан баштап «Volkenkunde» жана «этнология» түшүнүктөрү эквиваленттүү катары карала баштаган. Экөө тең адам маданиятынын көз карандысыз жана салыштырмалуу илимин белгилешкен. Улуу Британия: Элдер жөнүндөгү илим антропологиянын ажырагыс бөлүгү катары өнүккөн.

Азыркы этнология илими өткөн мезгилге салыштырмалуу бир топ байыды. Анын профессионалдык кызыгуусу азыр «артта калган» этникалык топторду гана эмес, ошондой эле азыркы индустриалдык коомдордун элдерин да камтыйт. Этнологиянын башка илимдер менен кесилишинде көптөгөн тектеш дисциплиналар пайда болгон: «Этносоциология», «Этнопсихология», «Этнолингвистика», «Этнодемография» ж.б. Этнологияда адам жана анын маданияты жөнүндөгү ар түрдүү билимдерди синтездеп, жаңы коомдук илимдин өзгөчөлүктөрү барган сайын ачык-айкын пайда болууда.

Этнология реалдуу коомдук процесстер менен байланышын сактап калат, бул бул илимдин жогорку даражадагы маанисинин түздөн-түз далили. 20-кылымдын негизги тарыхый окуяларын үстүртөн талдоо да маданий-тарыхый процессте этникалык фактордун ролу өсүп жатат деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. Саясаттагы улуттук кыймылдардын негизин этникалык процесстер түзөт.

Этникалык топтун өсүшү этнологиядан анын себептери жөнүндөгү суроого жооп берүүнү жана этникалык процесстердин теориялык моделин түзүүнү талап кылат. Ошол эле учурда этнологиялык изилдөөлөрдүн актуалдуулугун окумуштуулардын академиялык кызыкчылыктары эмес, реалдуу саясаттын талаптары аныктайт. Бүгүнкү күндө супердержаваларды ортосундагы глобалдык тирештин ордуна көптөгөн аймактык, улуттук жана этникалык чыр-чатактар келип чыкты, алардын ар бири потенциалдуу жаңы чоң согуштун булагы болуп калышы мүмкүн [3]. Ал эми өткөн кылымда «цивилизацияланбаган» элдердин каада-салты жана үрп-адаттары жөнүндө этнографиялык материалдарды чогултуу биринчи кезекте колониялык башкаруу системасын өркүндөтүүгө салым кошкон болсо, анда азыркы тарыхый кырдаал этнологиядан салттуу гана эмес, жаңыланган коомдорду да изилдөөнү талап кылууда, алар көп улуттуу жана этникалык көйгөйлөрдү чечүү адамзаттын аман калышынын ачкычы болуп саналат.

XX кылымдын ичинде этнологиянын алкагында эмпирикалык жана теориялык материалдардын байлыгы топтолгон. Ал гана эмес, көптөгөн жана ар түрдүү тарыхый маалыматтарды илимий жактан кайра карап чыгуунун жана кайра баалоонун аркасында. Жаңы системалаштырылган маалыматтардын негизги булактары көп сандаган талаа изилдөөлөрүнүн натыйжалары болгон жана эгер кылымдын биринчи жарымында изилдөө негизинен академиялык мүнөзгө ээ болсо жана өткөн доорго чегинген «примитивдүү» маданияттар жөнүндөгү маалыматтарды сактап калуу каалоосу менен аныкталса, андан кийин кылымдын экинчи жарымынан тартып кырдаал түп-тамырынан бери өзгөрдү. Этнологиялык билимдин прагматикалык баалуулугу айкын болду [4]. Бүгүнкү күндө коомдук турмуштун түрдүү чөйрөлөрүндөгү маселелер боюнча этнологдордун сунуштары жана билимдери саясий, экономикалык жана социалдык маселелерди чечүү үчүн зарыл болуп баратат. Алар ошондой эле массалык коммуникацияларда, эл аралык соодада, дипломатияда ж.б. натыйжалуу колдонулат. Демек, акыркы он жылдыктарда этнологиялык изилдөөлөр жакшы каржыланып, талаа, теориялык жана методологиялык изилдөөлөрдүн көбөйүшүнө алып келди.

Ар бир илимдин өзгөчөлүгү, белгилүү болгондой, өзүнүн изилдөө предмети жана бул предметти изилдөө методдору менен аныкталат. Этнология илим катары калыптангандан бүгүнкү күнгө чейин анын изилдөөлөрүнүн кайчылаш темасы этникалык маданияттын жана улуттар аралык мамилелердин генезиси болуп саналат.

Демек, этнология адегенде салттуу жана «алгачкы» коомдорду жана алардын маданиятын изилдөө менен алектенген илим болгон. Этнологиянын предметин аныктоодо мындай методологиялык мамиле XIX-кылымдын аягында модернизация процесстеринин натыйжасында дээрлик бардык европалык элдер бардык башка элдерден кыйла жогору турган сапаттык жаңы типтеги цивилизацияны түзө алганы менен шартталган. планетанын башка континенттеринин элдери тарабынан түзүлгөн. Технологиянын тез өнүгүшүнүн жана адамзат прогрессинин чексиздигине ишенимдин натыйжасында европалыктар маданий жактан артта калган элдердин тарыхый орду цивилизациялуу европалык элдер менен катар болбостон, алардан бир топ артта калууга тийиш деп эсептей башташты. Элдердин жана алардын маданиятынын ортосундагы бул айырмачылыкты кармоо үчүн артта калган элдерди европалыктар (Л. Генри Морган, Э. Тайлор Т. Вейц жана А. Бастиан) «примитивдүү» деп атай башташкан.

Буга байланыштуу окумуштуулар «примитивдүү элдер» деген терминдин ордуна, алардын пикири боюнча, этнологиянын жаңы предметтик чөйрөсүнө көбүрөөк шайкеш келген башка терминдерди жана түшүнүктөрдү сунушташкан. «Архаикалык маданияттар», «индустрияга чейинки коомдор», «салттуу коомдор», «сабатсыз маданияттар», «уруу союзу» деген түшүнүктөр сунушталган. ХХ-кылымдагы тарыхый окуялар жана процесстер илимпоздорду ар бир эл өз алдынча жашоого, оригиналдуу маданиятка, элдердин коомчулугунда бирдей болууга укуктуу деген ишенимге алып келди. Этнологдордун арасында “артта калган” жана “өнүккөн” элдер жок – бардык элдер бирдей укукка ээ деген ишеним басымдуулук кылат. Элдердин маданиятын функционалдык жактан гана, алардын жамаатына карата баалоого болот, б.а. тигил же бул элдин турмушун канчалык эффективдүү камсыз кылуунун позициясынан [1].

Жыйынтыгында бүгүнкү күндө этнология илими бир нече бөлүктөн турган билимдердин кыйла татаал жана тармакталган системасы болуп саналат. Төмөнкүлөр кирет: - этникалык антропология, этникалык социология, - этникалык психология, - экономикалык этнология, - этнодемография, - этникалык география, - этнопедагогика.

Этнология предмети тынымсыз кеңейип, бул илимге так аныктама берүүгө мүмкүн эмес. Этнологиянын изилдөө предметинин ар кандай аныктамалары бир жагынан суроолордун ар кандай формулировкаларынын туюнтмасы болуп саналат, ал эми жарым-жартылай бир катар теориялардын жана концепциялардын болушу менен түшүндүрүлөт. Илим предметине берилген бардык ушул аныктамалар, проблемаларды коюунун ар кандай жолдору, алардын түшүндүрмөсү жана сүрөттөлүшү илим катары этнологияны түзөт.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**


1. Брамлей Ю.В. Очерки теории этноса. М., 1983.
2. Емельянов Ю.Н.Основы культурной антропологии. СПб., 1994.
3. Иванов В.В. Культурная антропология и история культуры. М., 1989.
4. Лурье С.В. Историческая этнология. М., 1997.
5. Орлова Э.А. Введение в социальную и культурную антропологию. М., 1994.
6. Чеснов Я.В. Лекции по исторической этнологии. М., 1998.


* * *

***Асанов Темиркул Ишекеевич***

## ТЕҢИР-ТОО КЫРГЫЗДАРЫНЫН XVI–XIX КЫЛЫМДАРДАГЫ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮК МАСЕЛЕЛЕРИ

***Асанов Темиркул Ишекеевич***

## ПРОБЛЕМЫ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ ТЯНЬ-ШАНЬСКИХ КЫРГЫЗОВ В XVI–XIX ВЕКАХ

***Asanov Temirkul Ishekeebich***

## ISSUES OF THE STATE OF THE TAN-SHAN KIRGES IN THE XVI-XIX CENTS

***УДК. 930 (257 Ки) :392***

***Аннотация.*** *Макалада биринчи жолу Теңир-Тоо кыргыздарынын XVI–XIX кылымдагы мамлекеттүүлүгү жөнүндө маселе изилдөөгө алынган. Автор байыркы хунндардан бери мурасталып келген оң канат – сол канат этносаясий түзүлүшү кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өзөгүн түзгөндүгүн жана дуальдык уюмдашуунун алкагында бийлик курамы калыптанып баардык кыргыз уруулары аталган саясий*

*уюмдун айланасына баш кошуп бириккендигин белгилеген. Мамлекеттик түзүлүштөгү бийлик жана башкаруу, бийлер институтунун колунда топтолгондугу жана хан даражасына туура келген чоң бий жогороку башкаруучу саналгандыгы терең талданган. Кыргыздардын мамлекеттик түзүлүшүндөгү бийлик курамы, ички жана тышкы эл аралык мамилелери, ак үйлүү дипломатиясы, эл башкарып мамлекетти жетектеген көрүнүктүү бийлери тууралуу тарыхый маалыматтар келтирилген. Автор кыргыз башчыларынын Кокон хандыгы, казак уруулары жана Цин империясы менен болгон алакаларын Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн көз каранды эместигин жана өз алдынчалыгын сактап калуунун өңүтүндө изилдеген. Бийлер институтунун базасынан өсүп чыккан манапчылык, XIX к. орто ченинде коомдо үстөмдүк кылуучу абалга чыккандыгы жана Ормон манаптын өз алдынча хандык бийликти түзүүгө жасаган аракеттери Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүнүн маанилүү этаптары экендиги белгиленген.*

***Негизги сөздөр.*** *хунндар, оң канат – сол канат, бий институту, манапчылык, хандык бийлик, мамлекеттүүлүк.*

***Аннотация.*** *В статье впервые исследована проблема государственности Тянь-Шанских кыргызов в XVI–XIX вв. Автор отмечал, что унаследованная от древних хуннов этнополитическая структура кыргызов онг канат – сол канат (правое крыло – левое крыло), был основой государственности кыргызов и в рамках этой дуальной организации образовалась структура власти, вокруг которого сообща объединились все кыргызские племена. Глубоко проанализировано, что власть и управление в государственном устройстве сконцентрировалось в руках института биев и должность верховного правителя чонг бия признавалось и приравнивалась к ханской власти. Приведены подтверждающие данные о структуре власти, внутренняя и внешняя политика государственности кыргызов, дипломатический институт ак үйлүү, а также данные о видных биях и правителях которые возглавляли государство. Автор рассматривал отношения кыргызских правителей с Кокандским ханством, казахскими племенами и Цинским Китаем, в контексте независимости и самостоятельности Кыргызской государствености. Отмечено, что манапство возросший на базе института бийства в середине XIX века стал играть господствующую роль в обществе и попытка манапа Ормона сделать самостоятельное ханство являлось важным этапом в развитии Кыргызской государственности.*

***Ключевые слова.*** *хунны, онг канат – сол канат, институт бийства, манапство, ханская власть, государственность.*

***Abstract.*** *In the article the author for the first time investigated the problem of statehood of the Tien Shan Kyrgyz in the XVI-XIX centuries. The author noted that the ethno-political structure of the Kyrgyz inherited from the ancient Huns, on kanat - sol kanat (right wing - left wing), was the basis of Kyrgyz statehood and within the framework of this dual organization formed a power structure around which all Kyrgyz tribes united together. It is deeply analyzed that the power and management in the state structure was concentrated in the hands of the institute of biys and the position of the supreme ruler chong biy was recognized and equated to the khan's power. Supporting data on the structure of power, internal and external policies of Kyrgyz statehood, the diplomatic institution of ak-uiluu , and data on prominent biyas and rulers who headed the state are given. The author considered the relations of Kyrgyz rulers with the Kokand Khanate, Kazakh tribes and Qing China in the context of independence and autonomy of the Kyrgyz state. It was noted that manapism , which grew on the basis of the institution of biystvo in the middle of the XIX century began to play a dominant role in society and the attempt of Manap Ormon to make an independent khanate was an important stage in the development of Kyrgyz statehood.*

***Key words.*** *huns, on kanat - sol kanat, institution of biy, manapism, khan power, statehood.*

**Киришүү. Теманын актуалдуулугу.** Кыргызстандын кеч орто кылымдардагы тарыхынын кабыл алынган мезгилдерге бөлүнүштүрүлүшүндө, тарых илими бир катар маанилүү тарыхый жараяндарды жана окуяларды эске алышы зарыл. Бул *биринчиден*, XV к. экинчи жарымын жана – XVI к. биринчи жарымын камтыган кыргыз элинин калыптануу жараянынын аякташы жана *экинчиден*, андан кийинки мезгил баардык этникалык топторду саясий жактан баш коштурган кыргыз элинин биригүү жана өз алдынчалыгын сактап калуу доору. Мына ушул эки мезгил Теңир-Тоолук кыргыздардын тарыхындагы эң маанилүү учурларды камтыган жана этостун келечек тагдырын аныктаган окуялар менен коштолгон. Анткени, дал ушул доорлордо кыргыз элинин куралышында маанилүү роль ойногон уруулардын дуальдык оң канат – сол канат этносаясий бирикмелери калыптанган жана ал андан кийинки мезгилдерде Теңир-Тоолук кыргыздардын мамлекеттик түзүлүшүн аныктай баштаган. Дуальдык уюмдашуу кыргыздардын бир мезгилдердеги мамлекеттүүлүк түзүлүшүнүн издерин сактап калган жана аны изилдөөдө кармана турган

бирден-бир тарыхый көрүнүш болуп калган. Ушундан улам, биз карап жаткан теманынын актуалдуулугу кыргыз элинин XVI-XIX к-гы мамлекеттүүлүгүн изилдөө маселелери менен байланышкан.

**Метод жана анализ:** Теманы изилдөөдө негизги ыкма катары илимде кеңири колдонулган тарыхый-салыштырмалуу методу жетекчилике алынып проблеманы ачып берүүгө аракеттер жасалды. Анда элдик оозеки тарыхый кабарлардагы жана жазма даректердеги маалыматтарга салыштырмалуу анализ жүргүзүү аркылуу, аталган тарыхый доорлордогу Теңир-Тоолук кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу башатын жана өнүгүү этаптарын изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

**Талкуулар, жыйынтыктар жана сунуштар:** Теңир-Тоо кыргыздарынын XVI-XIX к-дагы мамлекеттүүлүк проблемаларын изилдөө, Кыргызстандын тарых илиминде мурдатан эле маанилүү жана актуалдуу маселе болгон. Бирок советтик тарыхнаамада, кыргыз эли башынан кечирген ал доорлор мамлекети жок же мамлекетсиздик мезгил катары бааланып, ал кездеги тарых илиминде бул тууралуу эч кандай сөз кылынган эмес. Эгерде салыштырмалуу карап көрсөк, Борбордук Азиянын кеч орто кылымдардагы тарыхында, бизге тектеш коңшу элдердин өзүлөрүнүн коомдук-саясий өнүгүшүнө жараша мамлекеттүүлүктүн ар кандай формалары жашагандыгы таанылып келген. Маселен, азыркы Казакстан Республикасынын аймагында кеч орто кылымдарда көчмөндөрдүн бирикмесинен калыптанган Казак хандыгынын 550 жылдыгы алардын эгемендүүлүгүнүн жылдарында белгиленген. Ал эми Теңир-Тоолук кыргыздар тууралуу сөз болгондо, эмнегедир тескерисинче мамлекеттүүлүк 1924-жылдан гана башталат деген көз караш таңууланган бойдон калган. Мындай туура эмес пикир, совет мезгилиндеги тарых илими мамлекеттүүлүктүн проблемаларын изилдөөдө өтө эле чектелген методологиялардын жана концепциялардын деңгээлинде иш алып баргандыгын жана тарыхты изилдөөнүн маркстык-лениндик жол-жобосу көчмөн элдердин саясий жана социалдык тарыхын о.э., мамлекеттүүлүгүн изилдеп-үйрөнүүдө таяныч болуп бере албай тургандыгын көргөзгөн.

Биз жогоруда сөз кылган маселелер менен бирге Теңир-Тоолук кыргыздардын аталган доорлордогу көчмөн коомдук түзүлүшүн изилдөөдө кандай методологияга таянабыз, же кайсыл жол-жоболор бул багыттагы маселелерди иликтөөдө натыйжасын бериши мүмкүн деген суроолордун айланасында ой жүгүртүүгө тийишпиз. Бирок тилекке каршы көчмөндөрдүн коомдук уюмдашуусун изилдөөдө сыдыргыга салынган жана кынтыксыз жетекчиликке ала турган бир дагы усулдук жолдомо азырынча жазыла элек. Балким андай жол-жобонун болушу да мүмкүн эмес, анткени ар бир этностун өзүнүн иденттүүлүгүн аныктаган этномаданий өзгөчөлүктөрү, артыкчылыктары жана айрымачылыктары бар. Демек азырынча кыргыз элинин XVI-XIX к-дагы коомдук-саясий уюмдашуусун жана мамлекеттик түзүлүшүн изилдегенде, тарыхый маалыматтарды анализдеп, фактыларды талдоо менен ал доорлордун тарыхый окуяларынын жана процесстеринин тегерегинде ой жүгүртүү менен мамлекеттүлүктүн издерин табышыбыз ыктымал.

Цивилизациялык метод дагы, коюлуп жаткан маселени изилдеп-үйрөнүүдө түздөн-түз жетектекчи болуп бере албайт. Анткени цивилизациянын өзү кеңири маанидеги түшүнүк жана адамзат коомундагы маданияттардын белгилүү бир өнүгүү баскычтарын аныктоого байланыштуу келип чыккандыктан, аны кайсы бир этностун тарыхы менен гана

байланыштыруу талаштуу маселе. Балким биз алдыда карай турган теманы шарттуу түрдө Борбордук Азиялык көчмөн цивилизация деп аталган коомдук өнүгүүнүн алкагындагы, өзүнчө бир маданияттын локальдык көрүнүшү катары баа берип изилдесек туурадыр. Анткени, Борбордук Азия мейкиндигин байырлаган көчмөн жана жарым көчмөн коомдордун кеч орто кылымдардагы тарыхый өнүгүү процесси менен алардын саясий-мамлекеттик уюмдашуусу, бири-бирине жакын өз ара этномаданий алакада өнүгүп келген. Өз ара этномаданий алакаларды түзүп келген коңшу элдер бири-бирин этнос катары гана таанып калбастан, алардын мамлекеттүүлүгүн аныктаган саясий салт-санааларын, бийлигин, көчүп конгон жерлерин, чек араларын, дипломатиясын ж.б. белгилери менен артыкчылыктарын да тааныган. Демек көчмөн жана отрукташкан ээликтердин дайыма бири-бирин өз ара таанып кабыл алышы жана соода-экономикалык, этномаданий о.э., дипломатиялык алакаларды түзүп келиши, Борбордук Азиядагы башка элдердей эле кыргыздардын да мамлекеттүүлүгүнүн өкүм сүргөндүгүн айгинелейт. Аталган чөлкөмдү кучагына алган тарыхтын мындай өнүгүү процесстери, саясий түзүлүштөрдүн келип чыгышында бири-бирине себепчи болгон мамлекеттердин өз ара тарыхый алака-байланыштарын камсыз кылып келген.

Борбордук Азия мейкиндигинин кеч орто кылымдардагы тарыхы Чыңгыз хандын урпактарынын улустарынын жана мамлекеттик бирикмелеринин тарыхы менен тыгыз байланышкан. Анткени, Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү түрк жана моңгол тектүү көчмөн уруулардын башын коштурган Моголстан мамлекеттик бирикмесинин (1346-ж.) бөлүнүп чыгышы, кыргыздардын эл болуп куралышына [9.140-141] жана соңунда мамлекеттик түзүлүшүнүн калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизген. Теңир-Тоолук кыргыздардын мамлекеттик түзүлүшүнүн башаты, Моголстан мамлекети кулап бараткан XV к. аягы – XVI к-дын баш чендериндеги тарыхый өтүмүштөр менен өз ара карым-катнашта жүргөн. Аталган чөлкөмдөгү тарыхый жана саясий процесстер этникалык кырдаалга олуттуу таасир тийгизген жана бул кайсы бир көчмөн уруулук бирикмелердин саясий жактан бекемделип чыңдалышына жол ачса, башкалардын тарыхый аренада төмөндөп солгундашына алып келген. Демек мындай жагдай, мурда эле моголдордон обочолонуп өз алдынча эл катары таанылып калган кыргыздардын мамлекеттүлүгүнүн түптөлүп башташына шарт түзгөн жана келечекке карай кадам таштап этностун көз каранды эместигин сактап калууга багытталган эң маанилүү тарыхый окуялар менен коштолгон.

Моголстан дайыма көчмөн уруулардын өз алдынча уделдик ээликтеринен турган саясий бирикме болгон. Мында хандын бийлик уруу башчыларына жана алардын кол алдындагы калкка толук кандуу тараган эмес. Чөлкөмдү байырлаган могол уруулары дээрлик борбордук бийликке кыйыр гана баш ийишкен. Бирок, мамлекетти башкаргандардын теги чагатайлардын урпактарынын чөйрөсүнөн чыккандыктан, талаа мыйзамына ылайык номиналдуу болсо дагы могол башкаруучулары алардын бийлигин тааныган жана баш ийишкен. Ошондуктан, Моголстан бул өз алдынчалыкка умтулган көчмөн уруулардын мамлекеттик бирикмесин элестеткен. Алардын катарында кыргыздар дагы Моголстандын курамындагы башка уруулардай эле, өз алдынча ээликти түзүп турган жана алардын мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышында мурдатан бери мурасталып келген оң канат – сол канат этносаясий бирикмеси маанилүү ролду ойноогон.

Байыркы хундарда мамлекеттүүлүктүн классикалык формасы катары өкүм сүргөн оң канат жана сол канат дуальдык (*экилтик*, *кош бирикмелик*) этносаясий түзүлүшү, кийинки көчмөндөргө мурасталып иш жүзүндө кыргыздарда мамлекеттин дээрлик абдан эле кеч архаикалык көрүнүшүн чагылдырып калган. Оң канат жана сол канат этносаясий уюмдашуусунун алкагында, жалпы кыргыз урууларынын жана сырттан келген этникалык компоненттердин өз ара баш кошуп биригүүсү аяктап, мамлекеттик түзүлүш калыптанган жана башкаруунун бийлик институттары түптөлгөн. Коңшу ээликтерден айрымаланып кыргыздардагы мамлекеттүүлүк, Борбордук Азияны бийлеген чыңгызийлердин урпактарынын династиясына таандык хандык бийликке эмес, өзүлөрүнүн мурдатан берки салттуу башкаруусуна ылайыкташкан бийлер институтунун чөйрөсүндө түзүлгөн. Демек XV к. аягы – XVI к-дын баш чендеринде кыргыздардын Моголстан чөлкөмүндөгү *оң канат* жана *сол канат* этносаясий бирикмесинен турган өз алдынча ээлиги, бийлер институтунун чөйрөсүндө калыптанган башкаруу тутуму о.э., адат-салтка жана наркка негизделген заң-мыйзамдары алардын мамлекеттик түзүлүшүн аныктап баштаган. XVI – XVIII к-да мамлекеттик курулуштун жол-жоболорун ишке ашырууда, ички-тышкы саясий жана аскердик-согуштук маселелерди жөнгө салууда *бий институту* бийликтин жогорку формасы катары өзүн толук актаган жана эл аралык мамилелерде таанылган.

Кезегинде дуальдык этносаясий уюмдашуу түзүлүшү, кыргыз элинин уюткусунун калыптанышында ар кандай этностук топторду баш коштуруп бириктирген саясий күчкө да айланган. Анын алкагында этникалык жана саясий факторлор чечүүчү роль ойногон жана кыргыз деген жалпы этностук наамды уруулардын арасында бекемдеген. Ал байыркы этностун тарыхый жана табигый-генетикалык улантуучусу катары, кыргыздардын тарыхый жаңы шартта эл болуп калыптанышын камсыз кылган. Мына ушундай татаал тарыхый-этникалык процесстерден кийин гана, кыргыздар башка этностук компоненттерди өзүнө сиңирип алып, Борбордук Азиядагы уюткулуу элдердин бирине айланган. Бул процесс XV к. экинчи жарымынан башталып – XVI к. биринчи жарымында негизинен аяктаган. Тарыхтын мындан кийинки өнүгүшүндө оң канат жана сол канат этносаясий түзүлүшү көчмөн коомдогу мамлекеттик бирикменин кызматын аткара баштаган. Эки канаттын айланасына баардык уруулар баш кошуп бириккен соң, бий институтуна негизделген мамлекеттин башкаруу түзүмдөрү да калыптанган. Анткени, кыргыздардын уруулук бирикмесинин эки канатка ажырашы белгилүү бир экономикалык, саясий, этникалык жана демографиялык факторлордон улам башталган. Бул ойго басым жасаган А.М. Мокеев, дуальдык (экилтик, кош бирикмелик) уюмдашуунун этникалык маанисин, ириде бардык элдерди кыргыз урууларынын бийлигинин астында баш коштуруунун тарыхый зарылчылыгына негизделгендигинен көргөн [13.118-124].

Сөз кылып жаткан доордун айланасында изилдөөлөрдү жүргүзгөн К.И. Петров, *«кыргыз уруулары жана ага ыкташ тянь-шандык мо(ң)голдор Ахмеддин мезгилинде эле өзүнчө мамлекеттик-саясий бирдике улуска баш кошуп биригишкен»* [14.49], – деп, XV к-дын акыркы чейрегиндеги Моголстандагы соңку тарыхый процесстерге сереп салуу менен, кыргыздардын улус түрүндөгү мамлекттик түзүлүшү болгондугуна ишарат кылган. Мында кептин төркүнү, Моголстандагы көчмөн башкаруучу төбөлдөрдүн энчилеп алган уделдик (улустук) ээликтери сыяктуу, кыргыздардын дагы өз алдынча чакан аймактык ээлиги болгондугу айтылууда. Натыйжада XVI кылымдын баш чендеринде Моголстандын

тарыхый аренасына чыккан кыргыздардын оң канат – сол канат дуальдык этносаясий уюмдашуусу көчмөн мамлекеттик түзүлүштүн деңгээлине жетилип калган жана анын алкагында өз алдынча бийлик ишке ашырыла баштаган. Моголстандын саясий тарыхын толук чагылдырып жазган Мухаммед Хайдардын кыргыздарды моголдордон бөлүнгөн өз алдынча эл катары тааныгандыгын буга далил катары келтирсек болот.

Кыргыздар Моголстанда биринчи жолу 1503-1504-жылдын кышында болуп өткөн окуяларда эскерилген. Ак-Суу шаарында могол ханы Ахмед дүйнөдөн кайтып анын ордун уулу Мансур ээлегенден кийин, Моголстан 910-914-(1504-1505 – 1508-1509)-жылдардын аралыгында ханзаадалардын ортосундагы өз ара жаңжалдардын аренасына айланган. Мындай касташуулардан Султан Халил менен Султан Саид 1504-жылы кыргыздарга качып келген. Кыргыздар Султан Халилди өзүлөрүнүн өкүмдаары-падышалыгына көтөрүшкөн [12.160-161]. Натыйжада Моголстандагы кыргыздарга таянган Султан Халил менен Султан Саид, Мансур ханга каршы турушкан. Моголдордун ич ара келишпестигинен пайдаланган кыргыздар, олуттуу саясий кызыкчылыктарды көздөп, өзүлөрүнүн Моголстандагы саясий абалын бекемдегенге кадам коюшкан. Аталган мезгилде кыргыздардын оң канат – сол канат дуальдык уюмдашуусу саясий жактан мамлекеттик түзүлүшкө жетилип калган, эми аны бекемдеш үчүн Моголстандын башкаруу чөйрөсү менен айкалыштыруу жетиштүү болмок. Анткени Моголстандагы хандык бийлик чагатайларга гана таандык болгондуктан, кыргыз төбөлдөрүнүн арасынан мындай даражадагы башкаруучунун чыгышы, балким саясий аренада анын таанылышына жол бермек эмес. Ушул жагдайларды эске алган кыргыз башчылары, султан Халилди хандыкка көтөрүү менен өзүлөрүнүн саясий абалын жана көз каранды эмес бийлигин бекемдөөнү көздөшкөн. Демек XVI кылымдын баш чендеринде ушул окуялар менен коштолгон кыргыздардын дуальдык этносаясий уюмдашуусу көчмөн мамлекеттик түзүлүштүн милдеттерин аткарууга жарамдуу уюмга айланган.

Кыргыздардын Моголстандын калкы менен саясий жана этномаданий алака-жакындыкта тургандыгына карабастан, хандар менен болгон карама-каршылыктардан улам, алар моголдордон өз алдынча обочолонуп бөлүнүп аталган чөлкөмдөгү биринчилик үчүн күрөшүп баштаган. Мансур хан 914 (1508-1509)-жылы Моголстандагы Чарын менен Челек сууларынын аралыгындагы Алматы деген жерде каршылаштары Султан Саидди жана Султан Халилди талкалап, алардын колдоочу күчүн түзгөн кыргыздарды Моголстандагы баш аламандыктардын баштоочулары катары айыптап көбүн кыйратып, негизги бөлүгүн Чалышка жана Турфанга көчүрүп кеткен. Мансур хан кыргыздарды толук баш ийдире алган эмес жана көп узабай алар өз жерлерине кайтып келген. 916 (1510-1511)-жылдардан тартып Моголстанда кыргыздардын саясий активдүүлүгү ого бетер күч алган. Мухаммед Хайдардын жазганы боюнча ушул мезгилде кыргыздардын айынан бир дагы моголго, Моголстанда жашоого мүмкүн болбой калган жагдай түзүлгөн.

Кыргыздар бул мезгилде Ысык-Көлдө жана Борбордук Теңир-Тоодо туруктуу орун-очок алып калган жана алардын башчысы Мухаммед Кыргыз өз-алдынча бийликти ишке ашыра баштаган. 917 (1511-1512)-жылы дуглат Аба Бакрдын күчтөрү, Ферганадан келатып Моголстанга жасаган жортуулдарында, кыргыздар Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде жайгашкандыгы эскерилет. Андан кийин Султан Саид хан 920 (1514-1515)-жылы Йаркендди алууга камданып жатканда Мухаммед Кыргыз ага кездешип, Аба Бакрдын

согуштук жагдайы тууралуу кабар алып келип берген жана аталган чөлкөмдүү каратууда чоң жардам берген. 923 (1517)-жылы Мухаммед Кыргыз Түркстанга, Ташкентке жана Сайрамга жортуул жасап турган, кыргыздар Чүй жана Талас өрөөндөрүн ээлешкен. 923 (1517) – 928 (1521-1522)-жылдардын аралыгында кыргыздар аталган аймактар менен бирге Анжиянга жана Аксыга жортуул жасап, Ферганага чыгышкан. Алардын айрым топтору бул мезгилде Алайга чейин жеткен. 934 (1527-1528)-жылдары кыргыздар Кочкордон, Ат-Башыдан моголдорду сүрүп чыгып, Борбордук Теңир-Тоодо үстөмдүккө жетишкен [12.165,174-175,386,444-446,461-463,467,472-473,566]. Мухаммед Хайдар эскерген бул окуялар, кыргыздардын саясий бирикмесинин көз каранды эместик үчүн гана эмес, Моголстанга ээлик кылуу үчүн күрөштөрдү жүргүзүп жаткандыгын далилдеген.

Мындан кийинки тарыхый процесстер көргөзгөндөй кыргыздардын мамлекеттик түзүлүшү чыңдалып анын өзөгүн түзгөн оң канат – сол канат дуалдык этносаясий бирикмелеринин алкагында, бийлер институна негизделген башкаруу жана бийлик курамы түзүлгөн. Анткени, Борбордук Азиянын көчмөн түрк элдеринде чыңгызийлердин бийлиги орногонго чейин эле, бий институту өкүм сүргөн. Мунун далили катары, бий институтуту дээрлик Орто Азиядагы феодалдык хандыктарынан тартып, казак жүздөрүнө, каракалпак жана башкыр урууларына чейинки көчмөндөрдүн саясий тарыхында бийлик даражасы катары тараган. Демек бий институтунун генезиси, жалпы түрк этномаданий чөйрөсүнөн келип чыккан жана орто кылымдардан кеч эмес мезгилдерде калыптанган. Андыктан тамыры тереңде жаткан бий институтуту, чыңгызийлердин урпактарынын династиялык башкаруусуна карабастан, түрк көчмөн элдеринин саясий түзүлүштөрүндө теңаталык деңгээлде коомдо бийлик жүргүзүп келген жана ал кыргыздарда өзгөчө артыкчылык оорунду ээлеген бийлик даражасына айланган.

Кыргыздардын оң канаттан жана сол канаттан турган мамлекеттик бирикмесинде бийлик жана башкаруу бий институтунун колунда турган. Бул тууралуу эл оозунда сакталып калган «*Кан болсун, манап болсун, баатыр болсун эл сурагы бийде болгон*», – деген тарыхый сөз, далил боло алат [16.181]. Манапчылык дагы, хандык бийлик дагы кийин келип чыккан. Бий кыргыздардын мамлекеттик түзүлүшүндөгү башкаруунун жогорку даражасы катары таанылган жана ар бир бирикменин башында чоң бийлер турган. Андан өйдө турган бий болгон эмес. Бирок жогорку бийлик оң канаттын чоң бийине таандык болуп, ага сол канаттын бийлери номиналдуу баш ийишкен. Жогорку башкаруучу чоң бийдин алдында, жалпы саясий кеңеш *бийлердин тобу* өкүм сүрүп олуттуу маанидеги маселелер анын макулдугу менен чечилген. Уруулар бирикмесинде (конфедерацияда) толук кандуу мамлекеттик башкаруу аппараты жана жетиштүү даражадагы алык-салык саясаты жүрбөгөн күндө да, мамлекеттик бирикменин ички саясий институттары уруулук-патриархалдык салт-санаалардын талаптарынын негизинде бекемделип туруктуулукка ээ болгон. Ошондуктан этносаясий бирикмедеги кайсы бир иштердин аткарылышы же жөнгө салынышы атайын мыйзамдар аркылуу көзөмөлдөнгөн эмес. Анткени мурдатан элдик салт-санаанын өзөгүнөн чыккан жана дайыма туруктуу колдонулуп келген эрежелер жана адет-расимдер мыйзамдын кызматын аткарган. Коомдун ички өз ара социалдык мамилелери, иштелип чыккан эрежени жетекчиликке алуу менен бийлер тарабынан жөнгө салынган. Анын жалпы жоболору элдик каада-салтка жана адатка негизделген. Көчмөндөрдүн күнүмдүк жашоосунда көп кездешкен жылкы тийип барымта

алуу, эр өлтүрүү, кыз ала качуу, мал урдоо, жайыт талашуу сыяктуу ж.б. иштер боюнча бүтүм чыгарылып жоопко тартылган. Өзгөчө уруулар ортосундагы кагылышуулар жана чыр чатактар чоң бийдин көрсөтмөсү менен эки тараптын бийлеринин кийлигишүүсү аркылуу чечилген. Эгер иш чечилбесе ага чоң бий өзү кийлигишип бүтүргөн. Аны менен бирге жогорку башкаруу бийлигин кармап турган ***чоң бий*** же болбосо ***чоң баатыр*** мамлекеттик бирикмедеги (конфедерациядагы) ички жана тышкы саясатты жөнгө салуу менен жалпы аскер башчынын дагы кызматын аткарган.

Мамлекеттик бирикменини негизги саясий белгилери катары, бийлер институтуна негизделген башкаруу түзүмү, санжырада орун алган туруктуу идеологиясы, ошондой эле бирикменин (конфедерациянын) тутумундагы уруулук өз алдынчалык жана жетиштүү өлчөмдөгү жер, жайыт чектерине ээлик кылуу менен башталган. Уруулук өз алдынчалык патриархалдык талаптардын чегинде гана жүргөн жана чынында алар саясий жактан жалпы бийликти кармап турган чоң бийдин башкаруусуна моюн сунушкан. Бий институту жалпы саясий башкарууну колго алып жана чарбалык маселелерди жөнгө салуу менен учуру келгенде чоң бий, жогоруда белгилегендей аскердик жетекчилик милдетти да аркалаган. Б. Солтоноев билдиргендей XVII к. 20-30-ж. кыргыздарда ушундай бийликти кармап турган башчылардын бири, оң канаттын багыш уруусунан чыккан Көкүм бий болгон. Ушундай эле маалыматты санжыранын башка варианттарынан да учуратабыз жана Көкүм бийди кыргыздын биринчи башкаруучу-төбөлү (феодалы) катары санашкан. Санжыраларда Көкүм бийдин ишмердүүлүгү казак ханы Ишимдин (Эшимдин) (1568-1628) башкаруу заманындагы тарыхый окуяларга байланыштуу айтылат жана андан кийин кыргызды кан Теиш башкаргандыгы жөнүндөгү маалыматтар эскерилет [16.101; 17.10-12; 1.145].

Ошол эле маалыматтарда, Эр Эшим башында турган кыргыз-казак күчтөрүнүн калмактарга каршы күрөшүндө арка кыргыздарын Манап бий башкарып турган. Ал Иле суусунун боюндагы калмактарга каршы согушта курман болгондугу, ошондой эле өз доорунда эл башында туруп бийлик жүргүзгөн төбөлдөрдөн экендигин айтылат. Эл ичинде ошол мезгилден бери айтылып калган «*Каратоко, Манап ай, үй башына бир жылкы, ала бергин санабай*», – деген сөздөр, Манаптын элди былк эттирбей башкарып келгендигин ырастайт, – деп жазган Ы. Абдырахманов [1.135]. Демек элдик тарыхый маалыматтарда эскерилген Манап бий, учурунда эл башында турган жана тышкы душмандарга каршы күрөштү жетектеген чоң бий экендигин көрөбүз. Алтургай ал кол алдындагы букараларынан алык-салык алып бийликтин үстөмдүгүн жүргүзгөн. Бул адатта бирикмедеги чарбалык-экономикалык маселелерди жөнгө салуу жана кол алдындагы букараларды көз карандылыкта кармап турууга багыталган башкаруу ыкмасына байланышкан. Манаптан кийин бийлик анын урпактарына өтүп, манапчылык социалдык катмарынын түптөлүшүнө негиз салынган. Бирок ошондой болсо дагы XVII к-дын биринчи жарымында жалпы оң-сол Көкүм бийге жана андан кийин анын уулу Теиш бийге (кан Теиш) баш ийип, аларды жогорку башкаруучу чоң бий катары таанышкан [1.145; 8.170]. Андан кийинки оң-солдун үстүнөн болгон жалпы бийлик Манаптын балдарына өткөн. Бий институтунда бийлик, өзү өтмө катары болгон. Кайсы бир кландын бийликти ээлеп алышына жол берилген эмес жана калктын арасындагы таасирдүүлүгүнө жараша бийлер институтундагы бир бутактан экинчи бутака өтө берген.

Манаптан кийин бийлик анын урпактарына өткөн. Үчүкө баатыр казактын Тооке ханынын тушунда башкарып, болжол менен 1670-ж. орто чендеринде каза болгон. Андан кийин элди Кудаян бийлеген. Элдик уламыштарга караганда Кудаян төрөлгөндө кочушуна кан уучтап түшкөн. Мындай фольклордук мотив кайсы бир деңгээлде Кудаяндын бийлигинин идеологиялык негизин бекемдөөгө багытталган [1.135]. Анткени Кудаяндын хан атагында эскерилиши, анын дал ушул даражалуу жогорку бийликти ээлегендигин далилдебейт. Хандык даража Кудаяндын эл башкарган жеке сапаттарынан келип чыккан жана мындай атак анын кол алдындагы элдин айтуусунан улам каймана коюлган. Тарыхта Кудаян эмес, анын түпкү аталарынын бири дагы хандыкка көтөрүлгөндүгүн ырастаган эч кандай маалымат эскерилбейт. Ушундай эле көрүнүш кан Теишке (Теиш бийге) да тиешелүү жана эл анын башкарган учурун жана бийлигин хан катары көрүшкөн. Демек бийлер гана коомдун социалдык тепкичинин жогорку катмарында турган жана жалпы бийликти колго алып кыргыздардын мамлекеттик бирикмесинде башкарууну ишке ашырган жападан-жалгыз саясий институт болгон.

Кытай булактарынын ырастаганы боюнча, ошол мезгилде «*Кыргыздардагы ээлик кылуучулар бий деп аталган. Бийлер ондон жыйырмага чейин, айрымдары отузга чукул айылдарды ээлешкен. Бийлердин жерлери жана кол алдында баш ийгендери бар. Алардын бардыгы бир катарда турат жана бири-бирине көз каранды эмес. Качан бий өлгөндө анын ордуна уулун же бир тууганын дайындашат. Башкалардын буга укугу жок*», – деп айтылат. [6.127].

Кытай булактары кыргыз коомундагы бийликтин реалдуу өкүм сүргөндүгүн жазган. Жыл сайын, деп айтылат ошол булакта, жалпы башкарууну колго алган жана ага бардыгы баш ийген бир башчыны (булакта *«чжан»* деп айтылган) шайлашат. Башчылыкка шайлангандын ысымы Маматкулу (Ма-му-гу-ху-ли). А. Бернштамдын пикиринде кытай булактарында берилген башкаруучу титулу, аныгында ошол мезгилде кыргыздарды башкарып турган шайлануучу ханды эске алган [6.127].

1758-ж. мамлекеттик бирикмени башкарган Мааматкул бийдин атынан сарыбагыш уруусунун бийи Черикчи, чекир саяктардан Түлкү бий жана Шербек, о.э. солтолордон Ныша баатыр баш болгон элчилердин тобу Кытай императорунун сарайында кабыл алууда болушкан [10.42]. Элчилердин келишин, кытай бийликтери кыргыз урууларын империянын вассалы катары карай тургандыгын эскертүү менен аларга Кытайдын бийлик төбөлүнүн даражалык-чин белгилерин ыйгарган. Эң башкысы барган элчилик, Ысык-Көл жана анын чыгышындагы Каркыра, Кеген, Текес жерлери кыргыздарга гана таандык экендигин бекемдей алгандыгы менен миссия өз милдетин аткарган. Сыягы, эки тараптын саясий кызыкчылыктарын аныктаган маселелер, аталган элчиликтин барышы менен чечилген. Солто уруусунун өкүлү Ныша баатыр Кудайменде уулу Кытайга элчиликке барып «*өтөгө тыңса*» деген даража алып көк таш сайынып келгендиги санжырада дагы эскерилет [4.34]. Демек Мааматкул бий жетектеген кыргыздардын мамлекеттик бирикмеси XVIII к. 50-ж. түндүк Кыргызстандагы урууларды баш коштуруп бириктирүү менен калмак баскынчыларынан бошотулган кыргыз жерлерин коргоп калууга багытталган маанилүү тышкы саясатты ишке ашырган.

Кыргыздардын түштүк-батыштагы чоң бөлүгү Кытай булактарында батыш кыргыздары аталган. Алар шарттуу түрдө «тогуз уул» катары таанылып, айланасына

мурдагы «отуз уулдун» курамына кирген түштүк-батыш жерлериндеги оң-сол уруулары менен бирге булгачы (ичкилик) тобундагыларды да камтыган. Анткени, кыргыздардын бул тобун бийлеген Ажы бийдин Кытай бийликтерине жолдогон катында, «*Бухарадан чыгыштагы 210 миң адам – биз баарыбыз тең силерге букарабыз*» – деген формалдуу билдирүүсүнө караганда, [11.167] анын карамагында отуз уулдар (адигине, муңгуш) гана эмес, түштүк-батыш чөлкөмдөгү ичкилик кыргыздарынын басымдуу бөлүгү да бирикменин айланасына баш кошуп тургандыгын айгинелейт.

Цинь бийликтерине элчи жиберип ооз жүзүндө императорго букарабыз дегени менен, иш жүзүндө Ажы бий кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн бир бутагын тартып турган көз каранды эмес өз алдынча саясат жүргүзгөн башчы болгон. Ал Кокондун башкаруучусу Ирдана бий менен тең аталыкта туруп, кыргыздардын байтактысы Ош жана Өзгөн калааларын коргоп калуу үчүн күрөштөрдө, Цинь бийликтеринен колдоо издеп мамиле түзүүгө аракет кылган. Ажы бийди бооруна тартууну көздөгөн Кытай бийликтери өз кезегинде ага грамота жана мөөр тартуулап, аталган чөлкөмдөгү кыргыз урууларынын башчысы жана чоң бийи катары тааныган. [11.167]. Мындан тышкары эл аралык стратегиялык мааниси бар Кашкар-Фергана соода трассассы дайыма Ажы бий жетектеген кыргыздар көзөмөлүндө тургандыктан, Цинь бийликтерин алар менен жакындан мамиле түзгөнгө аргасыз болгон.

Жуңгар-калмактардын баскынчылыгынан кутулгандан кийин, кыргыз бийлери мамлекеттик бирикменин ички жана тышкы саясий абалын бекемдөө багытында иштерди жүргүзүп башташкан. Анткени бүлүнгөн чарбалык-экономикалык мамилелерди калыбына келтирүү, мал-жан жана жайыт ресурстарын талап кылган. Фергана чөлкөмүндө миграцияда жүргөн калктын басымдуу бөлүгү өз жерлерине кайтып келип жайгашып, жайыттарына ээлик кылып, коңшулар менен чектешкен чек ара райондорундагы туруктуу конуш-жерлерин кайтарып ээлей башташкан. Мына ушундай жагдайда казак урууларынын кыргыз конуштарына кирип жайыттарды өз алдынча ээлеп алган жана жылкы тийип барымта кылган окуялар күч алган. Бул мезгилде арка кыргыздын жалпы жөнүн Эсенгул баатыр билген. 1779-1780-ж-ры Абылай хандын алдына барган кыргыз элчиси Түлөберди бий, *«кыргыздар өз ичинен оң жана сол деп бөлүнөрүн, ар бир уруктун башчылары бар, бирок улуу сөз Эсенгул баатырдан тарап, аны сол атанган эл дагы угат»,* – деп айткан билдирүүсү анын журт башында турган чоң бий экендигин айгинелейт [2.62]. Ага чейин казак уруулары менен болгон мамилени жөнгө салуу жана кыргыздарга таандык конуштарды казактардын ээлеп алышына жол бербөө маселесин козгогон бийлердин *чоң тобу* Таластын оозундагы Капкада болжолу 1770-71-ж. Эсенгул баатырдын жетекчилигинде өткөн. Жыйынга солто уруусунун башы Эсиркемиштин уулу Кебек бий жана Кошойдун уулу Момокон, саяктардын түнкатар уругунан Арзыматтын уулу Садыр, чекир саяктардан Түлкүнүн уулу Качыке, ал эми сол канаттан саруунун бошмоюн уругунан чыккан Туума бий ж.б. катышкан. Топто кыргыз урууларына таандык конуштарды сактап калуу үчүн Кетмен-Төбөдөгү каба саяктарды Таластын аягына, Кочкордогу чекир саяктарды Чүйгө көчүрүү керектиги жөнүндө бүтүмгө келишкен. Мында сөз кылган жыйын жалпы бийлердин кеңеши, мамлекеттик бийликтин эң жогорку органы экендигин жана ал кыргыз ээликтеринин чектерин бекемдөө жана коңшулар менен мамилелерди жөнгө салууга умтулган тышкы саясатты ишке ашыргындагын ырастайт.

1779-ж. Абылай хандын кыргызга жасаган чоң чабуулунун соңунда эки элдин жер чегин ажыраткан сүйлөшүүлөр жүргөн. Бул боюнча, 1780-ж. Абылай хандын алдына барган кыргыз урууларынын башкаруучу бийлеринин тобу, сол канаттан Туума бий жана Мама бий, солтодон Кебек бий жана Түлөберди, сарыбагыштан Эсенгул баатыр менен Атаке баатыр, бугудан Бирназар, чекир саяктан Качике баатыр, саяктан Сейит бий жана Келдибек баш болгон кыргыздын аттуу-баштуулары кыргыз-казак жер чегин ажыратышкан. Чек аранын батышы: Күйүктүн бели менен Үч-Буурул тоолорун камтып, Түймөкент, Абылкайырдан өтүп, Курагаттынын Чүйгө куйган жери аркылуу Чокмордун кайкысын басып, Илени жээктеп келип, Үч-Алматыны камтууга тийиш болгон.

Натыйжада, казак-кыргыз чек арасынын координаттары: башы Үч-Алматыдан башталып – түндүгү Иле бою, аягы Чокмордун бели, Курагаттынын Чүйгө куйган жери, батыш жагы Кичи-Буурул – Чоң-Буурул тоолору, Терс суусу, Күйүктүн бели, Түлкүбаш тоолору чек болуп, Абылай хандын алдында бир бүтүмгө келишкен [2.75-77; 3.1-2].

Бул маалыматтар чынында эки тараптын мамлекеттик деңгээлде жүргүзгөн дипломатиялык сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгы менен чек ара маселелеринин чечилгендигин айгинелейт. Мындан аркы ушул сыяктуу маанилүү жагдайларда, кыргыздар чоң мамлекеттердин кызыкчылыктарынын алкагында, тышкы саясий алакалардын багыттарын аныктаган ийкемдүү саясат жүргүзүүгө кадам жасашкан. Буга Мааматкул бий менен Ажы бийдин 1758-59-жылы Цин империясына, Атаке баатырдын 1785-жылы Россияга, Эсенгул бийдин 1791-жылы Коконго жиберген элчиликтери мисал боло алат.

Эсенгул бий 1791-ж. Коконго элчи катары уулу Эркубат менен жантай уругунан Асанды баш кылып жөнөткөндө, тартууга – эки тогуз ат, күйкө баштаган бир тогуз куш бергендиги эскерилет. Кыргыздин эски адетинде күйкөнү куштун аксакалы деп санашкан [16.176]. Бул тууралуу К.К. Юдахин сөздүгүндө: *в старом быту, когда дарили девятки ловчих птиц, то возглавлял эту девятку күйкө шумкар,* –деп айтылган [18.913]. Демек алгыр кушту тартууга берүү, кыргыз мамлекеттүүлүгүндөгү мурдатан бери тышкы мамилелерди жөнгө салуунун ыкмасы жана дипломатиялык мамилерди орнотуунун салты болгон. Енисейлик кыргыздардын башчылары *иналдар,* Чыңгыз ханга элчи жибергенде *ак шумкар* тартууга бергендиги тарыхта эскерилет [5.41].

Кыргыздардын аталган доорлордогу тышкы мамилелерди мамлекеттик деңгээлде жөнгө салган элчилик институту *ак үйлүү* деп аталган. Оң канаттын түпкү атасы Тагай бий өз доорунда Кашкардын башкаруучусу Ирeше ханга *ак үйлүүгө* барып бир нече жыл тургандыгы эскерилет. Калмактарга ак үйлүүгө кыргыз башчыларынан баргандыгы тууралуу айрым маалыматтар да кездешет. XVIII к-дын экинчи жарымындагы кыргыз-казак мамилелеринде аталган институт эки элдин мамилесин жөнгө салууда чечүүчү роль ойногон жана ал мурдатан эле көчмөндөрдө туруктуу сакталып келген дипломатиялык институт болгон. Кыргыздардын Аблай хан менен болгон 1779-80-ж-гы согушунан кийин, эки тараптын башчыларынын сүйлөшүүлөрү эзелки салт боюнча *чыбык кыркып ант берүү* менен аяктап, мындан ары тынчтыкта жашайлы деген макулдашууга келишкен. Кыргыз бийлеринин тобунун чыгарган чечими менен Түлөберди бий казактарга *ак үйлүүгө* көчүп барып ортодогу ар кандай чыр-чатактарды чечип турган [17.31].

XIX к-дын баш чендеринде мамлекеттүлүктүн андан аркы өнүгүшүндө жана бийликтин бекемделишинде бийлердин чөйрөсүнөн бөлүнүп чыккан манапчылык коомдо маанилүү роль ойногон. Манапчылык институнун калыптанышы кыргыздардын өз алдынча мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүү шартында жасалган олуттуу саясий кадамдардан эле. Анткени манапчылык XIX к-дын орто ченинде коомдун саясий жана социалдык чөйрөсүндө таасирдүү роль ойногон бийлик институту катары өзүнүн баралына келген жана башкарууну колго алган күчтүү саясий кланга айланган. Манапчылык коомдо толук үстөмдүк кылган абалга жеткенде гана, аны хандык деңгээлге алып чыгууга манап Ормон Ниязбеков аракет жасаган. Бирок бул саясий кадам толук аягына чыккан эмес жана Россия империясынын колониясына айланганга чейинки аркадагы кыргыз урууларынын арасындагы манап Ормондун хандык бийлиги, иш жүзүндө мурдагы саясий салт-санааларды мурастоо менен мамлекеттүүлүктү сактап калуунун эң акыркы кадамдарынан болгон. Демек, оң канат жана сол канат бирикмесинин айланасына баардык саясий күчтөрдүн жана этникалык топтордун баш кошуп биригүүсү менен мамлекеттин уюткусу түзүлгөн жана башкаруу бийлиги бийлер, кийинчерээк манапчылык институттары аркылуу ишке ашырылган.

**Жыйынтык:** XIX к-дын 60-жылдарынын баш чендеринде Кокон хандыгы менен Россия империясынын ортосундагы тирешүүлөрдүн мезгилинде, кыргыз башчылары элдин өз алдынчалыгын сактап калуу аракеттерин жасашкан. Ушундай шартта Мадали хан менен мамилеси келишпеген Алымбек датканын аркадагы сарыбагыш туугандары Үмөтаалы, Ажы, Адыл жана Төрөгелди манаптардан колдоо издеп келиши, кыйчалыш мезгилде элди бириктирүүгө жасаган кадамдардан болсо керек. Учурунда Кокон хандыгынын ички саясий карама-каршылыктарына көз салып турган Батыш Сибир аскер округунун командачысы А.О. Дьюгамелдин 1861-жылдын 8-июнунда согуш министрине жиберген катында, Алымбек кыргыздардын көз каранды эмес башкаруучусу болуп калууга ниетти бар экен деген билдирүүнү жазган (Джамгерчинов Б., 1966, С. 81-83.). Балким ал мезгилдеги саясий жагдай, чынында эле кыргыз башчыларын биригүүгө жана элдин көз каранды эместиги сактап калуунун зарылдыгы жөнүндөгү маселени ойлонтууга түрткөн. Анткен менен Россия империясы, XIX к-дын орто ченинен тартып Түркстан чөлкөмүн каратып алуу ишине белсенип киришкен учурда, кыргыз саясий элитасынын бир бөлүгү Кокон хандыгынын саясий турмушунда өзүлөрүнүн таасирин орнотуп чечүүчү роль ойноп турса, экинчи бөлүгү толук өз алдынчалыгынан ажырап колонияга айлануу коркунучун күтүп турган. Буга чейин мамлекеттеги ички абалды чыңдаганга караганда Кашкар менен Ферғананын бай соода-экономикалык райондорундагы саясий окуяларына дайыма кийлигишип андан пайда өндүрүүнү кызык көргөн кыргыз башчылары, эми чоң империялардын тышкы саясий аракеттерине көз каранды болуп баштаган. Тарыхтын мындай терс багытты өнүгүшү, кыргыздардын көчмөн мамлекеттик түзүлүшүнө кедергисин тийгизип, тарыхый аренадан анын сүрүлуп чыгышына жана колонияга айланышына алып келген.

## КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАР ЖАНА АДАБИЯТТАР:


1. Абдырахманов Ы. Кыргыздар (Кыргыздардын чыгышы урууларга бөлүнүшү). КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабия институтунун кол жазмал фонду. – № 619 (мындан ары: КР УИАнын кжф).

2. Алымбеков Т. Кыргыз урууларынын чыгышы жөнүндө. КР УИАнын кжф. – № 364. 2-дептер.
3. Алымбеков Т. Кокон хандыгына чейинки кыргыздын турмушу жөнүндө. КР УИАнын кжф, – № 1454.
4. Бала Айылчынын санжырасы. КР УИАнын кжф. – № 239.
5. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек, 1997.
6. Бернштам А. Источники по истории киргизов в XVIII века // Вопросы истории. – № 11-12. 1946.
7. Джамгерчинов Б. Очерки политической истории Киргизии XIX века. – Фрунзе, 1966.
8. Валиханов Ч.Ч. Записки о киргизах // Собр. соч. в пяти томах. – Алма-Ата, 1985.
9. Караев О. Чагатайский улус. Государство Хайду. Могулистан. – Бишкек, 1995.
10. Кузнецов В.С. Цинская империя на рубежах Центральной Азии (вторая половина XVII- первая половина XIX в.) – Новосибирск., 1983.
11. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары. (Б. з. ч. II к. – XVIII к. Кытай булактарынан үзүндүлөр). II т. Түз. К.Жусаев, А.Мокеев, Д.Сапаралиев. – Бишкек, 2003.
12. Мирза Мухаммед Хайдар. Тарих-и Рашиди / Введение, перевод с персидского А.Урунбаева, Р.П.Джалиловой и Л.М.Епифановой. – Ташкент, 1996.
13. Мокеев А. Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане. – Бишкек, 2010.
14. Петров К.И. Очерки феодальных отношений у киргизов в XV–XVIII веках. – Фрунзе, 1961.
15. Сапаралиев Д.Б. Этнополитическая история Оша и его окрестностей с XVIII до середины XIX вв. – Бишкек, 1999.
16. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. Тарыхый очерктер. 1-2-китеп. – Бишкек, 1993.
17. Үмөт Молдонун архивинен көчүрмө. КР УИАнын кжф. – № 191.
18. Юдахин К.К. Кыргызско-русский словарь. – Бишкек, 1999.

* * *

***Анарбекова Венера Эркинбековна, Анарбаева Гульназ Араповна***

## ЖАЛАЛ-АБАДДАГЫ САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО ОКТЯБРЬ РЕВОЛЮЦИЯСЫНА ЧЕЙИН (КАМАЛИТДИН ГАЙББАЕВДИН “ООРУЛАРДЫ АЙЫКТЫРУУ” КИТЕБИНИН МИСАЛЫНДА)

***Анарбекова Венера Эркинбековна, Анарбаева Гульназ Араповна***

## ЗДРАВООХРАНЕНИЕ В ДЖАЛАЛ-АБАДЕ ДО ОКТЯБРЬСКОЙ РЕВОЛЮЦИИ (НА ПРИМЕРЕ КНИГИ КАМАЛИТДИНА ГАЙББАЕВА «ИСЦЕЛЯЯ НЕДУГИ»)

***Anarbekova V.E., Anarbaeva G.A.***

## HEALTHCARE IN JALAL-ABAD BEFORE THE OCTOBER REVOLUTION (BASED ON THE EXAMPLE OF KAMALITDIN GAIBBAEV'S BOOK "TREATING DISEASES")

***УДК. 947:93/398.***

***Аннотация.*** *Бул изилдөөбүздө Жалал-Абад шаарындагы саламаттыкты сактоонун өткөн кылымдагы калыптануу жана өнүгүү тарыхын азыноолак жазып калтырган Камалитдин Гайббаевдин “Исцеляя недуги” (Оорулууларды айыктыруу) [Гайббаев Камалитдин. Исцеляя недуги. – Фрунзе.:Кыргызстан.56 стр.] деген 1986-жылы Фрунзенин Кыргызстан басмаканасынан чыккан чакан китепче тууралуу болмокчу. Автор өзү Кыргызстандын түштүгүндөгү саламаттыкты сактоонун активдүү уюштуруучуларынын бири болгон. Чакан китепченин материалдары тарыхый жана тарбиялык мааниси чоң эмгектердин катарын толуктайт. Профессор А.А.Айдаралиевдин дагы архивдик материалдарына токтолгон. Негизги мазмуунунда шаардын курорту, Жалал-Абаддын топонимикасына байланышкан уламыштар жана саламаттыкты сактоонун 1917-жылдан 1983-жылга чейинки статистикалык маалыматтары камтылган материалдар берилген. Макалада дал ошол перспективдүү өнүгүүнү камтыган эмгектен Жалал-Абад шаар статусун алгандан (1878-ж.) Улуу Октябрь революциясына чейинки саламаттыкты сактоо бөлүгү гана тарыхый талдоого архивдик материалдардын негизинде*

*анализденет жана шаардын куруучуларынын өз оозунан жаздырылып алынган материалдар дагы талкууга алынат.*

***Негизги сөздөр.*** *Жалал-Абад шаары, курорт, дарыгерлер, саламаттыкты сактоо, ооруларды дарылоо ыкмасы, минералдык булактар, орус падышачылыгы, Хазрет Аюб пайгамбар, Махпара ыйык жайы.*

***Аннотация.*** *В данном исследовании речь о небольшой книге «Исцеляя недуги» Камалитдина Гайббаева, оставившего небольшую историю в прошлом веке становления и развития здравоохранения в городе Джалал-Абад, изданной Кыргызским издательством в городе Фрунзе в 1986 году [Гайббаев Камалитдин. Исцеляя недуги. – Фрунзе.:Кыргызстан.56 стр.]. Сам автор был одним из активных организаторов здравоохранения на юге Кыргызстана. Материалы брошюры дополняют ряд произведений, имеющих большую историческую и просветительскую ценность. Он использовал архивных материалов профессора А.А. Айдаралиева. Основное содержание включает материалы, содержащий городской курорт, легенды, связанные с топонимией Джалал-Абада, а также статистические данные здравоохранения с 1917 по 1983 год. В статье анализируется только часть здравоохранения с момента получения Джалал-Абадом статуса города (1878 г.) до Великой Октябрьской революции и материалы зафиксированных из уст строителей города, на основе архивных материалов*

***Ключевые слова.*** *город Джалал-Абад, курорт, врачи, здравоохранение, метод лечения заболеваний, минеральные источники, русское царство, Пророк Аюб, святилище Махпара.*

***Annotation.*** *This study will discuss a small book, “Treating Diseases” by Kamalitdin Gaibbaev, who left a short history of the last century’s development of healthcare in the city of Jalal-Abad, published by the Kyrgyz publishing house in the city of Frunze in 1986 [Kamalitdin Gaibbaev. Treating Diseases – Frunze: Kyrgyzstan. 56 p.]. The author himself was one of the active organizers of healthcare in the south of Kyrgyzstan. The materials in the brochure complement a number of works of great historical and educational value. He used archival materials from Professor A.A. Aidaralieva. The main content includes materials containing the city resort, legends associated with the toponymy of Jalal-Abad, as well as health statistics from 1917 to 1983. The article analyzes only part of health service from the moment of receiving the status of a city Jalal-Abad (1878) until the Great October Revolution and materials taken from the mouths of the city's builders, based on archival materials.*

***Key words.*** *city of Jalal-Abad, resort, doctors, health service, method of treating diseases, mineral springs, Russian kingdom, Prophet Ayub, Mahpara sanctuary.*

**Киришүү.** Жалал-Абад шаарындагы саламаттыкты сактоонун жаралышынын жана өнүгүшүнүн тарыхы Советтик Кыргызстандын тарыхы менен тыгыз байланышта. Ошол учурда жарыяланган адабияттарда деле жетиштүү изилденген эмес. Тагыраагы А.А.Айдаралиев [2], А.В.Альфимов [3, 5], К.А.Атаханов [1], Р.Г.Бауэр [4, 36-39], А.Н.Козлов, С.К.Лобынцев, К.Н.Нишанов [7], С.Д.Рафибеков [9], В.А.Петросьянц [8], К.С.Сатаркулов, О.Т.Тургунбаевдин айрым бир материалдарынан гана кездештирүүгө болот. Ошолордун катарын толуктаган Камалитдин Гайббаевдин китепчесиндеги мазмуунда: Жалал-Абаддын тарыхынын барактары жана Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейинки саламаттыкты сактоонун жаралышы; Жалал-Абад курорту; Жалал-Абад шаарынын саламаттык сактоосу Совет бийлигинин алгачкы жылдарында жана Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасы түзүлгөнгө чейин (декабрь 1917-1926-жж.); Жалал-Абад шаарынын саламаттыкты сактоо (1926-1936-жж.); Саламаттыкты сактоо Жалал-Абад шаарында согушка чейинки жылдарда (1936-1940-жж.); Улуу Ата Мекендик Согуш жылдарында (1936-1940-жж.) Жалал-Абад шаарынын саламаттыкты сактоосу; Саламаттыкты сактоо Жалал-Абад шаарында согуштан кийинки жылдарда (1946-1983-жж.) деген бөлүктөрдөн турат. Биздин изилдөөгө алган объект Жалал-Абад шаарынын 1878-жылдан 1917-жылга чейинки саламаттыкты сактоонун өнүгүүсү тарыхый талдоого алынат.

**Негизги бөлүк.** *Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейинки саламаттыкты сактоонун жаралышы* деген бөлүктө: Көгарт өрөөнүндө конуштардын пайда болушуна Аюб тоосунун боорлорундагы шыпаалуу ысык булактар себеп болгону

тарыхый фактылардан белгилүү. Анткени ысык булактардын дарылык касиети жергиликтүү калкка байыртадан эле белгилүү болуп, көптөгөн зыяратчыларды тарткан. Кыргызстан Россияга кошулганга чейин Жалал-Абад чакан соода борборунун ролун аткарган. Буга анын көчмөн жана отурукташкан кошуна аймактардын чек арасындагы абалы чоң өбөлгө болгон.

Китепченин 10-бетинде "1887-жылдан баштап Жалал-Абад шаар болуп эсептелинет" деп жазылган. Бирок Жалал-Абад Россия империясынын Фергана облусунун Кокон уездинин курамындагы шаар статусун 1876-жылы алгандыгы, ал эми шаардын түзүлгөн расмий датасы 1877-жылдын октябрь айы, орус аскерлери Аюб-Тоонун этегине чеп курган жыл [6] экендиги тарыхый булактарда белгилүү. Ал эми адабияттарда 1877-жылдан баштап кадимкидей пайдалана баштаганын дагы эске алуу зарыл [10]. Демек, автор Камалитдин Гайббаев Жалал-Абад шаар статусун алгандан 10 жыл өткөндөн кийин "*1887-жылдан баштап Жалал-Абад шаар болуп эсептелинет"* деген маалымат жаңылыштык (А.В.).

Андан ары шаар статусун алган Жалал-Абад Октябрь социалисттик революциясына чейин калкы сабатсыз, ири айыл жана соода борбору болгон. 1897-жылдагы эл каттоо боюнча шаардын калкы 1555 адамды түзүп, 260 кожолук Какир дачасы, 8 мечит, 2 мектеп, 10 майкана, 25 азык-түлүк, 5 эт сатуучу дүкөн, 3 калико жип ийрүү жайы (ситцепрядильни), 2 устакана, 1 боёкчу, күмүш устаканасы, 13 бош дүкөн, рават (чоң дарбазанын аталышы), 15 чайкана базары дүйшөмбү күнү ачык болгон. Ал эми суу Көгарт дарыясынан Хан-Арык жана Чука-Арык каналдары аркылуу берилген. Түпкүлүктүү калк кууш көчөлөрдө чачылган жапыз чопо чатырлары бар үйлөрдө, жайында коюу чаң, жазында өтө алгыс баткакта жашашкан.

Жалпысынан шаардын жыргалчылыгы айыктыруучу булактардан алынган кирешеден көз каранды болгон. Түпкү калкка (коренное население) - кыргыздарга жана өзбектерге медициналык жардам көрсөтүлгөн эмес. Ошол кезде падыша башкаруучуларынын арасында төмөнкүдөй теория үстөмдүк кылган: *«Кыргыз эли медициналык жардамга муктаж эмес, анткени көчмөн жашоосу аларды кирден куткарат, эгер өздөрүнүн түшүнбөстүктөрүнөн улам ооруга дуушар болушса, анда ал кыргыз медицинасын билгичтик менен өздөштүргөн бакшы». Оорулуулар табыптарга, шамандарга, бакшыларга, молдолорго жана башка шарлатандар менен наадандарга кайрылышкан. Оорулууларды дарылоо ыкмасы сыйкырлар (заклинания) жана дуба (молитва) болгон. Денеден жиндерди кууп чыгуу үчүн ысытмалуу оорулууга муздак суу чачылган. Элдик оригиналдуу медицинаны көбүрөөк агартуучу адамдар колдонушкан. Сөөктүн сынганы жана чыгып кетиши үчүн алар хиропрактиктерге кайрылышкан. Дары катары ар кандай чөптөр, майлар, жылкы жана аюунун майлары колдонулган. Катуу ооруганда уйдун жаңы кыгын, койдун терисин жана башкаларды колдонушкан. Райондо трахома, котур, сифилис, безгек, чечек жана башка оорулар көп болгон* [5.11]. Демек, кыргыздардагы элдик медицинанын эл арасындагы мааниси тууралуу жеткиликтүү эле маалымат берилген.

Жалал-Абад шаарында медициналык-санитардык мекемелерди түзүүдөгү алгачкы кадамдар Россиянын колонизаторлук саясатынын терс көрүнүштөрүнө карабастан Кыргызстандын Россияга кошулушу менен прогрессивдүү кадамдар башталган. Көгарт

өрөөнүндө Михайловское, Архангельское, Спасовка, Благовещенское ж.б. орусча аталыштагы конуштар пайда болуп, калктын бир кыйла көбөйүшүнө алып келген жана көчмөн мал чарбачылыгы менен алектенген кыргыздардын отурукташкан, жарым отурукташкан жашоо образына өтүү процессинде оң роль ойногон. Мунун аркасында көчмөндөр дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен алектене алышкан. Орус дыйкандары жерди айдоонун тажрыйбасын үйрөтүшкөн. Бирок экинчи жагынан калктын көбөйүшү, сооданын өнүгүшү, медициналык жардамдын жетишсиздиги, антисанитардык абал массалык оорулардын көбөйүшүнө алып келген.

Оорунун көп болушунан жана адаттан тыш, аптаптуу ысыктан улам көптөгөн зыяратчылар кете баштаган. Бул жагдай падышалык администрацияны зыяратчыларды медициналык жактан тейлөө, аларга турмуш-тиричилик жактан мыкты шарттарды түзүү боюнча чараларды көрүүгө мажбур кылган.

Земстволук дарыгерлер коому отурукташкандарга жана падышалык чиновниктерге, ошондой эле бай-манап дворяндарына медициналык-санитардык кызмат көрсөтүү үчүн дарыгерлерди жиберген. Алар саякат (разъездной) системасынын принцибинде кызмат кылышкан. Аюб-Тау тоосундагы Хазрет-Аюб ысык булактарына Түркстандын жана Орто Азиянын тургундары дагы шыпаа издеп келишкен.

Негизинен тери оорулары үчүн дарылык мааниси чоң Аюб булак тууралуу уламышты мисал келтирүү менен алгачкы тургундар жайкысын аптаптуу ысыктан, кышкысын сууктан жакшыраак коргонуу үчүн жер төлөөдө (землянка), кийинчерээк алачыкта, боз үйлөрдө жашай баштаканын, ысык суу бетине чыккан жерлерге казылган чуңкурларда жуунуп, натыйжасында бейтаптар айыгышкандыгы тууралуу берилет [5.13]. Хазрет-Аюб сууларынын атагы жылдан жылга өсүп, бүткүл Орто Азиядан, Афганистандан, Жакынкы Чыгыштан, Кытайдан жана алыскы Индиядан келген бейтаптарды өзүнө тартып турган. Жер бетине ысык суунун чыгышынын себебин, анын химиялык курамын жана дарылык касиетин билишпей, бардыгын теңирлик күч менен байланыштырышкан. Кереметтүү булактарга болгон сокур ишеним дин кызматкерлерин байыткан.

Жалал-Абаддагы минералдык булактардын суулары 1877-жылы Борбордук Россиядан келген геолог И.В.Мушкетовдун изилдөөлөрүнөн кийин гана белгилүү болгон. Булактардын сүрөттөлүшү жана алардын курамы жөнүндө маалыматтар 1879-жылы басылып чыккан. Ошол эле жылы аларга участкалык дарыгер Мездриков келип, суунун касиетин текшерип, үлгүсүн Ташкенттин химиялык лабораториясына жөнөтөт. Химик Тейх суу боюнча изилдөөлөрдү да жүргүзгөн. Врач И.Бунин 1883-жылы аскердик-медициналык журналга «Жалал-Абад суулары жөнүндө» деген кат менен кайрылып, анда ысык булактардын территориясында атайын аскер кызматчыларын дарылоочу госпиталы бар санаториялык-климаттык станция ачуу жөнүндө маселени козгогон.

1885-жылы аскер кафедрасынын буйругу менен 25 орундуу санаториялык-курорттук станция оорукана, мончо, казармасы менен ачылган. Ал эми 1886-жылы аскердик ведомство тарабынан каржыланган атайын экспедиция уюштурулуп, ага химик Верблонер менен эки дарыгер катышып, алар өз изилдөөлөрү менен химик Тейхтин маалыматтарын тастыкташкан. Ошол эле жылы Ташкенттеги табият таануучулардын жана дарыгерлердин коому Жалал-Абаддын суусун дары деп тааныган. Ушул мезгилден баштап аскер

кафедрасы (военное ведомство) Хазрет-Аюб ысык булак аймагынын тазалык абалын жакшыртуу боюнча чараларды көргөн. Муну губернатордун жардамчы-кеңешчиси генерал-майор, Павликовскийдин 28-январь, 1887-жылы Фергана областынын контролдоо Экономикалык бөлүмүнүн Андижан уездинин начальнигине берген отчетунун архивдик нускасы тастыктайт [11].

Фергана обл.администрациясынын демилгеси менен анын кызматкерлери үчүн 40 орундуу 4 үй, ал эми 1900-жылы аскер кафедрасы тарабынан «Кыз-Булак» деп аталган 10 кабинадан турган ванна курулган. Ал эми шаардын түштүк-чыгыш четинде Аюб-Булак, Ак Булак, Янги Булак, Шор Булак деген даары булактар болгон. Жер бетине күкүрттүү суутек, йод, бром менен каныккан 7 булак чыгат. Курулган медициналык имараттардын баары Жалал-Абад шаарынын аймагындагы биринчи медициналык-санитардык мекемелер болуп, июлдан-сентябрга чейин иштеген.

1912-жылы Мырзакул болуштун жеке демилгеси менен жергиликтүү тургундардан чогулган каражатка ашар жолунда чыгыш стилиндеги Аюб-Булакта эркектер жана аялдар үчүн эки башка бассейн жана анын жанында эс алуучу жайга келген зыяратчылар үчүн 2 имарат курулган. Аюб-Булак ваннасын куруу долбоорунун түзүүчүлөрү жана аткаруучулары Анжиян шаарынан келген бир тууган усталар Усман Ашуров жана Яхье Ашуровдор болгон. Алар темир жол станциясын курууга жана 1917-1920-жылдарда Усман Ашуров шаарда Совет бийлигин орнотууга активдүү катышып, комсомол уюмун түзүүнүн демилгечилеринин бири болгон.

1914-жылы Жалал-Абадда качкындар жана отурукташкандар үчүн бөлүнгөн каражатка оорукана курулган. 1915-жылы 8 бөлмөдөн турган 6 керебеттүү амбулаториясы бар оорукана ачылып, амбулаториялык кабыл алуулар жүргүзүлгөн. Жалгыз дарыгер Владимир Федоров менен акушер Зуева жакын жайгашкан орус айылдарынын тургундарына медициналык жардам көрсөтүшкөн. Ооруканада жергиликтүү калк (кыргыздар, өзбектер ж.б.) дарыланышкан эмес, анткени мусулмандар «*Кудайдын буйругу менен дарыланбоо» күнөө деп эсептешкен*. Медициналык кызматкерлердин, дары-дармектердин, таңуу материалдарынын жетишсиздигинен оорукана тартипсиз иштеген. Дарыгер жолдо жүргөндө амбулатория жабылып, стационардык бейтаптар кароосуз калган. Бул жөнүндө Фергана областтык врачына участкалык дарыгер В.Федоровдун рапорту күбө (ЦГА Узб. ССР ф. И-19, № описи 1, ед. хр. 33095. 17 декабря 1915 г.).


17/ XII-1915 г.

РАПОРТ

от 17/XII-1915 г.

Исх. № 180

Доношу, что в Джалал-Абадском сельско-врачебном участке санитарный надзор за беженцами, живущими в сельских поселениях, веду я, выезжая в поселки. Кроме того в селении Джергеталь имеется переселенческий фельдшерский пункт с постоянной амбулаторией. Больные доставляются в Джалал-Абадскую участковую лечебницу, оборудованную на беженские средства.

В Базар-Курганском сельско-врачебном участке, находящемся в моем ведении, беженцы живут в одном селении Никольском, где постоянно находится нанятый на беженские средства фельдшер. Больные направляются в Базар-Курганскую участковую (больницу) лечебницу.

Эпидемических заболеваний в обоих вверенных мне участках нет.

*Джалал-Абадский участковый врач*
ФЕДОРОВ

ЦГА Узб. ССР ф. И-19, № описи 1, ед. хр. 33095.

Переписка по Джалал-Абадскому участку
исх. № 182
17 декабря 1915 г.
Ферганскому областному врачу

РАПОРТ

Доношу, что сего числа Джалал-Абадская участковая фельдшер-акушерка Зуева, будучи совершенно здоровой,

2—1568 17


подала рапорт о болезни, отказывается от работы и уезжает самовольно из Джалал-Абада. В виду того, что мне, имеющему в своем участке беженцев, приходится отлучаться из Джалал-Абада, я вынужден во время разъездов закрывать амбулаторию и оставлять стационарных больных без присмотра.

Прошу Ваших распоряжений.

*Джалал-Абадский участковый врач*
ФЕДОРОВ

ЦГА Узб. ССР ф. И-19, № описи 1, ед. хр. 33095

Финансовые трудности и отсутствие медицинских кадров усложнялось еще и тем, что лечебными заведениями на горе Хазрет-Аюб часто распоряжалось военное ведомство для лечения военнослужащих, что видно из письма военному Губернатору от 15/VIII-1916 г. № 2066.

«На Джалал-Абадских горячих источниках, кроме санитарно-гигиенической станции Военного ведомства, было 40 комнат в бараках, отдаваемых в наем частным больным. Деньги, получаемые за эти комнаты, идут на наем прислуги, содержание в чистоте курортного района и на его освещение. В виду этого бесплатно могут быть предоставлены георгиевским кавалерам только десять комнат, из которых каждая вмещает двух больных. Кроме этих комнат, десяти ванн и общего бассейна, Ферганская областная администрация ничем более не располагает, а потому ничего другого не может предоставить георгиевским кавалерам. Но если этого окажется недостаточным, то следует войти в сношение с Ферганским отделом общества Красного Креста, который возможно, что окажется в состоянии взять на себя обеспечение георгиевских кавалеров, нуждающихся в лечении на Джалал-Абадской станции, и в других отношениях и Джалал-Абаде лечебный сезон продолжается с 1 июня до 1 сентября. Поэтому использовать этот курорт для лечения георгиевских кавалеров возможно только в будущем году.

Областной врач
Старший советник:
*Шеманский.*

ЦГА Узб. ССР ф—19 № описи 1, дело 33086.

Минеральные источники курорта Джалал-Абада до Великой Октябрьской социалистической революции были в руках духовенства, шейхов, которые превращали их в коммерческое предприятие. Никакого государственного надзора за источниками не было. Поэтому мусульманское духовенство на средства местных богачей на территории курорта построили мечеть и гробницу Хазрет-Аюба Пайгамбара, назвав ее Махпарой и объявив, что тут похоронен прах святого Хазрет-Аюба Пайгамбара. На площадке вокруг Махпары они установили различные высеченные каменные плиты, с изображением впадин-следов от коленных и локтевых изгибов, указывающих якобы, что тут молился сам Хазрет-Аюб Пайгамбар.

Паломники, посещавшие мечеть, бросали в нее монеты-деньги во имя Аллаха для освобождения себя от грехов и болезней. Там же был установлен большой камень, по форме похожий на национальную люльку — бешик. В основном сюда приходили бездетные женщины, которые покрывали «бешик» богатыми покрывалами, приносили пожертвования деньгами, целовали, обнимали камень, чтобы у них на свет появился ребенок и было счастье. Все, что шло для пожертвования, попадало в карман духовенства и шейхов.

Я помню, что мечеть и святыня Махпара существовали почти до 1929—1930 гг. Помню, как исполнялись паломниками религиозные обряды ради избавления себя от грехов и болезней. В стенах Махпары были выставлены различные предметы (палки, одежда), якобы оставленные на память в

19

Жогорудагы архивдик материалдарда Жалал-Абадда дарыгерлердин айылдык участогунда калктуу конуштарда жашаган качкындарга санитардык көзөмөл жүргүзүлгөндүгү, мындан тышкары Жергетал айылында туруктуу амбулаториясы бар

көчүрүү медициналык пункту иштейт. Оорулуулар Жалал-Абад райондук ооруканасына жеткирилип, качкындардын каражаттары менен жабдылган. Менин карамагымда (Федоров) болгон Базар-Коргон айылдык медициналык округунда ошол эле Никольское айылында качкындар жашашат, алардын акчасына жалданган фельдшер тынымсыз иштейт. Бейтаптар Базар-Коргон райондук (оорукана) клиникасына жөнөтүлөт. Мага ишенип берилген эки тармакта тең эпидемиялык оорулар жок [12].

Бүгүнкү күндө Жалал-Абад райондук фельдшер-акушерка Зуева ден соолугу чың болуп, ооруп жаткандыгы тууралуу арыз жазып, иштөөдөн баш тартып, уруксатсыз Жалал-Абад шаарынан чыгып кеткендигин билдирем. Өзүмдүн районумда качкындар бар мен Жалал-Абаддан кетүүгө аргасыз болгондугума байланыштуу, жол жүрүү учурунда амбулаторияны жаап, стационардык бейтаптарды кароосуз калтырууга аргасыз болуп жатам [13]. Мында ошол мезгилдеги оорукананын шарты тууралуу айтылгандыгына күбө болдук.


подала рапорт о болезни, отказывается от работы и уезжает самовольно из Джалал-Абада. В виду того, что мне, имеющему в своем участке беженцев, приходится отлучаться из Джалал-Абада, я вынужден во время разъездов закрывать амбулаторию и оставлять стационарных больных без присмотра.

Прошу Ваших распоряжений.

*Джалал-Абадский участковый врач*
*ФЕДОРОВ*

ЦГА Узб. ССР ф. И-19, № описи 1, ед. хр. 33095

Финансовые трудности и отсутствие медицинских кадров усложнялось еще и тем, что лечебными заведениями на курорте Хазрет-Аюб часто распоряжалось военное ведомство для лечения военнослужащих, что видно из письма военному Губернатору от 15/VIII-1916 г. № 2066.

«На Джалал-Абадских горячих источниках, кроме санитарно-гигиенической станции Военного ведомства, было 40 комнат в бараках, отдаваемых в наем частным больным. Деньги, получаемые за эти комнаты, идут на наем прислуги, содержание в чистоте курортного района и на его освещение. В виду этого бесплатно могут быть предоставлены георгиевским кавалерам только десять комнат, из которых каждая вмещает двух больных. Кроме этих комнат, десяти ванн и общего бассейна, Ферганская областная администрация ничем более не располагает, а потому ничего другого не может предоставить георгиевским кавалерам. Но если этого окажется недостаточным, то следует войти в сношение с Ферганским отделом общества Красного Креста, который возможно, что окажется в состоянии взять на себя обеспечение георгиевских кавалеров, нуждающихся в лечении на Джалал-Абадской станции, и в других отношениях в Джалал-Абаде: лечебный сезон продолжается с 1 июня до 1 сентября. Поэтому использовать этот курорт для лечения георгиевских кавалеров возможно только в будущем году.

Областной врач
Старший советник:
*Шеменский.*

ЦГА Узб. ССР ф—19 № описи 1, дело 33086.

Минеральные источники курорта Джалал-Абада до Великой Октябрьской социалистической революции были в руках духовенства, шейхов, которые превращали их в коммерческое предприятие. Никакого государственного надзора за источниками не было. Поэтому мусульманское духовенство на средства местных богачей на территории курорта построили мечеть и гробницу Хазрет-Аюба Пайгамбара, назвав ее Махпарой и объявив, что тут похоронен прах самого Хазрет-Аюба Пайгамбара. На площадке вокруг Махпары они установили различные высеченные каменные плиты, с изображением впадин следов от коленных и локтевых изгибов, указывающих, якобы, что тут молился сам Хазрет-Аюб Пайгамбар.

Паломники, посещавшие мечеть, бросали в нее монеты, деньги во имя Аллаха для освобождения себя от грехов и болезней. Там же был установлен большой камень, по форме похожий на национальную люльку — бешик. В основном сюда приходили бездетные женщины, которые покрывали «бешик» богатыми покрывалами, приносили пожертвования деньгами, целовали, обнимали камень, чтобы у них на свет появился ребенок и было счастье. Все, что шло для пожертвования, попадало в карман духовенства и шейхов.

Я помню, что мечеть и святыня Махпара существовали почти до 1929—1930 гг. Помню, как исполнялись паломниками религиозные обряды ради избавления себя от грехов и болезней. В стенах Махпары были выставлены различные предметы (палки, одежда), якобы оставленные на память в

Хазрет-Аюб тоосундагы медициналык мекемелерди көбүнчө аскер кызматчыларын дарылоочу аскер кафедрасы башкарып турганы каржылык кыйынчылыктарды жана медициналык кадрлардын жетишсиздигин ого бетер татаалдантканын Аскер губернаторуна 1916-жылы 15-июлда (15/VIII-1916 № 2066) катында төмөдөгүчө берилет.

Мында областтык врач улук-кеңешчи Шеменский «Жалал-Абаддагы ысык булактарда Аскердик башкармалыктын санитардык-гигиеналык станциясынан тышкары жеке бейтаптарга ижарага берилген казармалардын 40 бөлмөсү болгон. Бөлмөлөр үчүн түшкөн акча кызматкерлерди жалдоо, курорттук аймакты таза кармоо жана жарыктандырууга жумшалат. Ушуну эске алып, Георгий рыцарларына он гана бөлмө бекер берилиши мүмкүн, алардын ар бири экиден бейтапты батыра алат. Бөлмөлөрдөн, он мончодон жана жалпы бассейнден башка Фергана облустук администрациясында башка эч нерсе жок, ошондуктан Георгий кавалерлерине эч нерсе бере албайт. Бирок бул жетишсиз болуп чыкса, анда Кызыл Крест коомунун Фергана бөлүмү менен байланышып, Жалал-Абаддагы дарыланууга муктаж Георгий кавалерлерин камсыздоону өзүнө ала алат" – деп билдирген [14].



Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин Жалал-Абад курортунун минералдык булактары дин жана шейхтердин колунда болуп, аларды соода ишканасына айландырышкан. Булактарга мамлекеттик көзөмөл болгон эмес. Ошондуктан мусулман диниятчылары жергиликтүү байлардын эсебинен курорттун аймагына мечит жана Хазрет Аюб Пайгамбардын күмбөзүн куруп, аны Махпара деп атап, Хазрет Аюб Пайгамбардын өзүнүн күлү ушул жерге коюлган деп жарыялашкан. Махпаранын тегерегине алар тизенин жана чыканактын ийилген жерлериндеги

издердин ойдуңдарын чагылдырган ар кандай оюм-чийим таш плиталарды орнотуп, бул жерде Пайгамбардын өзү намаз окуганын көрсөтүшкөн.

Мечитке зыяратчылар күнөөлөрдөн жана оорулардан кутулуу үчүн тыйын жана акча ыргытышкан. Көбүнчө балалуу болом деген ишенимде "бешикке" баалуу кездеме жаап, акча алып келип, өпкүлөшүп, ташты кучактап сыйынышкан. Кайрымдуулукка кеткен нерселердин баары дин кызматкерлери менен шейхтердин чөнтөгүнө түшкөн.

Гайббаев өзүнүн эскерүүлөрүндө "Эсимде, Махпара мечити жана храмы дээрлик 1929-1930-жылдары болгон. Диний ырым-жырымдарды зыяратчылар күнөөлөрдөн, оорулардан арылуу үчүн жасаганы эсимде. Махпаранын дубалдарына ар кандай буюмдар (таяктар, кийимдер) коюлган, алар бул жерге келген бейтаптардын сакайып кетишинин урматына сувенир катары калтырылган имиш" деп айтылат. 1930-жылы мечит бузулуп, ал жерге гүлдөр отургузулган. 1946-жылы өздөрүн шейх деп эсептеген курорттун айрым жергиликтүү тургундары, башкача айтканда, жок олуя Хазрет-Аюб Пайгамбардын мураскерлери курорттун жанына мечит куруу үчүн акча чогултууга аракет кылышкан. Шейхтердин каалоосун Ташкенттен келген руханий борбор четке каккан, анткени Хазрет-Аюбду ыйык жер деп эсептөөгө эч кандай негиз жок болчу [5.19-20].

**Корутунду.** Демек, бул чакан жана жупуну көрүнгөн эмгекте Жалал-Абад курортунун Улуу Октябрь Социалисттик революциясына чейинки өнүгүү тарыхы архивдик материалдардын жана курортту курууга катышкан усталардын өз оозунан жаздырылып алынган материалдардын негизинде берилди. Ошондой эле кыргыз элдик медицинасынын дагы эл арасындагы орду бир канча жылдарга чейин сакталгандыгы тууралуу дагы айтылды.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Атаханов К., Пассевен Б.Е. Развитие здравоохранения в городе Кок-Янгаке. - Советское здравоохранение Киргизии, 1958.
2. Айдаралиев А.А. Основные этапы развития здравоохранения Киргизии. – Фрунзе:Киргосиздат, 1958. - 98 с; Айдаралиев А.А. Развитие здравоохранения в Советском Киргизстане. – Фрунзе:Кыргызстае, 1970. – 192 с.
3. Альфимов А. В. Здравоохранение Киргизской ССР за 25 лет.- Фрунзе:Киргосиздат. 1951. С. 5.
4. Бауэр Г.Р. К истории развития зравоохранения юга Киргизии. - Советское здравоохранение Киргизии. 1968, С. 36-39.
5. Гайббаев К. Исцеляя недуги. – Ф.:Кыргызстан, 1986.
6. История города Жалал-Абада. https://www.jalal-abad.gov.kg/ru/history/.
7. Нишанов К.Н. Исторический очерк о развитии стоматологической помощи Киргизии. - Фрунзе: Кыргызстан, 1964. - 69 с.
8. Петросьянц В.А. Развитие здравоохранения в СССР и Киргизской ССР. Орг. борьбы с туберкулезом в Киргизской ССР - Ф.1968.; Петросьянц В.А. Здравоохранение Киргизии к юбилейному году. - Советское здравоохранение Киргизии, 1972. С. 12-37.
9. Рафибеков С.Д., Нишанов К.Н., Козлов. А. К вопросу о состоянии здравоохравения Киргизии в 1960-68 гг. - Советскос здравоохранение Киргизии, 1970. С. 50-54.
10. Трунов В. История города Жалал-Абада. – Жалал-Абад, 1999. 191 с.
11. ЦГА, Узб. ССР, ф. 19, № описи 1, № дела 23848.
12. ЦГА Узб. ССР ф. И-19, № описи 1, ед. хр. 33095. 17 декабря 1915 г
13. ЦГА Узб. ССР ф.И-19, № опись 1, ед. хр. 33095. Переписка по Джалал-Абадскому участку 17 декабря 1915 г. исх. №. 182.
14. ЦГА Узб. ССР ф—19 № описи 1, дело 33086. 19 бет.


* * *

***Ахмедов Орунбай Козубаевич***

# ЧАПКЫЛДЫК УРУУСУ

***Ахмедов Орунбай Козубаевич***

# ПЛЕМЯ ЧАПКЫЛДЫК

***Akhmedov Orunbay Kozubaevich***

# CHAPKYLDYK TRIBE

***УДК. 902/904***

***Аннотация.*** *Кыргыз элинин этникалык тарыхы боюнча көптөгөн изилдөөлөргө жана жарык көргөн эмгектерге карабастан тарыхыбыз толук изилденип чыга электиги бардыгыбызга маалым. Айрыкча кыргыз урууларынын жаралышы, калыптанышы жана эволюциясы изилдөөлөргө муктаж. Бул багытта санжыралык материалдар изилдөөчүлөр үчүн кандайдыр бир деңгээлде жардам берет десек жаңылбайбыз. Санжырадагы уруунун генеалогиялык схемасы жана структурасы баалуу маалыматтардын бири катары саналат. Бирок, изилдөөчүлөр санжырадагы маалыматтардын хронологиясын түзүүдө бир топ кыйынчылыктарга дуушар болушат. Санжыранын жанрдык өзгөчөлүгүнө ылайык кээ бир окуялар тарыхый чындыктан алыстап кеткен учурлары да болот. Ар бир улуттун тарыхы анын курамындагы этникалык топтордун, уруу-уруктардын тарыхынан турат. Ошондуктан улутту түзгөн ар бир уруу-уруктун тарыхы ошол элдин тарыхында камтылбаса, анда улуттун тарыхы толук болбой калары анык. Ушул себептен улам кыргыз тарыхында ар бир уруу-уруктардын орду өзгөчө экендигин белгилеп кетким келет. Дал ушул маселе биздин илимий макалада тарыхый жактан анализденет.*

***Негизги сөздөр.*** *Чапкылдык уруусу, генеалогия, Эртабылды Сулайманов, кыргыз эли, чапколду, Лейлек жергеси, кырк уруу.*

***Аннотация.*** *Существующий корпус научных работ по этнической истории кыргызского народа, несмотря на его масштабность, не предоставляет исчерпывающих ответов на все вопросы, связанные с формированием и эволюцией кыргызской этнической общности. В частности, необходимы исследования происхождения, формирования и эволюции кыргызских племен. Генеалогические материалы представляют собой ценный источник данных, позволяющий исследователям углубить понимание этнической истории кыргызского народа. Генеалогическая схема и структура племени в генеалогии являются одной из ценных данных. Однако исследователи сталкиваются с некоторыми трудностями при составлении хронологии генеалогических данных. Генеалогические повествования, особенно в устной традиции, не всегда строго соответствуют исторической действительности, что объясняется влиянием мифологических представлений и стремлением к идеализации предков. Этническая история народа представляет собой совокупность историй составляющих его этнических групп и племен. Логично предположить, что комплексное исследование истории нации невозможно без детального изучения истории составляющих ее этнических групп. В связи с вышеизложенным, следует подчеркнуть значительный вклад каждого рода в формирование исторического и культурного наследия кыргызского народа. Именно этот вопрос исторически анализируется в нашей научной статье.*

***Ключевые слова:*** *Род Чапкылдык, генеалогия, Эртабылды Сулайманов, кыргызский народ, левое крыло, регион Лейлек, сорок племён (кырк уруу).*

***Abstract.*** *The existing corpus of scientific works on the ethnic history of the Kyrgyz people, despite its scale, does not provide exhaustive answers to all questions related to the formation and evolution of the Kyrgyz ethnic community. In particular, studies of the origin, formation and evolution of Kyrgyz tribes are needed. Genealogical materials are a valuable source of data, allowing researchers to deepen their understanding of the ethnic history of the Kyrgyz people. Genealogical scheme and tribe structure in genealogy is one of the valuable data. However, researchers face some difficulties in compiling the chronology of genealogical data. Genealogical narratives, especially in oral tradition, do not always strictly correspond to historical reality, which is explained by the influence of mythological ideas and the desire to idealize ancestors. The ethnic history of a nation is a set of histories of its constituent ethnic groups and tribes. It is logical to assume that a comprehensive study of the history of a nation is impossible without a detailed study of the history of its constituent ethnic groups. In connection with the above, the significant contribution of each clan to the formation of the historical and cultural heritage of the Kyrgyz people should be emphasized. It is this issue that is historically analyzed in our scientific article.*

***Keywords:*** *Chapkyldyk family, genealogy, Ertabyldy Sulaimanov, Kyrgyz people, left wing, Leilek region, forty tribes.*

Мисалга кыргыз урууларынын бири болгон Чапкылдык уруусунун тарыхы жана санжырасын алсак болот. Студент кезибизде бизге алгач этнография боюнча сабак берген Эртабылды Сулайманов агайыбыз ар бирибиздин уруубузду сурап калды. Бардык студент курсташтарым өздөрүнүн урууларын атай баштады. Мен да чапкылдык уруусунан болом десем, айрым курсташтарым кыргызда андай уруу жок деп чыгышты. Ошондо Эртабылды Сулайманов мени чапкылдык деген уруу бар экендигин далилдеп чыкпайсыңбы деп, мага алгач курстук, кийин дипломдук ишимди чапкылдык уруусу боюнча жазууну сунуштаган болчу. Ошентип, мен Эртабылды Сулайманов агайымдын жетекчилиги астында чапкылдык уруусунун тарыхы, санжырасы жана географиялык жайгашуусу боюнча алгач курстук, андан кийин дипломдук иш жазганмын. 1990-жылы дипломдук ишимди жактап, артыкчылыгы бар дипломго ээ болдум. Дипломдук ишти жазууда усулдук жактан дасыккан адис, этнограф Эртабылды Сулайманов жардам берип, керектүү илимий эмгектерди жана тарыхый булактарды көрсөтүп, дайыма туура багыттама берип турганын белгилеп кетким келет.

Дипломдук ишти жазып жатып чапкылдык уруусунун өкүлдөрүнүн тилдик өзгөчөлүгү же говору, каада-салты, кийим-кечеси, ырдоо манералары, кол өнөрчүлүгү жана чарба иштерин жүргүзүүдө ичкилик кыргыздарынан эч айырмасы жок, окшош экендигине ынандым.

Чапкылдык уруусунун изилденбей калышынын себептери.

Кезинде Лейлек районунун аймагындагы уруулар жакшы изилденбей калган. Буга биринчиден, райондун борбордон алыстыгы себеп болсо, экинчиден Падышалык Россиянын жана Совет бийлигинин алгачкы жылдары (1917-1926) азыркы Лейлек районунун аймагында Чапкылдык, Бөксө-Сибирги жана Исфана волосттору Самарканд облусунун Ходжент уездине карап тургандыктан архивдик документтер Өзбекистандын архивдеринде калып калгандыгы себеп болгон.

Бардык кыргыз санжырачы жана тарыхчылары чапкылдыктар тууралуу үстөртөн гана маалымат беришкен. Падышалык Россиянын тушунда кыргыз уруу-уруктарын изилдеп, кагазга түшүргөн илимпоздор Ташкент, Кокон, Яззыван, Наманган ж.б. тараптагы чапкылдыктарга көңүл бурбай, Ходжент уездиндеги чапкылдыктар тууралуу гана жазышкан. Кыргыз уруу-уруктарын изилдеген адистер Совет доорунда деле Лейлек районунун аймагындагы чапкылдыктар менен гана чектелишкен. Ошол себептен чапкылдыктар кыргыз тарыхчылары тарабынан толук жана терең изилденбей калган. Санжыра иликтөөчүлөр, санжырачылар деле «уккан кулакта жазык жок» деген принцип менен, чапкылдыктарды бири найманга, кээ бири кесекке кошуп келишкен. Эгемен Кыргызстандын тушунда гана чапкылдыктар боюнча маалыматтар илимий оборотко алына башталды десек жаңылбайбыз [АТМ.1].

Чапкылдык – кыргыздын 40 уруусунун биринин аталышы. Ичкиликтер уруулук тобунун курамына кирет.

Чапкылдыктар: Жапар, Тайлакы, Салимбек, Имамшайык, Бакыбек, Каландар, Дидар, Калтатай, Асанали жана Карапорчо болуп, 10 уруктан турат.

Чапкылдык уруусунун курамына кирген уруктар жана алардын топтору:

1. Жапар: Чоттор, Алайчы, Калдар, Чиви, Шатырай.
2. Тайлакы: Тагайбек, Жаныбек, Алдарбек, Кошонбек, Белек.
3. Бакыбек: Сүюндүк, Мөндөкө, Куват, Түлкү, Кочкор, Шоорук, Баба.
4. Салимбек: Эрдене, Толубай, Ысмайыл, Арыкбай, Авалбек, Шайбек.
5. Дидар: Тентек, Темирбай, Айбаш, Шообаз.
6. Калтатай: Оштук, Ташкенттик, Кокондук.
7. Имамшайык: Кудайназар, Чалыш, Кошбай, Төөлөр, Кутмат.
8. Асанали: Сарыбашыл, Чоткара(кытай), Карынчы, Бөрүбек, Мурзабек, Чака, Кедей, Бешкалтак, Каракуш, Галасап.
9. Каландар: Акжол, Итемген, Торпок, Кенже.
10. Досмат (Карапорчо): Лепес, Курал, Казы.

Чапкылдыктардын жаралыш доорун санжыра айтып жүргөн уруу аксакалдары Манас баатырдын заманына алып барышат. Чапкылдык уруусунун негиздөөчүлөрүнүн бири катары саналган Ажыбай же Ажы бий Манас баатырдын чоролорунун бири болгондугу айтылат. Алгачкы жолу 1976-жылы июль айында Сулайман Кайыпов жетектеген Улуттук илимдер академиясынын илимий кызматкерлери Лейлек районуна караштуу Маргун айылынын тургуну Ормош Жакып уулунан Манас баатыр жана чапкылдыктан чыккан Ажы бий тууралуу маалыматты жазып алышкан. Ажы бийдин журту Сырдарыянын ортоңку агымынан орун алган «кожолордун шаары Кожокент» же Ходжент шаарынын чет жакасында жайгашкан Таш-Рабат, Арка өрөөндөрү тараптагы Кожобакырган-Сай дарыясынын жээгин бойлоп жайгашкан Бешкент, Эски-Оочу, Сүлүктү, Маргун, Даргаз, Дархун, Сегизтам, Аззаар, Овут, Акжар жана Сырдарыяга жакын турган Кулан-Баш, Казнак, Демай, Катма, Кайраккум, Көк Тонду, Катаган, Жийдели, Шөркөл айыл-кыштактарын өз кучагына камтыган чоң аймакты ээлеп тургандыгы айтылат.

Чапкылдык уруусунун аталышынын этимологиясы боюнча бир канча варианттар айтылып жүрөт. Биринчи вариантында чапкылдык “чапколдук” дегенди («чап» - сол, «кол» - кол же сол колдук) түшүндүргөн. Бул вариант чапкылдыктар Сырдарыянын сол жээгинде же “чап кол” тарабында жайгашкандыктан аларды башка элдер “чапколдуктар” деп атагандыктан улам келип чыккан. Экинчи вариантында чапкылдык деген сөздүн уңгусу “чапкы”, “чапты”, “чапкылы” дегенден келип чыккан деп айтылат. Үчүнчү варианты боюнча чапкылдык – “чаптык”, “чаап алдык” деген мааниде айтылып, согуштарга көп катышкан согушчан, жоокер эл дегенди туюндурат.

Кыргыздын 40 уруусунун бири болгон Чапкылдык уруусу тарыхта тагдырдын нечен-нечен сыноолорун башынан кечирип, жашоо үчүн күрөшүп, уюткулуу уруу катары калыптанып, даңктуу тарыхый узун жолду басып өткөн.

Кокон хандыгынын тушунда Кокон, Ходжент, Маргалан, Андижан, Наманган, Ташкент, Курама ж.б. бектиги же вилайеттердин аймагында жашаган чапкылдыктар тарабынан негизделген ондогон айыл-кыштактар болгондугу маалым. Ходжент тарапта: Бешкент, Эски-Оочу, Сүлүктү, Маргун, Даргаз, Дархун, Сегизтам, Аззаар, Овут, Акжар жана Сырдарыяга жакын турган Кулан-Баш, Казнак, Демай, Катма, Кайраккум, Көк Тонду, Катаган, Жийдели, Шөркөл айыл-кыштактары. Кокон тарапта: Калтатай, Казыкузат, Дарторкончу, Кудаяркан чек, Малахан чек, Окчу, Жаман-Жар ж.б. Маргалан тарапта:

Чапкылдык ж.б. Андижан тарапта Хаккулу-Абад ж.б. Наманган тарапта: Когой, Кайкы, Кызылтоо ж.б. Ташкент-Курама тарапта: Аксак-Ата, Нур-Ата, Алмазар, Арашан ж.б.

Миңдеген жылдар ата-бабаларыбыз мекендеп, ээлик кылып келген аймак Падышалык Россиянын тушунда 3 чоң бөлуккө ажырап, чапкылдыктар: кожонттук, ташкенттик жана ферганалык (кокондук, яззавандык) деп атала баштаган. Падышалык Россиянын тушунда чапкылдыктар административдик-аймактык жактан Туркестан генерал губернаторлугунун (Туркестан крайынын) Сырдарыя облусунун Ташкент (Курама), Самарканд облусунун Ходжент жана Фергана облусунун Кокон, Маргалан, Андижан, Наманган ж.б. уездеринде жайгашкан.

Туркестан генерал губернаторлугунун (Туркестан крайынын) Самарканд облусунун Ходжент уездине караган чапкылдыктар өзүнчө болуштук болуп, уруунун атынан Чапкылдык болуштугу деп аталат. Анткени, чапкылдыктардын өздөрүнө гана тиешелүү ээлик кылган аймагы-журту, жайлоо-кыштоолору, мазар, көрүстөндөрү жана алар негиздеген ондогон айыл-кыштактары болгон. Ходжент уездине караштуу Чапкылдык волосту курамында Эски-Оочу, Бешкент, Маргун жана Мадыген айылдык жамааттар болуп, 13 айыл-кыштактан турган. Чапкылдык волосту - Чапкылдыктардын ата конушу болгон Ташырабат талаасы, Кожобакырган-Сай, Арка өрөөнү жана Кулунду талаасынан турган чоң аймакты түзгөн. Бул аймак түштүк тарабынан Такта-Боз, Майдан тоолору, түндүк тарабынан Сыр-Дарыя менен чектелген. Чыгыш тарбынан Фергана облусунун Кокон уездине караштуу Махрам, Канибадам, Исфара, түштүк чыгыш жана түштүк тарабынан Фергана облусунун Кокон уездине караштуу Лейлек, батыш-түштүгүнөн Самарканд облусунун Ходжент уездине караштуу Исфана, Түштүк-чыгыш тараптан Фергана облусунун Кокон уездине караштуу Аваат (лейлек) болуштугу, чыгышта Кокон уездине караштуу Исфара болуштугу, түндүк-чыгыштан Кокон уездине караштуу Махрам болуштугу, түштүк-батыштан Ходжент уездине караштуу Исфана болуштугу, батышта Ходжент уездине караштуу Кистакөз, Унжу, Гулякандаз, Ноо жана Бөксө-Сибирги волосттору менен чектешкен. Түндүк тарабы чыгыштан батышты карай Махрам волостунунун чегинен Кистакөз волостунун чегине чейин Сыр-Дарыя менен чектелет. Чапкылдыктар тарабынан негизделген айрым айыл-кыштактар Чапкылдык волостуна чектеш волосттордун аймагында калып калган. Мисалы, Кокон уездине караштуу Махрам волостунда чапкылдыктын Асанали уругу тарабынан негизделген Каракчыкум, Канибадам волостунда Шор-Коргон жана Баатыр-Коргон, Исфара волостунда. Ошондой эле Ходжент уездинин Кистакөз волостуна караштуу Кистакөз кыштагынын чыгыш тарабында Дидар уругунун өкүлдөрү жашаган, ал эми батыш тарабында Бакыбек уругунун өкүлдөрү жашаган махалла(квартал) болгон [2].

Туркестан генерал губернаторлугунун (Туркестан крайынын) Фергана облусунун аймагындагы чапкылдыктар административдик жактан Кокон, Маргалан жана Андижан уезддеринин волостторуна карап калат. Кокон уездине караштуу Кудаш болуштугу менен Маргалан уездине караштуу Языван болуштугунда чапкылдыктар негиздеген бир канча айыл-кыштактар болгон. Мисалы, Кудаш волостунда: Казыкузат, Дарторкончу, Кудаяркан чек, Малахан чек, Окчу, Жаман-Жар ж.б. Ал турсун чапкылдыктар Кудаш болуштугунда жетекчилик кызматтарды ээлеп турушкан. Мисалы, Шооруk бийдин баласы Эргеш Кудаш

волостунда казы болуп иштеген. Андижан уездинин Нарын волостуна караштуу чапкылдыктар негиздеген кыштактар: Чек Кайкы, Когой, Кызыл-Тоо ж. б.

Туркестан генерал губернаторлугунун (Туркестан крайынын) Сырдарыя облусунун Ташкент(Курама) уездинин Искандер волостунун аймагында чапкылдыктар негиздеген Аксак-Ата, Нурек-Ата (Нурөкүм), Алмазар, Арашан ж.б. кыштактар болгон.

Учурда Чапкылдыктар жашаган аймактар

Чапкылдыктар илгертен Кыргызстандын Баткен облусунун Лейлек жана Баткен райондорунун аймагында, Тажикстандын Согду облусунун Исфара, Канибадам, Гафуров жана Жабар Расулов райондорунун аймагында, Өзбекистандын Ташкент облусуна караштуу Бөкө, Паркент, Газалкент, Бостанлык, Жогорку Чирчык райондорунун аймагында, Фергана облусунун Кокон, Маргалан шаарларынын айланасында, Яззаван, Учкоприк, Багдад жана Өзбекистан райондорунун, Наманган облусунун Учкоргон, Нарын жана Мингбулак райондорунун, Андижан облусунун Балыкчы районунун аймагында жайгашкан. Ошондой эле Бишкек шаары жана Чүй облусунун Карабалта шаары, Аламүдүн, Сокулук, Москва, Жайыл, Панфилов райондорунун аймагында жашап келишет. Кыргызстан аймагында чапкылдыктардын жалпы саны 60 миңдей. Тажикстанда мурда 20 миңдей болсо, азыр болгону 8-10 миңдей чапкылдык бар. Ал эми Өзбекистандагы чапкылдыктардын жалпы саны 100 миңден көп болот. Жыйынтыктап келгенде чапкылдыктардын жалпы саны 200 миңдей болот.

Чапкылдык уруусу уруусу боюнча маалыматтар.

Кыргыз уруу-уруктарын изилдеп, кагазга түшүргөн илимпоздор Ташкент, Кокон, Яззыван, Наманган ж.б. тараптагы чапкылдыктарга көңүл бурбай, Ходжент уездиндеги чапкылдыктар тууралуу гана жазышкан. Совет доорунда Лейлек районунун аймагындагы чапкылдыктар менен чектелишкен. Бардык кыргыз санжырачы жана тарыхчылары чапкылдыктар тууралуу үстөртөн гана маалымат беришкен. Ошол себептен чапкылдыктар кыргыз тарыхчылары тарабынан толук жана терең изилденбей калган. Санжыра иликтөөчүлөр, санжырачылар деле «уккан кулакта жазык жок» деген принцип менен, чапкылдыктарды бири найманга, кээ бири кесекке кошуп келишкен. Эгемен Кыргызстандын тушунда гана чапкылдыктар боюнча маалыматтар илимий оборотко алына башталды десек жаңылбайбыз.

Падышалык Россиянын тушунда жазылган маалыматтар:

Чапкылдыктар боюнча Падышалык Россиянын тушунда орус окумуштуулары, изилдөөчүлөрү жана чиновниктери тарабынан жазылган маалыматтар арбын учурайт. Айрыкча А.А. Кушакевичтин «Сведения о Ходжентском уезде» (1871) [5], А.П. Федченконун «Путешествие в Туркестан» (1875) [7], Н.С. Лыкошиндин «Чапкуллукская волость Ходжентского уезда» (1906) [6], В.Н. Зайцевдин «Памир - центр Туркестана» (1903) [3], И.И. Зарубиндин “Список народностей Туркестанского края” (1925) [4], “Население Самаркандской области. Его численность, этнографический состав и территориальное распределение” 1926, К.К. Палендин «Отчет по ревизии Туркестанского края, произведенной по высочайшему повелению сенатором гофмейстером графом К.К. Паленом» (1909-1911) эмгектеринде маалыматтар камтылган. А.А. Кушакевич «Сведения о Ходжентском уезде» (1871) деген эмгегинде азыркы Лейлек районунун аймагында кесек жана чапкылдык деген кыргыздын урууларынын өкүлдөрү жашайт. Чапкылдыктар: Жапар,

Тайлакы, Асанали ж.б. уруктардан турары тууралуу маалыматтарды жазган. Н.С. Лыкошиндин «Чапкуллукская волость Ходжентского уезда» (1906) деген эмгегинде кыргыздын чапкылдык деген уруусу азыркы турган аймакка бир мезгилдерде Алай тараптан келип, жайгашып калгандыгы жазылган.

Чапкылдыктар тууралуу Абдурахман аптабачыга байланыштуу: «1870-жылдын башында ал кыргыз бийлери менен байланышып, Кудаяр ханды алмаштырууну көздөгөн. Абдурахман аптабачы лейлектик кыргыздардын чапкылык уруусунун бийлерине көтөрүлүшкө чыгуу зарылдыгы жөнүндө суранып кат жазган. Натыйжада, лейлектиктер Кокон хандарынын Кожент шаарында жашап жаткан урпактарынын бири Садыкбектин уулу Абдыкеримбекти чакырышып, хан көтөрүшкөн. Көтөрүлүшчүлөргө каршы Кудаяр хан 7 пансаттын башчылыгында чоӊ кошуун жиберип, кыймылды аёосуз баскан. Кыргыздар тоого качып кетишкен. Ошол мезгилде Россиянын карамагында турган Кожентке кайткан Абдыкеримбекти орус бийликтери Кудаярдын өтүнүчү менен Кокон ордосуна туткун катары тапшырышкан» -деген маалыматтар Кыргызстандын жана Өзбекистандын Улуттук энциклопедияларында кездешет. (“Кыргызстан”. Улуттук энциклопедия: 1-том. Башкы ред. Асанов Ү.А., Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2006; Национальная Энциклопедия Узбекистана, "Абдурахмон офтобачи" стр. 43;). Бул маалыматтардан Кокон хандыгынын тушунда чапкылдык уруусу саясий күчкө ээ болгондугун жана ошол кездеги саясатчылар чапкылдыктар менен эсептешип турганы туурасында билсек болот.

Совет доорунда чапкылдыктар тууралуу жазгандар:

1) Сыдыков Абдыкерим «Краткий очерк истории развития киргизского народа» (1926); «Родовое деление киргизов» (1927).

2) Винников Я.Р. «Родо-племенной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии / Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции» (1956).

Абдыкерим Сыдыков А.А. Кушакевичтин «Сведения о Ходжентском уезде» (1871), А.П. Федченконун «Путешествие в Туркестан» (1875) Н.С. Лыкошиндин «Чапкуллукская волость Ходжентского уезда» (1906), В.Н. Зайцевдин «Памир - центр Туркестана» (1903), И. И. Зарубиндин “Список народностей Туркестанского края” (1925), “Население Самаркандской области. Его численность, этнографический состав и территориальное распределение” (1926), “Отчёт об этнологических работах в Средней Азии летом 1926 г.” (1927) деген эмгектери менен таанышпастан туруп, эӊ негизгиси Сыдыков чапкылдыктар жашаган аймакка барбай туруп, башкалардан чапкылдыктар тууралуу уккандарына таянып, чапкылдыктарды найман уруусунун бир уругу деп жазган. Я. Р. Винников чапкылдык уруусунун өкүлдөрүнө жолукпастан, Абдыкерим Сыдыковдун китептериндеги маалыматтарга жана уккандарына таянып, чапкылдыктарды найманга кошуп койгон. А.Сыдыков да Я.Винников да чапкылдыктардын тарыхы менен санжырасына, уруулук түзүлүш структурасына, курамына маани беришкен эмес.

Бул боюнча чапкылдыктын санжырачысы Акматали Ормошов 2010-жылдын 8-июнунда Бишкек шаарында өткөн Ичкиликтердин 1-Курултайында “биз найманга кирбейбиз, чапкылдык өзүнчө уруу” -деп, айтып чыгып, жыйынтыгында курултайдын делегаттары чапкылдык кыргыздын ичкиликтер тобуна кирген 40 уруунун бири деп чечим кабыл алышкан.

Эгемен Кыргызстандын тушунда жазылган маалыматтар:

Эгемен Кыргызстандын тушунда гана кыргыз окумуштуулары тарабынан чапкылдык уруусуна көңүл бурула баштады. Кыргыз окумуштууларынан белгилүү тарыхчы, этнограф, тарых илиминин доктору Олжобай Каратаев өзүнүн 2003-жылы жарык көргөн «Кыргыз этнонимдер сөздүгү» деген китебинде чапкылдыктар кыргыздын ичкиликтер тобуна кирген өзүнчө уруу деп жазат. Ушундай эле ойду атактуу географ окумуштуу, география илимдеринин доктору Курманали Матикеев да 2004-жылы басмадан чыккан «Кыргызстандын тарыхый географиясы» деген китебинде жазып, чапкылдыктардын бир бөлүгү Иран тарапка ооп кеткендигин билдирет.

2002-жылы пайдаланууга берилген Чолпон-Ата шаарындагы Ч.Айтматов атындагы «Рух-Ордо» маданий борборунда кыргыз элинин генеалогиялык дарагында чапкылдык уруусу ичкиликтер тобундагы уруулардын катарында турат.

Кыргыздын ичкиликтер тобуна кирген кыргыз урууларынын тарыхы менен санжырасын изилдеп, иликтеген белгилүү санжырачы Сабыт Саттаров «Лейлек тарыхы» (2004), «Абат тарыхы, санжырасы жана ичкилик кыргыздар» (2009) деген эмгектеринде чапкылдыктар ичкиликтер уруулук бирикмесине кирген кыргыздын 40 уруусунун бири деп баса белгилейт. Ушундай эле пикирди белгилүү санжыра иликтөөчү, ичкиликтер тарыхын изилдеген Камил Орозбаев «Ичкилик элинин тарыхы» (2020) деген китебинде жазып кеткен. Китепте автор чапкылдык кыргыздын 40 уруусунун бири экендигин далилдеп чыккан.

Мындан башка чапкылдык уруусунун өкүлдөрү тарабынан да жазылган китептерде макалаларда чапкылдык уруусу кыргыз тарыхында өз орду бар уруу экендигин тастыктаган ой-пикирлер айтылган. Айрыкча Акматали Ормошев жана Каримов Жоошбай менен бирге жазган «Маргун баяны» (1995), «Чапкылдыктар, Чапкынчылар санжырасы» (2009) эмгектеринде бул ойду баса белгилеп кеткен. Жолдошбай Малабаев, Кочкор Батыров, Орунбай Ахмедов, Жунус Анарбаев жана башкалар да чапкылдыктар кыргыздын өзүнчө уруусу экендигин белгилеп, жазышкан.

АКИ-пресске (АКИ-пресс маалымат агенттиги) Акматали Ормошевдин жана Орунбай Ахмедовдун чапкылдыктар тууралуу бир канча макалалары жарыяланды.

2010-жылдын 8-июнунда Бишкек шаарында алгачкы жолу ичкиликтер тобуна кирген уруулардын 1-Курултайы кыргыз улутун түзгөн 40 урууну өкүлдөрү, Оң жана Сол канаттын уруу башчылары, санжырачылар, тарыхчы окумуштуулар, коомдук жана мамлекеттик ишмерлердин катышуусунда өткөрүлгөн. Курултайда негизги баяндамачы тарых илимдеринин кандидаты, тарыхчы Бектемир Жумабаев ичкилик уруулары: абат, бостон, жоокесек, кандды, кыпчак, кыдырша, кесек, найман, нойгут, тейит, төөлөс, оргу, чапкылдык тууралуу маалымат берген. Курултайдын делегаттары чапкылдык уруусу ичкилик тобуна кирген кыргыздын 40 уруусунун бири деген чечим кабыл алышкан.

2023-жылы «Чапкылдык» коомдук бирикмеси КР Юстиция министрлигинен расмий каттоодон өтүп, күбөлүк жана мөөргө ээ болду. 2023-жылдын 17-октябрында Бишкек шаарында Чапкылдык уруусунун 4-Курултайы болуп өттү. Курултайда Чапкылдык уруусунун расмий санжырачысы Акматали Ормошов чапкылдыктар тууралуу баяндама жасады. Ошондой эле чапкылдык уруусунун кыскача тарыхы менен санжырасы жана

чапкылдыктын курамындагы ар-бир урук-топтордун генеалогиялык схемасы камтылган «Чапкылдыктар» китебинин бет ачаары болду.

«Чапкылдык» аталышы

1. Чапкылдык – кыргыздын 40 уруусунун биринин аталышы.
2. Чапкылдык (Чапкуллук) - Падышалык Россиянын Туркестан генерал губернаторлугунун (Туркестан крайынын) Самарканд облусунун Ходжент уездине караштуу административдик бирдик - волость.
3. Чапкылдык - Өзбекистандын Фергана облусунун Яззаван районуна караштуу кыштак. Почта индекси -150607.
4. Чапкылдык – КР Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Кең-Талаа(Маргун) айыл өкмөтүнүн аймагындагы Кереге-Таш (Даргаз) айылындагы байыркы мазар, көрүстөн.
5. Чапкылдык – КР Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Кең-Талаа(Маргун) айыл өкмөтүнүн аймагындагы Мурас(Маргун) айылындагы көчө.
6. Өзбекистандын Фергана облусунун Яззаван районуна караштуу Чапкылдык кыштагындагы көчө.
7. Чапкылдык – КР Юстиция министрлигинен расмий каттоодон өткөн коомдук бирикме.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Автордун талаа материалары: Сулайманов Э.Ж. Ош шаары, 1990.
2. https://ky.wikipedia.org/wiki/%
3. Зайцевдин В.Н. Памир - центр Туркестана. – М, 1903.
4. Зарубин И.И. Список народностей Туркестанского края. – М, 1925
5. Кушакевич А.А. Сведения о Ходжентском уезде. – М, 1871.
6. Лыкошин Н.С. Чапкуллукская волость Ходжентского уезда. – Л, 1906.
7. Федченко А.П. Путешествие в Туркестан. – М, 1875.


* * *

***Аюпов Тимур Маратович***

# КЫРГЫЗСКИЙ СЛЕД В БИОГРАФИИ ИЛИАСА АЛКИНА – АКТИВНОГО УЧАСТНИКА БАШКИРСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО ДВИЖЕНИЯ

***Аюпов Тимур Маратович***

БАШКЫРТ УЛУТТУК КЫЙМЫЛЫНЫН АКТИВДҮҮ КАТЫШУУЧУСУ ИЛИАС АЛКИНДИН БИОГРАФИЯСЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ИЗИ

***Ayupov Timur Maratovich***

**THE KYRGYZ TRACE IN THE BIOGRAPHY OF ILIAS ALKIN, AN ACTIVE PARTICIPANT IN THE BASHKIR NATIONAL MOVEMENT**

***УДК 94(470.57)***

***Аннотация**. Статья посвящена видному татарскому революционеру Илиасу Алкину, ставшему после 1917 г. активным деятелем национального движения, в том числе в соседней Башкирии. В ней рассматриваются основные этапы его жизни и деятельности, в частности, период становления как ученого-географа, крупного специалиста по экономике и картографированию Средней Азии. Особое внимание уделяется страницам его биографии, связанным с пребыванием в Киргизской ССР.*

*Предпринимается попытка сравнить судьбы попавших под молох тоталитарного режима И. Алкина и приходившегося ему родственником Юсупа Абдрахманова.*

***Ключевые слова.*** *Илиас Алкин, революция, Башкирия, национальное движение, Средняя Азия, экономическая география, репрессии.*

***Аннотация.*** *Макала 1917-жылдан кийин улуттук кыймылдын, анын ичинде коңшу Башкириянын активдүү ишмери болгон көрүнүктүү татар революционери Илиас Алкинге арналган. Эмгекте анын өмүрүнүн жана чыгармачылыгынын негизги этаптары, атап айтканда, географ, Орто Азиянын экономикасы жана картографиясы боюнча ири адис катары калыптанган мезгили каралат. Анын Кыргыз ССРинде болушуна байланыштуу биографиясынын барактарына өзгөчө көңүл бурулат. Тоталитардык режимден курман болгон И.Алкин менен анын тууганы Жүсүп Абдрахмановдун тагдырын салыштыруу аракети көрүлүүдө.*

***Негизги сөздөр****. Илиас Алкин, революция, Башкырстан, улуттук кыймыл, Орто Азия, экономикалык география, репрессия.*

***Abstract.*** *The article is devoted to the prominent Tatar revolutionary Ilias Alkin, who became an active figure in the national movement after 1917, including in neighboring Bashkiria. The paper examines the main stages of his life and work, in particular, the period of his formation as a geographer, a major specialist in economics and mapping of Central Asia. Special attention is paid to the pages of his biography related to his stay in the Kyrgyz SSR. An attempt is made to compare the fates of those who fell under the moloch of the totalitarian regime of I. Alkin and his relative Yusup Abdrakhmanov.*

***Key words.*** *Ilias Alkin, revolution, Bashkiria, national movement, Central Asia, economic geography, repression.*

Башкирское национальное движение, возникшее после Февральской революции 1917 г., являлось частью демократического движения народов России за право на самоопределение в составе федеративного государства. В социальном отношении оно было неоднородным: в числе его активных участников одновременно значились дворяне и крестьяне, монархисты и социалисты, муллы и атеисты. Направляющей силой движения стала зарождающаяся национальная интеллигенция. Широкой была и география участников движения. В нем были представлены все регионы Исторического Башкортостана, т.е. уезды и волости Оренбургской, Уфимской, Самарской и Пермской губерний с численно преобладавшим башкирским населением. Однако, в национальном движении за автономию Башкортостана, кроме самих башкир, принимали участие представители и других народов – татары, русские, узбеки, ногайцы и др. Так, в истории Башкирского национального движения и гражданской войны важное место занимает татарский национально-ориентированный революционер Илиас Алкин (1895–1937).

Башкирское национальное движение в научных работах советского периода рассматривалось исключительно с критических позиций, его характер определялся как «контрреволюционное» и «националистическое». Перелом в подходе к изучению истории движения произошел в конце 1980-х гг., только с началом политики «перестройки» и «гласности». Во многом это было связано с реабилитацией одного из его главных лидеров А.-З. Валидова (в эмиграции – Ахмед Зеки Велиди Тоган) – выдающегося общественно-политического деятеля и ученого-востоковеда. В стране началась публикация его трудов, в первую очередь «Воспоминаний», которые были переведены с турецкого на русский, башкирский и узбекский языки. Отдельные отрывки из этого сочинения впервые были переведены на кыргызский язык и опубликованы известным ошским педагогом-методистом Акрамом Валиевым в 2002 г. [1].

В это же время было много сделано и для возвращения доброго имени другим активным участникам Башкирского национального движения, в том числе Илиасу Алкину. Особая заслуга в этом принадлежит академику Академии наук Татарстана Индусу

Тагирову [2]. Большая работа по систематизации и публикации материалов, касающихся биографии И. Алкина, была проделана казанским профессором Булатом Султанбековым. В частности, в одной из его статей были обнародованы документы, которые могут помочь исследователям более полно представить башкирский период жизни и деятельности татарского революционера [3].

Илиас Саид-Гиреевич Алкин родился в д. Алкино, Мамадышского уезда, Казанской губернии, в дворянской семье. Его отец – Саид-Гирей, считавшийся первым дипломированным адвокатом из татар, в 1906 г. был избран депутатом I Государственной Думы от партии кадетов. Сам Илиас окончив Первое Казанское реальное училище, в 1914 г. поступил в Петербургский политехнический институт им. Петра Великого. В годы учебы в столице он участвовал в создании подпольного кружка студентов-мусульман «Татар учагы» (Татарский очаг), члены которого испытывали на себе влияние социал-демократических идей. В это же время укрепились личные контакты И. Алкина с политическими деятелями – **С.Максуди, Г.Исхаки, А.-З.Валидовым, А.Букейхановым** и другими, ставшими уже заметными фигурами в общественной жизни мусульман России. В 1915 он был мобилизован в армию, участвовал в первой мировой войне.

По окончании Константиновского артиллерийского училища в чине прапорщика в 1917 г. Алкин был направлен в г. Казань для продолжения службы во 2-й артиллерийской бригаде. Там возникло несколько мусульманских организаций. Солдаты избрали его сначала в бригадный комитет, а затем председателем гарнизонного Мусульманского совета. В мае 1917 г. он принимал участие в работе 1-го Всероссийского мусульманского съезда, по ходатайству которого в г. Казани было образовано Всероссийское мусульманское военное шуро (совет), куда были избрали также братья Ильяс и Джангир Алкины. Вместе со своими соратниками он начал издавать газеты «Безнен тавыш» (Наш голос) на татарском и «Известия Всероссийского мусульманского военного шуро» на русском языках. В 1917 г. также был выбран членом Всероссийского Учредительного собрания от Казанской губернии. После взятия Казани красными отступал вместе с частями чехословацкого корпуса до г. Екатеринбурга, где был выбран товарищем председателя Съезда членов Учредительного собрания. 20 ноября 1918 г. он был арестован по приказу А.В. Колчака и сослан в г. Уфу. Там часть членов Учредительного собрания решили прекратить борьбу с большевиками и начать сопротивление режиму Колчака. Созданная специальная комиссия во главе с Алкиным поехала в Башкирию для переговоров о совместных действиях против белых.

Став начальником штаба башкирских войск И. Алкин вместе с членами Башкирского правительства решил перейти на сторону советской власти. В феврале 1919 г. он был назначен наркомом труда и одновременно заместителем военного комиссара Башкирской республики, а также членом Башревкома [4.28]. В том же году вступил в ряды РКП(б). В 1919-1920 гг. И. Алкин занимал должность председателя Совета народного хозяйства Башкирии.

Не согласившись с ограничением прав Башкирской автономии А.-З. Валидов в июне 1920 г. прекратил сотрудничество с большевиками и уехал в Восточную Бухару, где стал одним из организаторов басмаческого движения. Следуя его установке о разрыве с советской властью, большинство членов Башревкома также в знак протеста ушли в

Этнографиялык маалыматтар элдин арасынан табылаары турулуу иш. Окумуштуунун демография маселесине кайрылуусу да ушундан улам болуш керек. Өз ишмердигинде профессор Э.Ж. Сулайманов демографиялык өңүттөгү төмөнкүдөй аталыштагы эмгектерди жаратты жана жарыялады: Миграционные процессы в Ошской области в первой половине 90-х годов печ. Сб.: Ренессанс или Регресс. Бишкек, 1996; О некоторых этногенетических и историко-культурных взаимосвязях кыргызов и узбеков. Сб.: Ренессанс или Регресс. Бишкек, 1996; Жизнь в махалле: Значение узбекских городских кварталовв Оше. Сб.: Все про Ош ..., Вып. 1. (Из материалов международной конфе ренции "Ош на пороге ХХ1 века: Из глубин истории в цивилизован ное будущее. Ош, 9 – 12 октября, 1997 г.). - Ош, 1998; Фергана и Ошский оазис: международные культурные и торговые связи; Город Ош на пороге ХХ1 века: урбанизация и семья; Өз мамлекетинде жана чет жерлерде жашаган өзбектер: этнодемографиялык жана этномаданий процесстер. Сб.: Проблемы образования, науки и куль-туры ХХ1 века. Труды Международной научной конференции, 21 сентября 2001 г., г. Ош, ОшГУ. Часть 1. Посвящается 50-летию ОшГУ. Вестник Ошского государственного университета. Серия гуманитарных наук, № 4, - Ош, 2001; Өзгөн району: учурдагы этнодемографиялык процесстер. Сб.: Проблемы обра-зования, науки и культуры ХХ1 века. Труды Международной научной конференции, 21 сентября 2001 г., г. Ош, ОшГУ. Часть 2. Посвящается 50-летию ОшГУ. Вестник Ошского госу-дарственного университета. Серия гуманитар-ных наук, № 4, - Ош, 2001; Эгемендүү Кыргызстан: учурдагы демографиялык процесстер. Печ. Университетское образование в современном обществе. Труды Международной научной конференции. 17-18 июня, 2002 г., г. Ош, ОшГУ. Посвя-щается 50-летию ОшГУ. Вестник Ошского государственного университета. Сер. Гуманитарных наук, № 5, - Ош, 2002; ОшГУ: перспективы и реалии. Молодежь за перспективное и элитное образование в XXI веке. Статьи студенческой научно-практической конферен-ции ОшГУ (посвященной 10-летию преобразования института в университет). Вестник ОшГУ. – Ош, 2002. Межэтническая толерантность и роль местной власти в этом процессе. Молодежь за перспективное и элитное образование в XXI веке. Статьи студенческой научно-практической конференции ОшГУ (посвященной 10-летию преобразования института в университет). Вестник ОшГУ. - Ош, 2002. Ош на Великом Щелковом пути. Диалог цивилизаций. Вып. 2. Развитие государственности в условиях взаимодействия кочевых обществ и оседлых оази-сов в зоне Великого Щелкового пути. (По материалам Международной конференции). - Бишкек, 2003; Түрдүү элдерде окшош салттардын чагылдырылышы (бешик той, кыркын чыгаруу, тушоо кесүү салттарынын мисалында); Кыргызстандын түштүгүндөгү Жалалабат областы: калктын өнүгүү динамикасы. Вестник ОшГУ. Сер. Гуманитарных наук, № 7 – Ош, 2003. Южные регионы Кыргызстана: семья и этнокультурные традиции. Диалог цивилизаций. Вып. 3. – Бишкек: Илим, 2003; Город Ош на пороге ХХ1 века: этнодемографические и этнокультурные процессы. Сб.: Этнические процессы и современность. Материалы докладов научно-практической конференции. –

Бишкек, КРСУ, 2003; Жалал-Абад областындагы миграциянын этникалык аспекттери. ЖАМУнун жарчысы. – Жалал-Абад, 2007; External Migration Problems of Kyrgyzstan Population in the Post-Soviet Period. Scientific Research Publishing; Advances in Applied Sociology, 11. 2021. Темаларынан көрүнүп тургандай окумуштуунун бул багыттагы изилдөөлөрүнүн практикалык мааниси зор жана саясий чечимдерди кабыл алууга негиз катары колдонууга болот.

Окумуштууну түйшөлткөн маселелердин дагы бири – окутуунун усулияты. Бул багытта басмадан чыгып, билим берүү чөйрөсүнө кеңири тараган төмөнкү эмгектерин көрсөтүүгө болот: Кыргыздардын ат жабдыктары – элдик маданияттын эстелиги (Методикалык рекомендация). - Фрунзе, 1988; Предметы конской сбруи киргизов – памятник народной культуры. (Методические рекомендации); - Фрунзе, 1988; Изучение актуальных проблем истории Киргизской ССР на заочном отделении исторического факультета ОшПИ Сб.: Повышение эффективности подготовки учителей истории без отрыва от производства. Всесоюзная научно-методич конф. Тезисы выступлений. - М.-Одесса, 1990; "Орто Азия жана Казакстан элдеринин этнографиясы" предмети боюнча тесттик сынак-суроолор. (Тест-вопросы по предмету "Этнография народов Средней Азии и Казахстана"). Ош, 1999. (Кыргыз, орус тилдеринде); "Этнографиянын негиздери" предмети боюнча тесттик сынак суроолор. (Тест-вопросы по предмету "Основы этнографии"). Ош, 1999. (Кыргыз, орус тилдеринде); "Демография" предмети боюнча тесттик сынак-суроолор. (Тест-вопросы по предмету "Демография". Ош, 2000. (Кыргыз, орус тилдеринде); Байыркы Греция жана Рим тарыхы (окуу-усулдук көрсөтмөлөр жана тессттик сынак суроолор); История Древней Греции и Рима (учебно-методические указания и тестовые вопросы). Ош, 2001. (Кыргыз, орус тилдеринде); Кыргызстан этнографиясы (Окуу-усулдук колдонмо жана тесттик сынак-суроолор). /Этнография Кыргызстана. (Учебно-методическое пособие и тест-вопросы). Жалал-Абад, 2009. (Кыргыз, орус тилдеринде). Этнология (Окуу-усулдук көрсөтмөлөр жана тесттик сынак-суроолор). Жалал-Абад, 2009. (Кыргыз, орус тилдеринде). Этнография (тарых адистигинде окуган студенттер үчүн окуулук). Жалал-Абад, 2010. Тарых адистигине киришүү (окуу-усулдук колдонмо жана тесттик сынак-суроолор). Введение в историческую специальность (учебно-методическое пособие и тест-вопросы).

Жалал-Абад, 2010. (Кыргыз, орус тилдеринде). Тарых адистиги: бүтүрүүчүлөр үчүн окуу-усулдук колдонмо. Жалал-Абад, 2012. Кыргызстан тарыхы: «Тарых» эмес адистиктер үчүн окуу-усулдук колдонмо, тесттик сынак-суроолор. История Кыргызстана: Учебно-методическое пособие и тест-вопросы для студентов не исторических специальностей. Жалал-Абад, 2013. (Кыргыз, орус тилдеринде). Орусия тарыхы: (Окуу-усулдук колдонмо, тесттик сынак-суроолор. 1-китеп. История России (Учебно-методическое пособие и тест-вопросы). 1-том. Жалал-Абад, 2013. (Кыргыз, орус тилдеринде). Орусия тарыхы: (Окуу-усулдук колдонмо, тесттик сынак-суроолор. 2-китеп. История России (Учебно-методическое пособие и тест-вопросы). 2-том. Жалал-Абад, 2013. (Кыргыз, орус тилдеринде). Ата Мекен тарыхы (Кыргызстан). («Тарых» эмес адистиктер үчүн окуу-усулдук колдонмо, тесттик сынак-суроолор). История Отечества (Кыргызстан) (Учебно-методическое пособие и тест-вопросы для студентов не исторических специальностей). Печ. Жалал-Абад, 2016. (Кыргыз, орус тилдеринде). Кыргызстан тарыхы: (Атайын орто

окуу жайлары жана орто мектептер үчүн окуу-усулдук колдонмо, тесттик сынак-суроолор). История Кыргызстана: (Учебно-методическое пособие и тест-вопросы для учащихся средних специальных учебных заведений и средних школ). Жалал-Абад, 2016. (Кыргыз, орус тилдеринде); История Отечества (Кыргызстан). (Учебно-методическое пособие и тест-вопросы для студентов не исторических специальностей). /The History of Homeland (Kyrgyzstan) (Academic-methodoloqical manual and test-questions for non-historical specialists). Жалал-Абад, 2017. (Орус, англис тилдеринде); Орусия тарыхы («Тарых» адистигинде окуган студенттер үчүн лекциялар курсу). - Бишкек: "Avrasya Press", 2021. Кыргызстан: история и география (Учебно-методическое пособие и тест вопросы для студентов высших учебных заведений). Kyrgyzstan: History & Geography (Study guide and test questions for students of higher educational institutions, students in all specialities). –Жалал-Абад, 2022. (Орус, англис тилдеринде). Кыргызстан: тарых, география (жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу-усулдук колдонмо жана тесттик сынак-суроолор). - Жалал-Абад, 2022. (кыргыз, орус тилдеринде). Аталыштарынан эле көрүнүп тургандай бул эмгектер жогорку мектептерде колдон-колго өтүп, такай колдонулуп келет. Мындан тыш, профессор Э.Ж. Сулайманов коомдук көйгөйлөрдү көңүл сыртынан кетирбей, удулуна карап үн кошкон публицистикалык макалалардын да автору. Алсак, 2000-жылдын күрдөөлдүү кезүндө Дүйнөлүк алкакта өткөрүлгөн "Ош-3000" маарекесинин өтүшүнө негиз болгон: Сулайман-Тоосундагы жаңы ачылган сүрөттөр. Наскальные изображения Тахт-и-Сулейман как источник по истории г. Ош Киргизистон халкларининг XIII ва XX аср бошларидаги маданияти. § 1. Кучманчи ахолининг урта асрлар охиридаги маданияти; Духовная культура народов Кыргызстана по наскальным рисункам горы Сулайман-Тоо; Петроглифы горы Сулайман-Тоо и огнепоклонничество населения древнего Оша; Древность и средневековье города Кызыл-Кия и его окрестностей; Новые исследования на Ошском поселении эпохи бронзы. Ошские древности по материалам истори-ческого музея ОшГУ; Раскопки городища Ооз-Дебе в 2000 г.; Мамлекет жана мамлекеттүүлүктүн теориялык маселелери; Түштүк Кыргызстандагы административдик-аймактык өзгөрүүлөрдүн тарыхы (1980-2002-жж.); Влияние трайбализма на развитие кыргызской государственности; Их именами названы улицы, площади…; Авторго учкай сөз; Жалал-Абад областындагы миграциянын этникалык аспекттери сыяктуу макалалары менен үн каткан.

Профессор Э.Ж. Сулайманов жаңы кылымдын башында Кыргыз Республикасынын Президентинин "Улуу Жибек Жолунун дипломатиясы" доктринасын ишке ашыруу максатында Координациялык кеңештин курамында Эксперттер кеңешинин мүчөсү болуу менен (2001-2010-жж.) бир катар Эл аралык симпозиумдарды, илимий конференцияларды уюштурган жана өткөрүүгө катышкан.

Бүгүн профессор Э.Ж.Сулаймановдун өзүнүн мектеби калыптанып, түрдүү багыттарда эмгектенишүүдө. Такшалган устаттын калеминен жана шакирттерине жасаган ишараттарынан дагы көптөгөн эмгектер жаралаарына ишенебиз.

## АДАБИЯТТАР ЖАНА ШИЛТЕМЕЛЕР:

1. Сулайманов Э. Традиционные приемы обработки металлов у киргизов: (К истории ремесла народов Средней Азии): Автореф. дисс... канд. ист. наук. – Москва: Институт проблем комплексного освоения недр (ИПКОН) АН СССР, 1983. – 25 б.

2. Кыргыз Совет Энцикдопедиясы. Фрунзе. Том I. 1976; Том IV. 1979; Том V. 1980; Том VI. 1980.

3. https://www.azattyk.org/a/etnograf_ertabyldy_sulajmanov-75-cashta_2024_chorotegin/33167841.html.

4. Сулайманов Э. Традиции обработки металлов у киргизов. – Фрунзе: Илим, 1982.

5. Сулайманов Э. Предметы конской сбруи киргизов – памятник народной культуры. – Фрунзе, 1988.

6. Сулайманов Э., Морган Лью. Жизнь в махалле: значение узбекских городских кварталов в Оше. Сб.: Все про Ош ..., Вып. 1. (Из материалов международной конфе ренции "Ош на пороге XX1 века: Из глубин истории в цивилизованное будущее. Ош, 9 - 12 октября, 1997 г.). - Ош, 1998, сс. 101-105.

7. Сулайманов Э., Малтаев К.Ж. Фергана и Ошский оазис: международные культурные и торговые связи. /Сб.: Новое о древнем и средневековом Кыргызстане. Вып. 2, - Бишкек: Мурас, 1999, сс. 92-98.

8. Сулайманов Э., Сулайманова Э.Э. Город Ош на пороге XX1 века: урбанизация и семья. /Сб. Все про Ош..., Вып. 2, - Ош, 1999, сс. 85-89.

9. Сулайманов Э. "Демография" предмети боюнча тесттик сынак-суроолор. Кыргыз, орус тилдеринде. Ош, 2000, 152 б.

10. Сулайманов Э., Ю.А.Заднепровский, В.И.Бушков, Т.А.Насиров Новые исследования на Ошском поселении эпохи бронзы. Сб.: Ош и Фергана: археология, новое время, культурогенез, этногенез. Сер.: "Ош-3000 и культурное наследие народов Кыргызстана". Вып. 4. - Бишкек, 2000. сс. 76-77.

11. Сулайманов Э.Ж., К.Ж.Малтаев, Т.А.Насиров. Ошские древности по материалам исторического музея ОшГУ. Сб.: Ош и древности Южного Кыргызстана. Сер.: "Ош-3000 и культурное наследие народов Кыргызстана". Вып. 5. - Бишкек, 2000. сс. 14-24. Сулайманов Э., К.Ж.Малтаев, И.Б.Молдобаев, Т.А.Насиров. Раскопки городища Ооз-Дебе в 2000 г. //Сб.: Ош и древности Южного Кыргызстана. Сер.: "Ош-3000 и культурное наследие народов Кыргызстана". Вып. 5. - Бишкек, 2000. сс. 33-49.

12. Дүйшеев Ж.А., Олжобаев Н.К. Инсантаануу багыты: тажрыйба жана келечек ОшМУ Жарчысы. www.oshsu.kg , elibrary.ru doi@elibrary.ru.

* * *

***Жакыпбеков Жаныбек, Толобаева Элида Анарбековна***

## КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛАСТЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮНҮН ТАРЫХНААМАДА ИЗИЛДЕНИШИ (XX КЫЛЫМДЫН 20-30-жж.)

***Жакыпбеков Жаныбек, Толобаева Элида Анарбековна***

## ИССЛЕДОВАНИЕ ИСТОРИОГРАФИИ ОБРАЗОВАНИЯ КАРА-КЫРГЫЗСКОЙ АВТОНОМНОЙ ОБЛАСТИ (20-30-е ГОДЫ XX ВЕКА)

***J. Jakypbekov, E.Tolobaeva***

## A STUDY OF THE HISTORIOGRAPHY OF THE FORMATION OF THE KARA-KYRGYZ AUTONOMOUS REGION (20-30s OF THE XX CENTURY)

***УДК. 94:903(575:2)(04)***

***Аннотация.*** *Кыргыздардын көчмөн мамлекети XVI-к. биринчи жарымынан бери XIX-к. ортосуна чейин, өзүнүн салттуулугун жоготпой кыргыз коомунда өкүм сүрүп келген. XX-к. башындагы Россиядагы Октябрь революциясы дүйнөдөгү мамлекеттердин коомдук өнүгүүсүнүн маңызын жана багытын өзгөрткөн. Кыргыздардын коомдук-саясий турмушун изилдөө советтик мезгилдерде эле окумуштуулардын көңүлүнүн борборунда болуп, изилдөөчүлөрдүн арасында бири-бирине карама-каршы келген гипотезалары*

*келип чыккан. Буга, ал кездеги изилдөөчүлөрдүн булактык материалдарынын аздыгы жана коомдогу социалдык-экономикалык маселелерди иликтөөнүн методологиялык принциптердин тарых илиминде толук өздөштүрүлбөгөндүгү себеп болгон. XX-к. 20-30-жылдарындагы Кара-кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшүнүн, анын кыйынчылыктарын жана натыйжаларын бүгүнкү күндө тарыхнаамада ар тараптан объективдүү изилдөө актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Макалада, Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшүнө объективдүү баа берүү менен историзм принцибине таянып, тиешелүү булактарды колдонуунун натыйжасында, советтик жана постсоветтик мезгилдердеги илимий эмгектерге анализ жүргүзүлдү. Изилдөөнүн максаты – Кара-Кыргыз автономиялуу областынын советтик жана постсоветтик тарыхнаамада изилденишине анализ жүргүзүү.*

***Негизги сөздөр.*** *Кара-кыргыз областы, автономиялуу область, кыргыз мамлекеттүүлүгү, кыргыз коому, , тарыхнаама, саясий бирикмелер, саясий күчтөр.*

***Аннотация.*** *Кочевое государство кыргызов с начала XVI в. до середины XIX в. не утратил своей традиционности. Октябрьская революция в России в начале XX в. изменила сущность и направление общественного развития государств мира. Изучение общественно-политической жизни кыргызов было в центре внимания ученых еще в советское время. При изучении данной проблемы среди советских исследователей возникало противоречивые гипотезы. Этому способствовало скудность исходных материалов исследователей того времени и неполное усвоение в исторической науке методологических принципов исследования социально-экономических проблем общества. Создание Кара-Кыргызской автономной области в 20-30-е годы XX., ее трудности и последствия сегодня являются одной из актуальных проблем в кыргызской историографии. В статье проанализированы на основе исторических источников научные труды советского и постсоветского периодов, основанные на принципе историзма с объективной оценкой образования Кара-Кыргызской автономной области. Цель исследования-анализ изучения Кара-Кыргызской автономной области в советской и постсоветской историографии.*

***Ключевые слова.*** *Кара-кыргызская область, автономная область, кыргызская государственность, кыргызское общество, историография, политические объединения, политические силы.*

***Annotation.*** *The nomadic Kyrgyz state from the beginning of the XVI century to the middle of the XIX century has not lost its tradition. The October Revolution in Russia at the beginning of the 20th century changed the essence and direction of the social development of the world's states.*

*The study of the socio-political life of the Kyrgyz was in the focus of attention of scientists back in Soviet times. When studying this problem, contradictory hypotheses arose among Soviet researchers. This was facilitated by the scarcity of source materials of researchers of that time and the incomplete assimilation in historical science of methodological principles for the study of socio-economic problems of society. The creation of the Kara-Kyrgyz Autonomous Region in the 20-30s of the 20th century, its difficulties and consequences today are one of the urgent problems in Kyrgyz historiography. The article analyzes, on the basis of historical sources, scientific works of the Soviet and post-Soviet periods based on the principle of historicism with an objective assessment of the formation of the Kara-Kyrgyz Autonomous Region. The purpose of the study is to analyze the study of the Kara-Kyrgyz Autonomous Region in Soviet and post-Soviet historiography.*

***Keywords.*** *Kara-Kyrgyz region, autonomous region, Kyrgyz statehood, Kyrgyz society, historiography, political associations, political forces.*

XIX-кылымдын экинчи жарымы XX-кылым – кыргыз элинин тарыхындагы Россия империясынын жана СССРдин курамындагы учур татаал жана түйүндүү мезгил.

XX-кылымдагы Россия империясындагы 1905-1907-жж. бурдуазиялык-демократиялык революция, 1914-1918-жж. биринчи дүйнөлүк согуш, 1916-ж. Орто-Азия элдеринин улуттук-боштондук көтөрүлүшү падышалык бийликтин жергиликтүү элдерге карата колониялык саясатынын натыйжасында келип чыккан.

1917-ж. Россиядагы Октябрь революциясы дүйнөдөгү мамлекеттердин коомдук өнүгүүсүнүн маңызын жана багытын өзгөрткөн маанилүү окуя болгон.

20-30-жылдардагы Совет бийлигинин Улуттук саясатынын түптөлүшү жана калыптанышы, 30-жылдардагы саясий репрессиялар, Улуу Ата мекендик согуш, андан

кийинки жылдар, СССРдин жоюлушу, 90-жылдардагы суверендүү мамлекеттердин жарыяланышы сыяктуу окуялардын XIX кылымдын аягы – XX кк. болуп өтүшү, бул доордун өнүгүшүнүн драмалуу болгондугун билдирет жана көп тармактуу изилдөөлөрдү талап кылган маселелер экендигинен кабар берет.

Бүгүнкү күндө жогорку саналып өткөн окуялардын ичинен: Совет бийлигинин XX-кылымдын 20-30-жылдарындагы социалдык-экономикалык, улуттук саясатынын ишке ашырылышынын тарыхы – приоритеттик багыттагы проблема болуп саналат. Бул маселени талдап изилдөөгө анын тарыхнаамасын: 1. Советтик мезгил; 2. Постсоветтик мезгил – деп эки этапка бөлүп изилдөө зарыл.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында тарых илиминде марксисттик-лениндик методологияны жактагандар Россия империясындагы өздөрүнө чейинки тарыхый аймактаануучу мекемелерди жана инфраструктураны жок кылбастан, ошолордун базасында андан ары өнүктүрүшкөн.

Большевиктердин өлкөсүндө коомдук илимдер боюнча биринчи илимий мекеме В.И.Лениндин көрсөтмөсү боюнча РСФСРдин Эл Комиссарлар Советинин (Совнарком) токтому менен 1920-жылы 21-сентябрда түзүлгөн.

Истпарт (Октябрь революциясынын жана Коммунисттик партиянын тарыхы боюнча материалдарды чогултуу жана изилдөө комиссиясы) жана Орто Азияда САКУ (Орто Азия коммунисттик университети) Түркиспарт сыяктуу илимий мекемелер 1921-жылы Ташкентте түзүлгөн. Бул илимий мекемелердин түзүлүшүнүн максаты Орто Азияда (анын ичинде Кыргызстанда) жашаган элдердин маданий, социалдык-экономикалык жана саясий тарыхын изилдөө болгон.

20-жылдарда советтик кыргыз тарыхнаамасы өзүнүн калыптануу процессинин алгачкы баскычында турган. Бул жылдарда Кыргызстанда жарыяланган тарыхый, социалдык-экономикалык багыттагы эмгектер социализмди куруунун практикалык зарылдыгы жөнүндөгү маселелерге арналган. Кыргызстанда социализмди куруу үчүн, Октябрь революциясына чейинки мезгилдеги кыргыздардын коомдук мамилелеринин эволюциясын изилдеп, аны таанып-билүү зарылдыгы келип чыккан.

Орто-Азия аймагы адабияттарда Түркстан деп аталган. Бул аймак түндүгүнөн: Урал, Тургай, Акмоло, Семипалатинский областтары менен, түштүгүнөн: Иран, Афганистан, чыгыш жагынан: Кытай, батыш жагынан Каспий деңизи менен чектешип турган. Түркстандын аянты 1.652.238 км2 жерди ээлеп, калкынын саны 6 млн го жеткен. [12.16.]

Түркстан крайынын курамына: Закаспий, Самарканд, Жети Суу, фергана жана Аму Дарыя бөлүгү менен кошулган Сыр-Дарыя облусттары кирген.

Түркстан падышалык Россиянын колониясы катары Россия империясынын генерал-губернаторствосу болуп турган. Падышалык Россия Орто Азияны өзүнө каратып алып, 1867-жылы Түркстан генерал-губернаторствосун түзгөн. Бул аймакты Россияга каратылганга чейин, өзбектер, казактар, кыргыздар, тажиктер, түркмөндөр жана каракалпактар ээлеп, жашап турушкан.

Кыргыз элинин этностук калыптануу процессин орто кылымдардагы түрк, монгол көчмөн урууларынан турган этностук компоненттер түзгөн.

XVI-кылымдын I жарымында болуп өткөн саясий этнодуалдык бөлүнүү процесси оозеки маалыматтарда «ичкилик-аркалык», ал эми санжыраларда «адигине-тагай» деп аталган этносаясий бирикменин келип чыгышын шарттаган.

Бул мезгилде, кыргыздардын оң канат уруулары сан жагынан көп болуп, калган уруулук бирикмелердин үстүнөн саясий үстөмдүккө ээ болушкан. Аймактык бөлүнүүдө оң канат ич ара экиге бөлүнүп, түндүгү тагай, ал жми түштүгүнө адыгине – муңгуш уруулук бирикмелери кирген. Тагай бутагына алардан тышкары сол канат уруулары кирсе, адыгине бутагына ичкилик уруулары баш ийген.

Бул маалыматтарды жыйынтыктап айтканда, изилдөөчү окумуштуу Р.Жолдошов белгилегендей: «кыргыздар Борбордук жана Теңир Тоону мекендеген мезгилде эле, алардын көчмөн коомуна негизделип уюшулган саясий системасы – көчмөн мамлекеттүүлүгү» [9, 501-б.]- калыптанып калган.

XVI-кылымдын биринчи жарымынан бери кыргыздардын көчмөн мамлекети XIX кылымдын ортосуна чейин, салттуулугун жоготпой кыргыз коомунда өкүм сүрүп келген. Кыргыздар көчмөн мамлекеттүүлүгүн XVII-XVIII кылымдарда ойрот-жунгар хандыктарына каршы согуштарда да жоготкон эмес. XVIII кылымдын ортосунан тартып көчмөн кыргыздарды Фергана өрөөнүндөгү Кокон хандыгы, аларга өздөрүнүн мамлекеттик системасын киргизүүгө аракет кылган. Бирок, XIX кылымдын ортосунда Ормон хан 1842-жылы кыргыздардын «көчмөн мамлекетин» кайрадан түзүүгө аракет кылган. Анын бул аракети Россия империясынын 1855-1876-жылдардагы Кыргызстанды каратып алуусунун натыйжасында ишке ашкан эмес. 1920-жылдардын башына чейин орус тилдүү булактарда кыргыздарды ар кандай айтып жана жазып келишкен. Мисалы, орус булактарында учураган «кара-кыргыздар», (черные киргизы) же «тоо ташты мекендеген кыргыздар (дикокаменные) [5.203.] деген түшүнүктөр кыргыздарды казак кыргыздардан (кыргыз-кайсактардан) айырмалоо үчүн, орус авторлору тарабынан берилген. Ал эми «кара» деген сөз кыргыздарда ак сөөк (башкаруучулар – Ж.Ж.) сословиясы тукумдары болбогондуктан, алардын башында уруулук-патриархалдык укукка таянган манаптар кара-кыргыздарды башкарышкан. Демек, орус тарыхнаамасында кезиккен «кара кыргыз» түшүнүгүнүн келип чыгышы кыргыздар менен казактардын социалдык түзүлүшүндөгү айырмачылыктардан пайда болгон. Адабияттарда кыргыздарды «кара кыргыз» деп атоо же жазуу 1925-ж. чейин созулган.

Кыргыздардын Октябрь революциясына чейинки коомдук-саясий турмушу биз жогоруда көрсөткөндөй, Кыргызстандын тарыхын изилдешкен окумуштуулардын көңүлүнүн борборунда болгон. Алардын кээ бирөөлөрү, Совет бийлигинин алгачкы жылдарында кыргыздардын коомдук саясий турмушунда «урууч улдук түзүлүш үстөмдүк кылган» [3.36.] – деп эсептешкен. Ал эми П.Погорельский, И.Батраков сыяктуу авторлор кыргыз коомунун катмарларынын түптөлүшүнүн жана эволюциясынын табиятын изилдешип төмөндөгүдөй пикирге келишкен: «айылдын коомдук физиономиясы (айылдын түзүлүшү) феодалдык башкарууга негизделген, капиталисттик мамилелердин, социалдык-экономикалык карама-каршылыктардын талылуу жери» [11.191.].

60-жылдарда бул концепция кыргыз тарыхнаамасында төмөндөгүдөй сынга кабылган: «авторлор революцияга чейин Россиянын чет жакаларында патриархалдык-феодалдык мамилелердин болгондугун жокко чыгарышкан жана кыргыз айылдарындагы

башталып келе жаткан капитализмдин элементтерине, акча-товар мамилелерине ашыкча баа беришкен» - деп, кыргыздын тарыхнаамачылары В.П.Шерстобитов, К.К.Орозалиев, Д.Ф.Винниктер жазып чыгышкан. [14.14.] Ал эми П.Кушнер (Кнышев) «Горная Киргизия» («Социологическая разведка») – деген эмгегинде жогорудагы тарыхчылардын көз караштарын кабыл албастан, кыргыз коомунун коомдук түзүлүшүн төмөндөгүдөй аныктаган: «ар-бир уруудан чыгышкан бир нече манаптар, уруулар жашашкан территорияны эли менен кошо ээлеп турушкан. Ошол территориядагы уруунун эли манаптын букаралары болушкан. Бардык жайыттар жана жерлер манаптын менчиги болуп эсептелген. Анын букаралары өз манабынын менчигиндеги территорияда манапка эч нерсе төлөбөй, көчүп жүрүүгө укуктуу болгон. Башка уруулардын эли манаптын менчигиндеги жерге малын жайгысы келсе, манапка «отмай» жана «чокмай» төлөшкөн. Төлөнгөн акчанын жарымы манаптын өзүндө калган, ал эми калганы манап өз букараларына таратып берген». [7.84.] Мындан көрүнүп тургандай, П.П.Кушнер кыргыздардын феодалдык-урууучулук түзүлүшү манаптарсыз жашай албайт деген ойду айткан. Ушул эле гипотезаны улантып, П.П.Кушнер жогорудагы эмгегинде: кыргыз коомунун социалдык маңызын манапчылык институту менен тыгыз байланыштырып, манапчылык «феодализмдин эң алгачкы фазасы, эки социалогиялык доордун чек арасы», [7.4.] - деп жазган.

Белгилүү этнограф С.М.Абрамзон кыргыздардын Октябрь социалисттик революциясынын алдындагы кыргыз коомунун социалдык структурасы өндүрүштүк мамилелердин бардык мүнөздүү белгилерине ээ болгондугун көрсөтүп жазган. Натыйжада, кыргыз калкынын негизги бөлүгүн «чакан малдын ээлери (букара, чарба) түзгөн» [1.76] – деген жыйынтыкка келет. Ал эми, «калктын бул же тигил тобунун башында бийлер жана манаптар сыяктуу феодалдык уруулук төбөлдөр турган» [1.76] – деп белгилейт.

С.М.Абрамзон андан ары өз оюн улап, кыргыздарда манап-байдын жаңы тиби-феодалдык мамилелердин системасына капиталисттик эксплуатациянын жаңы элементтеринин киргизилгендигин, батрактарды жана кембагалдарды эзүүнүн өзүнчө бир системасы келип чыккандыгына токтолгон. «Тектүү» манаптардын үй-бүлөлөрүнө капиталисттик өнүгүүнүн айлампасына кошулуу процессинин башталгандыгын да ачык көрсөтүп далилдеген. Мисалы, империалисттик согуш башталганга чейин Түндүк Кыргызстандын ири феодалы Шабдан Жантаевдин уруулары, падышалык өкмөттүн колдоосунан пайдаланып, өнүгүп келе жаткан өз чарбаларын ишкана тибиндеги чарбаларга кайра кура башташкан. [1.93] Шабдандын уулдары менен эле чектелип калбастан, С.М.Абрамзон XX-кылымдын башында, кыргыздардын манаптарынын арасынан да ири капиталисттер өсүп чыга баштаган, деп жазган. С.М.Абрамзон ал манаптардын фамилияларын атап, байлыктарынын өлчөмүнөн бери көрсөтүп жазган. Мисалы: «Өзбек манап ири мал өнөр жай ээси болгон, бүткүл малын майда жандыкка айландырганда 80миңге жакын кою болгон…соодагер Түркмөн Сарпеков мал жана кездеме сатып, сүткорлук аркылуу өзүнө зор капитал топтогон)». [1.93] Бул социалдык-экономикалык көрүнүштөрдөн С.М.Абрамзон төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет: «колониялык мезгилдеги манапчылыктын социалдык жүзү – ал туземдик администрациянын бардык звенолорунда, аны түзүү үчүн негизги резервуар болуп саналгандыгында», [1.93]- деп так белгилеген.

Кыргыздардын XIX кылымдын экинчи жарымындагы – XX кылымдын башындагы коомдук түзүлүшүн изилдөөдөгү мындай бири-бирине карама-каршы келген гипотезалардын келип чыгышына, ал кездеги изилдөөчүлөрдүн булактык материалдарынын аздыгы жана коомдогу социалдык-экономикалык маселелерди иликтөөнүн методологиялык принциптердин тарых илиминде толук өздөштүрүлбөгөндүгү себеп болгон. Кыргызстандын тарыхына арналган көптөгөн эмгектер, профессионалдык деңгээлде жазылбагандыктан, өзүнүн логикалык структурасы жагынан, категориялык түшүндүрмө аппараты жана башка параметрлери боюнча илимий талаптарга жооп бере алган эмес.

Биз жогоруда белгилегендей, советтик тарыхнаамада Түркстан Россия империясына кошулганга чейин, өзбектер, казактар, кыргыздар, тажиктер, түркмөндөр, кара калпактар, илгертеден берки жергиликтүү калк катары бирге жашашкандыгын, окумуштуулар ырааттуу түрдө маалымдап, жазып келишкен. Өзбекстандык окумуштуу, профессор Х.Т.Турсунов бул салттуу тарыхнааманы улантып, анализдеп келип, XX кылымдын башында бул аймакка орустар, украиналыктар жана башка элдердин өкүлдөрү жер оодарышып келе баштагандыгын белгилейт. Х.Т.Турсунов аталган маселе боюнча ар түрдүү статистикалык материалдарды салыштырып бул аймактагы келгиндердин сандык так эсебин аныктоого аракет кылган. Автор бул таблицаны түзүүдө 1917-жылдагы бүткүлроссиялык эл каттоонун маалыматтарын жалпылоонун негизинде, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келген: «Түркстан крайындагы улуттардын (элдердин – Ж.Ж.) проценттик абалы: өзбектер – 32,2%; казактар – 19,5%; кыргыздар – 13,5% болгон. Калктын саны жалпы Түркстан крайы боюнча эсептеп келгенде: өзбектер – 2.347491, казактар – 1.166790, кыргыздар – 809524 адамды» [10, с.18.] - түзүшкөн дейт.

Ал эми жалпы Түркстан крайында жашап турушкан 11 улуттук курамдагы калктын саны – 5.989726 адамга жеткендигин эсептеп чыккан [12.18.].

Октябрь революциясынын 1917-жылдагы жеңишинин алдында, Түркстанда элдин демографиялык абалы, коомдук-саясий түзүлүшү мына ушундай акыбалда болгон. Түркстандын калкы Россия империясынын аскердик губернаторлугунун бийлигинде, коомдук-аскердик тартипте жашап турушкан.

1917-жылы 25-октябрьда Петроградда большевиктер башында турган куралдуу көтөрүлүш жеңишке жетишти. Ошол эле күнү Смольныйда Советтердин бүткүл Россиялык 11чи съезди өз ишин баштады. Съезддин жүрүшүндө эки негизги документ «Тынчтык жөнүндө декрет» жана «Жер жөнүндө декрет» кабыл алында.

Ошондой эле съезддин жүрүшүндө бийликтин жогорку органдары: советтердин бүткүлроссиялык съеди, ал эми анын аралыгында съезддин чечимдерин ишке ашыруу үчүн Бүткүлроссиялык Борбордук Аткаруу Комитети (ББАК) түзүлгөн.

Советтердин съезди Учредителдик жыйын чакырылганга чейин Эл Комиссарлар Советин (Совет Народных Комиссаров) түзгөн.

Түркстанда Совет бийлигинин орношу 1917-жылдын аягынан 1918-жылдын жаз айларына чейин созулган. Түркстанда бийликтин толугу менен Советтердин колуна өткөндүгү жарыяланган, бирок, Түркстандын Ташкенттеги Советтердин III аймактык съезди жергиликтүү калктын өкүлдөрүн бийлик түзүмдөрүнө киргизүү маселесин караган эмес.

Аталган мезгилде, Түркстандагы Совет бийлигинин негизги милдети – бул аймактагы элдердин советтик башталыштагы автономиясын түзүү болгон. В.И.Ленин башында турган Коммунисттик партия Түркстан элдерине мамлекеттик түзүлүштүн Советтик федерациясын жана автономиялык формасын сунуштаган.

Жаңыдан түзүлүп жаткан партиялык Советтик органдардагы жетекчилик кызматтар үчүн кыргыздардын жетекчи кызматкерлеринин 20-жылдарда күрөш башталган. Бул учурда Кыргызстандын түндүгү Жети-суу жана Сыр Дарыя областарына кирип жана улуттук азчылыкты түзүшүп, ошондуктан бул аймактагы кыргыздардын саясий-коомдук, экономикалык жана маданий талаптары аткарылбагандыктан, мындай саясий топтор бириге башташкан. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында бул саясий күрөш «топтордун күрөшү» деп аталып, уруулук каршылыктардын калдыгы деп каралып келген.

Бириге башташкан саясий топтордун биринчи башында А.Сыдыков турган. Бул инсан кыргыз интеллигенттеринин ичинен эркин Кыргызстанда эгемендүү кыргыз мамлекетин куруу жөнүндөгү татаал маселелерге кайрылып, өзүнүн идеяларын, сунуштарын «Кыргыз элинин өнүгүшүнүн тарыхынын кыскача очерктери» аттуу тезис түрүндө жазылган илимий эмгегинде берген. Тезис 20 пунктан турат. Мисалы, А.Сыдыков кыргыздардын орустарга кошулушунун алдындагы коомдук-саясий турмушун: «орустар келген учурда, кыргыздар патриархалдык-уруулук турмушта жашап калышкан. Алардын коомунун өзүнчө аристократиясы болгон. Алар (аристократтар – Ж.Ж.) бийлердин арасынан чыгышкан «мыкты адамдар», манаптар эле» - деп мүнөздөгөн. [6.81.]

Ал эми уруучулук түзүлүштүн элди бириктирүүчү күч катары, кыргыздарда илгертен бери болуп келгендигин, аталган мезгилде Түркстан Россияга кошулгандан кийин, коомдун саясий турмушунда жаңы тартиптер киргизиле баштагандыгын мындайча мүнөздөп жазган: «кыргыздардын турмушу коомдук, мүлктүк жана саясий мамилелердин негизин түзгөн адат аркылуу жөнгө салынат. Уруулук түзүлүш Түркстандын Россияга кошулушунан кийин, жаңы тартиптер менен акырындык менен алмашууда». [6.82.]

Тирешкен топтордун (групповая борьба) ортосунда күрөш жалаң эле бийлик үчүн эмес, мамлекеттик саясатты турмушка ашыруунун жолдоруна байланышкан маселелердин болушунда табигый көрүнүш эле. Кыргызстанда бул багытта Советтик бийликте 20-жылдарда саясат менен активдүү иш кылышкан төмөнкүдөй топтор келип чыккан: 1920-жылы Кыргыз (Казак) АССРинин түзүлүшү менен (Борбору Оренбург) ушул республиканын алкагында казак жерлерин жана калкын бириктирүү, Түркстандын курамынан бөлүнүп чыгуу маселеси курч мүнөзгө ээ болгон. Бул мезгилде Москвада кыргыз жана казак элдери бир эл деген пикир өкүм сүрүп, кыргыздардын башка элдер менен жуурулушуп кетүү коркунучу келип чыккан.

1921-жылы Алматыда өткөн кеңешмеде биринчи жолу Түркстан АССРинин курамында Тоолуу кыргыз областын түзүү маселеси чечилбей, жаңы түзүлгөн Кыргыз (Казак) Республикасы Жети-Суу жана Сыр Дарыя областтарын (кыргыздар чогуу, саны көп) өзүнө кошуп алуу өтүнүчү менен Борборго (Москвага) кайрылышкан [854-б.].

1922-жылдын башында Тоолуу областты уюштуруу жана түзүү жөнүндөгү маселеге арналган Советтердин съездине даярдыктар башталган.

Бирок, Түркстанда жана Жети-Сууда Тоолуу Кыргыз областын өзүнчө бөлүп чыгууга каршы болушкан мамлекет жетекчилери да жетишээрлик болгон. Алар: Түркстандагы

Комунисттик партиянын БКсынын секретары Төрөкулов, Жети-Суудагы Түркстан Коммунисттик партиясынын областтык жетекчиси – У.Жандосовдор эле. Ал эми жер-жерлердеги «Кошчу» союзунун башында «кыргыздашып кеткен казак» (окыргызившегося казак) Р.Кудайкулов турган. [2.125] Жалпы Түркстандын жер-жерлериндеги ишти үзгүлтүккө учуратуучу кыянаттыкты (подрывная работа) «Кошчу» союзунун мүчөлөрү жүргүзүп турушкан. [13.102] Алар, «Орто Азиянын улуттук-мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндөгү саясий маселелердин баары, бай-манаптардын колунда калды» - деп, элди адаштырып, чуу көтөрүшкөн [13.102].

Ошол эле мезгилде жөнөкөй кыргыздардын арасында В.И.Лениндин партиясынын таасиринин астында алардын алдыңкы өкүлдөрү К.Сарыкуловдун, К.Сандыбаевдин, И.Худойбергеновдун жана башкалардын А.И.Иваницин башчылык кылган большевиктер ячейкасынын мүчөлөрү болуп калышкан. Большевиктер Сарыкуловдун, Сандыбаевдин, Муратовдун жетекчилиги астында 1917-жылы майда «Букара» кыргыз демократиялык оюзу түзүлгөн. Бул союздун курамында кызматкерлер, дыйкандар, соодагерлер, бай-манаптар, студенттер, кедей-кембагалдар болгон. «Букара» союзу тез эле жапырт уюмга айланып, ошол эле жылы күзүндө 7.000ден ашык кишини баш коштурган. [4.5] Бул уюм ар кандай багыттагы агымдарды бириктирип турган. Тоолуу Кыргыз облусун түзүү үчүн жүргүзүлгөн аракеттердин башында эле талаш-тартыш башталып, А.Сыдыков башында турган топ Тоолуу Кыргыз облусун түзүү үчүн активдүү күрөшсө Р.Кудайкулов жетектеген топ буга каршы иш жүргүзгөн. Р.Кудайкуловду Ташкендеги жана Алматыдагы казак улутундагы жетекчилер колдошкон.

Партиянын Жетисуу обкому 1922-жылы 4-июлда кара-кыргыздардын Түркстан Республикасынын курамында бул аймактын улуттук азчылыктарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда өз алдынча Тоолуу областты түзүү боюнча даярдык көрүүчү биринчи съезди 425 делегаттын катышуусу менен Пишпекте ачылган.

Бирок, съезд өз ишин баштай электе эле Түркстандык жана Жети Суулук бийликтердин макулдугу И.В.Сталиндин көрсөтмөсү менен таркатылган. Сталиндин өзүнүн түздөн-түз көрсөтмөсү боюнча съезддин таркатылып жибериши бул саясий окуялардагы улутчулдуктун көрүнүшү катары баалоого мүмкүнчүлүк берген жана бул саясий окуяларды ар тараптан өз алдынча талдоого тыюу салган. Ж.Жунушалиев туура белгилегендей: «Тоолуу областтын айланасында «абыгер чечүү» жаатчылык күрөшүн пайда кылбастан, жаатташып күрөшүү «абыгер чегүүнү» туудурган, партиялык жана советтик иштердин нормалдуу жүрүшүнүн ыраатгуулугун бузуп эле тим болбостон, ошону менен бирге кыргыз элинин суверендүү мамлекеттик түзүлүшүнүн табигый укугунун аткарылышынын (ошол учурда) белгисиз убакка кийинкиге калтырган» [4.12].

А.Сыдыковдун жана Р.Кудайкуловдун тарапташтарынын ортосундагы күрөш Орто Азиянын улуттук-мамлекеттик бөлүнүштүрүлүшүнүн жана Кара-кыргыз автономиялуу областын түзүүнүн учурунда курчуп кеткен. Мунун себеби, жаңыдан түзүлүп жаткан областта мыкты жетекчи постторду ээлөө үчүн күрөш жүргөн.

Принциптүү маселелерди чечүү үчүн алгачкы аракеттер уланган: 1924-жылы 28-апрелде РКП(б) БКнын Орто Азия бюросу жана КПТ БК улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүү жөнүндө биргелешкен чечим кабыл алышкан. Атайын комиссия түзүлүп, ага Кыргызстандан Ж.Абдрахманов кирет. 15-июнда РКП(б) БКнын Орто Азия бюросу

көрсөтүлгөн тизме боюнча убактылуу партбюронун курамын бекитет. Алар төмөнкүлөр: «М.Д.Каменский, Ю.Абдрахманов катчылар; мүчөлөрү: И.Айдарбеков, Э.Арабаев, Д.Бабажанов, М.Ботбаев, Г.Г.Гросс, Д.Зульфибаев, П.П.Покровский, Р.Расулов, Т.Токбаев, С.Туленов, Р.Кудайкулов. Алардын улуттук курамы: 10 кыргыз, 1 орус, 1 еврей жана 1 венгр болушкан» [4.13].

Бул убактылуу партбюронун курамында худайкуловчулар аз болуп калган. Ошондуктан алар «Кошчу» союзунун уюмун пайдаланышып, күрөштү массага которушкан. Союз «Кошчуга» кошулбаган байлар менен манаптарды коркутуу, уруп согуу үчүн «Ур Токмок» деп аталган авантюралык топ уюштурулган. Уюмдун мүчөлөрү өзүлөрүнүн аракеттери, эгерде душмандарга партия менен совет бийлигинин алы жетпесе анда биздин алыбыз жетет деген сыяктуу сөздөр менен жымсалдашкан. Мисалы, алардын мындай урааны болгон: «Кедейдин закону жана кедейдин бийлиги - муштум» [4.13].

Мына ушундай татаал шартта областтык уюштуруу партбюросунун биринчи катчысы М.Д.Каменскийден, партиялык жетекчиликтин бейтарап күчтөрдөн (Ж.Саадаев, К.Тыныстанов, С.Карачев, О.Алиев) компетенттүүлүк, ийкемдүүлүк, принциптүүлүк өз деңгээлинде боло алган эмес.

Натыйжада жаатчылык күрөш күчөп, 1925-жылдын орто чениндеги саясий окуя «30чулардын» катын белгилүү даражада провокациялаган.

Биз жогоруда белгилегендей, 1922-жылы партиянын Борбордук комитетинин Түркбюросуна Улуттар боюнча Эл Комиссары (Наркомнац) И.В.Сталинден келген телеграммада июлдун башында Пишпекте кара кыргыздардын Тоолуу областын түзүү жөнүндө съезд өткөндүгү жана бул саясий иш Совет өкмөтүнүн уруксаты менен өткөндүгү айтылган. Бирок, ал съедди өткөрүүгө ким уруксат берген, кимдер уюштуруучулар болгон, съезддин мүнөзү кандай болгондугун билдирүүнү суранабыз деп айтылган телеграммадагы суроолорго жооп бериш керек эле.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Абрамзон С.М. Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары. // Классикалык изилдөөлөр жана тексттер. С.М.Абрамзон, В.В.Бартольд. – Бишкек, 2018.
2. Введение в историю кыргызской государственности. Курс лекций для вузов и школ. – Бишкек: ОСОО «СБС», 2003.
3. Джуманалиев А. Политическая история Кыргызстана. – Бишкек, 2005.
4. Жунушалиев Ж. Өткөндүн сабактары: аң-сезимдин өзгөчөлүктөрүнүн элегинен өткөргөндөгү көз караш. // Кыргызстандын пропагандисти жана агитатору. 1989. №21.
5. История Киргизии. Том.1. – Фрунзе, 1956.
6. Курманов З., Плоских В.М., Бегалиев С. Абдыкерим Сыдыков – Национальный лидер. – Бишкек: Кыргызстан, 1992.
7. Кушнер П. (Кнышев). Горная Киргизия. Социологическая разведка. – М.:КУТВ, 1929.
8. Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. – Бишке, 2003.
9. Кыргызстандын тарыхы. 3 томдук. 1 том. – Бишке: Кут бер, 2016.

10. Национальный состав населения туркестанского края. Таблица 1. // Турсунов Х.Т. Национальная политика Коммунистической партии в Туркестане (1917-1924 гг.) – Ташкент: Изд-во Узбекистан, 1971.

11. Погорельский П., Батраков В. Экономика кочевого аула Кыргызстана. – М.:Изд-во Совнаркома КАССР, 1930.

12. Турсунов Х. Национальная политика Коммунистической партии в туркестане (1917-1924 гг.). – Ташкент: 1971.

13. У истоков кыргызской национальной государственности. – Бишкек: Илим, 1996.

14. Шерстобитов В.П., Орозалиев К.К., Винник Д.Ф. Очерк истории исторической науки в Советском Киргизстане (1918-1960 гг.) – Фрунзе: Киргосиздат, 1961.

* * *

***Жаныбекова Кайрыкан***

## ЖАЙЧЫ-БАКШЫ (ШАМАН) ДҮЙНӨСҮНДӨГҮ БӨРҮ

**Жаныбекова Кайрыкан**

## ВОЛК – ВО ВСЕЛЕННОМ ШАМАНА (ЖАЙЧЫ-БАКШЫ)

**Zhanybekova Kairykan**

## WOLF - IN THE UNIVERSE OF THE SHAMAN (JAICHY-BAKSHI)

***УДК. 947:93/398.5***

***Аннотация.*** *Макалада бөрүнүн жайчы-шамандардын дүйнөсүндөгү ээлеген орду жөнүндө сөз болот. Бакшы-шамандар (аял-шамандар "бүбү" деп аталат) коомдо жана адамдардын жашоо-турмушунда өзгөчө ролду ойношкон. Бакшылар адамдар менен Көк Теңирдин (Кудайдын) ортосундагы байланыштыруучу, ортомчулук звенону аткарышкан. Көк Теңирдин амирин адамдарга, ошол эле учурда жер үстүндөгү адамдардын көксөгөндөрүн, арыз-муңун Көк Теңирге жеткирип туруучу касиетке ээ болушкан деген ишеним калыптанган. Бакшылар табыпчылык да жасай билишкен, ырчы-чоорчулук, көзү ачыктык жөндөмдөрүнө ээ болушкан, табы жокторду чөп-чар берип дарылашкан. Кыргыздарда бөрү, аюу, багыш, бүркүт ж.б. айбандар бакшылардын "колдоочу-духтары" болушкан. "Колдоочу-духтар" шаманга дубалоо учурунда "жардамга" келишкен, "колдоочу-духтардын" саны бакшынын "күчүнө" жараша калыптанган.*

***Негизги сөздөр.*** *жайчы, бакшы, шаман, бөрү (карышкыр), Көк Теңир, кыргыздар, кам, фагинун.*

***Аннотация.*** *В статье рассматриваются роль и место волка в мире шаманской веры (жайчы-бакшы). Бакшы-шаманы (у кыргызов женшин-шаман называли – "бүбү) в прошлом играли определенную роль в обществе и в повседневной жизни людей. Как нам известно, шаманы (жайчы-бакшы) исполняли роль связющей звеной между Көк Теңиром и людьми. У рядовых людей формировалась поверья, в том, что шаманы обладали свойством донести до Көк Теңира чаяние и нужды людей. Одновременно шаманы (жайчы-бакшы) испольняли роль лекаря, могли играть в различных музыкальных инструментах, лесили людей травами, занимались гаданием. У кыргызов волк, медведь, лось, орел и др. животные, пернатые были "покровителями" шамана. "Духи-покровители" во время камлания шамана всегда приходили на помощь, поддержку. Количество "духа-покровителей" шамана зависел от "могущества" шамана.*

***Ключевые слова.*** *жайчы, бакшы, шаман, волк, Көк Теңир, кыргызы, кам, фагинун*

***Abstract.*** *The article examines the role and place of the wolf in the world of shamanic faith (zhaychy-bakshi). Baksh shamans (the Kyrgyz called female shamans "bubu") in the past played a certain role in society and in the everyday life of people. As we know, shamans (jaichy-bakshy) played the role of a link between Kok Tenir and people. Ordinary people developed a belief that shamans had the ability to convey to Kok Tenir the aspirations and needs of people. At the same time, shamans (zhaychy-bakshi) played the role of a healer, could play various musical instruments, gave people herbs, and practiced fortune telling. Among the Kyrgyz, the wolf, bear, elk, eagle and other birds were the "patrons" of the shaman. "Patron spirits" always came to the aid and support during the shaman's ritual. The number of "patron spirits" of the shaman depended on the "power" of the shaman.*

***Key words.*** *zhaychy, bakshy, shaman, wolf, Kok Tenir, Kyrgyz, kam, faginun*

**Бөрү** – шамандардын колдоочусу жана жардамчысы катары эзелтеден белгилүү. “Шаман” жана “шаманизм” илимий термини европалык, орус окумуштуулары тарабынан илимге XIX к. киргизилген. Шаман-“бакшы” тергининин синоними, шаманизм – Сибирдин, Борбордук жана Орто Азиянын калктарынын байыркы доорлордон кабыл алынган, калыптанган диний-философиялык системасы, дини. Бул диндин таасири өтө терең сиңгендиктен, анын элементтерин бүгүнкү Орто Азиянын калктарынын, анын ичинде кыргыздардын күндөлүк жашоо-тиричилигине терең сиңгендигин байкоого болот. Мисалы, дарактарга чүпүрөк байлоо, булактарга, мазарларга, тоо-ташка сыйынуу, түлөө өткөрүү, ар кыл ырым-жырымдар ж.б. Исламийет кыргыз ичине тарай баштагандан соң, классикалык шаман дининин мазмуну жана формасы өзгөрүлө баштаган, айрымдары унутулуп, кээ бир каада-салт, үрп-адаттар ислам дининин таасири менен өзгөрүп трансформация болгондугу анык.

**Шаман** – тунгус-маньжур тилдүү элдердин диний-ритуалдык культтарды алып барган жана аткарган диниятчыл кишинин (аялдын) иеархиялык ордун аныктайт. “Шаман” термини XVIII-XIX кк. Сибирдеги тунгус тилдүү элдерден кабыл алынган. “Бакшы” – кыргыздардагы диний ритуалдарды аткарган шамандын аталышы, анын байыркы Енисей кыргыздарындагы формасы – “кам” (кытай булактарында – “гян”), мусулман булактары кыргыздардагы кам-бакшылар “фагинун” деп аталарын белгилешкен. Оболу, Енисей кыргыздарында “элчи” термини билимдүү, каганга жакын адамдарга ыйгарылган шамандын аталышы болгон[1]. «Бахши» (бах+шы,-чы) термини санскрит тилинен кабыл алынып, “катчы”, “кат тааныган адам” маанисин туюнткан (МИКК, 1973, Вып.1:241). Бул термин кытай тилине “баоши” формасында өтүп, “окутуучу”, “устат” (ДТС, 1969: 83; 11.186]; ал эми санскритче “пахшы” - “кечил” (монах) дегенди да билдирген [9.185]. Ал эми түркмөндөрдө “багшы” - ырчы, дастанчы, санжырачы маанилерин берген. Мындан сырткары, “багшы” деген наамды уруу башчылары да алып жүрүшкөн. Хива хандары түркмөндөрдүн атактуу уруу башчыларына аталган титулду ыйгарышкандыгы маалым [4.27]. Монгол тилдүү элдерде эркек бакшыны – “бөө”, аял бакшыны – “удаган” деп аташат. Кыргыздарда да “бөө” сөзү жаш балдарды коркутууда, ыйлаганда сооротууда пайдаланылган. Чоң Алайдын наймандарынын ичинде “бөө найман” (“бакшы найман”) аттуу ири урук белгилүү.

Бакшы-шамандар (аял-шамандар “бүбү” деп аталат) коомдо жана адамдардын жашоо-турмушунда өзгөчө ролду ойношкон. Бакшылар адамдар менен Көк Теңирдин (Кудайдын) ортосундагы байланыштыруучу, ортомчулук звенону аткарышкан, Көк Теңирдин амирин адамдарга, ошол эле учурда жер үстүндөгү адамдардын көксөгөндөрүн, арыз-муңун Көк Теңирге жеткирип туруучу касиетке ээ болушкан деген ишеним калыптанган. Деген менен, бакшылардын калк арасындагы таасири өзгөчө болгон. Жөнөкөй катардагы адам шаман категориясына өтө алган эмес, бакшылар (шамандар) тектүү шаман уруктарынан чыгышкан (мисалы, миянгат же мангыт уруктары). Мисалы, Манги - тунгус тилдүү элдерде (эвенктер, эвендер ж.б.) “аюу”, тагыраак айтканда, аюу сөзүнүн синоними, экинчи мааниси “ата-баба”, “ата-тек” дегенди аныктайт [6.31]. Ушул эле сөз эвенктерде аюу келбеттүү адамды туюнтуп, ата-бабалардын духунун мифологиялык символу, шамандардын башкы колдоочусу катары түшүнүк берген.

“Манги” сөзүнүн семантикасы “аюу”, “ата-бабалардын руху” маанисин аныктайт [2.200-203]. Албетте, этнонимдин мааниси тотемдик жаныбар “аюу” менен байланышы байкалып турат. Тунгус-манжурлардагы шамандар “манги” уруусунан гана чыккандыгын далилдеген маалымагтар бар [6.31-32].

Бакшылар табыпчылык да жасай билишкен, ырчы-чоорчулук, көзү ачыктык жөндөмдөрүнө ээ болушкан, табы жокторду чөп-чар берип дарылашкан, ооруган адамдардан “жиндерди” кубалап чыгарышкан, шаман ыкмасы менен дубалашкан. Кызыктуусу, орто кылымдардагы кыргыз камдары (бакшылары) рун жазуу системасы аркылуу кат таанышкан. Алар жаратылыш берген жөндөмдүүлүгүнө жана тажрыйбасына жараша шаман дүйнөсүндөгү иеархиялык тепкичтер аркылуу көтөрүлүшүп, атайын наамдарга ээ болушкан. Орто кылымдардагы Кыргыз (ж.б. түрк-монгол мамлекеттери) мамлекетинде каган бир эле учурда өлкө жетекчиси, аскер башчысы, башкы жайчы-кам (бакшы), темир усталык функцияларды аткарган. Жайчы-шаман же бакшы мамлекеттеги башкы идеолог жана диний каада-салттарды, жөрөлгөлөрүн уюштууручу, алып баруучу милдеттерди алып барган. Бакшылар жөндөмүнө жана “кудуреттүү күчтүүлүгүнө” жараша “ак бакшы”, “кара бакшы” категорияларына бөлүнүшкөн; күчтүүлөрү “кара бакшылар” (аялдары-“кара бүбү-бакшы”) деп аталышкан. Илимпоздор байыркы түрктөрдөгү, кыргыз жана уйгурлардагы каада-салт, жөрөлгөлөр менен коштолгон каганды такка олтургузуу церемониясынын оболу башкы шаманды (бакшыларды) шайлоо же дайындоо каадасы менен жалпы экендигин белгилешет.

Бөрү, аюу, багыш, бүркүт ж.б. айбандар бакшылардын “колдоочу-духтары” болушкан. “Колдоочу-духтар” шаманга дубалоо учурунда “жардамга” келишкен, “колдоочу-духтардын” саны бакшынын “күчүнө” жараша калыптанган. Мисалы, алар ооруулууларды “дух-жаныбарлардын” жардамы менен дубалашкан, зарыл учурда транс абалында “жер алды дүйнөсүнө” чейин жетип барышкан. “Дух-колдоочулардын” үч түрү болгон: колдоочу духтары, жардамчылары жана жин-духтары; акыркы жин-духтары ооруулуу адамды кыйнаган жана бакшынын негизги куралы болгон. “Дүйнөлүк дарак” же “Байтерек” аркылуу Көк Теңирге бакшынын жаны учуп чыгып, дүйнө Кудайы менен баарлашкан, дуба учурунда жер алды дүйнөсүнө түшкөн. Бул байыркы шаман философиясы. Бакшынын колдоочу-духтары дубалоо учурунда бөрү, кара аюу, бүркүт, багыш образдарында “күчтүү бакшыларга” “жардамга” же “колдоого” келишкен. “Колдоочу-духтарды” карапайым адамдар көрө алышкан эмес. “Чабал бакшыларга” болсо колдоочу күчтөр ит, чымчык, күкүк ж.б. образдар түрүндө келген. Орто кылымдардагы кыргыз бакшы-камдары, Енисей кыргыздарынын мураскорлору болгон хакас-качин, хакас-сагай, хакас-кызыл, тува, алтайлыктардын камдары (бакшылары) “күчтүү дух-колдоочуларынын” сөлөкөттөрүн жыгачтан же металлдан жасап алышып дубалоо учурунда колдонушкан. Мындан сырткары бөрү, аюу ж.б. күч-кубаттуу айбандардын элестерин кам (бакшы) кийимдерине, үрбүгө, бубенге (кам добулбасы) сүрөт катары чегип түшүрүшкөн. Алар колдоочу жаныбарлардын элестерине дубалоо учурунда жан кирип, бакшынын колдоочуларына айланышат имиш.

“Күчтүү жайчы-бакшылар” жай-таштын (яда таш) жардамы менен жамгыр жана кар жаадырта алышкан, күндүн бетин бүркөлтүп, бороон-чапкынды чакыра алышарын уламыштар баяндайт. “Манас” эпосунда жайчылык касиетке ээ болгон Алманбет магиялык

күчтүн жардамы менен жайчы-бакшы өнөрүн колдонгондугу эскерилет: “Алмамбет бала кезинде Аберген деген көлдөгү укмуштуу ажыдаардан *жайлыктын, аярлыктын* окуусун окугандыгы эпосто кеңири баяндалат. Ал жайчылыгы менен агыны катуу суудан өзү тараптагы жоокерлерди аман өткөрүп, душманды суукка үшүтүп, жеңишке жетишкен учурлары болот. Анын жайчылыгы “чоң казатта” айрыкча элестүү сүрөттөлөт:

*Каптап кытай келгенде,*
*Караандуу жоону көргөндө,*
*Күндүзү бүркөк, түнү ачык,*
*Ала канчык шыбыргак,*
*Алмамбет жайын салды эле:*
*Ошондо бөксөнүн башы мөндүрлөп,*
*Жаканын баары жамгырлап,*
*Асмандан булут сабалап,*
*Көктөн булут күркүрөп,*
*Жер жүзүнө камалып...*
*Тик каптаган кытай журт*
*Күн көрөгө зар болуп,*
*Согуш кылган чоң майдан*
*Найза бою кар болуп,*
*Жай убакта кыш болуп,*
*Жабылган кытай, көп манжу*
*Ошондо кыңшылаган кыз болуп...*

Душман бир жагынан суукка тоңсо, экинчи жагынан Манас баатыр баштаган кыргыз жоокерлеринин катуу чабуулунан кырылат. Эпосто жайчынын чагылдырылышы табияттын ар кандай кубулуштарынын ички сырларын үйрөнүүгө, аны адамдын эркине баш ийдирүүгө болгон ой-мүдөө болуп эсептелет [10. Т.I.306].

Жайчы-бакшылар жана аларга тийешелүү болгон касиеттер тууралу маалыматтар кытай жыл баяндарында эскерилет: “б.з. III к. Хунну (сюнну) борборлошкон мамлекети кулагандан кийин, андан бөлүнүп чыккан түндүк хуннулардын (сюнну) мамлекети кытай жазма булактарында ***“Юэбань”*** деген ат менен эскерилет. Азыркы Тарбагатайдын аймагында жашаган *юэбаньдардын* тили жана үрп-адаттары түрк тилдүү гаоцзюйлар (телелер) менен бирдей эле. “Бей-ши” династиялык жазма булагында эскерилген жайчы-бакшыларды Иакинф Бичурин кытайчадан “*көзү ачык жрецтер*” маанисинде которгон. Б.з. 449-ж. хуннулар кытайлар менен болгон согушта жайчы-бакшылар жамгыр жана карды бороон менен кошо чакырышып, сел каптатышкан, натыйжада кытайлар зор зыян тартышкан [5.231; 13.120). Кытай жазма булагы “Суй-шу” (Суй династиясы, б.з.581-618 жж.) б.з.ч. I миң жылдыктын аягында (б.з.ч. II-I кк.) сюннуларда (хунну) жайчы-бакшылар болгондугун, кытайча – “wu" деп аталышарын эскерет. Анда жайчы-бакшылар жердин духуна багыштап курмандык чалгандары, дуба-магиялардын жардамы аркылуу хунну аскерлерине көмөк бергендери айтылат. Хунну шаньюйлары аскерлер сапарга чыккан жолго арналган, токтогон өргүүгө, ашууларга, кечип өткөн сууларга багышталган курмандык чалууларга буйрук беришкен. Алар шамандар аткарган магия-дубалардын Хань (кытай) аскерлеринин кырсыктап жеңилүүсүнө көмөк берет деген ишеничте болушкан (Материалы по истории сюнну,1973, Вып.II:120). Жолго, ашууга, суу боюна курмандык чалуунун элементтерин бүгүнкү кыргыздар үрп-адаттарында сактап келе жатышат. Мисалы, ашуудагы обоо таштар, дарыялардын боюнда түлөө өткөзүү ошол байыртадан келе жаткан салтты чагылдырат. Кытайдын “Үч падышачылык доорундагы” (“Троецарствие”) Вэй династиясынын (220-266 жж.) булактарында Гаогюйлардын (телелер) жайчы-бакшысынын чагылган түшкөн жерге кой көмүлгөндөн соң дуба окулгандыгын баяндаган. Ошол эле кытай жыл баяндары Жуаньжуан (Жужань, б.з. IV к.

орто чени – 552-ж.) мамлекетинин каганынын өргөөсүндө дуба окуп, жайчылык, көз ачыктык кылган, адамдарды духтардын жардамы менен дарылаган аял-бакшы тууралу маалымат беришет [5. T.II.215-216].

Бакшы-жайчылар дуба учурунда эле жаныбардын образына айланбастан, башка шарттарда да колдоочу-дух жаныбарларга окшогонго аракет жасашкан. Бакшылыкка кабыл алынар сынактын алды жаныбарлар менен сүйлөшүүнүн жашыруун тилин же алардын чыгарган үндөрүн, кыйкырыктарын үйрөнгөн [17.78-79]. Бурят шамандары бөрү онгонун чакыруу учурунда карышкырдын кыймыл-аракетин кайталап, үнүн туурап окшогонго аракет жасашкан [16.476]. Бакшы-жайчылардын дух-колдоочулары бөрү, аюу болгону алар үчүн аябай татаал болгон. Себеби, бөрү курмандык катары тартууланган тамакка тойгон эмес, дайыма тамак сурап бакшыны кыйнаган экен. Кара бакшылардын дух-колдоочулары да өз ара күрөшкөн. Колдоочу-духу бөрү болсо, башка бакшынын колдоочусу болгон “элиги же маралын бөрү жеп койгон” учурлар да кездешкен [16.204-205]. Енисей кыргыздарынын тукумдары болгон хакас-качиндер шамандын жаны башка өлкөлөргө учуп чыкканда аны бөрү коргоого аларын белгилешет. Бурят шамандарынын башкы дух-колдоочусу бөрү болгон [1.58]. Тува шамандарынын негизги дух-колдоочуларынан “жети бөрү” болгондугу белгилүү, ошол эле учурда тува шамандары бөрүнүн элестерин тактай беттерине түшүрүшүп боз үйлөргө коюшкан, бөрүнүн сыйрылган терисине кургак чөп толтурушуп тигишип, келбетин болсо дух катары колдонушкан. Бурят, якут, тува шамандарынын кыялдарында – бөрү жайчы-шамандарды башка дүйнөлөргө (Көк Теңир, Жер алды дүйнөсү ж.б.) ташыган мингич, канаттуу жаныбарлары катары элестетилген [8.69].

Чжоу, Вэй династияларынын доорунда (б.з. VI к.) жазылган көк түрктөрдүн санжыраларында кагандар Ашина (Бөрү уруусу) үй бүлөсү жана кам-шамандардын байланыштары тууралу кызыктуу маалыматтар бар. “Эне-карышкыр Као-чань (Турфан) тарапка куугундан качып келгенден кийин үңкүрдө балдарды тууйт. Балдар бой жетип, укум-тукумдары көбөйөт... Эл башкарганга жетекчи шайламакчы болот. Байтеректин үстүнө чыгуу үчүн жарышта Ашина жеңишке ээ болот. Калган бир туугандары жеңишти таанышгылары келбейт. Эне-карышкырдын балдары калыстык үчүн атактуу кам-бакшыларга кайрылышат. Күчтүү жана таасирлүү жайчы-бакшылар Көк Теңирдин белгисин күтүү керек деген чечим чыгарышат. Асман мелжиген, булут калкыган байтеректин башынан айланып учкан ыйык бүркүт бир туугандардын ичинен Ашинанын желкесине келип конот, Ашина башкаруучу деп таанылат [13.119-120; 7.23].

Көк түрктөр боюнча экинчи тарыхый санжырада да Кам-шаман менен Бөрүнүн өз ара байланышы чагылдырылат. Бөрүдөн туулган Ичжининишыду адамдардан өзгөчө касиеттерге ээ болгон экен. Душман капысынан кол салганда элдин баары кырылып, жайчы-бакшылык, өзгөчө сыйкырлык касиетке ээ болгон Ичжининишыду өз уруусун аман алып калат. Ага бир тууганы Апангпу эли менен келип кошулат. Ичжининишыду өзгөчө касиеттерге ээ болгон Кышкы аяздын жана Көк асмандын кыздарына үйлөнөт экен. Бөрү насилдүү болгон Ичжини-нишыдуга улуу аялы төрт уул төрөп берет. Алардан төрт эл тараптыр, бири ***кыргыздар*** болгондугу айтылат [3.67]. Мындан Бөрү-энеден туулган Ичжини-нишыдудан Нодулу-шад, андан Ашина, Ашинадан-Туу, Туудан – Бумын (545-552 жж.каган наамын кабыл алган) туулат. Бөрү тектүү Ичжининишыду кам-шамандык менен

жайчылык касиеттерге ээ болгон экен. Анын небереси болгон Ашина – “касиеттүү бөрү” маанисин туюнтат. Демек, бул мифологиялык сюжеттерден да бөрүнүн бакшыларды колдогон учурларын көрүүгө болот.

“Манас” эпосунда (С.Орозбак уулунун варианты) баатырды колдогон Бөрү жана кырк чилтен (кырк+чилтен; “чил”–фарсча “кырк”, “тан”-адам маанисин туюнтат) тууралу шаман философиясынын сюжети кездешет: “Дүйнөлүк эпостордун салтында болочок баатыр эрдик иштерге алгач киришерде кандайдыр бир укмуштуу колдоочуга кезигип, кеп-кеңешин угуп, өзүнүн келечектеги баатырдык иштерине керектүү жарак-жабдык жана башкалар буюмдарды алгандыгы айтылат. Салттык ушул көрүнүштүн айрым элементи «Манас» эпосунда сакталган. Сагымбай Орозбак уулунун жана ага жакын турган варианттарда Манас бала кезинде өтө тентек чыгып, атасы аны тарбиялоо максатында Ошпур деген койчусуна жиберет. Манас Ошпурдун баласы менен козу кайтарып жүрүп өзүнүн келечектеги колдоочусуна кезигет. Эпосто мифтик колдоочу Бөрүнүн бир козуну «Көтөргөн бойдон тоодон ашып кеткени» (Сагымбай Орозбаков, 1. 112) баяндалат. Козуну көтөрө качкан Көк Бөрүнү кууп, Манас асканын түбүндөгү үңкүргө кирет. Үңкүрдөн кырк кишиге жолугат. Алар өздөрүн “кырк чилтенбиз” деп тааныштырат. Манас чилтендерден Бөрүнү сурайт. Кырк чилтендин башчысы козуну алып келген Бөрүнү бала Манаска тааныштырып:

*Кубалап келген Карышкыр,*
*Кыяматтык досуң деп.*
*Манас тура жолборсум...* [10.Т.I.247].

Орто кылымдардагы (XI-XII кк.) кыпчак-кумандарда (орусча – половецтер) Боняк, Тугорхан ж.б. сыяктуу белгилүү жетекчилери болгон. Орустун Нестор деген кечили жазган “Убактылуу жылдардын баяны” (“Повесть временных лет”) аттуу жазма булагында кыпчак-куман хандарынын бири Боняк (Бойнак=Мойнок) жайчы-шамандык касиетине ээ болуп, карышкырлар үйүрү менен баарлашкандыгы баяндалат. Венгр (мадьярлар) королу Кальманга каршы орустар менен союздаш болгон кыпчак ханы Боняк согуш майданында беттешүүдөн бир күн мурун түн ортосу өргөөсүнөн чыгып эртеңки салгылашуунун жыйынтыгын билүү максатында жайчы-шамандык каадасын жасагандан соң, бөрүчө уулуптур. Ага жооп иретинде дарыянын аркы жээгинен карышкырлардын үйүрү уулуп жооп кайтарыптыр. Ошондо кайрылып келген хан Боняк орус княздарына эртеси күнкү жеңиш союздаштар тарапта болорун билдириптир. Чындыгында, эртеси күнү Премышлга жакын жайгашкан Ваградагы салгылашууда венгрлер жеңилгендигин жазма булак ырастап баяндайт [12.131]. Тарыхый булактагы сюжеттен кыпчак-куман (половец) хандары да башкы жайчы-шаман болушкандыгын, бөрүлөр алардын негизги колдоочусу болгондугун көрүүгө болот. Белгилүү Византиялык (грек) тарыхчысы Феофилакт Симокатта (Feofilaktus Simokates) Чыгыш Европага келген түрк уруулары тууралу б.з. 595-ж.”түрктөр эң оболу күйгөн отко өзгөчө мамиле жасашат, абага, сууга аяр мамиле жасашат, жер тууралу ыр айтышат, бирок, асман менен жерди жаратканды кудай деп таанышат” – деп жазган. Ошол эле автор [15] грек делегациясын түрктөрдүн жрецтери (шамандары) тосуп алышканын, аларды кургатылган өсүмдүктүн түтүнү жана от менен дубалашкандыгын жазган. Грек булактары түрк каганынын кабыл алуусунун алды карышкырдын элеси түшүрүлгөн тууга (асаба) табынууга мажбурлагандарын эскеришкен.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Алексеев, Н.А. Шаманизм тюркоязычных народов Сибири (опыт ареального сравнительного исследования). – Новосибирск: “Наука”, 1984. 232 с.
2. Анисимов, А.Ф. Шаманские духи по воззрениям эвенков и тотемические истоки идеологии шаманства //Сб. МАЭ. Т. 13. М.: 1951. - С. 187-215.
3. Аристов, Н.А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности. «Живая старина». -Вып 3-4. -СПб., 1894. -С. 277-390.
4. Атаниязов, С. Словарь туркменских этнонимов. Ашхабад, «Гылым», 1988. -180 с.
5. Бичурин, Н.Я (Иакинф). Собрание сведений о народах обитавших в Средней Азии в древние времена. Т. I-III. М.-Л.: “Наука”, 1950-1953.
6. Васильевич, Г.М. О культе медведя у эвенков // Религиозные представления и обряды народов Сибири в XIX - начале XX века. -Л., 1971. С. 34-45.
7. Гумилев, Л.Н. Древние тюрки. – М.: «ККиК», 1993.
8. Древнетюркский словарь (ДТС). - Л.: 1969. 676 с.
9. Кенин-Лопсан, М.Б. Обрядовая практика и фольклор тувинского шаманства. Конец XIX - начало XX в. - Новосибирск: “Наука”, 1987.
10. Малов С. Е. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. М.; Л. : ”Наука”, 1959.
11. «Манас». Энциклопедия. Т.I-II. Б., “КЭ”, 1995. 756 б.
12. Материалы по истории киргизов и Киргизии / Пер. извлечений; Отв. ред. и авт. введ. В. А. Ромодин. Вып. 1. М., 1973. (МИКК).
13. Махпиров, В.У. Имена далеких предков (Источники формирования и особенности функционирования древнетюркской ономастики). –Алматы, “Гылым”, 1997. – 302 с.
14. Пилипчук Я. В. Ментальность и идеология кыпчаков // Archivum Eurasiae Medii Aevi. Vol. 20 (2013). Wiesbaden, 2014. С. 129-165.
15. Потапов, Л.П. Алтайский шаманизм. Л.: «Наука», 1991. 320 с.
16. Таскин, В.С. Материалы по истории сюнну (по китайским источникам). М.: “Наука”, 1973. 234 с.
17. Феофилакт Симокатта. История. Вступ. ст. Н.В. Пигулевской/Пер. С. П. Кондратьева. М.: Наука, 1957. (Памятники средневековой истории народов Центральной и Восточной Европы). переизд.:История. М.: Арктос; Вика-пресс, 1996. 272 с.
18. Хангалов, М. Н. Шаманизм. Архаические техники экстаза//Хангалов М.Н. Собрание сочинений. -Улан-Уде, 1960. – Т.I. С. 476.
19. Элиаде, М. Шаманизм: Архаические техники экстаза. Киев: София, 1998. 480 с.
20. Menander Protector. (I.A. Levinskaya, S.R. Tokhtas'ev). Svod drevneyshikh pis'mennykh izvestiy o slavyanakh [Collection of the Oldest Written Accounts on the Slavs]. Vol. I (1st–6th centuries). Moscow, 1994, pp. 311–356.

***Жаркынбаев Талайбек Жумабаевич, Алымбаев Жээнбек Байыскулович***

# СОВЕТ БИЙЛИГИНЕ КЫЗМАТ КЫЛГАН АЛЫМБЕК ДАТКАНЫН УРПАКТАРЫ

***Жаркынбаев Талайбек Жумабаевич, Алымбаев Жээнбек Байыскулович***

# ПОТОМКИ АЛЫМБЕК ДАТКИ СЛУЖИВШИЕ СОВЕТСКОЙ ВЛАСТИ

***Zharkynbayev Talaibek Zhumabaevich, Alymbayev Jeenbek Bayyskulovich***

# DESCENDANTS OF ALYMBEK DATKA WHO SERVED THE SOVIET GOVERNMENT

***УДК. 94.(575.2)***

***Аннотация.*** *Алымбек датканын неберелери Кадырбек Камчыбеков менен Жамшидбек Карабеков боюнча советтик изилдөөчүлөр А.И.Кунindин, П.Камерондун, Н.Тунтеевдин, профессор Б.Б.Зулуевдин, Гзавье Аллездин жана Т.Жаркынбаевдин эмгектеринде. Фергана областындагы саясий кырдаалга байланыштуу Түркстан фронтунун жана Түркстан Комиссиясынын түзүлүшү. Комиссиянын чечимине ылайык басмачыларга каршы компаниялык күрөшкө жергиликтүү калкты тартуу демилгелери. Эки каармандын Ош шаарында советтик аскердик окуудан өтүшү алар тарабынан басмачылырга каршы кыргыздардын ыктыярдуу атчандар отрядын уюштурулушу. Алардын Алай, Алайкуу, Өзгөн аймагында басмачылар кыймылына каршы күрөш аракеттери. Алардын саясий жана аскердик мансаптары, сыйлыктары. Жамшидбек Карабековго жогорку билимдүү инсан катары баа берүү. Берилген тарыхый сүрөттөргө камментарийлер жана тактоолор. Эки тарыхый инсанга карата репрессия учурунда жабылган жалаанын мотиви, парофессор Б.Дж.Абдрахманов тарабынан архив булактарынан такталышы.*

***Негизги сөздөр.*** *НКВД, репрессия, совет бийлиги, армия, басмачылар, атчандар полку, “эл душмандары”, Датка, Түркстан, Фергана.*

***Аннотация***. *По исследований внуки Алымбека Датки Кадырбека Камчыбекова и Джамшидбека Карабекова в нучных трудах советские исследователи А.И.Кунина, П.Камерона, Н.Т. Тунтеева, иностранные иследователя Гзавье Аллеса, профессора Б.Б. Зулуева, и автор статьи Т.Жаркынбаева. Формирование Туркестанского фронта и Туркестанской комиссии в связи с политической ситуацией в Ферганской области. Инициативы по привлечению местного населения к компании борьбе с басмачеством в соответствии с решением комиссии. Прохождение двумя героями советского военного обучения в городе Ош, организация ими кыргызского добровольческого кавалерийского отряда против басмачей. Их усилия по борьбе с басмаческим движением в Алайском, Алайском, Узгенском районах. Их политическая и военная карьера, награды. Оценка Джамшидбека Карабекова как высокообразованной личности. Комментарии и уточнения к представленным исторические фотографии. Мотив клеветы, заключенный во время репрессий в отношении двух исторических личностей, профессор Б.Дж.Абдрахмановым из архивных источников.*

***Ключовые слова.*** *НКВД, репрессии, советская власть, армия, басмачество, кавалерийский полк, “враг народа”, Датка, Туркестан, Фергана.*

***Annotation***. *According to the research, the grandchildren of Alymbek Datka Kadyrbek Kamchybekov and Jamshidbek Karabekov in scientific works are Soviet researchers A.I. Kunin, P.Cameron, N.T. Tunteev, foreign researcher Gzavier Alles, professor B.B. Zuluev, and the author of the article T.Zharkynbayeva. Formation of the Turkestan Front and the Turkestan Commission in connection with the political situation in the Ferghana region. Initiatives to involve the local population in the fight against Basmachism in accordance with the decision of the commission. The passage of two heroes of the Soviet military training in the city of Osh, their organization of the Kyrgyz volunteer cavalry detachment against the Basmachi. Their efforts to combat the Basmati movement in the Alai, Alai, Uzgen districts. Their political and military careers, awards. Assessment of Jamshidbek Karabekov as a highly educated person. Comments and clarifications to the submitted historical photographs. The motive of slander, concluded during the repressions against two historical figures, Professor B.J.By Abdrakhmanov from archival sources.*

***Key words:*** *NKVD, repression, Soviet government, army, basmachestvo, cavalry regiment, “enemies of the people", Datka, Turkestan, Ferghana.*

Албетте, иликтөөбүз Алымбек Датка менен Курманжан Датканын неберелери Кадырбек Камчыбеков менен Жамшидбек Карабеков жөнүндө болмокчу. Бул эки каарман Кыргызстандын түштүк аймагында Совет бийлигинин чыңдалышына опол тоодой кызмат кылышып, 1937-жылы каардуу репрессиянын курмандыгы болушкан.

Эки тарыхый инсан жөнүндө маалымат, Фергана өрөөнүндөгү басмачылардын кыймылы боюнча айрым советтик адабияттарда кездешет. Бирок, өмүр таржымалдары астейдил изилденген эмес. Советтик тарыхчы А.И Куниндин эмгегинде Кадырбек Камчыбеков менен Жамшидбек Карабеков басмачылырга каршы кыргыздардын ыктыярдуу атчандар отрядын түзүп, Алай өрөөнүндөгү басмачыларга каршы аракеттерин кыскача маалымат менен камтыган атайын бир бөлүм бар бар [1.3-90]. Түркстандагы граждандык согуштун катышуучусу, советтик тыңчы П.Камерон кыргыздардын ыктыярдуу атчандар отрядын командири Кадырбек Камчыбековдун Мойдунбек корбашчыны куралсыздандырып, колго түшүргөндүгү тууралуу тарыхый очеркинде [2.62-69] эпидоддук таризде чагылдырылган. Албетте, советтик тарыхчыларга репрессияланган “эл душмандарынын” тизмесинде турган эр-азаматтарды терең иликтенге советтик идеология жол берген эмес.

Эгемен доордо деле эки инсан жөнүндө изилдөө иштери колго алынбай келет. Кыргыздардын ыктыярдуу атчандар полкунун тарыхын изилдеген окумуштуу Н. Тунтеевдин эмгегинде [3] деле негедир эки тарыхый инсан жөнүндө таптакыр маалымат жок. Болбосо мына ушул эки азамат Кыргызстандын түштүк аймагында кыргыздардын ыктыярдуу атчандар отрядын уюштургандардын башкы демилгечилери болгон. Менимче эки тарыхый инсан тууралуу кеңири маалыматтар НКВДын сырдуу сандыгына бекитилген окшойт. Бирок, архив маалыматтардын негизинде басмачылардын кыймылы боюнча толук кандуу конструкциясын түзүү учурунда [4.34-66] басмачыларга каршы күрөштүн каармандары катары Кадырбек Камчыбеков менен Жамшидбек Карабеков тууралуу жаңы маалыматтар чыга баштады.



**1-сүрөт. Төмөнкү катарда, оң жакта биринчи отурган Кадырбек Камчыбеков, анын аркасында турган Жамшитбек Карабеков**

Басмачылар кыймылынын алгачкы баскычы элдик кыймыл катары басмачылардын артыкчылыгы менен жүргөн. Кызыл Армиянын алгачкы курамын түзгөн дашнактар менен орус дыйкандар армиясынын бейкүнөө жергиликтүүлөргө жасаган зордук-зомбулуктары менен кандуу кыргынынын кесепетинен жергиликтүү калктын Совет бийлигине карата ишенбөө, иренжүү сезими күч алып, жергиликтүү калктын басымдуу бөлүгү басмачылардын катарында болгон. Мадаминбек "ляшкар башы" Фергана өрөөнүндөгү көзөмөлдү 1920-жылдын жаз айларына чейин кармап турган. Албетте жергиликтүү калк Мадаминбектин армиясын моралдык жана каржылык жактан колдоп кубаттаган. Областагы оор кырдаалды сезген РСФСРдин Эл Комиссарлар Совети 1919-жылы 11-августта Түркстан фронтун түзүп, анын командирлигине М.В.Фрунзени дайындаган. 1919-жылы 8-октябрда жогорудагы органдын демилгеси менен Түркстан комиссиясы түзүлөт. Тажырыйбалуу саясий билими жетик большевиктер менен толукталган бул комиссия кырдаалды иликтеп чыгып, Фергана областындагы тажырыйбасыз ревкомдордун жана реакциячыл маанайдагы, коммунисттик идеология тууралуу таптакыр түшүнүгү жок дашнактар менен толукталган Кызыл гвардиянын акылга сыйбаган иш-аракеттерин ашкерлейт. Комиссиянын чечиминин жыйынтыгы менен айрым кызыл командирлер ревтрибуналга тартылат, дашнактардын дружинасы таркатылат, дыйкандар армиясы куралсыздандырылат. Вакыф, казылыктар кандайдыр бир деңгээлде калыбына келтирилет. Ошентип Түрккомиссиянын мындай ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жергиликтүү калкта Совет бийлигине карата ишеним жаралып, айрым жерлерде басмачыларды колдоодон баш тарта баштаган. Комиссия, басмачыларга каршы күрөш компаниясына жергиликтүү калктын өкүлдөрүн тармайынча ийгилике жетүүгө мүмкүн эмес, деген пикирин Түркстан Борбордук Аткаруу Комитетине билдирген. 1920-жылы 15-майда Түрк БАК, Түркфронттун революциялык аскердик совети менен биргеликте чыгарган декретине ылайык, Советтик Түркстан республикасын коргоо максатында жергиликтүү калктын белгилүү тобун куралдандырып, акырындык менен милиция системасына өткөрүү болгон Бул аскердик окутуу процеси менен коштолгон [5.47-48].

1920-жылдын июнь айында Ош шаарынын Эркиндик аянтында (мурдагы Церковная) жергиликтүүлөрдү массалык түрдө аскердик окууга тарта баштады. Аскердик окутуунун биринчи агымында Кадырбек Камчыбеков менен Жамшидбек Карабеков болгон. Кадырбек Камчыбеков аскердик окууга чейин эле, 1918-1921 жылдар аралыгында Кашкар-Кыштак болуштук башкаруу советинин төрагасы болуп шайланган. Аскердик окуудан өткөндөн кийин Алайдагы кыргыздардын ыктыярдуу элдик милиция отрядын уюштуруп, Алай өрөөнүндөгү басмачылардын кыймылына каршы күрөшкөн.

М.В.Фрунзенин демилгеси менен мурдагы штабс-капитан, кавалерист Сулайман Күчүковдун башкаруусунда төрт отрядды камтыган Кара-Кыргыз атчандар полку түзүлөт. Биринчи отряд Гүлчөдө, экинчи отряд Жалпакташта, үчүнчү отряд Көкартта, төртүнчү отряд Базар-Коргондо жайгашкан. Мына ушул Гүлчөдөгү отрядды Кадырбек Камчыбеков жетектеген. Алгач кыргыз атчандар полкунун жалпы саны 1000 дин тегерегинде болгон. Кара-Кыргыз атчандар полку Фергана фронтунун аскердик штабына бирикен.

Совет бийлиги басмачыларга каршы согушта, корбашылардын ортосундагы карама-каршылыктарды кылдаттык менен өз пайдасына чечүү сыяктуу тактиканы пайдалана баштады. М.В.Фрунзенин айлакер амалыин менен "отуз уул" уруусу менен "ичкилик"

ортосундагы илгертен келе жаткан уруулук аралык тирешүүнү, дал ушул Кадырбек Камчыбековдун колу менен Мойдунбек корбашчынын колун талкалап, өзүн 1921-жылы колго түшүрүү тактикасында колдонгон [6.337-340].

**2-сүрөт. Фергана фронтунун аскердик штабында 1922 ж. Сол жакта биринчи отурган штабдын башчысы Д.В.Соколовский (кийин СССРдин маршал чинине жеткен), анын катарында Кадырбек Камчыбеков. Оң жакта биринчи отурган Жамшитбек Карабеков.**



1922 г. В штабе групп войск Ферганского фронта. Слева начштаба Соколовский В. Д. (впоследствии Маршал СССР), рядом с ним Камчибеков Кадырбек.

А.И.Кунindin маалыматы боюнча Кадырбек Камчыбеков 1921-жылы комунисттик партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынган. 1922-жылы январда Гүлчө болуштугунун жалпы чогулушу Кадырбек Камчыбековду Ош уездинин шаардык IV саясий конференциясына делегат кылып жиберген. Кадырбек Камчыбеков Кыргызстандын түштүк аймагында саясий таасирдүү фигурага айлана баштады. Кадырбек Камчыбековдун ыктыярдуу отчандар отрядынын курамы Гүлчө, Жошолу, Корул айылдарында жашаган жергиликтүүлөрдөн түзүлүп, жарым казармалык абалда турган. Отряддын штабы Жошолу айылында жайгашкан. Дайыма 20-25 аскер горнизонунда штабды коргоп турган. Аскердик отряд алгач жергиликтүү калктын  эсебинен каржыланган. Отряддын негизги функциясы стратегиялык ашууларды көзөмөлдөө жана Кытайдан Памир, Эркечтам, Сопу-Коргон аркылуу Фергана аймагындагы басмачыларга келип жаткан курал жарактарды колго түшүрүү болгон. 1930-жылга чейин  Алай, Алайку, Өзгөн аймактарында басмачылар кыймылын талкалоого активдүү катышкан. 1931-жылы Кадырбек Камчыбеков Кызыл Туу ордени менен сыйланган.




**3-сүрөт. Жаныбек казынын отряды (совет өкмөтүнө өткөн учуру). Биринчи катарда солдон 2-Кадырбек Камчыбеков – Гүлчөдө түзүлгөн элдик милиция отрядынын командири, 3- Абдулла Ярмухамедов – Түркстан АССРин ОГПУнун башчысынын орун басары, 4-Жүсүп миңбашы, 5-Мати миңбашы.**

Жамшитбек Карабеков орус-тузем мектебин аяктагандан соң, Казан университетин бүтүрүп, 1902-жылы 15-мартта Мады айылында жайгашкан орус-тузем мектебине окутуучу болуп келген [7.29-30]. Поль Пеллиондун жол күндөлүгү жана Шарьл Нуэттин сүрөттүрдүн алкагында даярдалган китепте, [8.75] ортодогу жигит Асанбектин уулу Мамадалибек экенин (4-сүрөттө) Пеллиондун жол күндөлүгү боюнча аныктадык, деген тыянагын айтышат.



**4-сүрөт. Курманжан датка менен Г. Маннергеймдин ортосунда отурган Жамшитбек Карабеков, 1906-жыл.**

Бирок, биз бул жигит Жамшитбек Карабеков экенин тактадык. Анткени ошол учурда Жамшитбек Курманжан Датканын неберелеринин ичинен жападан жалгыз эң билимдүү, европа маданиятын өзүнө сиңирген инсан болгон. Жамшидбек орус тилин мыкты билген тилмеч катары Курманжан Датканын европалык, россиялык өкүлдөр менен расмий жолугушууларында дайыма жанында болгондугун (4-сүрөт), бир топ тарыхый булактар айгинелеп турат.

Совет бийлигинин алдында Ош уездинин билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалап, уезд боюнча жаңы орус тузем мектептеринин ачылышына жана жадиддик билим берүүнүн жаңы системасын жайылтууда зор эмгек жасаган. Фергана өрөөнү боюнча саясий чөйрөдө кадыр барктуу, билимдүү инсан болгон. Ошондуктан саясий кырдаалга байланыштуу 1917-жылы 28-ноябрда Кокон шаарында өткөн жалпы мусулмандардын чукул чакырылган IV-курултайында, Мустафа Шокай жетектеген Түркстан автономиялык өкмөтүнүн Убактылуу Элдик Кеңешинин мүчөсү болуп шайланган [9, 60]. Кокон автономиясы советтер тарабынан талкаландан кийин, 1918-жылы май айында Ош уездинин революциялык комитетинин административдик бөлүмүн жетектеген, андан соң элдик милиция бөлүмүн башкарган (Ош областынын ички иштер биринчи башкаруучусу). Жамшитбек Карабеков Совет бийлигинин алгачкы жылдарында дайыма Кадырбек Камчыбековду, европалык аскер командирлердин ортосундагы сүйлөшүүлөрдө тилмеч катары коштоп жүргөн (2-сүрөт).

Жамшитбек Карабеков Совет бийлигин кызыл армиянын катарында кызмат учурундагы эрдиктери үчүн революциялык орден жана атайын аскердик курал менен сыйланган.

Эки тарыхый инсандын туулгандыгы тууралу эки ача маалымат бар. Советтик окумуштуу А.И.Кунин Кадырбек Камчыбековду Алай-Гүлчө болуштугунун Жошолу айылында 1882-жылы туулгандыгын маалымдайт. Ал эми профессор Б.Дж.Абдрахманов Кадырбек Камчыбековду 1876-жылы туулган, Жамшитбек Карабеков 1875-жылы туулган (архив №7295), деген маалыматты жарыялаган.

Каардуу репрессия учурунда НКВД тарабынан “тухачевскийдин иши” боюнча бир топ советтик аскер кызматкерлери “антисоветтик тыңчы” жалаасы менен атууга кетти. Бул кандуу процесс Кыргыз ССР ин кызыл армиясын да жалмап өттү. Кыргыз кавалериалык полкунун кыргыз улутундагы 44 аскер кызматкери “социал-туран партиясынын аскердик филиалын” уюштурууга шектелип атылды [10.67]. Мына ушул атылган 44 аскер кызматкерлеринин ичинде биздин эки каарма啋быз да бар эле.

1937-жылы 21-август айында Кадырбек Камчыбеков менен Жамшитбек Карабеков “антисоветтик ишмердүүлүгү” үчүн “эл душманы” катары камака алынып, ошол эле жылы экөө тең 1-ноябрда атылган. 1957-жылы 22-январда реаблитация болушкан (архив №7295) [11.102-125].

Кара-Кыргыз автономиялык облусунун түзүлүшүнө ак кызмат кылган эки тарыхый инсандын өмүр таржымалы, репрессия учурунда жалган жалаа жабылып, баштарынан өткөн оор тагдырынын тарыхы УКМКын (ошол учурда НКВД) архивинде жатса керек. Келечекте тарыхчы окумуштуулар терең иликтеп, изилдейт деген ишенимдебиз.

**Колдонулган булактар:**

1. Кунин А.И. Под алым стягом октября. –Фрунзе, 1985. 73-90 бб.
2. Камерон П. Ликвидация банд Муетдина и Рахманкула. // Чекисты огненных лет. -Фрунзе, 1976. 62-69 бб.
3. Тунтеев Н. Красные кавалеристы Кыргызстана. –Бишкек, 1994.
4. Жаркынбаев Т.Ж. Краткая история басмаческого движения в Ферганской долине (1918-1924 гг.) Архивные документы, материалы, фотографии и комментарий. –Ош, 2024. 34-66 бб.
5. ошол эмгекте 47-48 бб.
6. ЦГА УзССР фонд 17, опис №1, дело №90. Л.337-340.
7. Зулуев Б.Б. XIX-кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшү (Фергана өрөөнүнүн мисалында). –Бишкек, 2019. 29-30 бб. // Педагогика илимдеринин окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты.
8. Гзавье Аллез (илимий редактор) “Француз менен кыргыздын өзгөчө жолугушуусу Алай, 1906-жыл”. –Бишкек, 2024. 75 б.
9. Жаркынбаев Т.Ж. Краткая история басмаческого движения в Ферганской долине (1918-1924 гг.) Архивные документы, материалы, фотографии и комментарий. –Ош, 2024. 60 б.
10. Абдрахманов Б.Дж. Из истории вооруженных сил Кыргызстана (Особенности формирования и деятельность. 1918-1945 гг.) –Бишкек, 2023. 67 б.
11. Абдрахманов Б.Дж. Книга жертв политических репрессий Кыргызской Республики (1920-1953 гг.) V том. –Бишкек, 2021. 102,125 бб.

*   *   *

***Жолдошов Рыскул Жолдошевич***

## КЫЗ АЛА КАЧУУНУН БАШАТЫ ЖАНА АНЫН СЕБЕПТЕРИ

***Жолдошов Рыскул Жолдошевич***

## ПРОИСХОЖДЕНИЕ ПОХИЩЕНИЯ ДЕВУШКИ И ЕГО ПРИЧИНЫ

***Zholdoshov Ryskul Zholdoshevich***

## THE ORIGIN OF THE GIRL'S ABDUCTION AND ITS CAUSES

***УДК. 947:93/398.5***

***Аннотация.*** *Макалада кыргыз элинин ичинде айрым мезгилдерде кезигип жүргөн кыз ала качуу көрүнүшү жөнүндө сөз болот. Азыркы мезгилде кыргыз коомчулугунда “кыз ала качуу” салтпы же кылмышпы деген талаш-тартыш жараткан суроолуу маселе көп жолугат. Бул суроого так жооп бериш үчүн аталган проблемага тарыхый-этнологиялык иликтөө жүргүзүү зарыл. Ошол себептен макалада “кыз ала качуу” кыргыз элинде Россия империясы басып алганга чейин кандай каралган? Орустардын үстөмдүгү бул көрүнүшкө кандай өзгөрүүлөрдү киргизди жана ал совет бийлигинин убагында кандай абалда болду деген суроолорго жооп изделди. Аталган маселе кыргыз фольклорундагы жана архивдик документтердеги маалыматтар менен изилдөөгө алынды. Булактардын ичинен кыргыз санжырасындагы (кыргыздардын оозеки тарыхы) маалыматтар менен белгилүү фольклор жыйноочу Ыбырайым Абдырахмановдун эмгектери өзгөчө орундуу ээледи. Макалада кыргыздардын салттуу үйлөнүү тоюндагы кудалашуу салты кандай жолдор менен кыз ала качууга өткөндүгү,анын өнүгүү процесси көрсөтүлдү.*

***Негизги сөздөр.*** *Үйлөнүү той, никелешүү, кудалашуу, кыз ала качуу, калың берүү, салт, адат, үй-бүлө куруу, кыз-жигит, бешик куда, бел куда, кун.*

***Аннотация.*** *В статье речь пойдет о умыкании невесты, с которой в некоторых случаях и до сих пор сталкиваются кыргызы. В настоящее время в кыргызском обществе часто встречается вопрос о том, является ли “похищение девушки” традицией или преступлением. Чтобы четко ответить на этот вопрос, необходимо провести историко-этнологическое исследование данной проблемы. Поэтому в статье рассматривается вопрос о том, как “похищение девушки” происходило в кыргызском народе до завоевания Российской империей? Были проведены попытки найти ответы на вопросы о том, какие изменения внесло русское господство в это явление и в каком состоянии оно находилось во время советской власти. При исследовании данного вопроса в основном использовались данные кыргызского фольклора и архивных документов. Среди источников особое место занимают труды известного собирателя фольклора Ибраима*

*Абдырахманова и материалы кыргызской санжыры (устной генеалогической истории кыргызов). В статье показано, каким образом кыргызская традиция обручения и традиционная свадьба переросла в похищение девушки, процесс ее развития.*

***Ключевые слова.*** *Похищение невесты, брак умыканием, свадьба, помолвка, традиция, обычай, брак, молодожены, невеста, жених, искупление.*

***Annotation.*** *The article will focus on stealing the bride, which in some cases Kyrgyz still face. Currently, there is a common question in Kyrgyz society about whether "kidnapping a girl" is a tradition or a crime. To answer this question clearly, it is necessary to conduct a historical and ethnological study of this problem. Therefore, the article examines the question of how the "abduction of a girl" took place in the Kyrgyz people before the conquest by the Russian Empire? Attempts were made to find answers to questions about what changes Russian domination had made to this phenomenon and what state it was in during the Soviet era. In the study of this issue, data from Kyrgyz folklore and archival documents were mainly used. Among the sources, a special place is occupied by the works of the famous collector of folklore Ibrahim Abdurakhmanov and the materials of the Kyrgyz sanjyra (oral genealogical history of the Kyrgyz). The article shows how the Kyrgyz tradition of betrothal and traditional wedding turned into the abduction of a girl, the process of her development.*

***Key words.*** *Bride kidnapping, abduction marriage, wedding, engagement, tradition, custom, marriage, newlyweds, bride, groom, redemption.*

Дүйнө калктарындагыдай эле, кыргыз элинин үй-бүлөө куруу салты байыркы доорлордон бери эле жашап келет. Үй-бүлөө куруу же "үйлөнүү" салты адам коомундагы эң байыркы салттардан болуп эсептелинет. Себеби адам баласынын жашоосунун негизги вазипасынын бири "жашоонуу улантуу" болгондуктан, бул салт адам баласы жаралгандан бери карай келе жатат десек жаңылбайбыз.

Кыргыз үй-бүлөсү, жалпы эле башка үй-бүлөлөр сыяктуу, жаралгандан тартып узак мезгилдерге чейин түрлөнүп өзгөрүп келген. Ал коомдук мамилелердеги кайра түзүлүүлөргө байланыштуу кайра өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн башаты эң байыркы доорго, алгачкы жамааттык түзүлүштүн стадиясындагы этникалык жалпылыктарга такалат, ал уруулардын калыптанышынын негизинде кыргыз эли түзүлгөн [2.149].

Кыргыздардын салттуу үй-бүлөө куруу маданияты тээ байыркы орто кылымдарда эле калыптанган. Бирок ислам динин таралышынан улам, өзгөчө XIX кылымдын ортосунан баштап орус империясынын Кыргызстанды басып алуусунан кийинки, чыгыш европалык маданияттын таасиринин негизинде трансформацияланып, өзгөрүүлөргө учураган. Ошондой болсо дагы азыркы мезгилге чейин жеткен үйлөнүү салтынын ичинен, XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башына чейинки каада-салттар, салттуу көрүнүш болуп эсептелинет.

Азыркы учурда кыргыз коомунда жаштардын үй-бүлө куруу процессиндеги "кыз ала качуу" түшүнүгү боюнча көптөгөн талаш-тартыштар өкүм сүрүп келет. Алардын бир жааты кыз ала качууну элдик салт деп эсептешсе, алардын оппоненттери муну коомдогу жат көрүнүш катары баалап, ал эч качан элдик салт болбогон деп талашышат. Ошондон улам бул чакан баяндамабызда "кыз ала качуунун" башаты жана анын себептерине токтолууга аракет кылмакчыбыз.

Кыз ала качуу көрүнүшүнөн мурун, кыргыздардын үйлөнүү салты кандай болгон, деги көчмөн бабаларыбыз кантип түтүн булатышкан деген маселеге кайрылсак туура болчудай. Кыргыз элинин үйлөнүү салты боюнча өтө бай фольклордук маалыматтар, Россия империясынын администрацялык бийлигинин архивдик материалдары жана изилдөөчүлөрдүн көптөгөн эмгектери бар.

Патриархалдык мамилелер менен чырмалышкан кыргыздардын салтында калың берүү никелешүүнүн башкы шарттарынын бири болгон. Кыргыздардын калыңы негизинен малдан турган. Байларда ал көп учурда тогуздап эсептелген. Калыңдын өлчөмү көпчүлүк учурларда күйөө менен колуктунун ата-энелеринин социалдык жана мүлктүк абалына жараша болгон. Манаптарда жана чоң байларда ал өтө зор өлчөмдөргө жетип, калктын жакыр бөлүгүнүн ичинде кээде бар болгону бир канча баш малга чейин төмөндөгөн. Калың же сеп берүүдө күйөөнүн жана колуктунун урукташ тууган-туушкандары бүт катышкан. Адатта күйөө баланын туугандары калың төлөөдө ага материалдык жардам берүүнү талкуулоо үчүн бир канча жолу бирге чогулушкан. Колуктуга берген септин өлчөмү да абдан өзгөрүп турган. Ал төлөнгөн калыңга түздөн-түз байланыштуу болбосо да, бирок кандайдыр-бир өлчөмдө сеп менен калыңдын ортосундагы теңдештик сакталган. Бай ата-энелер мурда өзүнүн кызын кийим-кече жана үй эмеректери менен гана камсыз кылбастан, сеп катары боз үй, ат берип, колукту ал атка минип өзүнүн күйөөсүнүн үйүнө жөнөп кеткен. Кембагалдарда болсо, Гродеков белгилегендей, «алачык да, унаа мал да беришкен эмес, жаңы үйлөнгөндөр жөө-жалаңдап жөнөшкөн» [3.84].

Никелешүүнүн өткөн убактагы эң көп жайылган түрлөрү али төрөлө элек балдарга ата-энелеринин куда түшүшү - бир-бирине карата бел куда болушу, ошондой эле көп учурда ал түгүл бешиктеги наристе балдарын ата-энелердин кудалашы, мындай учурларда бешик куда мамилелери келип чыккан. Бул эки форма тең кандайдыр-бир даражада «калыңдык» никенин басымдуулук кылышы менен байланыштуу болгон. Эки учурда тең калың төлөнгөн, ал эми аны төлөө көп жылдар бою, колуктунун күйөөсүнүн үйүнө кирген учуруна чейин созулган [2.156-157].

Адат боюнча кыргыздар уулу же кызы бой жеткенде кудалашкан. Мындай учурларда көбүн эсе уландын ата-энеси уулун бой жеткен кыздары бар айылдарга барып, кыз тандоосун талап кылышкан. Муну “кыз жактыруу” деп атап коюшат. Күйөө болчу бала жактырган кызын айтып келгенде, кыздын ата-энесине жуучу жиберишкен. Кызга куда болууга арачы түшкөн адамды “жуучу” дешкен. Кыргызда: Элчиликке өлүм жок,

Жуучулукка кордук жок,– дегеген ылакап сөзү бар [1.140]. Кудалашууда социалдык абалына карата мамиле түзүшкөн. Үйлөнүү маселесинде негизги чечимди уулдун болсун же кыздын болсун атасы кабыл алган.

Жуучу барып, эки жактын туугандары жолугушуп кудалашканда алгач ирет калың жана ага жараша сеп берүү маселери чечилгенден кийин, кызга сөйкө салуу каадасы өткөрүлгөн. Бул салт кыздын башы бош эмес, кудалаган жери бар деген маанини билдирген. Сөйкө салуу каадасынан кийин күйөө тарап калың малын бере баштаган. Качан калың толук төлөнүп бүткөндөн кийин гана үйлөнүү тоюу өткөрүлгөн. Албетте, сөйкө салуу каадасы менен үйлөнүү тоюна чейинки мезгилде бир катар каада-салттар, ырым-жырымдар аткарылган.

Үйлөнүү той кыздын ата-энесинин үйүнөн башталган. Калыңды толук төлөп бүткөндөн кийин күйөөнүн ата-энеси баш болгон тууган-туушкандары бүт бойдон кызды алып кетүү үчүн кудасынын үйүнө түшкөн. Кыздын ата-энеси үйлөнүп жаткандарга арнап, түндүк көтөрүп жаңы үй тигишкен. Кыз узатуу тою бир нече күнгө созулуп, көптөгөн ырым-жырымдар жасалган. Кызды “эртең аткарат” деген күнү, жаштарга нике кыйылып, күйөө менен кызды бирге жаткырышкан. Көшөгөнүн тышында күйөө жана кыз тараптан

өкүл болуп бир канча зайыптар отурушкан. Алар күйөө-колукту кошулган шейшепти чырак жарык кылып карап көрүшкөн. Иш ак болсо кайын энелерге сүйүнчү айтылган. Иш ордунда болбосо, күйөө кетем деп, ортого кишилер түшүп тартуу тартып жарашкан [1.146-147]. Айрым учурларда кызды албай үйүнө калтырып, үйлөнүү тою токтотулган. Мындай болгондо кыздын ата-энеси айыптуу болуп, кудалардын калыңын кайтарып берүүгө милдеттүү болушкан [9. 12].

Кызды туугандары шаан-шөкөт менен узатышкан. Аялдар кыз узатуу кошокторун кошуп коштошкон. Кыз атасынын үйүнөн каалаган атын минип узаган. Кудалар келинди алып бир аз жерге жеткенде аны аттан түшүрүп, бетин жуудуруп, кыздын башына шөкүлө кийгизип, кайра жолун улантышкан [1. 147]. Күйөөнүн атасы айылына келгенде жаш үй-бүлөгө арналып жаңы өргөө көтөрүлгөн жана малдар союлуп, той башталган. Келинди кайын атасынын үйүнөн баштап бардык туугандары отко киргизүү салтын жасашкан. Эл тойго келин көрүүгө келишкен жана бир катар ырым-жырымдарды жасашкан. Келинди кайын атасынын үйүнө отко киргизип жатканда, күйөөгө да, кызга да өкүл ата дайындалган. Күйөөгө кыз атасы тарабынан, келинге уул атасы жагынан өкүл ата дайындалган [1. 149].

Кыргыздардын салттуу үйлөнүү шааниси кыскача ушундай шартарда аткарылып келген. Ал эми кудалашпай “кыз ала качуу” кантип, кандайча пайда болгон, анын келип чыгыш себептерин карап көрөлү.

Кыргыз элинин үйлөнүү салты кудалашуу жолу менен жүргүзүлгөндүгүнө жогоруда кыскача токтолдук. Кудалашууда албетте, үй-бүлө курууну максат кылган жаштардын каалоолоруна карата иш жүргүзүлгөн. Бирок патриархалдык кыргыз коомунда эркектин каалоосу биринчи орунга коюлуп, кыздын оюуна анча маани берилген эмес. Үйлөнүүдөгү эң башкы чечимди ата-эне, тактап айтканда үй-бүлө башчысы – ата кабыл алган. Аталар тарабынан жаштар бирин-бири билбеген мезгилде эле “бел куда” же “бешик куда” болушуп, келечек үй-бүлө куруу маселеси алдын-ала эле чечилип калган. Мындан тышкары калың алуу же социалдык түрдүү жагдайларга карата, жаштардын ой-пикири эске алынбаган учурлар дагы болуп келген. Ушундай себептерден улам айрым учурларда үйлөнө турган жаштар кудалашкан ата-энелерине түрдүү каршылыктарды көргөзүшкөн. Көпчүлүк мезгилде колукту ала турган күйөөсүнө ичи чыкпай калганда, мүмкүнчүлүгүнө жараша башка көңүлүнө толгон эркек менен убадалашып качууга аракет кылган.

Мына ушундай турмуштагы түрдүү кырдаалдарга жараша, сөйкө салып, кудалашып койгон кызды ала качуу болсо, аларга каршы жигиттин дагы, кыздын дагы тууган, уругу бүт көтөрүлүп чыгып, чабыш башталган. Мисалы алгачкы кыргыз фольклор жыйноочуларынын бири Ыбрайым Абдрахманов: “XIX кылымдын 60-70-жылдарына чейин күйөө кызды ала качуу деген бир да болбогон. Эгер кокусунан бир ала качуу боло калса, эки айыл же эл (уруу-уруктар Р.Ж.) жасоо (аскер Р.Ж.) курашып, жылкы алышып, эр өлүшүп чоң калаба (согуш Р.Ж.) чыккан”,- деп эскерет [1.140]. Бул фактылар көргөзүп тургандай, “кыз ала качуу” кыргыз элинин кудалашуу салтына каршы турган, салтты бузган коомдук көрүнүш катары кабыл алынган.

Кудалашуу салтына каршы чыгып, кызды ала качуу кыргыз элинде катуу жазаланган. Кыз ала качкан адам колго түшүп калса, анда салт боюнча күйөө дагы, кыз дагы өлтүрүлгөн. Буга мисал кыргыз фольклорунда арбын кездешет. Алсак, кыргыз элинин баа

жеткис рухуный мурасы болгон “Манас” үч илтигинде да бул көрүнүш тууралуу эпизоддор бар. Кыргыздын башкаруучусу Манас баатыр Оогондук Акун хан менен балдары төрөлө элек мезгилде эле “бел куда” болушат. Тактап айтканда Манас баатырдын уулу Семетей Акун хандын кызы Айчүрөк менен “бел куда” болуу жолу менен кудалаштырылган. Алар бой жеткенде Манас баатырдын аталаш тууганы болгон Шыгайдын уулу Чынкожонун тукуруусу менен Эр Багыштын уулу Толтой  Акун хандын шаары Үргөнчкө кол салат. Ал Семетейге кудалашып койгонуна карабастан, Айчүрөктү алам деген талап коёт. Кудалашкан колуктусун бошотуп алуу үчүн Семетей Толтой менен согушат. Согуштун акыры кудалашкан кызды алабыз деп келген Толтой менен Чынкожонун өлүмү менен аяктайт.

Ал эми дагы бир кыргыздын элдик чыгармасы болгон “Олжобай менен Кишимжан” эпосунда кыз ала качуу окуясы терең берилет. Чыгармадагы окуя, сюжет Олжобай менен Кишимжандын сүйүүсүнүн тегерегине топтолгон. Эки жаш бири-бирине кошулууга жан-дили, бардык күчү менен аракеттенет. Алар элдик кудалашуу салтына каршы чыгышып, өз сүйүүсүнө жетиш үчүн өлүмдөн дагы жалтанышпайт. Эпостун аягы сүйүшкөн эки жаш Олжобай менен Кишимжандын кайгылуу өлүмү менен бүтөт. Мында эки инсандын ортосундагы жалындаган сүйүү канчалык чоң болбосун, элдик кудалашуу салтынын курмандыгы болгондугу көргөзүлгөн.

Ушундай эле “ Кыз-күйөө” жөнүндөгү кыргыз легендасы айтылып калган. Качандыр бир мезгилде Ысык-Көл тарапта жашаган элдин ичинен эки жаш бири-бирине абдан ашык болуп калышат. Алардын сүйүүсүнө карабастан кыздын кудалашкан жери болгон. Акыры алар өз сүйүүлөрүнө жетиш үчүн элден качып чыгышат. Башкача айтканда жигит кызды алып качат. Качкындар Чүй өрөөнүн карай бет алышат. Алардын качып кеткендигин туйуп калган кудалаган күйөө тараптын жана кыз тараптын дагы туугандары алардын артынан куугунга түшөт. Кууугунчулар жигит менен кызга Боом капчыгайына келгенде жете келишип, аларды колго түшүрүшөт. Кудалашуу салтын бузгандыгы үчүн экөөнө тең өлүм жазасы чыгарылат. Жигитти бир коктунун, кызды экинчи коктунун башына алпарып мууздашат. Аларды мууздаганда чыккандагы кан тийген жерден булак чыгып, эки коктудан агып чыккан суу капчыгайга кире берген жерден кошулат. Муну көргөн эл жигит менен кыз акыретте кошулду дешип, булак аккан жерди “Кыз-күйөө” деп атап калышкан.

Элдик улмыштарда кудалашуу каада-салтын бузгандарды өлтүрүп жазалагандыгы тууралуу көп эле маалыматтар берилет. Кудалашуудан чыккан пикир келишбестиктердин айынан, кыз ала качуу болгондугу тууралуу белгилүү кыргыз акыны Аалы Токомбаев өзүнүн “Күүнүн сыры” чыгармасында эң сонун көркөмдөө менен ачып берген. Эгерде кызды ала качкан жигит аман-эсен кутулуп кетсе, алыскы бөтөн элге барып кошулуп, ал жерде түбөлүккө калган. Туугандарынан бөлүнүп башка урууга барып кошулган киши, ал жерде эң төмөнкү социалдык орунду ээлеген. Башкача айтканда ал өзүнүн уруусунун атын атабастан, барган уруунун атагын алган. Ошондой эле ал бийлик институттарына киргизилген эмес. Андай адамдарды тентип келген тексиз, кул деп кемсинтип айтып турушкан.

Кыз ала качууда кызды алып качкан тарап тектүү жер болуп, колунда бийлиги, байлыгы жана эли көп болсо, анда кызды алдырып ийген тарап (кудалашкан күйөө менен кыздын тууган-туушкандары) менен кыз ала качкан тараптын ортосунда кандуу согуш

болуп, кишилер өлгөн. Мындай кагылышууларды токтотуу үчүн ортодо сүйлөшүүлөр жүргөн.

XIX кылымдын ортосунда, тактап айтканда 1842-жылы өз алдынча кыргыз мамлекетин түптөп баштаган Ормон хан бийликке келгенде, кыргыз урууларынын мындай чыр-чатактарын жөнгө салуу үчүн мыйзамдарды кабыл алган. Ормон хандын алгачкы "жардыктарынын " (указдарынын) ичинде кудалашкан кызды ала качкандарды тыюу жана андай окуя болсо ала качкан адамды өлтүрбөстөн, анын ордуна айыпка тартуу маселеси каралган. Ормон хандын мындай мыйзамдары эл ичинде "Ормон окуу" деген ат менен айтылып калган. Мында адамды өлтүрүүгө, кайыны бар кызды ала качууга, уурулук кылууга ж.б.у.с. тыюу салган чараларды караган. Мисалы, адам өлтүргөнгө 300 жылкы кун төлөнгөн, кайыны бар кызды ала качса 40 жылкы, ууру кылса 9 жылкы айып тарткан [7: 58]. Мына ушундай чаралардан кийин эл ичинде кайындуу кызды ала кача турган болсо бийге салынып, ала качкан тарап үч (3) тогуз (9) айыпка жыгылган. Алып кеткен тарап кызды кайтарып берген [9.12].

Ала качып кеткен кызды айыпка жыгылгандан кийин кайтарып бергендик тууралуу атактуу Балыкооз манасчы Байтик баатыр жөнүндөгү маалыматында жакшы көрсөткөн. Балыкооз: "Байтик деген чыгыптыр деп даңкы таш жарат. Сарттын улугуна карабайт экен, өз билгенин кылып жатыр деген элдин сөзү Коконго да угулуптур. Байтик Чымкенттин улугунун келини экен (кайындап койгон Р.Ж.), Чаткалда кытай уруусунун кызы экен, Аккыз деген кызды айлына келип, Байтик тартып алып кетиптир. Ал Аккызды агасы Бүтөштүн баласы Байсабага алып бериптир деген кеп тарады. Муну Ташкенден Бучукбек кушбеги келет экен, Байтикти өлтүрөт экен экен деп, ушинтип дүңкүлдөгөн сөз эл ортосунда болуп жатты",- деп баяндайт. Андан ары ал Бучукбек кушбеги Байтикти чакырып жыйын кылып, анын маселесин карагандыгын айтат. "Бир убакта Байтик да чыкты үйдөн, Бучукбек да чыкты. Өлтүрөт деп турган эл. Бучукбекке адам өлтүрүш боктон оңой экенин мурун көрүп калган эл эмеспи. Бучукбектин кантер экен деп турган. Бучукбек арызданууучуларды атап, Байтикте акың барың өзү менен сүйлөшүп, атың барың тай ал, тайың барың кой ал деди. Байтик баягы элдин акысын улук айткандай кылып, бүтүрүп бере-бере үч күндө тындырды. Аккызды кайтарып берди Байтик" [11.205-206]. Бул жерде кайындап койгон кызды Байтик ала качып алып, иниси Байсабага алып бергендигине карабастан, аны кайтарып бергендиги абдан даана айтылган.

Мына ушул сыяктуу маалыматтар кыргыз элинин ичине "кыз ала качуу" салт эмес экендигин күбөлөйт. Ал кудалашуу салтына каршы чыккан айрым бир көрүнүштөрдөн пайда болуп, бирок эл тарабынан колдоого алынган эмес. Бирок бул көрүнүш кантип элге тарай баштаган? Бул суроого ошол эле XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын биринчи жарымында жашап өткөн алгачкы кыргыз интеллигенциясынын өкүлү Ыбрайым Абдрахманов минтип жооп берет: "XIX кылымдын 60-70-жылдарына чейин күйөө кызды ала качуу деген бир да болбогон. Эгер кокусунан бир ала качуу боло калса, эки айыл же эл жасоо курашып, жылкы алышып, эр өлүшүп чоң калаба чыккан. Кыргыз эли Россия падышалыгына карап баш ийгенден баштап, кыз ала качуу, ал турсун кызды үйүнөн тартып кетүү, кайындуу кыздарды да башка кишилер ала качуулар көбөйгөн" [1: 140]. Мында белгиленгендей Россия империясынын кыргыздарды басып алууларынан

кийин, алардын администрациялык башкарууларынын таасири менен элдик каада-салтарга да өзгөрүүлөр кирип баштагандыгын көрөбүз.

Чыгыш европалык маданиятты алып жүрүүчү орустардын үстөмдүгү, көчмөн кыргыз коомунун көп жактарына таасир берип, өзгөрүүлөргө алып келгендиги белгилүү. Алардын арасында патриархалдык мамилелерге негизделген кыргыздардын кудалашуу салты дагы бузулууларга туш боло баштаган. Башкача айтканда кайындап койгон кызды кимдир бирөө ала качып кетсе, эми мурдагыдай элдик адат менен гана соттобостон, араздашкандар орус бийлигине кайрылышкан. Анын жыйынтыгында эски салттуулук эске алынбастан, орус администрацялык мыйзамдар аткарыла баштаган. Бул болсо кыргыздардын салттарына өзгөрүүлөрдү киргизген. Ошентип кайыны бар кызды ала качуу акырындап көбөйө баштайт.

Кыз ала качуунун күч алышы албетте Совет бийлигинин мезгилине туура келет. Советтик идеология боюнча СССРде жашаган бардык калктарды орусташтыруу аракети жасалган. Коммунисттик идеяга жамынган совет бийлиги, СССРдеги түрдүү улуттар акырындык менен жоюлуп “совет элин” түзөт деген саясат жүргүзгөн. “Совет элинин” өзөгөгүн албетте орус эли, орус маданияты жана орус тили түзмөк. Орустардан башка элдердин каада-салты, үрп-адаты, маданияты жана тили эски замандын калдыгы катары эсептелиген. Анын ичине кыргыздардын маданияты дагы эски гана маданият болбостон, бай-манаптык феодалдык калдык болуп калган. Ошондуктан кыргыздардын үйлөнүү салтындагы кудалашуу салты айрыкча жерилип, калың алууну кызды сатып жатканага теңтештирилген. Мындай салтты колдонгон адамдар, айрыкча советтик чиновниктерге катуу кысым көрсөтүлгөн.

Балдарын үйлөндүргөн кыргыз чиновниктери, элдик салтты колдонсо, алар эски феодалдык заманды көксөгөн, совет бийлигине каршы чыккан адам катары эсептелинген. Андай адамдар кызматтан алынган же төмөндөтүлгөн. Кызматтык карьерасын сактап калуу үчүн кыргыз улутундагы мамлекеттик чиновниктер кыргыздын салты боюнча балдарын үйлөнтүүдөн кача баштаган. Кыргыздын үйлөнүү салтын феодалдык эски калдык катары пропагандалоо бардык мезгилдик басылмаларда, теле-радио берүүлөрдө жана ошондой эле окуу жайларында кеңири масштабда жүргүзүлгөн. Мына ушундай иш чаралардын натыйжасында өзүн маданиятту санаган инсандар жана интеллигенциянын өкүлдөрү эски салттан качып, заманбап жаңы салтты колдоого алаышкан. Жаңыча той өткөрүү “комсомолдук той” (“комсомольская свадьба”) деп аталган. Бул той, 1960-жылдардан тартып жайылып, маңызы боюнча орустун үйлөнүү тоюуна (русская свадьба) негизделген.

Кыргыз коомунун жогорку катмары салттуу үйлөнүү тойдон акырындык менен баш тарта баштагандыгы, жалпы коомго таасирин тийгизген. Кудалашуу кескин кыскарганы менен калың берүү тымызын  жүрөн. Бул процесс өзгөчө Кыргызстандын түндүк аймагында жашаган калктын ичине тездик менен тарай баштаган. Бийликтен корккон чиновниктердин арасында балдары үйлөнгөндө, биз кудалашкан жокпуз, келинди же кызды ала качып алды деген шылтоо модага айланат. XX кылымдын 70-80-жылдарынан тарта “кыз ала качуу” салт катары карала баштаган. Ушундай себептерден улам кыргыз элинин үйлөнүү салты трансформацияланып, өзгөрүүлөргө учураган. Албетте кудалашуу

салты толук жок болгон эмес. Элдин калың катмарында, алыскы региондордо кудалашуу, калың бычышуу менен кайындап үйлөнтүү салты аткарыла берген.

Кыргыз элинин коомундагы кыз ала качуунун пайда болушуна жана анын күч алышына бир катар факторлор себеп болгон:

1. Турмуштук шарттар жана социалдык карама-каршылыктар.
2. Орус империясынын Кыргызстанды басып алуусу менен кошо алардын европалык маданияты, каада, салтарынын таасиринде жергиликтүү элдин маданияты, анын ичинде үйлөнүү салтында дагы өзгөрүүлөр.
3. Үйлөнүү салтындагы “кыз ала качуунун” күч алышына советтик саясаттын ролу.

Кыргыздардын ата-бабаларынын көчмөн коомунда “кыз ала качуу” коомдогу жат көрүнүш катары бааланып, ал ууру кылган кылмыш катары эсептелинген жана жазаланган.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**


1. 1.Абдрахманов Ы. Тарыхый-этнографиялык мурас (Кол жазмалар). – Б., 2021. – 232 б.
2. 2.Абрамзон С. М. Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары//Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б., 1999. – 896 б. – Б:7-275.
3. 3.Гродеков Н. Киргизы и каракиргизы Сыр-Дарьинской области. Т. I. Юридический быт. Ташкент, 1889.
4. 4.Дыренкова Н. П. Брак, термины родства и психические запреты у киргизов. (По материалу, собранному летом 1926 г. в Нарынском районе Семиреченской обл.). Сб. этногр. материалов, № 2, Л, 1927.
5. 5.Джумагулов А. Семья и брак у киргизов Чуйской долины. Ф., 1960. – 96 с.
6. 6.Жамгырчиева Г.Т. Баатырдык үйлөнүү – “Манас” эпосундагы архаикалык мотив катарында//Кыргызско-узбекский университет “Наука, Обраказование, Техника” /Материалы республиканской научно-практической конференции «Государственный язык – основа нации» 6 июня 2014 года : Международный научный журнал, Выходит четыре раза в год № 3 (49), 2014 (Спец.в.). – Ош-2014. – Б: 120-124.
7. 7.Жолдошов Р. Ормон хан баяны//Кыргызстандын тарыхы боюнча методикалык көрсөтмөлөр жана программалык окуу куралы. (Методикалык окуу курал).– Б., 1994. – Б: 51-82.
8. 8.Загряжский Г. С. Кара-киргизы (этнографический очерк)//Туркестанские ведомости, 1874, №44.
9. 9.Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. – Б., 2003. – 448 б.
10. 10.Ташалиева М. М. Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты (XIXк. аягы - XXк. башы). 07.00.07. Этнография, этнология жана антропология Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Илимий жетекчи: т.и.д., профессор Асанканов А.А.– Б., 2021.
11. 11.Тургумбек Алымбек уулу. Балыктын өмүр баяны тууралуу атамдын аңгемеси (Кол жазма), КР УИА, КЖФ № 364 (1165) Кыргыз урууларынын чыгышы жөнүндө (Балыктын санжырасы).
12. 12.Шенгүн Асил Музаффер. Кыргыз жана түрк адабияттарындагы каада-салт ырларынын көркөм-эстетикалык функциясы 10. 01. 01 - кыргыз адабияты 10.01.09 – фольклористика.- Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын Авторефераты. – Б., 2016.


* * *

***Зулпуева Рабы Жаңыбаевна***

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАРАНДЫК КООМУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**Зулпуева Рабы Жаңыбаевна**

# ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ КЫРГЫЗСКОГО ГРАЖДАНСКОГО ОБЩЕСТВА

**Zulpueva Raby Zhanybaeva**

# THEORETICAL FOUNDATIONS OF CIVIL SOCIETY IN KYRGYZSTAN

***УДК.94.34***

***Аннотация.*** *Изилдөөнүн предмети кыргыз жарандык коомунун теориялык негиздерине антикалык мезгилден, азыркы учурга чейинки окумуштуулардын илимий теорияларына анализ берүү. Изилдөөнүн максаты Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптанышында илимий теориялык процесстердеги өнүгүү этаптарына тарыхый баа берүү. Изилдөөдө негизинен салыштырма усулдар колдонулду, ошонун негизинде кыргыз жарандык коомунун калыптанышы боюнча жыйынтыктарга ээ болууга шарт түзүлдү. Жыйынтыкка жетишүү үчүн илимий баалуулуктардын маанисин грек жана рим ойчулдарынын илимий аныктамаларын, орто кылымдардагы ойчулдардын эмгектерин жана жаңы доордогу жазуучу жана саясий ишмер Никколо Макиавеллинин тыянактарына тарыхый сереп жасалды. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси жогорку окуу жайларда илимий кызматкерлерге,мектептерде окуучулардын жарандык активдүүлүгүн жогоорулатууга илимий-усулдук жактан колдонууга өбөлгө боло алат. Жогорудагы теманы изилдөөнүн перспективалык жагы азыркы учурдагы жарандык коомдун илимий түшүнүктөрүн, жарандык коом боюнча теорияларды жана гипотезаларды, кыргыз жарандык коомунун калыптанышынын теориялык негиздерине тарыхый сереп берүү менен Кыргыз Республикасындагы жарандык коомдун ролун жогорулатууга, мамлекет менен биргеликте иш алып барууга негиз болууга мүмкүнчүлүк берет.*

***Негизги сөздөр.*** *Полития,этика,жарандык коом, полис,корпорациялар, утопиялык социализм, суверендүүлүк,трактат.*

***Аннотация.*** *Предметом исследования является анализ теоретических основ гражданского общества Кыргызстана с древнейших времен до современности. Цель исследования историческая оценка этапов развития научно-теоретических процессов формирования гражданского общества в Кыргызстане. Цель исследования историческая оценка этапов развития научно-теоретических процессов формирования гражданского общества в Кыргызстане. В исследовании преимущественно использовались сравнительные методы, и на основе этого удалось получить результаты по формированию гражданского общества Кыргызстана. Для подведения итогов был сделан исторический обзор научных определений греческих и римских мыслителей, работ средневековых мыслителей, выводов Никколо Макиавелли – писателя и политика новой эпохи. Практическая ценность полученных результатов может быть использована исследователями в высших учебных заведениях и школах для повышения гражданской активности студентов. Перспективный аспект исследования вышеуказанной темы дает возможность повысить роль гражданского общества в Кыргызской Республике путем предоставления исторического обзора научных концепций гражданского общества, теорий и гипотез гражданского общества, теоретических основ формирования кыргызского общества. гражданское общество и работать вместе с государством.*

***Ключевые слова.*** *Политика, этика, гражданское общество, полис, корпорации, утопический социализм, суверенитет, трактат*

***Abstract.*** *The subject of the study is the analysis of the theoretical foundations of the civil society of Kyrgyzstan from ancient times to the present. The purpose of the research is historical assessment of the stages of development of scientific and theoretical processes in the formation of civil society in Kyrgyzstan. The purpose of the research is historical assessment of the stages of development of scientific and theoretical processes in the formation of civil society in Kyrgyzstan. Comparative methods were mainly used in the study, and based on this, it was possible to obtain results on the formation of civil society in Kyrgyzstan. To summarize the results, a historical review of scientific definitions of Greek and Roman thinkers, works of medieval thinkers, conclusions of Niccolò Machiavelli - writer and politician of the new era was made. The practical value of the obtained results can be used by researchers in higher educational institutions and schools to increase the civic activity of students. The perspective aspect of the study of the above topic gives an opportunity to increase the role of civil society in the Kyrgyz Republic by providing a historical overview of scientific concepts of civil society, theories and hypotheses of civil society, theoretical foundations of the formation of Kyrgyz society civil society and work together with the state.*

***Key words.*** *Politics, ethics, civil society, policy, corporations, utopian socialism, sovereignty, treatise*

Жарандык коом жөнүндө алгачкы түшүнүктөр байыркы грек жана рим ойчулдарынын эмгектеринде эле жолугары маалым. Байыркы грециялык ойчул Платон (б.э.ч. 428-348-жж.) жарандык коомдун идеалы катары Спартаны эсептеп, бирок, жарандык коом менен мамлекетти бөлүп караган эмес. Бул эки түшүнүктү ал бир беткей коом – полис катары түшүнгөн.

Ал эми Аристотель (б.э.ч. 384-322-жж.) болсо, улуу муундагы өзүнүн окутуучусу Платондун окуусун улантып, Афина шаар-мамлекетинин жана Македониянын мисалында бир катар теориялык пикирлерди айткан. Ал "Полития" жана "Этика" деген эмгектеринде мамлекеттик башкаруу институттары, үй-бүлө, коомдук чарба жана руханий-маданий уюмдарды да талдаган. Бирок, теориялык жактан ал баары бир Платондун пикиринде калган да, жарандык коом менен мамлекетти бирдей эле тегиздиктеги түшүнүк катары кабылдап келген [1.68-б].

Рим ойчулу Марк Туллий Цицерон (б.э.ч. 106-43-жж.) мамлекет жөнүндөгү грек окумуштууларынын пикирлерин кайталап, бирок алардан айырмаланып, мамлекет жарандык коомдон түздөн-түз келип чыкпайт, ал элдин ишеним көрсөтө турган кандайдыр бир уюмга болгон зарылдыктан пайда болот, негизги максаты жарандардын мүлктүк жана укуктук кызыкчылыктарын коргоо болуп саналышы керек деп эсептеген.

Орто кылымдарда өзүн-өзү башкарууга өткөн коммуналар, соода гильдиялары, кол өнөрчүлүк корпорациялар, саясий, диний жана руханий маанидеги коомдор жана уюмдар түзүлгөн. Бирок алар субъект катары “жарандык коом” түшүнүгүнө киргени менен, конкреттүү аныктама берилген эмес. Ошентсе да орто кылымдык ойчулдар: IV кылымда Түндүк Африкадан чыккан христиан тарыхынын негиз салуучусу Аврелий Августиндин, XIV кылымда жашаган италиялык теолог жана философ Ф.М.Аквинскийдин жана башкалардын чыгармаларында жарандык коом тууралуу пикирлер айтылгандыгын белгилөөгө болот.

XVII-XVIII кылымдардан башталган жаңы доордо гана италиялык ойчул, философ, жазуучу жана саясий ишмер Никколо Макиавелли (1469-1527) өзүнүн мамлекеттик башчылар жөнүндөгү чыгармаларында, Италиялык философ жана жазуучу, утопиялык социализмдин алгачкы өкүлү Т. Кампанелла (1568-1639) аталган утопиялык “коомунизмдин жашоосун” сүрөттөгөн “Күн шаары” деген китебинде жарандык коом жөнүндө station аздыр көптүр так ойлорду айта башташкан.

Ал эми кеч орто кылымдардагы европалык ойчулдар тарыхый фактыларга негизделген аныктамаларды бере башташкан. Антикалык мезгилдеги “жаран”, “жарандуулук”, “мамлекеттүүлүк”, “саясат” түшүнүктөрүнө жаңы, конкреттүү түшүндүрмөлөр менен камтылган илимий чыгармаларды жазышкан. Алардын ичинде нидерландиялык ойчул Гуго Гроций (1583-1645-жж.) өзүнүн 1620-жылдары жазылган "Согуш жана тынчтык укуктары” аттуу трактатында адам коому мамлекеттик түзүлүшкө табигый өнүгүү эволюциясынын натыйжасында гана өтөт, мындай “теңсиздик абалга” келүү менен жарандар мамлекеттик уюм менен келишим түзүүгө мажбур болушат деп жазып, ал “мамлекет менен жарандык коомдун келишими” деген теорияга негиз салган.

Кийинчерээк жарандык коом жөнүндө окуунун өнүгүшү либералдык мүнөздөгү пикирлер менен коштолуп, ойчулдар Т. Гоббс менен Дж. Локк “жарандык коом” бул адамдардын табигый өнүгүүсүндөгү сапаттык өзгөрүү, цивилизациялык көрүнүш

экендигин жазган. Англиялык саясий ойчул Томас Гоббс (1588-1679) "Жаран жөнүндө" аттуу эмгегинде күчтүү жана бирдиктүү мамлекетсиз жарандар жакшы жашай албайт деген тыянакка келген [183]. Ал эми Джон Локк (1632-1704-жж.) "мамлекеттик үстөмдүккө негизделген бийликти" абсолютташтырып, натыйжада "жарандык коомду" жокко чыгарган. Ал коомдо эң жогорку суверендүүлүк деп мамлекеттик эмес институттары жакшы иштеген коомдуу атап, мамлекет убактылуу гана субъект катары таанылат деп түшүнгөн.

Француз ойчулу Ш.Л. Монтескье (1689-1755) өзүнүн «Мыйзамдардын маңызы жөнүндө" деген чыгармасында жарандык коом менен бийликти бөлүштүрүү керек, жарандык коом өзүнүн жарандык мыйзамдары менен, ал эми мамлекет болсо өзүнүн саясий мыйзамдары менен жашап турушат, мыйзамдардын эки түрү тең зарыл, эгер бирөөсү жок болсо анда коом баш-аламандыкка тушугат деп эсептеген. Коомдук келишим теориясын андан ары улап дагы бир француз ойчулу Ж.Ж. Руссо (1712-1778-жж.) элдик суверенитет жана демократия жөнүндө окуусун түзүп чыккан. Мында ал демократия жолу менен гана жашоого мүмкүн деген тыянакка келген.

XVIII кылымдын ичинде жана XIX кылымдын башталышында бир катар европалык жана америкалык коомдук илимдердин өкүлдөрү жарандык коом менен мамлекеттин арасындагы мамилени изилдей башташкан. Алардын арасынан көрүнүктүүлөрүнүн бири немец агартуучусу Вильгельм Гумбольдт (1767-1835) өзүнүн "Мамлекеттин ишмердигинин чектерин аныктоо тажрыйбасы" деген эмгегинде мамлекет сөзсүз түрдө куралышы зарыл эмес, ал тек гана адамдардын укуктарын, жарандардын кызыкчылыктарын камсыз кылып туруучу каражат катары кызмат кылат деп эсептеген [4.78-б].

XVIII кылымдын акырындагы жана XIX кылымдын башындагы европалык, америкалык жана кай бир азиялык мамлекеттердин тажрыйбасы жогор жакта айтылган ойчулдардын пикирлерин ырастады. 200 жыл чамалуу созулган евразия тарыхында кубаттуу мамлекеттик бийлик менен жарандык өз алдынча башкаруу консенсуска келмейинче коомдук жашоо бузула берери далилденди. Азыркы заманбап демократиялык өлкөлөр ушул тарыхый тажрыйбанын акыбети болду деген тыянак туура деп ойлойбуз.

XVIII-XIX кылымдарда "мамлекет", "өлкө", "үй-бүлө", "уруу", "урук", "эл", "улут" жана башка түшүнүктөр менен бирге эле "жарандык коом" түшүнүгү коомдук өнүгүүнүн белгилүү бир баскычы катары философиялык, жана башка коомдук илимдердин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн негизги изилдөө предмети болуп калган. Алардын ичинде "жарандык коом" түшүнүгүнө алгачкы аныктама бергендердин бири Иммануил Кант (1724-1804) болгон. И.Канттын оюу боюнча жарандык коом төмөнкү белгилерден куралат: 1. Адамдын коомдун бир мүчөсү катары эркин болушу; 2. Анын өлкөнүн атуулу катары башкалар менен тең укуктуулугу; 3.Коомдун мүчөсү катары адамдын атуулдук өз алдынчалыгы. И.Кант адамдар эркиндикке жетүү үчүн жанындагы башкалардын эркиндигин жана укуктарын да сыйлашы, камсыздашы керек. Мына ошондо гана жалпы укуктук жана жарандык макулдашууну калыптандырууга болот деген.

Классикалык философиянын белгилүү корифейлеринин бири, немец идеалист-философу Георг Вильгельм Фридрих *Гегелдин* (Hegel) (1780-1831) "Укуктун философиясы" аттуу эмгегинде алгачкылардан болуп жарандык коомго туура аныктама

берилген. Анын пикиринде жеке адамдар (индивиддер) үй-бүлөгө биригишет, ал эми алардын жыйындысы жарандык коомду пайда кылат. Бирок, жарандык коом али мамлекет эмес. Жарандык коомдун негизги максаты – жеке адамдардын материалдык жана руханий кызыкчылыктарын сактоо. Так ушундан буржуазиялык эгоисттик дух, мүнөз келип чыгып, кичине өлкөлөрдө мамлекет менен жарандык коом чогуу, бири-бирин толуктап жашайт. Ошентип, жарандык коомдо үстөмдүк кылган буржуазиялык эгоизм мамлекетке каршы туруп калат. Ф.Гегелдин жарандык коом түшүнүгүн мамлекеттен өз алдынча жашаган жеке адамдардын кызыкчылыгынын алкагындагы көрүнүш катары сүрөттөгөн пикири, коомдук түзүлүштүн эмгекти бөлүштүрүүдөн жана менчик түрлөрүнө карата көз карандылыкта турат деген окуусу коомдук илимдеги эң орчундуу ачылыш болгон.

Жарандык коомду изилдөөдө XIX кылымдын көрүнүктүү ойчулдары К.Маркс менен Ф.Энгельстин чыгармалары, айрыкча "Немецтик идеология", "Саясий экономиканы аңдоого алгы сөз”, "Гегелдин укуктук философиясына сын-пикир" аттуу эмгектери баалуу. Аларда Ф.Гегелдин мамлекетти жарандык коомдун үстүндөгү нерсе катары көрсөткөн көз карашын сындап, жарандык коом менен мамлекеттин алакасы таптык мүнөздө болоору жөнүндө теория иштелип чыккан. 1846-жылы 28-декабрда П.В.Анненковго жазган катында К.Маркс тигил же бул жарандык коомду алгылачы, ал ошол коомго ылайыкталган саясий түзүлүш, ошол жарандык коомдун расмий чагылышы катары жашап турат деген. Мунусу менен К.Маркс Ф.Гегелден алдыга кетсе да, таптык күрөштү абсолютташтырып жиберип, анысы аша чапкандык болгондугун да моюнга алышыбыз керек.

Орус тарыхында жарандык коомду теориялык жактан изилдөө батыш коомдук илиминин деңгээлине жеткен эмес. Анын башкы себеби, орус мамлекетинин орто кылымдардан XX кылымга чейинки өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү болгон. Албетте, орус тарыхында жарандык коомдун түрүнө окшогон көрүнүштөрдү басып өткөндүгүн моюнга алышыбыз керек. Маселен орто кылымдардагы Улуу Новгороддук жашоо (новгороддук вече демократиясы), Дондогу, Кубандагы казак-орус эркиндиги, XVI-XVII кылымдардын чектеринде болуп өткөн орус баш-аламандык доору (смута) кезиндеги земстволук староста Кузьма Мининдин 1611-1612-жылдарда карапайым элди көтөрүп, Москваны поляк-жалган “дмитрийлерден” сактап калышы, XX к. башындагы земстволук кыймыл жана “Земстволук-конституционалисттеринин союзунун”, “Эркиндикке чыгуу союзунун”, “Беседа” кыймылынын түзүлүшү, 1864-жылкы сот реформасы жана анын мыйзам алдында баары тең болуу, бийликти административдик жана соттук деп бөлүштүрүү, сот процессиндеги акыйкаттык жана ачыктык принциптеринин киргизилиши сыяктуу окуялар болгон.

Жарандык коомдун теориясы жөнүндө кеп кылганда орус саясатчысы, философ, славянофиль жана коммунисттердин каршылашы И.А.Ильинди (1883-1954) айтпай кетүүгө болбойт. Анын пикирлери кийин XX кылымдагы орус консерватизминин ири өкүлүнө айланган А.Солженицын сыяктуу ойчулдарга чоң таасирин тийгизген. И.А.Ильин китептеринде укуктук мамлекет менен тоталитардык мамлекеттин айырмасын так көрсөтө алган, монархия менен республиканын алгылыктуу жактарын да, кемчиликтерин да аныктай алган [2.8-12].

Лениндик теориялардын ичинде эң чечүүчүсү “жумушчу, дыйкан жана солдат депутуттарынын Советтеринин, кийин жалпы эле Советтердин бийликти ээлеши”

жөнүндөгү идея эле. Так ушул принциптин негизинде 1917-1991-жылдарга чейинки СССР деп аталган зор советтик-тоталитардык империя жашап келгендигин баарыбыз билебиз. Экинчи чечүүчү маселе мамлекетти башкарууга бир гана коммунисттик партиянын укуктуу болушу болгон. Так ушул экинчи маселенин кесепетинен “маданий революциянын”, “массалык жамаатташтыруунун (колхоздоштуруунун)”, “сталиндик” деп аталып калган массалык репрессиялардын”, “социализмди толук жана биротоло жеңүү” деген теориянын алкагындагы “магдыроо жана сенектик” абалдын кесепеттери келип чыккандыгынын жыйынтыгында советтик-тоталитардык режимде жашаган Совет мамлекетинин кулашына да күбөбүз.

В.И.Ленин саясаттан кеткенден кийин, И.Сталиндин мезгилинде жарандык коомдун мындай алгачкы бүчүрлөрү таптакыр көз жаздымында калган. Лениндик “жаңы экономикалык саясаттын” айрым принциптери 1985-90-жылдардагы горбачевдик “кайра куруу”, “айкындык” мезгилинде колдонууга аракет болгону менен, ал эгемендүүлүктүн башталышына чейин аягына чыгарылган жок.

Ошентип, советтик доордо “жарандык коом” деген термин орду-түбү менен жок кылынган. Анын үстүнө бул терминдин “Burgerliche Geselschaft” деген немисче аталышын которгондо “жарандык коом” эмес “буржуазиялык коом” деген түшүнүктү берет экен. Ошондуктан ал түшүнүк “социалисттик коом” деген түшүнүккө кескин карама-каршы түшүнүк деп саналган. Чынында, кесиптик (профсоюздук) бирикме, комсомол, кооперация, чыгармачылык бирикмелер, ДОСААФ сыяктуу уюмдар жарандык коомдун базасын түзмөк. Бирок, алар коммунисттик идеологияга толук баш ийдирилип калган. Ал эми “адам”, “жаран” советтик-тоталитардык машинанын жөнөкөй гана “тетиги” катары эсептелинген. Албетте, советтик доордо деле Баш мыйзам кабыл алынып, анда адам укугу, демократия, эркиндик, теңдик деген түшүнүктөр көп колдонулган. Бирок, мамлекет өлкөнүн жарандарынын жеке кызыкчылыгын эмес, пролетардык диктатуранын гана кызыкчылыгын камсыз кылып, советтик-тоталитардык идеологиянын чүмбөтүндө жашоого туура келген.

Жарандык коом жөнүндө эки кылымдан бери изилденип келе жаткан чыгармалардын көз караштарына таянып, жарандык коом жөнүндө бир катар жыйынтыктарды берели.

Жарандык коомдук уюмдарды реалдуу турмушта ар түрдүү аташат. Аны атоодо төмөнкү беш компонет түшүнүк камтылып турат. Алар: жарандардын коомдук иштерге аралашууга укук берген *коомдук компонент*, жарандык коомдун ичинде гана иш жүргүзгөн уюмдарга колдонулуучу *жарандык компонент*, өзүнүн менчигине ээ жана коммерциялык эмес ишкердүүлүктү жүргүзүүгө укук берүүчү, бирок табылган кирешени уставдык максат үчүн гана пайдаланган уюмдарга карата колдонулуучу *экономикалык компонент*, мамлекеттен көз карандысыз, коммерцияга аралашпаган уюмдарга колдонулуучу *саясий компонент*, уюмдардын эркин жана ыктыярдуу негизде жарандар тарабынан түзүлгөндүгүн билдирген *модалдык компонент* [3.10].

Бир катар өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда да башка түшүнүктөрдүн арасында кеңири колдонушу жагынан экинчи орунда “өкмөттүк эмес уюм” (ӨЭУ, орусчасы НПО) түшүнүгү турат. Бул түшүнүккө КРнын мыйзамдарында аныктама берилген эмес, андыктан бул түшүнүк мыйзамдык түшүнүк эмес. Бирок, эл аралык тажрыйбада бул түшүнүктүн аныктамасы жана чен-өлчөмдөрү бар. Алар беш критерийден турат: 1)

институционалдуулук – уюм юридикалык тарап катары каттоодон өтүшү зарыл жана анын коомго пайдалуу экендиги таанылган болушу керек; 2) мамлекеттен көз карандысыздык, бирок алардын өкүлдөрү мамлекеттик органдардын курамына кириши да мүмкүн; 3) өз алдынча башкаруу; 4) киреше бөлүштүрбөө, башкача айтканда уюмдун мүчөлөрү табылган кирешени бөлүштүрүүгө укуксуз; 5) ыктыярдуулук. Ошентип ӨЭУлар коомго пайдалуу, жогорку критерийлердин негизинде, саясий иштерге аралашпаган, кесиптик коошун же диний уюм болуп саналбаган КӨУлардын бир түрү болуп саналышат [2.10-11].

"Коммерциялык эмес уюм (КЭУ)" түшүнүгүнө киреше табууга багытталбаган уюмдар, коомдук уюмдар, өкмөттүк эмес уюмдар, кайрымдуулук уюмдары, жамааттык уюмдар, үчүнчү сектордун уюмдары кирет [2,10]. Булар ишкердик жүргүзүүгө деле укуктуу, бирок табылган кирешени өзүнүн түзүлүү максаттарына жетүү үчүн гана пайдаланышы керек. КЭУлардын үч негизги белгиси бар. Алар: а) ыктыярдуулук; б) өзүн-өзү башкарган; коомго пайдалуу ишти жүргүзгөн же мүчөлөрүнүн пайдасы үчүн түзүлгөн. Акыркы белгисине карата КЭУлар "коомго пайдалуу" жана "өз ара пайдалуу" болуп бөлүнүшөт. Коомго пайдалуу КЭУлар коомдук бирикмелер, фонддор, жекече мекеме, юридикалык жактардын бирикмелери (ассоциация), жамааттык уюмдар түрүндө уюштурулушу мүмкүн.

Бул уюмдардын түзүлүүсүнө, жашоосуна мамлекет жакшы шарт түзүп, кээде колдоп да турушу шарт. Маселен, алардын гранттык, сүрөөнчүлүк, материалдык колдоо жолдору менен алган каражаттары мамлекеттик салыктардан бошотулушу каралган. Өз ара пайдалуу КЭУлар уюмдун мүчөлөрүнүн кызыкчылыгын канааттандыруу үчүн түзүлөт. Маселен, турак жай ээлеринин шериктештиктери (кондоминиумдар), турак-үйлөрдү, дачаларды биргелешип башкаруу үчүн түзүлгөн кооперативдер, кредит бирикмелери, кесиптик кошундар, жумуш берүүчүлөр бирикмеси, суу пайдалануучулардын ассоцияциясы, филателисттер коому, автосүйүүчүлөр бирикмеси, балык кармоочулардын коому жана башка болушат.

АКШдагы саясий илимдери боюнча дүйнөгө таанымал окумуштуу, Стэнфорд университетинин профессору Филипп Шмиттердин Калифорния университинде 1993-жылы жасаган "Реконфигурация государства в обществе" аттуу баяндамасында жарандык коом демократияны жаратпайт, бирок коомду демократиянын айланасына бириктире алат деп көрсөтөт. Ф.Шмиттин аныктамасы боюнча жарандык коом өз алдынча уюшулган же өзүнөн-өзү пайда болгон мамлекет менен коомдун ортосунда турган топтордун аракеттеринин жыйындысы катары саналат.

Азыркы мезгилде жарандык коомго карата окумуштуулардын эки топтогу көз караштары калыптанган. Алар:

а) *Либералдык-демократиялык.* Мында эркиндик баалуулуктардын эң жогоркусу болуп, ал эми жарандык коом жеке инсандардын мамлекеттик бийликтен коргоочу структурасы катары эсептелет. Бул көз караштЫ жактоочулар жарандык коомдун эң башкы идеалы катары мамлекеттик аппараттын жарандардын жана социалдык институттардын эркиндигине басымы болбогон абалды түшүнүшөт;

б) *Социал-демократиялык.* Мында жарандык коом бардык коомдук жашоонун, атүгүл саясий жашоонун да өзөгү катары таанылат, бийлик органдарын коомчулук өзү эле түзө алат деп эсептешет. Бирок, тең салмактуулукту сактап туруу үчүн мамлекет айрым

учурларда жарандык коомдун жашоосуна киришүүгө укуктуу, бирок, аны эгер демократияга коркунуч келсе, ошондой чукул учурларда гана колдонулушу мүмкүн деп санашат [1.49-57].

Жогорку эки топтогу көз караштын түпкү мааниси негизинен окшош эле, бирок биринчисинде жарандык коомго приоритет берилип, экинчисинде мамлекет менен жарандык коомду тең салмакта карайт. Бул эки көз караштыы бириктирип, жарандык коомдун бир нече критерийин тапса болот. Маселен:

Жарандык коом - бул адам коомунун өнүгүүсүнүн белгилүү бир баскычындагы ыктыярдуу уюшулган экономикалык, саясий, социалдык жана руханий сфералардагы мамлекеттик эмес уюмдар;

Жарандык коом - бул мамлекеттик эмес мүнөздөгү экономикалык, саясий, үй-бүлөлүк, улуттук, руханий, диний, баам-парасаттык жана башка мамилелердин жыйындысы;

Жарандык коом - бул мамлекеттик бийликтердин тикеден-тике киришүүсүнөн атайын мыйзамдар менен корголгон жеке инсандардын жана ыктыярдуу уюшулган уюмдардын, коомдордун жана жарандардын ассоциацияларынын айдыңы.

Жарандык коом жөнүндө кыргыз саясат таануучуларынын да аныктамалары бар. Мисалы, алар жарандык коомду "конституциялык укук теориясынын алкагында турган, экономика, маданият жана башка коомдук жашоо чөйрөсүндө адамдардын турмуш шартын камсыздандырган, социалдык топтордун, инсандын түрдүү кызыкчылыктарын, талаптарын канааттандырган жана ишке ашырган формалдуу жана формалдуу эмес, мамлекетке көз карандысыз жана аны менен бирге жашоочу коомдук турмуштун өзгөчө чөйрөсү, коомдук мамилелердин жыйындысы" катары карашат.

Жогорку ой-пикирлерди бириктирип, төмөнкүдөй жыйынтык берүүгө болот.

1) Жарандык коом деп мамлекеттик эмес жана саясий эмес жеке инсандык, үй-бүлөлүк, социалдык, маданий, баам-парасаттык, экономикалык жана башка салыштырмалуу өз алдынчалыкта жашап, автономдуулукка ээ болуу менен мамлекеттин адаттан тыш кирише берүүсүнөн камсыздалган мамилелердин жыйындысы белгиленет**.**

2) "Жарандык коом" деген нагыз аталышка татыктуу болгон коом деп качан гана адамдардын коомдук жашоосунун бардык, айталы: экономикалык, саясий, социалдык жана руханий чөйрөсүндө оптималдуу тең салмагын орнотсо, коомдун жалпы өнүгүшү тынымсыз алдыга кетип, жашоо жакшырып турса жарандык коомдун иштиктүүлүгү алгылыктуу боло алат.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Асанканов А.А. История Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней) [Текст] / А.А.Асанканов. – Бишкек: ОАО «Эркин-Тоо», 2009
2. Бейшеналиев Ш. Кычан: Повесть. Ф.: Кыргызокуупед мамбас, 1956
3. Биримкулов, Д.К. Неправительственные организации – основной элемент гражданского общества / Д.К.Биримкулов // Гражданское общество и НКО Кыргызстана: взгляд изнутри. – Бишкек: Интербилим, 2005
4. Мурзакулова А.Дж.Кыргызстан: жаран жана мамлекет. ЖОЖдор үчүн окуу колдонмосу/жооптуу редакторлор Дятленко П. И. Кулсариева Г. Т. – Б.: ST.art LTD, 2013
5. Мыйзам жаратуу процессинде жарандык коом уюмдары менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын кызматташуусун жакшыртуу. Бишкек-Братислава, 2009

6. http://www.vak.kg/referat/.ref070002_79.zip.1977Койчуманова. Афтореферат.docx
7. http://inkg.info/news/pravozashchitniki/2220-fridom-khaus-boretsya-s-pytkami-v- kyrgyzstane.
8. http://www.knews.kg/ru/society/16283.
9. http://www.inkg.info/dokumenty/otchety/1598-obobshchenie-praktiki-dostupa-k-informatsiinakhodyashchejsya-v-vedenii- gosudarst

* * *

***Исаков Кубанычбек Абдыкадырович***

## ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ДООРУ (ТАРЫХЫЙ-ФИЛОСОФИЯЛЫК РЕФЛЕКЦИЯ)

***Исаков Кубанычбек Абдыкадырович***

## ЭПОХА ЮСУФА БАЛАСАГУНИ (ИСТОРИКО-ФИЛОСОФСКАЯ РЕФЛЕКЦИЯ)

***Isakov Kubanychbek Abdykadyrovich***

## THE ERA OF YUSUF BALASAGUNI AND (HISTORICAL-PHILOSOPHICAL REFLECTION)

***УДК. 1(091)***

***Аннотация.*** *Макалада акын ойчул Жусуп Баласагындын өмүрү, чыгармачылыгы өзү жашап өткөн доору менен үндөшүп келгенин чагылдыруу менен жана анын өмүрү жана чыгармачылыгы халифаттын терең саясий кризисине туш келген XI-XII кылымдардагы «мусулман дүйнөсүнүн тарыхындагы түрктөрдүн өнүккөн мезгилине» туура келгендиги жөнүндө баяндалат. XI-XII кылымдарда Тянь-Шан тоолорунун эки тарабындагы элдер тарыхта Караханийлер же Илек (Элик) хан деп ат менен белгилүү болгон династиянынын бийлиги астына биригишкен. Караханийлер заманында экономикалык, социалдык, маданий прогрессивдүү жылыштар болгондугу тарыхтан таамай белгилүү. Дал ошол доордо шаар курулуш өрчүгөн, көркөм адабият, илим, билим кеңири тараган. Фарсы, араб тилдүү өнүккөн адабият менен катар түрк тилдүү адабият калыптана баштаган. Энциклопедиялык масштабдагы орошон ойчулдардын Баласагындын, Кашкаринин, Яссавинин, Югнакинин, Навоинин түрк тилиндеги чыгармалары жаралган доору тарыхый-философиялык ракурста сүрөттөлөт.*

***Негизги сөздөр.*** *варварлар, исмаилизм, псевдоморфоза, саманийлер, суперэтнос, суннит, караханийлер, халифат, химера.*

***Аннотация.*** *В статье описывается жизнь и творчество поэта-мыслителя Жусупа Баласагына, отражается время, в котором он жил, и то, насколько его жизнь и творчество соответствовали «развитому периоду тюрков в истории мусульманского мира» в XI-XII вв. столетия, когда халифат столкнулся с глубоким политическим кризисом. В XI и XII веках народы по обе стороны Тянь-Шаня были объединены под властью династии, известной в истории как Караханиды или Илек (Элик) Хан. Из истории хорошо известно, что во времена Караханидов произошли экономические, социальные и культурные прогрессивные изменения. Именно в этот период развивается городское строительство, широко распространились литература, наука, образование. Наряду с развитой персидской и арабской литературой стала формироваться и турецкая литература. В историко-философском ракурсе описывается эпоха мыслителей-энциклопедистов Баласагына, Кашкари, Ясави, Юнгнаки, творчества Навои на турецком языке.*

***Ключевые слова.*** *варвары, исмаилизм, псевдоморфозы, саманиты, суперэтнос, сунниты, караханиды, халифат, химера.*

***Annotation.*** *The article describes the life and work of the poet-thinker Zhusup Balasagyn, reflects the time in which he lived, and how his life and work corresponded to the "developed period of the Turks in the history of the Muslim world" in the 11th-12th centuries. century, when the caliphate faced a deep political crisis. In the 11th and 12th centuries, the peoples on both sides of the Tien Shan were united under the rule of a dynasty known in history as the Karakhanids or Ilek (Elik) Khan. It is well known from history that during the time of the Karakhanids economic, social and cultural progressive changes took place. It was during this period that urban construction developed, literature, science, and education became widespread. Along with developed Persian and Arabic literature, Turkish literature also began to take shape. From a historical and philosophical perspective, the era of encyclopedist thinkers Balasagyn, Kashkari, Yasawi, Yungnaki, and Navoi's creativity in Turkish is described.*

***Key words.*** *barbarians, Ismailism, pseudomorphoses, Samanites, superethnos, Sunnis, Karakhanids, caliphate, chimera.*

Өз доорунун туундусу иретинде Баласагындык Жусуптун жана анын «Куттуу билим» чыгармасы орто кылымдардагы тарыхый өнүгүүнүн социомаданий талаптарын камтып турат. Жусуп Баласагындын өмүрү жана чыгармачылыгы Халифаттын терең саясий кризисине туш келген XI-XII кылымдардагы «мусулман дүйнөсүнүн тарыхындагы түрктөрдүн өнүккөн мезгилине» туура келген [6.170]. X кылымдын орто ченинде араб-мусулман мамлекетинин чеги Кытай жана Индиядан Пиреней жарым аралына чейин созулуп жаткан. Бекем сезилгендей болгону менен бул мамлекет чеги байыртадан калыптанган мамлекеттер жана аймактарга туура келген көз карандысыз областтарга бат эле тарап-тарап бөлүнүп кетти. Ал жерлерде бийлик кылган династиялар мусулмандардын диний-саясий башчысы халифке аздыр-көптүр баш ийип турушкан.

Жусуп Баласагын антик традициялардын улантуучулары болуп эсептелген чыгыш философторунун коомго жана саясатка болгон көз караштарын, «мамлякат ал-ислам» деп аталган мусулман идеяларын жана башталышы Саманиддерден уланган мамлекеттүүлүктүн фарс теориясын колдонуу менен салттык түрк баалуулуктарын жаңы социалдык-маданий чөйрөгө ыңгайлаштырууга аракет жасагандардын алгачкыларынан болгон.

Көпчүлүк изилдөөлөрдө халифаттын, араб жана андан кийинки фарс маданиятынын кулашына жана ошондой эле интеллектуалдык сенектикке көчмөндөрдүн тынымсыз чабуулдары себеп болгон деген пикирлер бар. А чындыгында бул процесс ички карама-каршылыктар, бийлик талашуулар менен байланыштуу. Мисалы Л.Н.Гумилев араб-мусулман суперэтносундагы ички кризистик процессти мындайча мүнөздөйт: «Карматтардын келиши жана исмаилиттик антисистема Багдад халифатындагы саясий жагдайды кескин өзгөрттү. Ал өнүккөн араб шаарынан активдүү этникалык контакттардын зонасына жана химерлердин ордосуна айланды» [3.238]. Бул пикирди чыгыш таануучулардын «Мусулмандар дүйнөсү. 950-1150» макалалар жыйнагы да бекемдейт. Халифаттын азия аймагында, чындыгында, сунниттик исламга каршы турган көптөгөн секталар болгон. Исмаилизмдин урааны астында Иранда эл массасынын, негизинен шаар калкынын толкундоолору болгон. Б.Льюис Хасан ибн Саббахтын башчылыгындагы исмаилиттик кыймылды ошол мезгилдеги халифатка каршы негизги оппозициялык кыймыл деп эсептейт [8.10], мына ошондуктан, X кылым исмаилиттик доор болгон деген пикирге кошулууга туура келет. X кылымдын орто ченинде Саманиддердин эмиратында исмаилиттер бардык маанилүү кызмат орундарын ээлеп алышкан жана алардын бузулган философиясы жана мистикасы мусулмандарды жөн гана өлтүрө берүүгө жол ачкан. Алар өз максаттарына жетүү үчүн жалганды жана интриганы кеңири колдонушкан, исмаилиттердин моралдык принциптери да ушундай эле, өлүмдөн сактап калуу чоң суммадагы акча, баалуу буюмдарды алышкан. Саманиддер элге жек көрүндү болуп бүтүшкөн, мына ошондуктан түрк Караханиддер Бухарага жакындап келишкенде бүткүл калк – аскерлер, дин кызматкерлери жана жөнөкөй эл алар тарапка жалпы өтүп кетишкен [3.240-241].

Илимдин азыркы өнүгүү деңгээли Халифат тарыхындагы түрктөрдүн ролу тууралуу гана эмес, алардын тарыхый-философиялык илимдердин өнүгүшүнүн төмөндөшүнө

тийгизген залакасы жөнүндө да кеңири сөз кылууга мүмкүнчүлүк берет. Мисалы, М. Хартен орто кылымдагы өнүккөн араб философиясынын алга карай жүрүшүнүн төмөндөшүн көчмөндөрдүн тынымсыз чабуулдары, билимге таянылган маданияттын кулашы жана теологдордун илимге тийгизген терс таасири менен байланыштырат [5. 29].

Чындыгында, туш тараптан көчмөндөрдүн улам басып кирип турушу халифатта жашаган отурукташкан жана жарым көчмөн элдердин өз ара мамилесин, соода, илимий жана маданий байланыштарын татаалдаштырды. Бирок да көчмөн түрк урууларынын келиши мамлекеттин экономикасы үчүн терс таасирин гана тийгизбестен (ушундай пикир калыптанып калганына карабастан), көпчүлүк изилдөөчүлөр белгилегендей, саясий турукташууга жана өнүгүүгө да өбөлгө түздү. Босфорт өзүнүн «Варварлардын басып кириши» аттуу макаласынын корутунду бөлүмүндө келгин-түрктөрдүн мусулман маданиятына тийгизген таасирин төмөнкүчө белгилейт: Түрктөр исламды чоң канааттануу менен кабыл алышты, айрым салыштырмалуу тагыраак көз караштар алардын мурдагы шамандык ишенимдерин оңой эле алмаштырды. Алар суннизмди жана анын ханифиттик мазхабын чын дилден коштоп чыгышты. Бул колдоо, кошумча күч жана калк массасы шиит-Бунддардын карамагынан аббасиддик халифтердин бошонушуна жардам болду. Сирияда, Палестинада жана Ыйык шаарларда исмаилит Фатимиддерге жана ассасиндерге каршы туруууда түрктөр кошумча дем, кубат болду, себеби бул көпчүлүктү түзгөн сунниттер аталган сектанттар исламды ичинен иритет деген ишеничте болушкан. Мына ошондуктан да, суннит авторлорунун түрктөрдүн Жакынкы Чыгыштагы жалпы үстөмдүгүн идеологиялык жана теологиялык жактан актоого алганы таң калычтуу эмес [1.52].

Баласагындын мезгилиндеги болуп жаткан процесстер О.Шпенглер сунуш кылган «тарыхый псевдоморфоза» түшүнүгүн да өз ичине камтып кетет. «Псевдоморфоза» термини айрым кристаллдардын ички структурасынын тышкы түзүлүшүнө жана ошондой эле бир минерал сырткы белгилери боюнча башкасына карама-каршы келгендигин билдирүү үчүн минералогияда колдонулат. О.Шпенглер: «Четтен келген эски маданият мамлекетке кирип, өлкөнүн жаңы маданияты кысымга алынат, натыйжада ал өзүнүн таза формасына ээ боло албаганы аз келгенсип, өздүк жаңы маданият өзүн-өзү сезе албай да калат. Мурдатан келе жаткан жана калыптанган традиция жат жашоонун көңдөй формасына келип куюлат, жаңы сезимдер эски чыгармаларга кирип катып калат, өздүк чыгармачыл күчтөрдүн өнүгүүсүнүн ордуна четтен келген жана түпкүлүктүү элдин улуттук, уруулук менталитетине туура келбеген маданиятка болгон жек көрүү күчөйт» [7.26].

Биз сөз кылып жаткан доор жөнүндөгү Л.Н.Гумилевдун мүнөздөмөсү кызыгууну жаратат, ал ислам дүйнөсүндөгү этномаданий доминанттардын алмашуусу (диний, саясий, идеологиялык же диний баалуулуктардын системасы) жана жүрүм-турумдун эрежелеринин стереотиби мүнөздүү болгон «сынуу», «кыйроо» фазасын бөлүп көрсөтөт. «Сынуу», «кыйроо» фазасы курактык ооруга окшош, иммунитетке ээ болуу үчүн аны жеңип өтүү зарыл. Мурунку жана кийинки уруулардын этникалык байланышындагы инерциялык фазадан көп жаман көрүнүштөр келип чыкпайт, себеби мында химерлер эмес симбиоздор пайда болот да, этносоциалдык система татаалдашат. Жогоруда айтылгандай

сынуу, кыйроо фазасын жеңил басып өтүү зарыл, бирок Гумилевдун ою боюнча, араб-мусулман суперэтносу муну жасай алган эмес.

Л.Н.Гумилев химераны өз алдынчалык жоголуп, бири-бирине туура келбеген ар түрдүү суперэтностук системалардын байланышуу формасы катары сүрөттөйт. Контакт болгон зонада өскөн адамдар ошол байланыш болгон суперэтностордун бирине да тиешелүү болбой калат, алардын ар бири оригиналдуу этникалык традициялары жана менталдуулугу менен айырмаланат. Химерада болсо бири-бирине туура келбеген жүрүм-турумдук белгилердин системасыз айкалышуусу үстөмдүк кылып, бирдиктүү менталдуулуктун ордуна табиттердин, көз караштардын жана каада-салттардын коомдогу толук хаосу пайда болот. Ар бир этнос байыртадан келе жаткан баалуулуктарынан ажырайт да, химерада аркы-терки өзгөрүүлөрдөн жана алмашуулардан кийин какофонияны түзгөн ыргаксыз жана системасыз өнүгүү пайда болот. бул какофония адамдардын аң-сезимине билинбей кирип, химераларга тиешелүү бузулган коом түзүлөт жана ошондой эле антисистемалык маанай жаралат. Этностон айырмаланып химера өнүгүүгө ээ боло албайт, бир канча мезгил жөн гана жашап турат да кыйроого учурап, натыйжада этникалык «аннигиляция» пайда болот [4.532].

Л.Н.Гумилев бул доорду изилдөө менен мындай жыйынтыкка келет: X-XI кылымда Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүндө прогрессивдүү экономикалык өнүгүү болгон эмес, буга такай болуп туруучу уруш талаштар, ири согуштар да себеп болгон. XI кылымдын башында эл орун-очок алып жашап дыйканчылык менен алектенген жерлерди, мусулман суперэтносунун цивилизациялуу бөлүгүн химералар башкарып турган. Ирак менен Батыш Иранда дейлемиттик араб-фарс химерасы – халифат; Чыгыш Иранда түрк-ирандык – газневиддик султанат; Мавераннахр менен Кашкарда түрк-тажик Илекхандардын (Караханиддердин) мамлекети, Аму-Дарыянын төмөн жагында – түрк-хорезмдик падышачылыктары бийлик жүргүзгөн. Сибирь менен Месопотамиядан башка бардык жерлерде социалдык уюмдашуунун моноэтникалык принциби бузулган, Аравия менен Бахрейнде XI кылымда Кармат мамлекети мыкты өнүккөн, таң калычтуусу, Багдадда этникалык баалуулуктар жоголуп, антисистема, тескерисинче, жогоруда аталган мамлекеттерде этникалык араб облигин сактап калган, бирок анын таркалышы чектелип калган. Кармат эмиссарлары бүткүл Иран боюнча үгүттөө иштерин жүргүзгөнү менен алар дейлемиттерден жана түрк гулямдарынан жеңилүүгө учураган, демек, карматтык коркунуч этникалык системанын чыңдалышына өбөлгө түзгөн деп айтууга толук мүмкүн жана бул этногенездеги алга жылууларды камсыз кылган. Химера туруксуз система, ал пассионардык (кызыгуу, суктануу) чыңалуу төмөндөп, нормалдуу деңгээлге жеткенде пайда болот. Мында мурдагы этностор жаңылары менен сиңишип жок болуп кетет, мындай көрүнүш жеңгендерге да жеңилгендерге да тиешелүү [3.243].

Изилдөөчүлөр Караханид түрктөрү исламды өз эрктери менен кабыл алган жана бай араб-мусулман маданиятын өздөштүрүүгө чын дилдеринен умтулган деп белгилешет. Бирок, башкаруучулардын жат элдин маданиятынын жетишкендиктерин кабыл алууга умтулуусу жана анын өздүк өнүгүүгө импульс берүүнү каалоосу гана, албетте, жетишсиз. Мына ошондуктан айрым өкүмдарлар жана алдынкы акылмандар (мисалы, Жусуп Баласагын) мусулмандардын жогорку маданиятынын түрктөргө сиңүүсү үчүн атайын иш-чараларды иштеп чыгууга аракеттенишкен, карапайым калк массасы араб маданиятына

анчейин кызыккан эмес, себеби алар башка маданиятка муктаж эмес эле (ал мезгилдерде жөнөкөй адамдарга эң башкысы өз чарбасы болчу). Эгер тактап айта турган болсок, түрк маданияты жаш эмес эле, ал да миңдеген жылдарды басып өткөн болчу. «Көчмөндөр өздөрүнүн табият берген чыгармачыл күчтөрүн жумшап бүтүп, сенектик абалында болгон, мындай абал консервативдүү жана ар кандай өзгөрүүлөргө каршы», - деп эсептейт Л.Н.Гумилев. Ал мезгилдерде көчмөн түрктөр, православдык гректер, грузиндер жана русичтер мусулман маданиятын четке каккан, ал эми крестүүлөр аны жакшы кабыл алышкан (логика боюнча, алар мусулмандардын келишпес душманы болууга тийиш эле). Француздар, италиялыктар, немецтер жана испандар согуштук олжого гана кызыкпастан билимге, философиялык концепцияларга кызыккандыктан араб-мусулман маданиятына көңүл коюу менен карашкан. Батыш Палестинадагы согушта жеңилүүгө дуушар болду, бирок рухий маданиятын байытты, аймактарын кеңейтти жана согуштан пайда көрүү менен чыкты [2.358-359].

Жыйынтыктап айтканда, Жусуп Баласагындын доорун андагы ийгиликтерге карабастан, «химералардын» же «тарыхый псевдоморфозалардын» мезгили деп мүнөздөөгө болот. Улуу ойчулдун поэмасынын акыркы главаларында көңүл калуу, капа болуу, кайгыруу жана пессимизм маанайындагы ойлордун берилиши да, биздин оюбузча, ушул себептүү болгон. «Эгер коомдун мүчөлөрүндө уят ойгонуп, жалганчылыкка, адилетсиздикке жана кара ниеттикке каршы күрөш жүргүзүшсө, анда мындай коомду оңдоого болот. Айрым бир адам жогоруда аталган жамандыктарга каршы тура албайт, эң коркунучтуусу алардын таасири менен оң сапаттардагы адамдын да терс касиеттерге ээ болуп кетиши», - деп Л.Н.Гумилев көңүл көтөрөрлүк эмес тыянак чыгарат. Жусуп Баласагын ушул себептүү да көпчүлүк адилеттүү эмес, жаман жолдорго барган жана кара ниет болсо да, аларга көңүл бурбай ак ниет иштерди аткарууга, башкаларга үлгү болууга чакырат [3.42].

**Пайдаланган адабияттар:**


1. Босворт, К.Э. Нашествие варваров: появление тюрок в мусульманском мире [Текст] / К.Э. Босворт //Мусульманский мир. 950-1150. – М., 1981. – С. 20-35.
2. Гумилев, Л.Н. Древняя Русь и Великая Степь [Текст] / Л.Н. Гумилев. – М.: Мысль, 1989. – 781 с.
3. Гумилев, Л.Н. Тысячелетие вокруг Каспия [Текст] / Л.Н. Гумилев. – М.: Мишель и К, 1993. – 336 с.
4. Гумилев, Л.Н. Этносфера. История людей и история природы [Текст] / Л.Н. Гумилев. – М.: Экопрос, 1993. – 544 с.
5. Средневековая арабская философия [Текст]. – М.: Вост. лит., 1998. – 528 с.
6. Цымбурский, В. Народы между цивилизациями [Текст] / В. Цымбурский // Pro et Contra. – М., 1997. – Т.2, №3. – С. 154-184.
7. Шпенглер, О. Закат Европы [Текст] / О. Шпенглер //Самосознание европейской культуры XX века. – М., 1991. – С. 8-68.
8. Энн, К.С. Лэмбтон. Аспекты расселения сельджуков-огузов в Иране [Текст] / К.С. Энн Лэмбтон //Мусульманский Мир. 950-1150. – М., 1981. – С. 123-144.


* * *

***Каратаев Олжобай Кубатбекович***

# КЫРГЫЗДАРДЫН ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРИНИН ПАНТЕОНУ: ЫЙЫК ЖЕР-СУУ (IDUK JER-SUB)

***Каратаев Олжобай Кубатбекович***

# ПАНТЕОН РЕЛИГИОЗНЫХ ВЕРОВАНИЙ КЫРГЫЗОВ: ВОДА-ЗЕМЛЯ (IDUK JER-SUB)

***Karatayev O.K.***

# PANTHEON OF RELIGIOUS BELIEFS OF THE KYRGYZ: WATER-EARTH ((IDUK JER-SUB)

***УДК. 947:93/398.5***

***Аннотация.*** *Макалада байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын диний ишенимдеринин пантеону изилденет. Белгилүү болгондой бул пантеонго Көк Теңир, Умай эне, Жер-Суу кирген. Байыркы түрк мифологиясы боюнча Жогорку дүйнөдө ааламды (үч дүйнөнү) жараткан, адамга жашоо ыйгарган, кагандарга бийлик жана күч-кубат берген акылман кожоюн Көк Теңир жашаган. Умай эне-балдардын төрөлүшүн жана төрөлгөндөн кийинки убактарда колдоочу, сактоочу мифологиялык эне. Ошону менен бирге, төрөт учурунда аялдарды кырсыктан сактайт деген ишенич кеңири тараган. Умай эне жөнүндөгү түшүнүк Евразиянын түрк- монгол тилдүү элдеринде кенен таралган. Балдардын төрөлүшүн жана алардын төрөлгөндөн кийинки убактарындагы ден соолугун сактаган мифтик эне. Кыргыздар ортоңку дүйнөнү “Ыдук Йер-Суб” – “Ыйык Жер-Суу” деп аташканы маалым. Байыркы мифологияда калкты Теңир жана Умай эне менен бирге Жер-Суунун жогорку духтары дайыма колдоп турушкан. Эпитафиялык жазууларда “Көк Асман (Көк Теңир), Умай жана Йер-Суб бизге улуу жеңиштерди тартуулап турушкан” - деп жазылат. Бул кудайга адамдарга “жакшылык алып келүүчү” жана “жазалоочу” функциялары таандык болгон. Мифологиянын маалыматтарында Йер-Суб кудайы тоолордун кар баскан чокуларында, дарыялардын башаттарында жашашат. Жаз айларында жердин жана суунун кудайларына багышталып курмандыктар чалынып турган.*

***Негизги сөздөр.*** *пантеон, Жер-Суу, Көк Теңир, Умай, кыргыздар, духтар, мифология, этникалык тарых.*

***Аннотация.*** *В статье исследуется пантеон религиозных верований древних и средневековых кыргызов, божества верхнего мира – Көк Теңир (Тенгри), Умай эне (Умай), Жер-Суу (Земля-Вода). Владыкой Верхнего мира и верховным божеством древнекыргызского пантеона было божество Тенгри (Небо), которое распоряжалось не только небесными, но и земными делами, в том числе судьбами людей, живущих на земле. Вторым, особо почитаемым древними кыргызами божеством Верхнего мира, была богиня плодородия Умай. По представлениям древних кыргызов и других тюркских кочевых народов она обеспечивала воспроизводство населения, успешное деторождение, благополучное появление на свет «сынов человеческих» и была покровительницей женщин. По мнению ученых это божество относится ко второму уровню иерархии божественного пантеона. Она «олицетворяет родящее, женское начало» и соотносится со средним миром – землей. Еще одним персонажем древнетюркского пантеона, которое исследователи считают повелителем Среднего мира, было божество Йер-Суб, или Ыдук Йер-Суб – «священная Земля-Вода», или «Родина». В древнетюркских источниках это божество всегда упоминалось вместе с Тенгри, или в сочетании с Тенгри и Умай. Это божество соотносится с третьим уровнем божественной иерархии. Ему присущи благодательная и карающая функции.*

***Ключевые слова.*** *пантеон, Земля-Вода, Көк Тенгри, Умай, кыргызы, духи, мифология, этническая история*

***Abstrakt.*** *The article explores the pantheon of religious beliefs of the ancient and medieval Kyrgyz, the deities of the upper world - Kok Tenir (Tengri), Umai ene (Umai), Zher-Suu (Earth-Water). The Lord of the Upper World and the supreme deity of the ancient Kyrgyz pantheon was the deity Tengri (Heaven), who controlled not only heavenly, but also earthly affairs, including the destinies of people living on earth. The second deity of the Upper World, especially revered by the ancient Kyrgyz, was the goddess of fertility Umai. According to the ideas of the ancient Kyrgyz and other Turkic nomadic peoples, she ensured the reproduction of the population, successful childbirth, the successful birth of “sons of men” and was the patroness of women. According to scientists, this deity belongs to the second level of the hierarchy of the divine pantheon. She “personifies the birthing, feminine principle” and correlates with the middle world – the earth. Another character of the ancient Turkic pantheon, which researchers consider the ruler of the Middle World, was the deity Yer-Sub, or Yduk Yer-Sub - “sacred Earth-Water”, or “Motherland”. In ancient Turkic sources, this deity was always mentioned together with Tengri, or in combination with Tengri and Umai. This deity corresponds to the third level of the divine hierarchy. It has beneficial and punishing functions.*

***Key words.*** *pantheon, Earth-Water, Kok Tengri, Umai, Kyrgyz, spirits, mythology, ethnic history.*

Байыркы кыргыздардын эс-тутумунда ааламдын жаралып калыптануусу үч кабат дүйнөдөн турган: Жогорку дүйнө – Көк асман; Орто дүйнө-күрөң түспөл Жер; Төмөнкү дүйнө-жер алдындагы Дүйнө. Ааламдын мындайча модели Күл Тегинге (Чоң жазуу) багышталып тургузулган эпитафийлик жазууда: "*Жогору тарапта Көк асман, төмөндө кара (күрөң) жер жаралганда (пайда болгондо), алардын ортолугунда адам баласы келип чыккан"* [13.37-39; 7.1048]. Илимий адабияттарда белгилүү болгондой эзелки түрктөр, анын ичинен кыргыздар ортоңку дүйнөнү "Ыдук Йер-Суб" – "Ыйык Жер-Суу" деп аташканы маалым. Байыркы мифологияда калкты Теңир жана Умай эне менен бирге Жер-Суунун 17 жогорку духтары дайыма колдоп турушкан. Эпитафиялык жазууларда *"Көк Асман (Көк Теңир), Умай жана Йер-Суб бизге улуу жеңиштерди тартуулап турушкан"* - деп жазылат [13.37-39].

Л.П.Потапов даана белгилегендей чыгыш түрктөрүнүн эс-тутумунда, кабылдоосунда "*түрк жоокерлеринин татаал аскердик жүрүштөрүндө жана ири жеңиштеринде"* жогоруда эскерилген үч кудай тең колдоочу, сактоочу, жардамчы милдеттерди аткарышкан жана болочок жеңиштерди камсыздашкан (Потапов, 1973:269). Даниялык изилдөөчү В.Томсен Жер жана Сууну духтар деп атаган, кийинчерээк В.В.Бартольд жана В.Радловдордун бул персонаждарды духтар эмес, кудайлар деген тыянактарынан соң көз карашын өзгөрткөнү маалым. Байыркы түрк тилдүү элдердин диний ишенимдериндеги Жер-суу маселесине Жан Поль-Ру бир нече ирет кайрылган. Автор орто кылымдардагы калктардын жашоо турмушундагы Йер-Субдун Теңир кудайы менен бирге ээлеген ордуна өзгөчө маани берген [22.161]. Кийинчерээк жарык көргөн эмгектеринде ушул эле француз изилдөөчүсү Жер-суу бирдиктүү кудай болгон деген тыянакка келген. Өзгөчө, автордун көңүлүн *"ıduk" – "ыйык"* деген эпитети өзүнө бурган [23.172-173].

Кошо-Цайдамдагы (Орхон, Монголия) көк түрк жазма эстеликтердеги маалыматтарда Ашина династиясына "*мамлекетти, элди башкаруу шыбагасы "Көк Теңир" тарабынан ыйгарылгандыгы, Умай-эне жана Йер-Суб (Жер-Суу) колдоосу менен элди, мамлекетти башкарууга келишкендери*" жазылган (караңыз: Орхон-Енисей текстери, 1982). Мифологиянын маалыматтарында Йер-Суб кудайы тоолордун кар баскан чокуларында, дарыялардын башаттарында жашашат. Жаз айларында жердин жана суунун кудайларына багышталып курмандыктар чалынып турган [2.599]. Байыркы диний ишенимдеринин пантеонундагы персонаждардын бири болгон "ыдук Йер-Суб" И.В.Стеблеванын белгилөөсүндө кудайлардын иеархиясынын үчүнчү денгээлинде (орунда) орун алган. Бул кудайга адамдарга "жакшылык алып келүүчү" жана "жазалоочу" функциялары таандык болгон. Тоңйокукка багышталган эстеликтеги жазууларда: "Көк асман, Умай жана Ыйык жер-суу бизди каргайт, жазалайт" – деген саптар бар (Стеблева, 1972: 214). Бул кудай эзелки түрктөрдүн эс-тутумунда ортоңку дүйнөдө жашаган экен [21.15-216]. Енисейдеги жазуу эстеликтеринин дээрлигинде көзү өткөн адамдын "Жогорку жана Ортоңку дүйнөлөрдү чагылдырган көктөгү күндүн жана айдын чачкан нурларын көрүүдөн, жер-суунун жыргалын татуудан биротоло айрылгандыгы" жыш эскерилет [9.134]. "*Ыдук Йер-Суб" же "Жер-Суу*" – "өлкө, мамлекет, Ата-Мекен" маанилерин

туюнтат. “Байыркы түрк сөздүгүндө” бул лексиканын бир мааниси “жер”, “өлкө” дегенди туюнтат [8.258].

Кыргыздардын *Ыйык Жер-Сууга* сыйынуусу Енисейдеги эпитафиялык жазуу эстеликтеринде да чагылдырылат. Барлыктагы үчүнчү эстеликте (Е-7) кыргыздын Байна Сангун аттуу генералынын уулу Күлүк Чор тууралу сөз болот. Мемориант: 1) “Мен Байна Саңун уулу Күлүг Чур. 2) Муңсуз улгайдым. Муңум бул эле: 3) Теңирдеки (көктөгү) күнгө, жердеги элиме бөкбөдүм (тойбодум). 4) Өргөдөгү канышамдан, өзүмдүн (?) уулумдан айрылдым [14.149]. Бегредеги (Тыва) Е-12 кыргыз жазуу эстелигиндеги эпитафиялык жазуу 67 жаштагы адамга, болжолу журт сыртында жүрүп (аскер жүрүшү) көз жумган Төр-Апа Ичреки аттуу мамлекеттик ишмерге багышталган. Жазууда Жер-Суу кудай тууралу сөз болот: 1) “Мен Төр-Апа Ичреки он беш жашымда... тарбиясына алынганмын... Күн, ай көрүүдөн калдым...4) ***Жеримден, аттигиниң суумдан айрылдым***... 5) Журтумдан, күнүмдөн, курдашымдан айрылдым... 6) Элиме (мамлекетиме), ханыма (каганыма) бөкбөдүм... көрүүдөн калдым... (Орхон-Енисей текстери, 1982: 153-154). Минусинскидеги музейде сакталып турган VI-VII кк. таандык кыргыз жазуусунда: 1) “***Өз жерим, ыйык жерим*** (Өз йерим ыдук йерим), сизге, өз элим, каным, күң, катын, эрим... 2) Жүз эр, тууган-туушканым сиздерге, миң эр, журтума, сиздер кайраттан, журтум, ийги (мыкты) атам” – деген саптар жазылган [14.184].

Болжолу, көчмөндөр сыйынган бул культтун составдык бир бөлүгү катары кытай жазма булактарында эскерилген “кудайдын жери” деп аталган тоо чокулары жана *“ата-бабалардын уруулук үңкүрлөрү”* болгон [4.230-231]. С.Г.Кляшторный ыйык деп кабыл алынган жерлер, анын ичинен тоо чокулары жана урууга таандык болгон бабалардын үңкүрлөрү Ыйык Жер-Сууга сыйынуунун составдык бир бөлүгү болгондугун баса белгилейт [9.134]. Мисалы, байыркы түрктөрдүн сыйынган тоосу **Ötükän** бир эле учурда корук аймагы болгондугун белгилөөгө болот. II Чыгыш Түрк Каганатынын өкүмдарлары болгон Күлтегин жана Тоңйокукка багышталып тургузулган эпитафиялык эстеликте (Монголия, VIII к. Кошо-Цайдам) Ötükän топоними бир нече ирет эскерилген. *Ötükän* – Селенге дарыясынын агымдарына жайгашкан байыркы уйгурлар (токуз-огуздар, телелер) байырлаган тоолуу-токойлуу жердин аталышы катары баяндалат [1.28-29]. Л.П.Потапов бул маселеде П.Пелльо ж.б. изилдөөчүлөрдүн ***Ötükän*** топонимикалык аталышы тууралу пикирлерин эске алып, байыркы түрк доорунда эскерилген ***Ötükän*** – байыркы түрктөр мекендеген жердеги тоонун аталышы, ал эми терминдин өзү кудайдын аталышы катары калыптанган. Илимпоз аталган ыйык тоолор (бийиктиктер) жалпы уруулук менчиктеги жерлерде жайгашкан, уруу мүчөлөрү ошол тоолордо ата-бабалардын арбактарына, тоолорго жана Көк асманга багышталгвн жамааттык табынуулар ишке ашырылган [187.106-117].

Хунну доорундагы жайчы-бакшылар өздөрүнө тийешелүү болгон касиеттер аркылуу Жер-суу, аба-ырайына таасир бергендиктери тууралуу маалыматтар кытай жыл баяндарында эскерилет: “б.з. III к. Хунну мамлекети кулагандан кийин, түндүк хуннулардын бөлүнүп чыккан мамлекети кытай жазма булактарында “Юэбань” деген ат менен эскерилет. Азыркы Тарбагатайдын аймагында жашаган *юэбаньдардын* тили жана үрп-адаттары түрк тилдүү гаоцзюйлар (телелер) менен бирдей эле. “Бей-ши” династиялык жазма булагында эскерилген жайчы-бакшыларды Иакинф Бичурин кытайчадан “көзү ачык

жрецтер" маанисинде которгон. Б.з.449-ж. хуннулар кытайлар менен болгон согушта жайчы-бакшылар *жамгыр жана карды бороон менен кошо чакырышып, сел каптатышкан, натыйжада кытайлар зор зыян тартышкан экен* [4.231; 20.120]. Кытай жазма булагы "Суй-шу" (Суй династиясы, б.з.581-618 жж.) б.з.ч. I миң жылдыктын аягында (б.з.ч. II-I кк.) сюннуларда (хунну) жайчы-бакшылар болгондугун, кытайча – "wu" деп аталышарын эскерет. Анда жайчы-бакшылар ***жердин духуна*** багыштап курмандык чалгандары, дуба-магиялардын жардамы аркылуу хунну аскерлерине көмөк бергендери айтылат. Хунну шаньюйлары аскерлер сапарга чыккан жолго арналган, токтогон өргүүгө, ***ашууларга, кечкен сууларга багышталган курмандык чалууларга буйрук беришкен.*** Алар бул шамандар аткарган магия-дубалардын Хань (кытай) аскерлеринин кырсыктап жеңилүүсүнө көмөк берет деген ишеничте болушкан [17.Вып.2.120].

Жолго, ашууга, суу боюна курмандык чалуунун элементтерин бүгүнкү кыргыздар үрп-адаттарында сактап келе жатышат. Мисалы, ашуудагы обоо таштар, дарыялардын боюнда түлөө өткөзүү ошол байыртадан келе жаткан салтты чагылдырат. Кытайдын "Үч падышачылык доорундагы" ("Троецарствие") Вэй династиясынын (220-266 жж.) булактарында Гаогюйлардын (телелер) жайчы-бакшысынын чагылган түшкөн жерге кой көмүлгөндөн соң дуба окугандыгын баяндаган. Ошол эле Кытай жыл баяндары Жуаньжуан (Жужань, б.з. IV к. орто чени – 552-ж.) мамлекетинин каганынын өргөөсүндө дуба окуп, жайчылык, көз ачыктык кылган, адамдарды духтардын жардамы менен дарылаган аял-бакшы тууралу кабар беришет [5.Т.2.215-216]. Тарыхый булактагы сюжеттен кыпчак-куман (половец) хандары да башкы жайчы-шаман болушкандыгын, бөрүлөр алардын негизги колдоочусу болгондугун көрүүгө болот. Белгилүү византиялык (грек) тарыхчысы Феофилакт Симокатта (Feofilaktus Simokates) Чыгыш Европага көчүп келген түрк уруулары тууралу б.з. 595-ж."түрктөр эң оболу күйгөн отко өзгөчө мамиле жасашат***, абага, жерге, сууга*** аяр мамиле жасашат, ***жер тууралу ыр айтышат, бирок, асман менен жерди жаратканды кудай деп таанышат***" – деп жазган.

Теңиртоолук кыргыздар жаз келгенде жана күзүндө "мазар" деп эсептелген тоо этектериндеги бадалдуу, булак суусу чыккан жерлерде табиятка багышталган курмандык чалуулар уюштурулган. Мал союлуп, айыл эли биргеликте чогулуп сый-тамак жешкен. Бул салт "*жер-суу тайы / жер суу таюу"* деп аталган. Т.Д.Баялиева *"жер-суу таюу*" расмиси кургакчылык учурунда гана эмес регулярдуу түрдө бир жылда эки жолу: тоолордо чөп чыга баштап, койлор төлдөй баштаганда (эрте жазда) жана үйүр ээлери малды кыштоолорго айдап, татаал кышкы мезгилге даярдана баштаганда (кеч күздө) өткөрүлүп турганын белгилейт [3.12]. Этнограф Т.Д. Баялиеванын айтымында, бул жөрөлгө учурунда уруу мүчөлөрү тамак-ашын даярдап, союла турган мал менен кошо тийиштүү жерге алып барып, аксакалдардан бирөөсү кудайга, жерге, сууга кайрылып, кырсыктардан, оорулардан сактоону суранган. Андан кийин этти казанга бышырып, эт менен кошо тамак-ашын жеген соң Жер-Суу кудайына кайрылып, бата кылышкан. Жер-суу таюу жөрөлгөсүнө жер титирөө, сел жүрүү сыяктуу кырсыктардын учурунда өзгөчө маани берилген [3.12]. Бул салттын параллелдери алтайлыктарда сакталып келет. Аларда "*жер-суу тайыг*" же "*жер-сууга сыйынуу*" дегенди туюнтат. Сыйынуу дарыянын башатында, көлдүн жээгинде өткөрүлгөн, курмандык үчүн ак кой чалынган [20.282].

Бабалардын духтарына келип сыйынуу (Эне-карышкыр) мамлекеттик культка айланган. Бул каада Түрк каганаты кулап, экиге ажыраганда (Батыш жана Чыгыш Түрк каганаттары, 581-659 жж.) да улантыла берилген, түрк кагандары өздөрүнүн тегин, Бөрү культун дайыма эстеп, белгилеп турушкан. Кытай жазма булактары:"...Каган ар дайым Дугинь тоосунда жашайт. Анын өргөөсүнүн оозу (эшиги) ыйык эсептелген күн чыгышка каратылып орнотулган. Ал жыл сайын өз кызматкерлери менен биргеликте бабаларынын үңкүрүнө атайын курмандык чалат. Бешинчи айдын орто декадасында элдин баарын жыйнап, дарыя боюнда Көк Теңирге курмандык чалдыртат...(Бичурин, 1950:23-231). Чыгыш түрктөрүндө болсо каган жана гуй-жэн (тектүү адамдар) жыйналышып бабалардын арбагына, бешинчи айда көпчүлүк эл менен Көккө (Көк Теңир) курмандык чалышары "Чжоу-шуда" баяндалат [20.122]. Батыш Түрк каганатында курмандык чалуу каадасы "бешинчи жана сегизинчи айда" өткөрүлгөн. Бешинчи ай – июнь айынын башталышы, үчүнчү жана сегизинчи айлар азыркы апрель менен сентябрь айларына туура келет. Экинчи жана үчүнчү даталар түшүнүктүү, анткени бул мезгил жайкы көчүп-конуу циклынын башталышы жанеа жайлоодон кайтуунун аягына туура келген, курултайда чарбалык иштер уруулар, элдер ортосунда жайыттарды бөлүштүрүү, көчүп-конуунун багыттары боюнча маанилүү маселелер каралган. Көк Теңирге курмандык чалуу сөзсуз түрдө кайсыл бир майрамга байланыштуу болгон. Жалпы элдик курмандык чалуу каадасы байыркы хуннуларда, гацзюйларда (теле-динлинь) да болгондугун кытай жазма булактары тастыктайт.

Түрк кагандары "Көк теңирдин" атайын амири менен башкарууга берилген "Элди" (Түрк каганатын) башкарууда Көк Теңирди, Жер-суу (Йер-суб), Умай-эне менен катар ата-балардын духтарына (арбактарына) сыйынуу каадаларын мезгил-мезгили менен өткөрүп турушкан. Кагандар жана мамлекеттик кызматкерлер жылдын бир мезгилдеринде үнкүргө келип сыйынышып, курмандык чалышкан. Үңкүр биринчиден түрктөр үчүн бабалары (чоң аталары) төрөлгөн жай болсо (*Эне-карышкырдын Гаочань-Турфандагы балдарды тууган үңкүр*), экинчиден адамдардын диний-философиялык түшүнүктөрүндө үңкүр эненин жатынын жана жашоонун башталышын туюнткан [20.82]. Бул диний ритуалды өткөрүүнү каган өзү жетектеген.

Хакас этнографы В.Я.Бутанаев фольклордогу эң алгачкы сюжет катары алгачкы (түпкү) мифологиялык бабалардын үңкүрдө төрөлүшүнө токтолот. Белгилүү болгондой түпкү бабанын атасы да, энеси да болгон эмес, ал өзү ошол жердин кыртышында туулган, так айтканда мифологиялык ата-баба ошол жердин эң байыркы жашоочусу, алардын калыптануусу дал ушул аймакта өткөндүгүн белгилейт. Кыргыздардын урпактары болгон хакас урууларынын көпчүлүгүнүн түпкү бабалары үңкүрдө төрөлгөндүгү уламыштарда чагылдырылган [6.134]. Бул уламыштардын келип чыгышы байыркы замандардын түпкүрүнө кетет. Карышкырдын ийиндери, үңкүрлөр тууралу мифологиялык уламыштар эне жатыны (утроба) - Жер-Эне деген түшүнүккө барып такалары шексиз. Кытай жазма даректери боюнча Көгмөн тоосунан түндүк аймакта жайгашкан же бүгүнкү Хакас-Минусин ойдуңу кыргыздардын эл катары калыптануусунун жана мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүнүн бир этабы жүргөн кеңири аймак дегенге толук болот. Мисалы, *Цзянькуньдардын (кыргыздар) түпкү бабасы Цюйманьшань (Көгмөн тоосу – Батыш Саяндар, азыркы Тува-Хакасия аймактары)* ***тоосундагы үңкүрдө туулган****,* Цюйманьшань

тоосунан түндүгүрөөктө жайгашкан. Алардын өздөрүнүн тектеринин келип чыгышы боюнча айткандарына караганда *Көк Теңирден түшкөн Дух менен Уйдун кошулуусунан* тарашат [16.Т.II.32]. Саян-Алтайдын түрк тилдүү элдеринде уй аты менен ири мүйүздүү малды гана эмес, багыштын, бугунун, кийик-эликтердин ургаачыларын аташкандарын эскерте кетүү зарыл. Огуз каган, Чынгыз-хандын бабалары Көк Теңирдин буйругу түшкөн Духтун (карышкыр) жардамы менен бойго бүтсө, монголдор *Гао Марал жана Борте Чинодон* (Кийик-марал жана Көк жал карышкыр) келип чыгышкандарын енисейлик кыргыздардын айткан уламыштары менен параллел келтирсе болот. Эгерде тарыхый-этнографиялык параллелдүүлүктөргө таянсак, байыркы Енисей кыргыздарындагы Теңирдин Духун жалпы түрк-монгол элдери сыяктуу эле - "*көк жал бөрү*" деп кабыл алса болот.

Байыркы хунну, монгол тилдүү дунхуларда (сяньби), кыргыздарда жана көк түрктөрдө ат оюндары тууралу алгачкы маалыматтар кытай жазма булактарында, хуннулар боюнча европалык хроникаларда бир аздап эскерилет. Түндүк Вэй (Табгач мамлекети же Тоба Вэй, 386-535 жж.) кытай мамлекетинин тарыхчылары: "Император Гоацзунун (471-499 жж.) башкарган доорунда беш гаоцзюй (Теле уруулары) уруусуна кирген бир нече он миң калкы Көк асманга (Көк Теңир) багыштап курмандык чалуу үчүн жыйналышты. Бул чоң жыйында алар (теле уруулары, гаогюйлар) көптөгөн малды курмандыкка чалышып майрамдашты, ат оюндарын, ат жарыштарын уюштурушуп, ырлар менен коштолгон жүрүштөрүн жасашты, эс алышты, бул сыяктуу топтолгон бир нече уруулардын бириккен жыйыны сейрек көрүнүш" – деп жазышат [10.52-53]. Бул курмандык чалуу салтанатына кытай императорунун катышкандыгы белгилүү.

Кытайдын букаралыгын кабыл алган хуннулардын (гунн) дагы бир тобу жөнүндө тарыхый булак төмөндөгүдөй маанилүү маалыматты баяндайт: "...түштүктөгү Шаньюй (хуннулардын жетекчиси) Кытай букаралыгына өткөн мезгилден бери кытай императоруна арналган (багышталган) төртүнчү курмандык чалуу салтын киргизди. Курмандык өткөрүү маалында уруу башчылары мамлекеттик иштерди, эл аралык маселелерди талкууга алышкан, ат чабуу жана төөлөрдү жарыштыруу менен тамашага батышкан" [караңыз: Бичурин, 1950: 119]. Бул жерде көрүнүп тургандай хуннулардын бир тобу башка мамлекеттин букаралыгын алып жатса да башкы каадасын – Көк Теңирге арналган курмандык чалуу салтын унутушпастан аны өз адаттарына төртүнчү салт катары киргизип, мурдагыдай эле ат оюндарын жана төө жарыштарыны уюштурганы айтылат. Хуннуларда жылына үч ирет курмандык чалынган салты тууралу тарыхый булак мындайча баяндайт: "сюннулар (хуннулар) адаттары боюнча Лунчэнде жылына үч жолу курмандык чалышкан, алар дайыма бирдин, бештин жана тогуздун айында, У (кытайча) күнүндө Асман рухуна (Көк Теңирге – О.К.) арнап курмандык чалышкан... Курмандык чалуу маалында (хуннулар) бүт көчтү, элди чогултушкан... мамлекеттик иштерди талкуулашкан, ат чабуу (ат оюндары) жана төөлөрдү жарыштыруу менен тамашага батышкан" [17.15; 11.14].

Кытай жылнаамаларындагы (хроникалары) маалыматтар боюнча хуннуларда (сюнну) Жердин духуна багышталган курмандык чалууну шамандар ишке ашырган. Ошондон улам, кыргыздарда, түрктөрдө да Жердин духуна арналган курмандык чалуу жөрөлгөсүн шамандар өткөргөн деген тыянак айтууга болот. Шамандарга «магиялык каражаттары бар колдоочулар жардамга» келгендиги айтылат. «Сюннулар (хуннулар) сары изге чөп салган

кытай аскерлери жүрө турган жолдорго, суулардын жээктерине, кечүүлөрдүн жанына (- Л.П.) койлорду жана букаларды көмүүнү шамандарга табышташкан, Хань аскерлеринин кырылуусу үчүн дубаларды окууларын тапшырышкан» [17.120; 20.119]. Мындан сырткары, хуннулардын (сюннулардын) аскер башчылары, мамлекеттик кызмат адамдары (чиновниктер) чыгышкан төрт аристократиялык уруусунун өкүлдөрү жылына үч ирет Шаньюдун ставкасына жыйналышып, «ата-бабаларга, Көк Теңирге, Жерге (Жер-Суу), адамдардын арбактарына (духтарына), асман духтарына багышталган курмандыктарды чалышкан». «Бул жыйындарда мамлекеттик маанилүү маселелер каралган, ал эми куз айында бир ирет – өлкөдөгү адамдардын жана малдын санын такташып, көзөмөлдөшкөн [10.31]. Хуннулардагы (сюнну) шамандардын аткарган жөрөлгөлөрү бүгүнкү тывалардын (тувалар) күндөлүк колдонушкан жөрөлгөлөрүндө (каада-салтында) сакталып калган. XX к. баш чендеринде тывалар ашууларга, өткөөл жерлерге, кечүүлөрдүн жанына курмандыкка багышталган «оваа» (кыргызча – обоо таштар. – О.К.) таштарды же кургаган бадалдарды духтарга, жергиликтүү жаратылыш обьектилеринин «ээлерине» жолдун шыдыр болушун тилешип жайгаштырышкан. Ошол эле учурда «оваа» таштын жанына тирүү букаларды көмүшкөн учурлар кездешет (Дьяконова, 1973: 161). Байыркы түрктөр да «опа» деп аталган курмандыкка багышталган үйүлгөн таштарды курушкан, бирок кандай жандыкты курмандыкка чалышканы белгисиз [12.56].

Хуннулардын (сюнну) шамандары жана алар аткарган магиялар тууралу башка маалыматтар да айтылат. Хунну шаньюйлары Кытай императорлоруна «жылкы жана тондорду» милдеттүү белектер катары жөнөтөрдүн алды шамандарга «кытай башкаруучусуна духтар аркылуу бактысыздыкты, жамандыкты дубалап жөнөтүүнү» тапшырышкан [20.119]. «Обоо» таштарды куруу кыргыздардын да диний ишенимдеринде орун алган. «Обоо» таштарды бийик тоолордогу ашуулардан көрүүгө болот. «Обоо» таштар өзгөчө Чоң Алай районунун аймагында көп кездешери байкалган.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Аминев, З.Г. Культ священной горы древних тюрков Otukan и ее следы у башкир//Проблемы этногенеза и этнической истории башкирского народа. Материалы Всероссийской научно-практической конференции, посвященной 70-летию С.Н. Шитовой. Уфа, 22 декабря 2006 года. Уфа: Гилем, 2006. 260 с. С.26–29.
2. Басилов, В.Н. Йер-Су//Мифы народов мира. М.: Советская Энциклопедия, 1991. Т. I. С. 599.
3. Баялиева, Т.Д. Доисламские верования и их пережитки у киргизов. Фрунзе, 1972. 168 с.
4. Бичурин, Н.Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т. 1. М.–Л.: Наука, 1950. 389 с.
5. Бичурин, Н.Я. Собрание сведений о народах обитавших в древности в Средней Азии. – М-Л.: АН СССР, 1950. – Т.2. – 381 с.
6. Бутанаев, В. Я. Этническая история хакасов XVII-XIXвв. М.: «Наука», 1990. 272 с.
7. Бухарова, Г.Х., Исхакова Ф.А. Символика зоонима бүре (волк) в башкирской лингвокультуре//Международный научно-исследовательский журнал. Филологические науки. Вып № 12 (66). Декабрь, 2017. М.,2017. С. 75-79.
8. Древнетюркский словарь / Под ред. Наделяева В.М., Насилова Д.М., Тенишева Э.Р., Щербака А. Москва-Ленинград: «Наука», 1969. 677 с. (ДТС).
9. Кляшторный, С.Г. Мифологические сюжеты в древнетюркских памятниках//Тюркологический сборник. 1977. М.: Наука, 1981. С. 117-138.
10. Кляшторный, С.Г, Савинов Д.Г. Степные империи древней Евразии. СПб ГУ, 2005. 346 с.

11. Көчкүнов, А. Көчмөн түрк элдериндеги оюндардын келип чыгышын изилдөөнүн айрым маселелери // Түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары. Б.: КТМУ, 2015. 1-20 бб.
12. Малов, С.Е. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. М.; Л.: «Наука», 1959.
13. Малов, С.Е. Памятники древнетюркской письменности. – М.–Л.: Наука, 1951. 212 с.
14. Орхон-Енисей тексттери. - Фрунзе: Илим», 1982. 240 с.
15. Материалы по истории киргизов и Киргизии. Т.I. Бишкек, КТМУ. 2002. 234 с.
16. Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана (Извлечения из китайских источников II в. до н.э. – XVII в. Т.II. Бишкек, 2003. 267 с.
17. Таскин, В.С. Материалы по истории сюнну (по китайским источникам). М.: ГРВЛ, 1973, Вып.2. 168 с.
18. Потапов, Л.П. Новые данные о древнетюркском Otukan // Советское востоковедение. №1. 1957. С.106-117.
19. Потапов, Л.П. Умай–божество древних тюрков в свете этнографических данных / Л.П.Потапов // Тюркологический сборник 1972. М.: "Наука", 1973. С. 265-286.
20. Потапов, Л. П. Алтайский шаманизм. Л.: "Наука", 1991. 321 с.
21. Стеблева, И.В. К реконструкции древнетюркской религиозно-мифологической системы //Тюркологический сборник-1971. М.: "Наука", 1972. С. 213-226.
22. Roux, Jean-Paul. La religion des Turks de l'Orkhon des VII et VIII siecles. RHR, Paris, 683 – 1079. 1962.
23. Roux, Jean-Paul. La morte chez les peuples altaiques ansiens et medievaux d'apres les documents ecrits. Paris, 1966.

*  *  *

**Калыш Аманжол Боранбайулы**

# ВКЛАД ВИДНОГО ОТЕЧЕСТВЕННОГО ЭТНОГРАФА Э.А. МАСАНОВА В ИССЛЕДОВАНИЕ ТРАДИЦИОННЫХ ДОМАШНИХ ПРОМЫСЛОВ И РЕМЕСЕЛ КАЗАХОВ XIX – НАЧАЛА XX ВЕКОВ

**Калыш Аманжол Боранбайулы**

## ЭТНОГРАФ Э.А. МАСАНОВДУН XIX – XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ КАЗАКТЫН САЛТТЫК ҮЙ КЕСИПТЕРИ ЖАНА КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮН ИЗИЛДӨӨГӨ КОШКОН САЛЫМЫ

**Kalysh Amanzhol Boranbayuly**

## CONTRIBUTION OF NOTABLE DOMESTIC ETHNOGRAPHER E.A. MASANOV TO THE STUDY OF TRADITIONAL HOME CRAFTS AND INDUSTRIES OF THE KAZAKHS IN THE 19TH – EARLY 20TH CENTURIES

***УДК 391/395***

***Аннотация.*** *Один из патриархов отечественной этнографии Э.А. Масанов прожил котороткую и и непростую жизнь. На своей судьбе испытал последствия советской тоталитарной системы, был сыном врага народа, видного партийно-государственного деятеля, расстреленного в 1938 году. Активный участник Великой Отечественной войны 1941-1948 гг., выпускник исторического факультета имени М.В. Ломоносова (1948-1953 гг.), аспирант сектора этнографии народов Средней Азии и Казахстана Института этнографии имени Н.Н. Миклухо-Маклая АН СССР (1955-1958 гг.). С 1958 по 1964 гг. до своей трагической гибели в научной экспедиции был научным сотрудником отдела этнографии Института истории, археологии и этнографии имени Ч.Ч. Валиханова АН Казахской ССР. Ему не хватило полугода до выхода в свет докторской монографии «Очерки этнографического изучения казахского народа в СССР», которая на протяжении шести десятилетий является настольной книгой казахстанских историков и этнографов. В своих научных публикациях Эдиге Айдарбекович затронул практически многие аспекты исторической и традиционной этнографии казахского народа. Он одним из первых в республике исследовал многие аспекты традиционных народных промыслам и ремесел казахов XIX – начала XX веков, посвятив им свою кандидатскую диссертацию.*

***Ключевые слова.*** *Эдиге Айдарбекович Масанов, казахская этнография, традиционные промыслы и ремесла.*

***Аннотация***. *Ата мекендик этнографиянын патриархтарынын бири Е.А. Масанов кыска жана оор турмушту башынан кечирди. Ал советтик тоталитардык системанын кесепеттерин баштан өткөргөн, 1938-жылы атылган белгилүү партиялык мамлекеттик кызматкер болуп эсептелген "эл душманынын" баласы. 1941-1945-жылдары Улуу Ата Мекендик Согуштун активдүү катышуучусу болгон, 1948-1953-жылдары М.В.Ломоносов атындагы тарых факультетин бүтүргөн, 1955-1958-жылдары СССРдин Н.Н.Миклухо-Маклай атындагы Этнография институтунун Борбордук Азия жана Казахстан элдеринин этнографиясы секторунда аспирант болгон. 1958-жылдан 1964-жылга чейин, тагдырдын жазмышы менен илимий экспедицияда көз жумганга чейин, Казак ССРинин Ч.Ч.Валиханов атындагы Тарых, археология жана этнография Институтунун этнография бөлүмүндө илимий кызматкер болуп иштеген. Ал доктордук монографиясы "СССРдеги казак элдерин этнографиялык изилдөө боюнча очерктер" чыгарышына алты ай калганда көз жумган. Бул монография акыркы он жыл ичинде казак тарыхы жана этнографтардын баш китеби болуп калган. Эдиге Айдарбекович илимий публикацияларында казак элдеринин тарыхый жана салттуу этнографиясынын дээрлик бардык аспектилерин талкуулаган. Ал республиканын алгачкы изилдөөчүлөрүнүн бири болуп, XIX-XX кк. башындагы казактардын салттуу үй кесиптери жана өнөрчүлүк аспектеринин көп түрүн изилдеп, муну менен ал кандидаттык диссертациясын коргогон.*

***Негизги сөздөр.*** *Эдиге Айдарбекович Масанов, казак этнографиясы, салттуу үй кесиптери жана өнөрчүлүктөр, үй тиричилигинин тармактары.*

***Abstract.*** *One of the patriarchs of domestic ethnography, E.A. Masanov, lived a short and tumultuous life. He experienced the consequences of the Soviet totalitarian system, being the son of an "enemy of the people," a prominent party and state official who was executed in 1938. An active participant in the Great Patriotic War from 1941 to 1945, he graduated from the historical faculty of M.V. Lomonosov University (1948-1953) and was a graduate student in the sector of ethnography of the peoples of Central Asia and Kazakhstan at the N.N. Miklouho-Maclay Institute of Ethnography of the USSR Academy of Sciences (1955-1958). From 1958 until his tragic death in a scientific expedition in 1964, he served as a research fellow in the ethnography department of the Institute of History, Archaeology, and Ethnography named after Ch.Ch. Valikhanov of the Academy of Sciences of the Kazakh SSR. He was only six months away from the publication of his doctoral monograph "Essays on the Ethnographic Study of the Kazakh People in the USSR," which has been a fundamental book for Kazakh historians and ethnographers for six decades.*

*In his scientific publications, Edige Aidarbekovich addressed nearly all aspects of historical and traditional ethnography of the Kazakh people. He was one of the first in the republic to research various aspects of traditional crafts and industries of the Kazakhs in the 19th – early 20th centuries, dedicating his candidate dissertation to this topic.*

***Keywords.*** *Edige Aidarbekovich Masanov, Kazakh ethnography, traditional crafts and industries.*

**Основная часть.** Эдиге Айдарбекович Масанов пришел в этнографическую науку со сложной судьбой, познав тяготы жизни, связанные с тем, что он в отличие от своих сверстников, рано потерял своего отца, крупного партийного и государственного деятеля, незаслуженно репрессированного в 1930-е годы, принимал участие в боях Великой Отечественной войны. Из армии демобилизовался лишь в 1948 году и сразу же поступил на исторический факультет МГУ имени М.В. Ломоносова. Отработав два года учителем истории в г. Караганде, в 1955 году по совету своих прежних наставников поступил в аспирантуру сектора этнографии народов Средней Азии и Казахстана Института этнографии имени Н.Н. Миклухо-Маклая АН СССР. Здесь он выбрал не исследованную прежде в казахской этнографии тему, связанную с традиционными домашними промыслами и ремеслами своего народа под руководством зав. сектора, известного советского этнографа, специалиста по исторической этнографии каракалпаков Т.А. Жданко [1, л. 13-14].

Три аспирантские годы в Москве Эдиге Айдарханович использовал максимально, выявив всю доступную дореволюционную литературу по теме диссертационной работы, хранящуюся в Государственной библиотеке имени В.И. Ленина. Мне, в студенческие годы учившемуся вместе с его сыном Нурболатом Эдигеевичем на историческом факультете

КазГУ, а затем 15 лет проработавшему в одном отделе этнографии Института истории, археологии и этнографии имени Ч.Ч. Валиханова АН Казахской ССР, удалось увидеть в их семейном архиве многочисленные фотокопии редких книг, альбомов, рукописей, журнальных и газетных статей XVIII – 20-30-х годов XX столетия, насчитывавшие несколько сотен и тысячи листов, скрепленных покойным Эдиге Айдарбековичем в отдельные книги или удобные ему папки. По словам моего друга, не менее талантливого казахстанского этнографа, всемирно известного кочевниковеда, его отец сделал очень большие затраты на то, чтобы получить копии этих дореволюционных материалов. Необходимо учесть тот фактор, что в тот хронологический период отсутствовала копировальная технология. Поэтому его отцу приходилось обращаться к помощи специалистов фотографов, которые которые были штатными сотрудниками этой знаменитой московской библиотеки. Они помогли Эдиге Айдарбековичу впоследствии при подготовке его докторской диссертации и монографии, опубликованной после его трагической гибели. Эти фотокопии 1950-х годов до сих пор хранятся в семейном архиве Масановых [2.25-30; 3]. Много ценного ему удалось выявить в фондах Музея антропологии и этнографии (МАЭ), затрагивающие быт, промыслы и ремесла XIX – начала XX вв. преимущественно по областям Северного Казахстана.

В аспирантские годы Э.А. Масанов обратил особое внимание истокам и генезису традиционных народных промыслов и ремесел казахов, которые уходят вглубь веков. В вступительном в первом параграфе диссертации этот аспект он проанализировал, опираясь на археологические материалы древности и раннего средневековья на территории Казахстана [4.26-39]. Примечательным было то, что свои научные выводы по указанным хронологическим периодам он сопоставлял и обосновывал, опираясь на материалы письменных источников-античных, арабских, персидских, тюркских и китайских. Не менее ценные данные были выявлены им по периоду позднего средневековья и нового времени, хронологически охватывающими XV-первой трети XVIII столетия, включаяющие многочисленные публикации российских и западноеврпейских авторов [30].

Естественно, наиболее ценные и сопоставительные материалы были выявлены Эдиге Айдарбековичем по второй половине XVIII – началу XX вв. Данную особенность можно объяснить тем, что казахи Младшего (Западного Казахстана) и части Среднего (Северного и Северо-Восточного Казахстана) жузов в первой трети XVIII века в добровольно-принудительном порядке вошли в состав Российской колониальной империи. Казахи Южного и Юго-Восточного Казахстана (Жетысу) были насильственно присоединены царской властью в середине XIX века. Посредством административно-территориальных реформ середины 60 – начала 90-х годов XIX века царизм окончательно присоединил огромную территорию Казахстана. Окончательная колонизация края, массовая миграция русско-украинского и пр. переселенческого населения, осовоение природно-сырьевых ресурсов и других богатств сопровождались масштабным его изучением российскими и приглашенными восточными и западно-европейскими учеными, чиновниками, военными, дипломатами и т.д. Сюда же следует отнести исследования различных академических экспедиций, в также членов Императорского Русского географического общества, многочисленные статистические исследования во всех шести областях и уездах Казахстана. Последние из них осуществлялись под эгидой Министерства внутренних дел,

Переселенческого управления царского правительства, основной целью и задачей которых было дельнейшее изъятие у коренного казахского населения так называемых «излишков» плодородных земель и благоприятных пастбищ для переселенческого населения. Естественно, их многочисленные отчеты и публикации, нередко хранившиеся в российских и казахстанских архивах, охватывали достаточно ценных материалов по теме кандидатской диссертации Э.А. Масанова.

Указанные нами выше объективные обстоятельства с насыщенными историко-этнографическими, статистико-экономическими материалами и источниками позволили автору всесторонне раскрыть в первой главе историю развития домашних промыслов и ремесел своего народа во второй половине XIX – начале XX в. [4.40-72].

Значительное внимание будущий маститый ученый уделял и собственным полевым этнографическим материалам, которые пополнялись им в процессе командировок не только за счет своего московского Института, но и экспедиционных поездок совместно с коллегами из отдела этнографии казахстанского академического Института. Именно опытные и ведущие отечественные ученые, включая А.Х. Маргулана, Н.С. Сабитова, И.В. Захарову, В.В. Вострова помогли Эдиге Айбдарбековичу исследовать общие и специфические черты в традиционных казахских домашних промыслах и ремеслах четырех северных областей Казахстана. При этом он сумел верно проследить, что на развитие различных видов домашних промыслов значительное влияние оказали торговые операции и многочисленные заказы оптовиков в мелких и крупных ярмарках, расположенных в уездных и областных центрах Северного Казахстана, а также в приграничных с ним территориях Российской империи [4.64-71].

Вместе с тем, молодому ученому удалось достаточно профессионально проанализировать многие узловые аспекты исследуемой темы в указанном хронологическом аспекте. Здесь мы имеем в виду основные технические приемы производства и образцов искомых домашних промыслов и разнообразных ремесел. К ним можно отнести: 1) обработку шерсти для производства таких образцов, как войлоки, текеметы, сырмаки, тускиизы; 2) производство деревянных изделий, включая деревянные части юрты, транспорта, кровати, посуды, ряда народных музыкальных инструментов; 3) техника обработки костяных предметов в виде пластин, холодных оружий, рукояток ножей, нагаек и кнутов, отдельных частей повседневной посуды и домашней утвари; 4) способы изготовления кузнечных и ювелирных изделий из железа, цветных и драгоценных металлов, преимущественно серебра, а также самоцветы – жемчуг, рубины, изумруды и пр.; 5) декоративная обработка твердого и мягкого камня, главным образом для мемориально-культовых предметов и памятников, а также хозяйственных и повседневно-бытовых нужд; 3) использование и нанесение традиционных орнаментов и узоров на камне, дереве, шерсти, кожи и пр. [4.74-262]. Аналогичный интерес автор уделял условиям труда и повседневному бытовому укладу изучаемых им ремесленников [4.263-269].

Необходимо отметить и то, что исследованные им основные аспекты домашних промыслов и ремесел были опубликованы до и после успешной защиты кандидатской диссертации в соответствующих научных изданиях Москвы и Алматы [5-10].

**Заключение.** Таким образом, один из известных отечественных этнографов Э.А.Масанов сумел на высоком уровне с привлечением широкого круга дореволюционных

источников, преимущественно российских, а также собственных полевых этнографических материалов, исследовать традиционные промыслы и ремесла казахского народа XIX – начала XX вв. При этом автор исходил из того, что они являлись важной составной частью материального и хозяйственно-культурного наследия, которые развиваясь и совершенствуясь на протяжении многих столетий, сумели сохранить свою уникальность и самобытность. С другой стороны, многие ее составные части и элементы имели аналогию и тождественность с такими братскими тюркскими этносами, как кыргызы, каракалпаки, ногайцы, узбеки, туркмены, уйгуры и пр. Заложенные ученым основы исследования казахских промыслов и ремесел были впоследствии продолжены последующими отечественными этнографами советского и независимого периода развития Казахстана.

**ЛИТЕРАТУРА:**

1. РГППХВ «Ғылым ордасы» КН МОН РК. Фонд № 103. Оп. 54. Л. 13-14.
2. Абылхожин, Ж. Эдиге Масанов: судьба человека, судьба семьи, судьба страны // Вестник Евразии (Acta Eurasica). – 2007. – № 4 (38). – С. 25-44.
3. Полевые материалы автора. Г. Алматы, Н.Э. Масанов, 1998-2000 гг.; Л.Е. Масанова, 2024 г.
4. Масанов Э.А. Домашние промыслы и ремесла казахского народа во второй половине XIX – начале XX в.: историко-этнографический очерк по материалам северных областей Казахстана): Дис. канд. ист. наук. – М., 1960. – 326 с.
5. Масанов Э.А. Из истории ремесла казахов (Вторая половина XIX – начало XX в.) // Сов. этнография. – 1958. – № 5. – С. 31-49.
6. Масанов Э.А. Казахское войлочное производство во второй половине XIX и начале XX веков // Труды ИИАЭ АН Казахской ССР. – Том 6. – Алма-Ата, 1959.– С. 104–126.
7. Масанов Э.А. Домашние промыслы и ремесла казахского народа во второй половине XIX – начале XX веков // Ученые Записки КазГУ. – 1959. – Т. 38. – Вып. 4. – С. 167-177.
8. Масанов Э.А. Условия труда и бытовой уклад казахских ремесленников // Известия АН КазССР. – 1961. – № 1. – С. 45-55.
9. Масанов Э.А. Кузнечное и ювелирное ремесло у казахов // Труды ИИАЭ АН Казахской ССР. – Том 12. Новые материалы по археологии и этнографии Казахстана. – Алма-Ата, 1961. – С. 148-170.
10. Масанов Э.А. Заметки о резьбе по кости и камню у казахов (вторая половина XIX – начало XX века) // Труды ИИАЭ АН Казахской ССР. – Том 18. – Алма-Ата, 1963. – С. 103-121.

* * *

***Кедейбаева Жамал Арстаналиевна, Кубатбекова Нурзада Кубанычбековна, Шакирова Нургуль Мирзаевна***

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН РУХАНИЙ КООПСУЗДУГУНУН ТИЛДИК, МАДАНИЯТ КОРКУНУЧТАРЫНЫН СЕБЕПТЕРИ

***Кедейбаева Джамал Арстаналиевна, Кубатбекова Нурзада Кубанычбековна, Шакирова Нургуль Мирзаевна***

# ПРИЧИНЫ ЯЗЫКОВЫХ, КУЛЬТУРНЫХ УГРОЗ ДУХОВНОЙ БЕЗОПАСНОСТИ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

***Kedeibaeva Zhamal Arstanalievna, Kubatbekova Nurzada Kubanychbekovna, Shakirova Nurgul Mirzaevna***

# THE CAUSES OF LINGUISTIC AND CULTURAL THREATS TO THE SPIRITUAL SECURITY OF THE KYRGYZ PEOPLE

***УДК. 101***

***Аннотация.*** *Кыргыз эли өзүнүн тарыхый өнүгүүсүнүн көпчүлүк бөлүгүн көчмөн турмушта өткөргөндүгүнө байланыштуу кыргыз тили этногенездин баштапкы баскычтарында, ошондой эле кийинки мезгилдерде негизги ролду ойногон жана этникалык иденттүүлүктү өнүктүрүүдө азыркы социомаданий кырдаалда да эбегейсиз зор мааниге ээ. Кыргыздар үчүн идентификациялык белгилер болуп жалпы антропологиялык тип, маданий жана менталдык жакындык, түпкү генезисинин жалпылыгы жана тарыхый тагдыр эсептелет. Бирок кыргыздар өз тарыхынын көпчүлүк бөлүгүн мамлекеттен тышкары өткөргөнүнө байланыштуу кыргыздарды этнос иретинде идентификациялоочу негизги белгилердин бири катары тил кызмат өтөгөн. Демек, кыргыз тили элибиздин узак мөөнөттөгү тарыхында этнос түзүүчү негиз катары каралат, анын айланасында кыргыз этносу толук калыптанган. Тигил же бул жагдайларга байланыштуу кыргыздар өз тилин унутса, анда алар дүйнөлүк аренада «кыргыз» катары өз ордунан да ажырап калышы мыйзам ченемдүү көрүнүш*

***Ачкыч сөздөр.*** *социалдык, этникалык, өнүктүрүү, бирдиктүү, өзгөчөлүк.*

***Аннотация.*** *В связи с тем, что кыргызский народ большую часть своего исторического развития провел в кочевой жизни, кыргызский язык играл ключевую роль на начальных этапах этногенеза, а также в последующие периоды и имеет огромное значение в современной социокультурной ситуации в развитии этнической идентичности. Идентификационными признаками для кыргызов являются общий антропологический тип, культурная и ментальная близость, общность коренного генезиса и историческая судьба. Однако в связи с тем, что кыргызы большую часть своей истории провели за пределами государства, одним из основных признаков этнической идентификации кыргызов служил язык. Таким образом, кыргызский язык рассматривается как этнообразующая основа в долговременной истории нашего народа, вокруг которой полностью сформировался кыргызский этнос. Если кыргызы забудут свой язык в связи с теми или иными обстоятельствами, то они лишатся своего места на мировой арене как «кыргызы».*

***Ключевые слова.*** *социальное, этническое, развитие, целостность, особенность.*

***Abstract.*** *Due to the fact that the Kyrgyz people spent most of their historical development in a nomadic life, the Kyrgyz language played a key role in the initial stages of ethnogenesis, as well as in subsequent periods, and is of great importance in the modern socio-cultural situation in the development of ethnic identity. The identification features for the Kyrgyz are a common anthropological type, cultural and mental affinity, community of indigenous genesis and historical destiny. However, due to the fact that the Kyrgyz spent most of their history outside the state, one of the main signs of ethnic identification of the Kyrgyz was the language. Thus, the Kyrgyz language is considered as an ethnos-forming basis in the long-term history of our people, around which the Kyrgyz ethnos was fully formed. If the Kyrgyz forget their language due to certain circumstances, they will lose their place on the world stage as "Kyrgyz".*

***Key words.*** *social, ethnic, development, integrity, peculiarity.*

Коомдук өнүгүүнүн узак тарыхында кыргыз уруулары түрдүү этникалык топтор менен өз ара байланышка киришкен, мында уруулар арасында жана уруулар аралык союздарда кыргыздарды бириктирип турган этноидентификациялык белги болуп тил эсептелет. Анткени бири-бирин жакшы түшүнө албай, терең байланыша албаган, окшош тилде баарлашууга мүмкүнчүлүгү жок элдер бирдиктүү бүтүндүккө бириге алышпайт. Андан тышкары айрым кыргыз уруулары башка элдердин курамына кошулган учурда эне тилин жоготуу менен бирге башка элдердин маданий өзгөчөлүктөрүн, менталдык касиеттерин да кабыл алууга мажбур болушкан.

Салыштырма түрдө алып караганда көп сандагы элдердин катарына кошулбаса да, кыргыз этносу нечен миңдеген жылдар бою өз тилин, өздүк аталышын, маданий өзгөчөлүктөрүн, иденттүүлүктөрүнүн, менталитетин сактап калган.

11. 11.Крюков М.В., Софронов М.В., Чебоксаров Н.М. Древние Китайцы. Проблемы этногенеза. – М., 1978. С.4
12. 12.Мавродин В.В. К вопросу о складывании Великоруской народности и русской нации. СЭ, №1. 1947. С.89
13. 13.Крюков М.В., Софронов М.В., Чебоксаров Н.М. Древние Китайцы. Проблемы этногенеза. – М., 1978. С.11
14. 14.Ходжаев Т.К. Палеоантропология Средней Азии и этногенетические проблемы. – М., 1981. С. 19, 37-38
15. 15.Филанович М.И. Ташкент. Зарождения и развитие города и городской культуры. – Ташкент, 1983. С.135-152

* * *

***Ормушев Асан Сулайманович***

## СТАЛИНГЕ КАТ

***Ормушев Асан Сулайманович***

## ПИСЬМО К СТАЛИНУ

***Ormushev Asan Sulaymanovich***

## LETTER TO STALIN

**УДК .94. (575.2**

***Аннотация.*** *Өткөн кылымдын 20-30 жылдарында кыргыз мамлекетинин пайдубалын түзгөнгө катышкан билимдүү кызматкерлердин ичинен Жусуп Абдраманов түздөн-түз СССРдин эң биринчи адамы болгон И.В. Сталинге кат жазганы коомчулукка кеңири белгилүү. Мен бул китепти жазып жатып ошол каттар жөнүндө көп жолу ойлондум. Жусуптун Сталинге кат менен кайрылуусуна эмне себеп болгон? Анын каттарында кандай саясий маселелер көтөрүлгөн? Ал каттарды Сталин өзү окуганбы? Кремлдин эң башкы адамына жазылган каттардын жыйынтыгы болгонбу? деген суроолорго биз, сунуштап жаткан илимий макалада кеңири жана аргументтүү тарыхый фактылар менен анализденет. Сталинге 3 жолу жазылган каттардын тарыхый маанисине чечмелөөлөр жана түшүндүрүүлөр менен адабияттарга салыштырмалуу сарсеп берилди. Ошентсе дагы 1933-жылдан баштап Жусуптун күндөлүгү табылып, Сталин аны толук окуп чыккандан кийин, ага болгон ишеними өчкөн сыяктуу жана 1933-жылдан кийинки И.В. Сталинге жазган каттарын ал окубаса деле керек деген бүдөмүк ой коомдук талкууну жаратат.*

***Негизги сөздөр:*** *Иосиф Виссарионович Сталин, Жусуп Абдрахманов, Орто Азия, кыргыз эли, Кара-кыргыз автономиялуу областы, репрессия, СССР*

***Аннотация.*** *В исторических исследованиях XX века неоднократно фиксировалось, что Жусуп Абдрахманов, видный деятель киргизской интеллигенции, в период становления советской власти в Средней Азии обратился с личным посланием к И.В. Сталину, занимавшему на тот момент высший государственный пост в СССР. Я много раз думал об этих письмах, когда писал эту книгу. Что заставило Жусупа обратиться к Сталину с письмом? Какие политические вопросы поднимались в его письмах? Читал ли эти письма сам Сталин? Каков был результат писем, написанных самому важному человеку в Кремле? Эти вопросы будут проанализированы с использованием подробных и аргументированных исторических фактов в представляемой нами научной статье. Используя метод сравнительного анализа научных публикаций, были исследованы различные интерпретации исторического значения трех писем Жусупа Абдрахманова к И.В. Сталину. Высказывается гипотеза, что после обнаружения дневника Жусупа Абдрахманова и ознакомления Сталин мог утратить интерес к содержанию последующих писем Абдрахманова и в научной среде породилась дискуссия о подлинности и значимости последующей корреспонденции между этими двумя политическими деятелями.*

***Ключевые слова.*** *Иосиф Виссарионович Сталин, Жусуп Абдрахманов, Средняя Азия, кыргызский народ, Кара-киргизская автономная область, репрессия, СССР, историческая ситуация, письмо Сталину.*

***Abstract.*** *It has been repeatedly recorded in historical studies of the 20th century that Zhusup Abdrakhmanov, a prominent figure of the Kyrgyz intelligentsia, addressed a personal message to I.V. Stalin, who*

*held the highest state post in the USSR at that time, during the establishment of Soviet power in Central Asia. I thought about these letters many times while writing this book. What made Zhusup address a letter to Stalin? What political issues were raised in his letters? Did Stalin himself read these letters? What was the result of the letters written to the most important man in the Kremlin? These questions will be analysed using detailed and argued historical facts in the research paper we are presenting. Using the method of comparative analysis of scientific publications, different interpretations of the historical significance of the three letters of Zhusup Abdrakhmanov to Stalin have been investigated. It is hypothesised that after discovering the diary of Zhusup Abdrakhmanov and familiarising himself with it, Stalin may have lost interest in the content of Abdrakhmanov's subsequent letters, and a debate about the authenticity and significance of the subsequent correspondence between these two political figures has arisen in the academic community.*

***Keywords.*** *Joseph Vissarionovich Stalin, Zhusup Abdrakhmanov, Central Asia, Kyrgyz people, Kara-Kyrgyz Autonomous Oblast, repression, USSR, historical situation, letter to Stalin.*

Абдрахманов учурунда ошол мезгилдеги СССРдин жетекчиси Иосиф Виссарионович Сталинге кыргыз элинин жана мамлекетинин көйгөйү жөнүндө үч жолу кат менен кайрылган. Биринчи катын - 1925-жылы 5-майда, Москва шаарында иш сапары менен жүргөндө жазган. Ал мезгилде Жусуп Орто Азия бюро РКК(б) БКнын демилгеси менен Ташкентте уюштуруу бөлүмүнүн бөлүм башчылык, РКП (б) Орто Азия бюросунун мүчөсү кызматын аркалап турган.

Сталинге арналып жазылган каттын мазмуну, саясий деңгээлин, маалыматты берүүдөгү логикалык ой жүгүртүүнүн ырааттуулугу жана грамматикалык сабаттуулугу Жусуптун таланттуулугунан, акылынын сергектигинен кабар берип турат. Анткени катты ирети менен Кара-Кыргыз автономиялуу областында жашаган эмгекчилердин буга чейин, “кандай кыйынчылыктарга жана тоскоолдуктарга дуушар болгондугуна” токтолгон.

***Биринчиден,*** кара-кыргыздардын 1924-жылга чейинки абалын төмөндөгүдөй чагылдырган: “Түркстан АССРнин курамында административдүү бүтүндөй бирдикке ээ боло албастан, айрым областарда жана уезддерде бытыранды, азчылыкты түзүшүп, алардын маданий-экономикалык таламдары бул райондордогу көпчүлүктү түзгөн улуттар тарабынан таназар алынбай келген”. Чындыгында Кара-Кыргыздар Жети Суу жана Фергана областарына бөлүнүп калышып, бир жагы Өзбекстанга (Ташкент шаары) бир жагы Казакстанга (Алма-Ата шаары) көпчүлүк маселелерди чечүүдө көз каранды болуп калышкан. Мындай көрүнүштү өзүнүн жон териси менен сезген Жусуп, өзүнүн улутунун орто жолдо калып, өз укугуна өзү ээ боло албай, өз жеринде өзүнүн маселесин чече албай калган көрүнүштү И.В. Сталинге кеңири түшүндүрүү максатында жазган сыяктуу.

***Экинчиден,*** жергиликтүү калктын сабатсыздыгын, кара-кыргыздардан учурдун талабына жооп берген кызматкерлерди, адистерди даярдоо үчүн атайын мектептердин жоктугун билдиргиси келген.

***Үчүнчүдөн,*** областын ошол мезгилдеги оор жана татаал экономикалык-чарбалык абалын түшүндүрүүдө жергиликтүү калктын көпчүлүгү бийик тоолуу аймактарда мал чарбасы менен айдоо жерлерге ылайыкташкан аймактарда дыйканчылык менен кесиптешкенин, алардын оор шарттарын катта кеңири баяндоого аракеттенген.

***Төртүнчүдөн,*** жаңыдан түзүлгөн советтик башкаруудагы кемчилик катары “төмөндөтөн уюмдашкан пролетардык базабыздын болбогондугунда”, - деп кейип-кепчиген. Анткени айылдык, шаардык Советтерде мурдагы бай-манаптардын, кулактардын таасири али да күчтүү экендигин кабарлаган. Анын мисалында айылдарда Совет бийлигин бекемдөөгө тийиш болгон “Кошчу” союзунун уюмдарына социалдык жат

элементтердин киришин Совет бийлигинин күчтөнүшүнө тоскоолдук жаратып жатканын билдирген.

Жусуп бул маалыматтар аркылуу Сталинге өзүнүн Совет бийлигин курууда анын идеяларына берилген, ак ниет, билимдүү, тажрыйбалуу адамдарды тартуу керек экендигин, алардын арасында өзү, ошондой кара-кыргыздардын бири экендигин билдиргиси келгени байкалып турат.

Жусуп катында өзүнүн көзү менен көрүп, акылы менен сезип турган маселелерди Сталинге ачык, эч жалтанбастан, коркпостон, тартынбастан болгонун болгондой ачык жазганы кимди да болбосун таң калтырат.

Ал областтык жана округдук мекемелерде Совет бийлигинин идеяларын таратуу, партиялык иштерди уюштуруу, чарбалык иштерди жүргүзүү, жергиликтүү калктын көпчүлүгүнө түшүнүксүз, атап айтканда орус тилинде жүргүзүлүп жаткандыгына байланыштуу Советтик аппараттын иши ойдогудай жүрбөй жатканына кыжаалат болгонун билдирген.

***Бешинчиден,*** жаңыдан түзүлгөн Кара-Кыргыз Автономиялуу областын РСФСРдин курамында болушун жактаган идеянын башында өзү турганын, бирок жаңыдан түзүлгөн областтык партиялык топтун эки топко бөлүнгөнүн, алардын көбүнүн саясий билимдери талапка жооп бербегенин билдиргиси келген.

Айрыкча, ошол мезгилде Кыргызстандын обком партиясынын биринчи секретары М.Д. Каменскийдин жергиликтүү кызматкерлердин ич-арасындагы “ыйкы-тыйкыны” ырбатууга гана жөндөмдүү “партиялык жетекчи” экенин ачык айткан.

Жусуп Абдрахманов катынын аягында Сталинге кайрылып, “жолдош Сталин, мен бул катты Кара-Кыргызстандан иштен кетип, таарынган киши катары жазып отурганым жок... Азыр бийликке келип, бирок ишкердикти камсыз кылууга жөндөмсүз кыргыз коммунист жолдошторду жакшы билгендигимден жазып жатам... Бирок мен Кара-Кыргыз областынын Европалык да, жергиликтүү да иш билги кызматкерлери менен камсыз болушун, РКП(б) Кара-Кыргыз уюмуна чыныгы большевиктик жетекчиликтин болушун, уюмдун биримдикке жетишин тилеймин.

Эгер Сиз катыман каталарды тапсаңыз мени кечирип коюңуз. Мен ар нерсеге баа берүүгө жаңылыштык кетирбегендей анчалык ири саясий ишмер эмесмин” [1.101-106]. *Коммунисттик саламым менен. Ж. Абдрахманов. Москва. 5 май 1925ж.*

Өзүнүн чыныгы коммунист, революциянын кеменгери В.И. Лениндин идеяларына берилген, Социалисттик курулуштун уюштуруу иштерине тоскоол болгон жат көрүнүштөрдү ачык бетке айтуу керек деген сезимге сугарылган, жаратылышынан сергек, өзүнүн оюн бетке айткан Жусуп Сталинге жазган катын чыныгы ак жүрөк коммунисттин чечими катары кабыл алган. Ал Кара-Кыргыз областынын партиялык уюмунда болуп жаткан коммунисттик идеяга каршы саясаттын бетин ачуу менен жергиликтүү карапайым калктын абалын да айта кетүүнү туура көргөн.

Менин жеке оюмда Жусуптун катын Сталин өзү окуган сыяктуудай сезилет. Анткени Азиялык коммунисттерден Сталинге жеке (жашыруун) кайрылган каттар дайыма эле келе берген эмес. Ал балким бул биринчи каттыр. Экинчиден, Орто Азиядагы мусулман дининдеги улуттардын, алардын арасынан суурулуп чыккан билимдүүлөрүнүн ой-пикири менен таанышуу ага деле кызык болушу мүмкүн.

Эгерде Сталин өзү Жусуптун катын окуса, анда анын терең билимине, саясий катты жазуудагы философиялык ой жүгүртүүсүнө, чечкиндүүлүгүнө өз ичинен ыраазы болгондой түрү бар. Анткени Жусуптун биринчи катынын негизинде ал Москвага борбордук аппаратка кызматка келет. Ал убакта партиялык борбордук аппаратка Сталиндин макулдугусуз ишке алынчу эмес. Экинчиден, ошол каттын негизинде көп өтпөй эле Кара-Кыргыз областынын партиялык уюмунун секретары М.Д. Каменский кызматтан алынган.

Балким ошол каттардагы маалыматтардын тууралыгына толук ынанган Сталин Ж.Абдрахмановду РКП(б) Борбордук Комитетинин уюштуруу бөлүмүндө жооптуу кызматкер (инструктор) болуп иштеп жүргөндө, аппараттаргы коммунисттердин баштапкы уюмунун секретарлыгына бекер сунуштабаса керек.

И.В. Сталин Жусуп менен Орто Азиядагы жаңыдан түзүлүп жаткан жаш мамлекеттердин маселелери боюнча бир нече жолу маектешип, анын өтө тың экендигине, жеткиликтүү билимдүүлүгүнө, чечкиндүүлүгүнө баа берип, аны кайрадан өз жерине жиберүүнү чечкен окшобойбу.

Жусуп Абдрахманов Сталинге экинчи жолу 1329-жылы 24-ноябрда Кыргыз АССРнин Эл комиссарлар Советинин төрагасы болуп турганда жазган. Эгерде Жусуптун биринчи катынын мазмунунда кандайдыр бир кооптонуу, тынчсыздануу, толкундануу бар болсо, экинчи катынын мазмунунда өзүнө толук ишенүүсү калыптанганы, коюлган маселенин ток этер жерин так, кыска өтө түшүнүктүү берилгени байкалып турат.

Бул катында ВКП(б) Борбордук Комитетинин жетекчиси И.В. Сталинге Кыргыз АССРнин саясий жана экономикалык түзүлүшүндөгү өтө ыңгайсыз абалдын түзүлүп калганын, мындай катачылык республиканын экономикалык тез өнүгүшүнө өзүнүн кедергесин тийгизип жатканын ачык билдирген. Катта Кыргыз АССРнин саясий жана экономикалык маселелерин чечүүдө РСФСРдин Өкмөтүнө, Орто Азынын Борбордук Комитетине жана СССРге баш ийүүчүлүк абалдын сакталып турушун тоскоолдук жаратуучу көрүнүш экенин так ачып берген: “Кыргызстанды пландаштыруучу жана тескөөчү мекемелердин баары Кыргыз АССРи боюнча белгиленген чараларды ишке ашыруу баш ийүүчүлүктүн башкасы тарабынан аткарылат деп ойлошот...” мындай учурда бири бирине ишенүү же шылтоолордуу табуу менен жогорку жак жергиликтүү республиканын кызыкчылыгы унутулуп калганын көрсөткөн. Катта айтылган өз пикирин ырастоо иретинде 1927-1928 чарба жылында Россиялык айыл чарба банкынын жүргүзгөн туура эмес саясатын мисал келтирген. Дыйкандарга деп берилген айыл чарба кредитинин 44 % (пайызын) республикада жашаган калктын 11 % (пайызын) түзгөн. Фрунзе кантонунун европалык дыйкандардын колуна тийген, ал эми негизинен мал чарбасында иштеген жана бардык калктын 70 % жакынын (20 % жалаң гана мал чарбасында, 50 % мал чарбасы жана дыйканчылыкта иштеген) түзгөн кыргыз калкынын 5 %га жакыны гана кредит алган” [2.111].

Мына ушундай саясаттын натыйжасында улуттук экономикалык өзгөчөлүктөрүн эске албагандыгына кейигенин билдирген.

Жусуп Абдрахманов Сталинге жазган катында мындай оор абалдан чыгуунун эки жолун сунуштаган. Биринчиси Орто Азиялык Ферганаены түзүү, бирок бул уюштуруу узак мөөнөттү талап кылат. Экинчиси, Кыргыз АССРин Союздук Республикага кайра түзүү

керек. Буга калктын улуттук курамы (кыргыздар 70 %) Кыргызстандын тышкы-саясий мааниси жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрү далил. Ушул маселе боюнча Сизди мени кабыл алууңузду жана жекече угууңузду өтө суранамын. 24-ноябрь 1929-жыл.

*Кыргыз АССРнин эл Комиссарлар Советинин председатели-Ж. Абдрахманов.*

Бул каттын негизги максаты Жусуп Абдрахманов өзүнүн акылын, күч- кубатын, бүтүндөй болгон аракетин келечекте кыргыз мамлекеттин республикалык деңгээлге жеткирип, коңшулаш өлкөлөр менен тең ата даражада болууну самаган. Ал өзүнүн алдына койгон максатын аткаруу үчүн бүт күч-аракетин жумшаган. Жусуп Кыргызстандын келечеги үчүн жандалбастап Сталинге улам-улам кат жазганы ушундан болсо керек.

Жусуп Абдрахмановдун Сталинге жазган *үчүнчү каты* 1930-жылы 15-апрелде жазылган. Бул катты экинчи каттын уландысы катары түшүнүүгө болот. Анткени, Сталин Жусуптун катына жооп бербеген жана аны республиканын абалын толугураак баяндап берүү үчүн кабыл алып маектешкен эмес.

Ушундай жагдайга ыза болгон мамлекеттик жетекчи ВКП(б) БК алдына Кыргыз Автономдуу Республикасын Союздук Республикага айландырып, кайра түзүүнүн зарылдыгы жөнүндө маселе койгон. Бирок маселе ордунан жылбагандыгына тынчсызданган Жусуп мамлекеттин саясий маселесин экинчи ирет БК алдына коюуга мажбур экенин билдирген. “... Ошондуктан Сизден бул маселени БКнын Саясий Бюросунун талкуусуна коюп, аны чечүүнү тездетүүнү өтө суранамын” [3.112].

*Коммунисттик саламым менен Кыргыз АССРнин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Ж. Абдрахманов. 15-апрель 1930-ж.*

Бул каттарда Жусуп Абдрахманов Кыргыз мамлекетинин саясий, экономикалык жана маданий абалын түшүндүрүп, келечегинде өз алдынча республика болуусун жогору жакта улам-улам өтүнүч катары кайрылганынан кабар берет.

1922-жылы 3-апрелде РКП(б) БК Пленумунда РКП(б) БКнын Генералдык секретарлыгына шайланган Сталин-Иосиф Виссарионович Жугашвили (21.12.1879-ж. туулган) Жусуп Абдрахмановдун жазган каттары аркылуу анын билимдүүлүгүн, ой жүгүртүүсүнүн кенендигин, чечкиндүүлүгүн, жаштыгын баалап, 1925-жылы август айында өзүнүн жанына Россиялык Коммунисттик Партиянын Борбордук Комитетинин уюштуруу бөлүмүнө жооптуу кызматкерликке алган.

Жусуп Борбордук Комитетте Орто Азия мамлекеттериндеги көйгөйлүү маселелерди чечүүчү кызматкер катары иш алып барган. Ал Өзбекстандын, Казакстандын партиялык жана чарбалык жетекчилери менен жолугуп, алардын суроо талаптарын өзүнүн бөлүм башчыларына билдирип турган.

Абдрахманов И.В.Сталин менен бир нече жолу жолугушуп, пикир алышкан. Жусуп дагы Сталиндин иштөө ыкмалары менен жакындан таанышып, анын грунзиндик мүнөзүн, көп маселелерди өзү ойлонгондой чечкендигин, трубка менен сигарды моокуму кана чеккенин, Кавказдан атайын алып келинген таза винолорду өтө жакшы көрөөрүн, өзүнүн алдында иштеген орус, еврей, укран, поляк, молдован, татар, армян улутундагы партиялык кызматкерлерди аскер жетекчилерин, илимпоздорду дайыма какшыктап, сындап, кемсинтип сүйлөгөндөрүнө көп жолу күбө болгон болушу мүмкүн.

Сталиндин Кремлдеги партиялык баштапкы уюмунун катчысы катары коомдук ишти аткарган Жусуп ай сайын өтүүчү партиялык чогулушту даярдоо, партиялык взносторду

чогултуу, жыйындын күн тартибин түзүү сыяктуу уюштуруу иштерин жүргүзүп турган. Кремлдеги аппаратта иштеген баштапкы партиялык уюмдун катарында И.В. Сталин, М.Н. Калинин, В.М.Молотов, К.Е. Ворошилов сыяктуу көрнүктүү партиялык жетекчилер болгон. Биздин кээ бир тарыхчылар, социологдор, коомдук ишмерлер Жусуп И.В. Сталиндин партиялык жыйынга кечигип келгени боюнча “катуу эскертүү” берген деген кепти мурда партиялык кызматтарда иштеген аксакалдардан укканбыз деп жазып жүрүшөт.

Менимче бул чындыкка көп окшошпойт. Ал мезгилде И.В. Сталинге эч ким “катуу сын” айтканга даай алышчу эмес. Балким Жусуп Сталинге “катуу эскертүү” менен эмес, тамаша иретинде акырын гана “кээ бир коммунист жолдошторун жыйынга кечигип келүүсүнө көңүл бурсак жакшы болмок” деши мүмкүн. Себеби Сталин дагы Жусупка окшоп орус тилин Тифилисидеги диний семинариядан үйрөнгөн (ал окуулар орус тилинде жүргүзүлчү А.О.), сабактарды өтө мыкты окуп, орус тилин терең өздөштүргөн, поэзияга кызыкчу, адабиятты көп окучу, жаш кезинде өз эне тилинде ыр да жазганы белгилүү. Андыктан жолдоштор тарабынан айтылган тамаша сөздөрдү Сталин дайыма туура түшүнгөн.

Бул өңүттөн караганда Сталин Жусуптун тамаша иретинде айтылган сөзүнө, баары бир тең партиялык тартипти бекем сактаган, социализмди тез курабыз деген жообун бербесе керек.

**Жыйынтыктап** айтканда алгачкы жылдары И.В. Сталиндин Жусуп Абдрахмановду жактыруу жана ишенүү сезими пайда болгону байкалып турат. Аны Кремлге кызматка алуу, Персияга дипломатиялык тапшырма менен жөнөтүү, партиялык баштапкы уюмду жетектөөнү тапшыруу сыяктуу иштер И.В. Сталиндин түздөн-түз көзөмөлдүгүндө, жактыруусунда гана ишке ашаарын ошол кездеги партиялык кызматтагылар жакшы билишчү.

Бирок, 1933-жылдан баштап Жусуптун күндөлүгү табылып, Сталин аны толук окуп чыккандан кийин, ага болгон ишеними өчкөн сыяктуу. Бирок ошол замат эле аны өлүм жазасына тартпастан, анын билимин, тажрыйбасын Самара, Оренбург аймактарында мал чарба тармагын көтөрүүгө пайдаланууну чечкен. Кийин аны өлүм жазасына тартууга 1938-жылы макулдугун берген болушу мүмкүн. Анткени Жусуптун 1933-жылдан кийинки И.В. Сталинге жазган каттарын ал окубаса керек.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Абдрахманов Жусуптун Сталинге жазган катын 1990-жылы тарыхчы-илимпоз Ж. Жунушалиев кыргыз тилине которуп “Ала-Тоо” журналына (№4 саны 101-106 бб.) жарыяланган.
2. “Ала-Тоо” журналына жарыяланган каттын мазмунунан алынды. 1990, №4, 111-б.
3. Ала-Тоо” журналы. 1990. №4, 112-б. (кыргыз тилине которгон Ж.Жунушалиев)

* * *

*Осмонова Самара Курбаналиевна*

# САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ ЖАШ МУУНДАРДЫ ЭМГЕККЕ ТАРБИЯЛООНУН КУРАКТЫК ЖАНА ГЕНДЕРДИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ (ТҮШТҮК-БАТЫШ ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН МИСАЛЫНДА)

*Осмонова Самара Курбаналиевна*

# ВОЗРАСТНЫЕ И ГЕНДЕРНЫЕ ОСОБЕННОСТИ ПОДГОТОВКИ МОЛОДОГО ПОКОЛЕНИЯ К ТРУДУ В ТРАДИЦИОННОЙ КЫРГЫЗСКОЙ СЕМЬЕ (НА ПРИМЕРЕ ЮГО-ЗАПАДА ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ)

*Osmonova Samara Kurbanalievna*

# AGE AND GENDER CHARACTERISTICS OF THE PREPARATION OF THE YOUNG GENERATION FOR WORK IN A TRADITIONAL KYRGYZ FAMILY (BASED ON THE EXAMPLE OF THE SOUTHWEST OF THE FERGANA VALLEY)

***УДК: 39.(575.2)***

***Аннотация.*** *Бул макалада талаа материалдарынын негизинде Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө жаш муундарды эмгекке тарбиялоонун курактык жана гендердик өзгөчөлүктөрү изилденип, эмгекке тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүн жана анын эмгек ишмердигине тарбиялоодогу негизги мезгилдерин аныктоо негизги максат болгон. Кыргыз элинин турмушунда жаш муундарды эмгеке тарбиялоонун салттуу системасы, аларды өз алдынча жашоого даярдоо жөнүндө кам көрүү болгон. Негизинен жаш муундар үй-бүлөнүн жана салттуу коомдун негизги милдеттери жана иши болгон. Аларда балдарды чарбалык ишмердүүлүккө үйрөтүүгө негизги көңүл бурулган. Үй-бүлөнүн эмгеке тарбиялоосу жашоо шарты эмгек менен эриш-аркак болгон. Бул изилдөөнүн үстүндө иштөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй методикалык иштер жүргүзүлдү: салттуу эмгек тарбиясы боюнча этнографиялык материалдарды талдоо; Улуу муундагы информаторлор менен ангемелешүү жана интервью алуу. Жыйынтыгында эмгекке тарбиялоодо үй-бүлөнүн орду, эмгекти бөлүштүрүүнүн мезгилдери, гендердик жана жаш курактагы эмгек бөлүнүшү аныкталып, эмгекке байланыштуу макал-лакаптар, накыл сөздөр баяндалган.*

***Негизги сөздөр.*** *эмгек, тарбия, муундар, гендер, курак, салт, маданият, тажрыйба, үй-бүлө.*

***Аннотация.*** *В данной статье на основе полевых материалов изучены возрастные и гендерные особенности подготовки молодого поколения к труду в традиционной кыргызской семье, а основной целью было определить особенности подготовки к труду и основные возрастные и гендерные этапы подготовки и воспитание к трудовой деятельности. В жизни кыргызов существовала традиционная система воспитания молодого поколения к труду, забота о его подготовке к самостоятельной жизни. По сути, молодые поколения были основными обязанностями и заботой семьи и традиционного общества. В них основное внимание уделялось воспитание детей хозяйственной деятельности. Основное условие жизни было связанно с хозяйством и поэтому в семье уделяли особое внимание воспитание детей к труду. В ходе работы над данным исследованием были выполнены следующие методические работы: анализ этнографических материалов по традиционному трудовому воспитанию; Интервьюирование информаторов старшего поколения. В результате были определены роль семьи в трудовом воспитании, периоды разделения труда, разделение труда по полу и возрасту, описаны пословицы, связанные с трудом.*

***Ключевые слова.*** *труд, воспитание, поколения, гендер, возраст, традиция, культура, опыт, семья.*

***Abstract.*** *In this article, based on field materials, the age and gender characteristics of the preparation of the younger generation for work in a traditional Kyrgyz family are studied, and the main goal was to determine the characteristics of preparation for work and the main age and gender stages of preparation and education for work. In the life of the Kyrgyz, there was a traditional system of educating the younger generation for work, caring for its preparation for independent life. In essence, the younger generations were the main responsibilities and care of the family and traditional society. They focused on educating children for economic activity. The main condition of life was associated with the economy and therefore the family paid special attention to educating children for work. In the course of work on this study, the following methodological works were carried out: analysis of ethnographic materials on traditional labor education; Interviewing informants of the older generation. As a result, the role of the family in labor education, periods of division of labor, division of labor by gender and age were determined, proverbs associated with labor were described.*

***Keywords.*** *labor, education, generations, gender, age, tradition, culture, experience, family.*

Жаш муундарды тарбиялоо жана аларды өз алдынча эмгек турмушуна даярдоо маселеси бардык жерде жана элдерде адам баласынын аң-сезимин ээлеп келген.

Кыргыз элинин турмушунда жаш муундарды эмгеке тарбиялоонун салттуу системасы, аларды өз алдынча жашоого даярдоо жөнүндө кам көрүү болгон. Негизинен жаш муундар үй-бүлөнүн жана салттуу коомдун негизги милдеттери жана иши болгон. Аларда балдарды чарбалык ишмердүүлүккө үйрөтүүгө негизги көңүл бурулган. Үй-бүлөнүн эмгеке тарбиялоосу жашоо шарты эмгек менен эриш-аркак болгон. Балдар жана кыздар дайыма ата-энесинин жанында тирек болуп, күндүн атканынан батканына чеин үй-бүлөнүн күнүмдүк жашоосу кандай курулганын, ата-энеси жана үй-бүлөнүн улгайган мүчөлөрү эмне кылып жатканын көргөн.

Гуманисттик-идеалдуу коомдо бардык балдар жаштайынан эмгекке тартылышы зарыл. Ар бир муун жашоого кирип, аны менен маданияттын, каада-салттын өнүгүү багытында жылат, ал эми анын ордуна жаңы муун төрөлүп эмгекте өсөт. Ошентип, чексиз агымда бир муун экинчи муундун ордун басып, анын жетишкендиктерин мурастап, көбөйтөт [4, б. 10].

Үй-бүлөө ээлери эмгекти ар дайым жашоосунун негизги булагы деп эсептеп, коомдун мүчөсүн зарыл моралдык сапаттары эмгек аркылуу калыптандырган. Ошондой эле, балдарды эмгекке даярдоого өзгөчө маани беришкендигин элдик оозеки чыгармачылыктын көптөгөн мисалдары да буга далил. «Эмгегиң катуу болсо, татканың таттуу болот», «Адамдын баасы – анын эмгеги», «Эр эмгегин жер жебейт»ж.б. Ата-энелер балдарын эмгекке даярдоодо аларга «Эч нерсе кылбагандан көрө, жок дегенде бир нерсе кылган жакшы», «Бала кезинен эмгекти үйрөнбөгөн адам өмүр бою азап тартат», «Жашоодо эмгек гана бакыт алып келет»,- деп түшүндүрүшкөн [АТМ].

Жергиликтүү эл эмгекке тарбиялоо системасы терең жана тарыхый салттуулукту камтып, анда эмгекти жана эмгекчил адамдарды сүйүүнү, урматтоону, жерди, эмгек ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүн, эмгек менен жаралган баалуулуктарды табууну үйрөткөн. Бул салттар кылымдар бою атадан балага өтүп келген.

Аталган аймакта эмгекке тарбиялоодо шарттуу түрдө эки мезгилди ажырата алабыз, алардын ар биринин өзүнүн конкреттүү милдеттери жана максаттары болгон. Биринчи этапта балдарда эмгектин алгачкы көндүмдөрү калыптанып, (2,3 жаштан 6,7 жашка чейин) эмгектин пайдубалын түптөгөн. Буга негизинен оюндар жана чоңдорду тууроо аркылуу жетишилген. Бул мезгилде балдар менен кыздарды эмгекке тарбиялоо бирге жүргүзүлгөн. Балдарды эмгекке тарбиялоонун экинчи мезгили – 7-8 жаштан 13-14 жашка чейинки курактагы балдарды үй-бүлөнүн түздөн-түз эмгек ишмердигине тартуу каралган. Жети жашында эле эмгектин мүнөзү эркек балдарды жана кыздарды тарбиялоонун өзгөчөлүгүн аныктаган: балдар салттуу түрдө эркектердин жумушу, кыздары аялдардын эмгеги менен алектенишкен. Бул курактагы балдар менен кыздарды тарбиялоо буга чейин өзүнчө жүргүзүлүп келген. Эгерде бул этаптын башталышында 7-8 жашында балдар үйдөгү жөнөкөй эмгек тапшырмаларын аткарса, 10-11 жашында алар үйдөгү жана айыл чарба өндүрүшүндөгү эмгек процесстеринин негизги көндүмдөрүн толук өздөштүрүшкөн.

Бул аймакта жашаган элдер ойлонбогон, тынчсызданбаган бала эмгекчил боло албайт деп да ишенишкен. Бала канчалык акылдуу болсо, анын эмгек ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүнө болгон каалоосу ошончолук күчөйт, ошондой эле эрки күчтүү болот. Алар мындай бала жөнүндө «мээнеткеч», «иштесең - тиштейсиң» - «эмгек кылсаң, ток болосуң» [АТМ] деп айтышкан.

Ар бир ата-эне үй-бүлөдө балдарды эмгекке даярдоо милдет экенин, ал эмгек адамы болуп, үй-бүлөнүн муктаждыктары үчүн гана эмес, турмушта өз ролун ойной алышы, биринчи кезекте баланын өзү үчүн, коомдук өндүрүштө, ошондой эле өз үй-бүлөсүнүн, коомчулуктун, элдин жыргалчылыгы үчүн эмгектенүү керектигин эске алышкан. Алар баланын иши мажбурлоонун натыйжасы эмес, ыктыярдуу жана чыгармачылык мүнөзгө ээ болушу үчүн аракет кылышкан. Ата-энелердин алдында турган жооптуу милдеттердин бири балдарды эмгекке болгон каалоону жана жөндөмдүүлүгүн тарбиялоо болгон.

Эмгекке тарбиялоодо, жогоруда белгиленгендей, белгилүү бир курактык мезгилдерди (2-3 жаштан 6-7 жашка чейин жана 7-8 жаштан 13-14 жашка чейин) бөлүүгө болот, алардын ар биринин өзүнө тиешелүү конкреттүү милдеттери жана максаттары болгон.

Биринчи мезгил – 2-3 жаштан 6-7 жашка чейин

- Үй-бүлөдө эмгекке тарбия берүүнүн биринчи мезгилине туура келет, мында балдар эмгектин пайдубалын түптөп, тиешелүү жөндөмдөрдү калыптандырат. Бул мезгилде өздөштүрүүнүн негизги каражаты болуп кыздар менен балдардын биргелешкен оюндарынын жүрүмүндө чоңдорду тууроо болгон. Мындай тарбия берүү-бул мезгилдин өзгөчөлүгү катары каралышы керек.

2-7 жаштагы баланы тарбиялоодо макал-лакап, жомок ж.б. колдонушкан. Мындай тарбиялоо баланын эмгекке болгон кызыгуусун, сый-урматын, жалкоолукка терс мамилесин калыптандырууга жардам берген. “Адам сөзүнөн эмес, иш-аракетинен таанылат”, “эмгеги аздын өнмөгү аз”, “эмгек кылган бешти багат, эмгеги жок бирдикин жешет”, “эмгектен качсан дөңгөкө, дөңгөктөн качсаң сөңгөкө”, “эмгек – эл ырысы”, “эмгексиз иш бүтпөйт, эринчээктин колу тийбейт”, “эмгектен арыктасаң үзүрүнө семиресиң”, “эринчээк адам эл эсебинен”, “эмнени сепсең ошону аласың”, ”эгерде болгуң келбесе жакыр ээринчек жалкоо болбо такыр” - деген макалдар айтылган [1.666-667]

Бул чөлкөмдө 5-7 жашка чейинки балдар жынысына карабастан, бир жаш курактык топко бириктирилген – дастияр, бул куракта биргелешкен оюндар ойнотулган. 6-7 жаштан баштап баланы тарбиялоодо эмгекке багыттоо иш жүзүндө башталган, бирок бул курактагы балдарды иштөөгө мажбурлоо дегенди билдирбейт. Баланы улуу мундун иш чөйрөсүнө тартуу менен, мүмкүн болгон кичинекей жүктөр аркылуу эмгектик көндүмдөр калыптанган.

Ошентип, күнүмдүк оюндарда 4-5 жаштагы кыздар курут томолоктогонду, адегенде жөн гана оюн түрүндө, андан соң шарттуу аракеттерди жасай башташкан. Энеси даяр болгон сүзмөнү алып келип кыздарын чакырып томолоктогонго жардам берүүнү суранган, кыздар ошол учурдан баштап курут томолоктогонду үйрөнө башташкан.

Кийин гана чоң энеси менен апасы менен чогуу «курут» кылганга, «идиш жууганга, үй жыйнаганга» ж.б жумуштарды жасаганга киришишкен. Мисалы, майрамдардын алдында, өзгөчө Нооруз майрамы, ошондой эле Орозо-айт, Курбан-айт жана башка календарлык, диний майрамдардын алдында балдар да улууларды туурап, ойногон жерлерин тазалашчу, өзгөчө ушул күндөрү бардык жерде таза болушу керек деп ойлошчу, анткени алар муну чоңдордон улам билишкен. Чоң кыздар (бир туугандар, жеңелер) же апасы, чоң энеси ж.б. колдон келишинче үй таза болсун деп тазалоону, идиш, кир жууганды үйрөтүшкөн. «Кыз бар үйдө – кыл жатпайт» деген макал да бекеринен

айтылбаса керек. Башында мындай окуялар маал-маалы менен жөн гана ишке ашкан иш-аракеттер болсо, бара-бара адатка айланып, кыздар үйдү дайыма таза кармоону үйрөнүшкөн. Ошондой эле, 5-6 жаштагы кыздар жүндү үзүү, чабуу, жипти томолоктого катыша алышкан [АТМ].

8 жаштан 12 жашка чейинки кыздар жана балдар бир жаш куралктык топко – «өспүрүмдөр» деп бириктирилген. Алар буга чейин чарбалык иштердин ар кандай түрлөрүнө катышкан: мал жаюу, жер иштетүү, чарбачылык ж.б. [АТМ].

Аталган аймакта 8 жаштан баштап кыздарды үй жыйнаганды, жип ийиргенди, токууну үйрөтүшкөн. Энеге жардам берүү менен бирге кичинекей балдарды да багып, кол өнөрчүлүк менен алектенишкен. Кыз 7-8 жашынан баштап наристени караганды билген, 10 жашынан баштап суу ташыган, бир катар жумуштарды, майда үй жумуштарын жасаган. Ата-энелер эмгекке болгон каалоосун ойготууга багытталган ар кандай ыкмаларды колдонушкан. Бул баланын аракетин кубаттоо жана ага кеңеш берүү, тажрыйбасынан өткөн иш-аракеттерди үйрөтүү болгон.

10-12 жашында кыздар үй жумуштарынын көбүн билишкен, кыздар дээрлик үйдө кичинекей «үй кожойкеси» болуп калышкан. Аталган аймакта, өсүп келе жаткан муундардын салттуу тарбиялоосунда, бир жагынан, адамдардын өндүрүштүк активдүүлүгү, экинчи жагынан, алардын таптык жана коомдук таандыктыгы менен аныкталган өзгөчөлүк болгон. Кыздын өзгөчө артыкчылыгы анын тамак жасоо, токуу, тигүү, сайма сайуу ж.б. билгендигинде болгон. 13 жашка чейин үй-бүлөдөгү кыздар чарбада талап кылынган нерселердин баарын кантип жасоону билишкен.

Ал эми уул балдарды аталган аймакта 6-7 жашынан баштап башка үй-бүлөгө бергендер да көп болгон, турмуш-тиричилик жана башка чарбачылыктыкты өздөштүрүү үчүн, үйдөн алыс жүрүп, үй-бүлөнүн, ата-энесинин кадырын билип, келечекте өз турмушуна тирик болуш үчүн ушундай жолдорго барышкан, кээбир учурларда башка аймактардагы усталарга шакирт кылып, бир өнөрдүн ээси болсуп турмуштун кадыр-баркын билип кайтышат деп эсептешкен.

Муну “Манас” эпосунда Жакып уулу Манасты турмушту, жашоо-тиричиликти үйрөнсүн деп койчусу Ошпуруга тарбиялоо үчүн койчу кылып берүүсү, кыргыздардын эзелтен эле келе жаткан акылмандыгы катары кароого болот.

Бай Жакып байбичеге сүйлөдү:  
Аңдасам балаңын акылы аз,  
Жөнүн таппайт, дөөлөткө мас,  
Тил азар деймин, динге кас.  
Мал азабын балага  
Тарттырып көрөлү,  
Жайлоодогу койчуга...  
Малай берели,  
Эркелетип олтурбай  
Ыктырып королү.  
Сөз айтууга жатыксын,  
Сөөгү бышып катыксын.  
Малдынбаркын билгизип,

Малай кылып киргизип,

Дуйнө баркын билгизип [2.28].

Ал эми үй-бүлөөдө уул балага жети жашка чейин «муну алып кел, тигини бер» деген тапшырмаларды беришкен. Мисалы, атасы отун жарган болсо балдары ташыган, эмгек шаймандарын - балта, теше, кетмен. алып келгенге жана уй, койду кайтарганга, суугарганга жумшашкан. Мындан сырткары, 5-7 жаштагы баланы жер тырмоо үчүн жабдылган атка отургузуп, чоңдордун көзөмөлү менен айдалган талааны тырмоого алышчу. Бала жыгылып калбасын деп кээде аттын белине байлап коюшчу.

Андан кийин балдарга татаалыраак иштерди аткарууга уруксат берилген. Ошентип, балдарды акырындык менен жалпы эмгек ритмине киргизишкен. Салтка ылайык, чоңдор эмне кылса, балдар өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша аракет кылышы керек болгон.

8 жаштан баштап эркек балдар оор жумуштарды аткара башташкан отун жарышкан, үй жаныбарларын багышкан, чоңдорго колунан келишинче талаа иштеринде жардам берген, ж.б.у.с. аткарышкан.

9 жашар эркек баладан көптү үмүттөнүшкөн. Эркек бала ар кандай майда-барат милдеттерден бошотулуп, чоң кишилердин чөйрөсүнө кошулган. Атасы аны, арабага айдоочу кылып отургузган, чөп чабууну, отун жаруу, кечкисин уй айдап, мал суугарып, тоюттандырышкан. Бул куралтагы балдар өзгөчө жылкы караганды жакшы көрүшчү.

12-13 жашында эркек балдар жумушка аралашып, үй-бүлөдө эмгек тартиби боюнча аларга жүктөлгөн ар кандай милдеттерди аткарышкан. Эмгекке тынымсыз катышуу аларды эмгекчилдикке, эмгектенүү адатына шыктандырып, алган тарбиясын, билимдерин узак убакыт бою өздөштүрүүгө жана бекемдөөгө жардам берген. Балдарды эмгекке үйрөтүүдө ата-энелердин, жалпы эле улуулардын үлгүсү чоң роль ойногон.

Жыйынтыктап айтканда, тарбия чыныгы эмгек ишмердүүлүгүнүн шартында гана ишке ашырылган, салттар турмуштук жүрүмгө түздөн-түз кошулган. Балдарды эмгекке тарбиялоо тигил же бул чарбалык ишти үйрөтүү менен гана чектелбестен, айрым адеп-ахлактык сапаттарды: эмгекти сүйүү, эмгекчил адамдарды урматтоо, үй-бүлөдө жана коомдук иерархияда малчы менен дыйкандын ардактуу орду жөнүндө ой камтылган. Бул аймакта жашаган кыргыздардын салттуу эмгектик тарбиясы, балдардын жана өспүрүмдөрдүн жаш курагын жана жынысын эске алуу менен негизги чарбалык иштердин бардык түрлөрүнө милдеттүү түрдө катышуу болгон, ошондой эле балдарга жана өспүрүмдөргө салтка айланган эмгек милдеттеринин туруктуу мүнөзү калыптандырылган.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Ата-бабалар табериги: Кыргыздардын адеп-ахлак, салт-санаа, үрп-адат, ырым-жырым жана жөрөлгөлөр жыйнагы / Түз. М. Каримов. – Б.: “Бийиктик”, – 2011. – 724 б.
2. Манас. 2-к. Фрунзе “Кыргызстан” 1982
3. Осмонова С.К. АТМ №2. Баткен обл. 2018.
4. Спиркин Г.А. Человек, культура, традиции // Традиции в истории культуры. М., 1978. С. 5

*   *   *

***Осмонов Самарбек Жумабекович***

# КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛЫК ОБЛАСТЫНЫН ӨЗГӨРҮШ КОМИТЕТИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

***Осмонов Самарбек Жумабекович***

# ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ РЕВОЛЮЦИОННОГО КОМИТЕТА КАРА-КЫРГЫЗСКОЙ АВТОНОМНОЙ ОБЛАСТИ

***Osmonov Samarbek Zhumabekovich***

# ACTIVITIES OF THE REVOLUTIONARY COMMITTEE OF THE KARA-KYRGYZ AUTONOMOUS REGION

***УДК. 94(575.2)***

***Аннотация.*** *Бул макалада автор колдо бар адабияттарды пайдаланып улуттук мамлекеттүүлүгүбүздүн алгачкы өкмөтү өзгөрүш комитетинин ишмердүүлүгүн ачып берүүгө аракет жасады. Борбордук Азияда жүргүзүлгөн улуттук-мамлекеттик жиктешүүнүн натыйжасында РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялык областы түзүлгөн. 1924-жылдын 14-октябрында Москва шаарында өткөн Бүткүлроссиялык Борбордук аткаруу комитетинин (ББАК) экинчи сессиясы өзүнүн токтому менен Кара-Кыргыз автономиялык областынын түзүлүшүн мыйзамдуу бекиткен. Анда: «Кара-кыргыз элинин жумушчулар жана дыйкандар массасынын жалпы мүдөөсүн аткаруу максатында, кара-кыргыз элине Туркестан АССРинин курамынан чыгып, РСФСРдин курамында Кара-кыргыз автономиялык областын түзүү укугу берилсин» [4.28-б.] деп айтылган. Ошентип, көп кылымдарга созулган тыныгуудан кийин, кыргыз эли кайрадан өзүнүн совет тибиндеги автономиялык область формасындагы улуттук мамлекеттүүлүгүнө ээ болду. Бул тарыхый факт кыргыз элинин тарыхындагы эң маанилүү окуя болуп калды. Анын натыйжасында мурда, Туркестан АССРинин ар кайсы областтарында, уезддеринде жана болуштуктарында чачыранды болуп жаткан кыргыз жерлери жана кыргыз эли бир бүтүнгө биригип (толук болбосо да), элибиздин саясий, экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Кыргыз эли өз эне тилинде иштеген бийлик жана башкаруу органдарын, билим берүү, коомдук-саясий жана маданий-агартуучу мекемелерин, сот органдарын уюштурууга мүмкүнчүлүк алды. Ошондой эле, бул факт, кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүнүн андан ары өнүгүшүнүн жана анын укуктарынын кеңейишинин укуктук негизи болуп калгандыгын белгилөө абзел.*

***Негизги сөздөр.*** *Кара-Кыргыз, автономия, ревком, Борбордук аткаруу комитети, өзгөрүш комитети, АССР.*

***Аннотация.*** *В этой статье автор попытался раскрыть деятельность Комитета по преобразованию первого правительства национальной государственности, используя доступную литературу. В результате национально-государственного размежевания, проведенного в Центральной Азии, была образована Кара-Киргизская автономная область в составе РСФСР. Вторая сессия Всероссийского Центрального Исполнительного комитета (ВЦИК), состоявшаяся 14 октября 1924 года в Москве, своим постановлением узаконила образование Кара-Киргизской автономной области. В нем говорилось:» в целях выполнения общего желания рабочих и крестьянских масс Кара-Киргизского народа предоставить кара-киргизскому народу право на выход из состава Туркестанской АССР и образование Кара-Киргизской автономной области в составе РСФСР " [С. 4.28.] было сказано. Таким образом, после многовекового перерыва кыргызский народ вновь обрел свою национальную государственность в виде автономной области советского типа. Этот исторический факт стал важнейшим событием в истории кыргызского народа. В результате этого кыргызские земли и кыргызский народ, ранее рассредоточенные по разным областям, уездам и частям Туркестанской АССР, объединились в единое целое (хотя и не полностью), создав благоприятные условия для политического, экономического, социального и культурного развития нашего народа. Кыргызский народ получил возможность организовать органы власти и управления, работающие на родном языке, образовательные, общественно-политические и культурно-просветительские учреждения, судебные органы. Следует также отметить, что данный факт стал правовой основой дальнейшего развития Кыргызской национальной государственности и расширения ее прав.*

***Ключевые слова.*** *Кара-Киргизия, автономия, ревком, Центральный Исполнительный комитет, облисполком, АССР.*

***Annotation.*** *The article deals with the the activities of the Committee for the Transformation of the first Government of National Statehood revealed by the author using the available sources. As a result of the national-state demarcation held in Central Asia, the Kara-Kirghiz Autonomous Region was formed as part of the RSFSR. The second session of the All-Russian Central Executive Committee (ARCEC), held on October 14, 1924 in Moscow, legalized the formation of the Kara-Kirghiz Autonomous Region by its resolution. It was said: "in order to fulfill the*

*common desire of the working and peasant masses of the Kara-Kyrgyz people to grant the Kara-Kyrgyz people the right to secede from the Turkestan ASSR and form the Kara-Kyrgyz Autonomous Region as part of the RSFSR" [p. 4.28.] Thus, after a centuries-long break, the Kyrgyz people regained their national statehood in the form of an autonomous Soviet-type region. This historical fact has become the most important event in the history of the Kyrgyz people. As a result, the Kyrgyz lands and the Kyrgyz people, previously dispersed across different regions, counties and parts of the Turkestan ASSR, united into a single whole (although not completely), creating favorable conditions for the political, economic, social and cultural development of our people. The Kyrgyz people had the opportunity to organize authorities and administrations working in their native language, educational, socio–political, cultural and educational institutions, judicial authorities. It should also be noted that this fact has become the legal basis for the further development of the Kyrgyz national statehood and the expansion of its rights.*

***Keywords:*** *Kara-Kyrgyzstan, autonomy, revolutionary committee, Central Executive Committee, Regional Executive Committee, ASSR.*

Улуттук мамлекеттүүлүктүн түзүлүшү менен автономиялык областты башкаруу ишин жүзөгө ашыра турган мамлекеттик бийлик органдарын түзүү зарылдыгы жаралды. Ошондуктан, 1924-жылдын 21-октябрында РСФСРдин ББАКынын Президиуму өзүнүн чечими менен Кыргызстандын аймагындагы убактылуу жогорку мамлекеттик бийлик жана башкаруу органы катары, курамы 17 адамдан турган ККАОнун Өзгөрүш комитетин (Ревком) түзөт. Анын курамына *Иманалы Айдарбеков (төрага), Д. Зульфибаев жана И. Янгулатов (төраганын орун басарлары), мүчөлөрү – М. Каменский, Ж. Абдрахманов, С. Малышев, С. Чоңбашев, П. Покровский, М. Ботбаев, Б. Сарыбаев, Р. Расулев, Э. Арабаев, Р. Худайкулов, И. Тойчинов, М. Чанышев, А. Асылбеков жана В. Квитко кирген.* [1. 3-б.]. Эң алгачкы кыргыз улуттук советтик мамлекетинин эң алгачкы эң жогорку бийлик органынын эң алгачкы курамы ушундай болгон. ККАОнун жана анын жогорку бийлик органы Өзгөрүш комитетинин түзүлүшү менен кыргыз улуттук советтик мамлекеттүүлүгүнүн жандуу тарыхы башталат.

ККАОнун Өзгөрүш комитетинин негизги милдеттери болуп төмөнкү маселелер эсептелген: автономиялык областтын аймагында мамлекеттик башкаруу ишин жүзөгө ашыруу, областтын мамлекеттик аппаратын түзүү, Ревком бүткүл мамлекеттик бийлик жана башкаруу укуктарын өткөрүп берүүгө милдеттүү болгон Советтердин учредительдик курултайын даярдоо жана чакыруу.

Өзгөрүш комитети өз ишин 1924-жылдын 12-ноябрында баштаган. Бул күнү Өзгөрүш комитетинин биринчи пленардык жыйыны (Пленум) өтүп, анда анын 9 адамдан турган Президиуму шайланган. Президиумдун төрагалыгына облревкомдун төрагасы И. Айдарбеков шайланат [1.1-2].

Мамлекеттик бийлик жана башкаруу структурасынын эффективдүү иштешинде өлкөнүн аймагын туура райондоштуруу чоң роль ойногон. Ошондуктан, ушул эле Пленумда ККАОнун административдик-аймактык түзүлүшү жөнүндөгү маселе каралган жана курамына Янгулатов, Тойчинов, Малышев жана Дублицкий кирген областты райондоштуруу комиссиясы түзүлгөн. Пленум Кыргызстандын чек арасын тактоо жана картасын түзүү жөнүндө атайын чечим кабыл алган. Ички райондоштуруу боюнча Пленум областты эки: Пишпек жана Жалал-Абад округдарына бөлүү чечимин кабыл алган. Бирок, көп өтпөй, иш жүзүндө мындай бөлүштүрүү туура эмес экендиги байкалып, Ревкомдун Президиуму 1924-жылдын 13-декабрында автономиялык областтын аймагын төрт: Жалал-Абад (курамында 19 болуштук), Каракол-Нарын (курамында 16 болуштук), Пишпек (курамында 26 болуштук) жана Ош округуна (курамында 20 болуштук) кайрадан бөлүү жөнүндө чечим кабыл алат [1. 22-23].

Мындай бөлүштүрүү РСФСРдин ББАКынын Президиуму тарабынан 1925-жылдын 6-июнунунда гана биротоло бекиген [2.32].

Өзгөрүш комитетинин алдында турган дагы бир орчундуу маселе, автономиялык областтын административдик борборун тандоо болгон. Кыргызстанда тез арада областтык административдик мекемелерди жайгаштыра турган шаар болбогондуктан, Облревком алгачкы айларда, убактылуу Ташкент шаарында туруп калган [2. 7-8].

Мындай абал 1924-жылдын декабрь айынын аягына чейин созулган жана автономиялык областтын кеңири аймагын башкаруу ишинде бир топ кыйынчылыктарды жараткан. Ошондуктан, облревком 25-ноябрь күнү областтык административдик мекемелерди Пишпек шаарына көчүрүү боюнча убактылуу комиссия түзөт [2. 10-11].

Автономиялык областтын борборун Кыргызстандын аймагына көчүрүү Өзгөрүш комитетинин ишин алда канча жеңилдеткен, аны эл массасы менен жакындаштырган, чарбаны жана маданий-массалык иштерди кеңири жайылтууга шарт түзгөн.

Кара-кыргыз автономиялык областынын административдик борборун тандоодо бир нече шаарлар каралган. Мисалы, Ж.Абдрахманов Кыргызстандын административдик борбору катары Анжиян шаарын сунуштаган. Бирок, Москвадан келген комиссия, шаардын айланасындагы айыл-кыштактардын баарында кыргыздар жашагандыгына карабастан, шаардын өзүндө кыргыздар жокко эсе деген шылтоо менен, маселени кыргыздардын пайдасына чечкен эмес. Ал эми, Кыргызстандын аймагында болсо, мындай статуска ээ болуучу шаар катары эң алгач Жалал-Абад шаары тандалган. Анткени, каралып жаткан мезгилде өлкөбүздүн аймагында темир жол түйүнү келген жалгыз шаар Жалал-Абад эле. Ал мезгилде темир жол негизги байланыш түйүнү болуп, саясий, экономикалык маселелерде стратегиялык мааниси зор болгон. Бирок, комиссия Жалал-Абад шаарынан областтык административдик мекемелерди жайгаштырууга ылайыктуу бир да имарат тапкан эмес. Мындай имаратты тез арада курууга каражат да болбогон. Натыйжада, автономиялык областтын «убактылуу» административдик борбору катары Пишпек шаары тандалган. 1925-жылдын март айында өткөн Учредительдик курултайдын документтеринде Пишпек шаары «убактылуу административдик борбор» статусун сактаган. Кийин бул маселе унутулган да, кийинки жылдары аны эч ким кайра көтөргөн эмес. Ошентип, Пишпек, кийин Фрунзе, азыр болсо Бишкек шаары республикабыздын саясий-административдик гана борбору болбостон, экономикалык, маданий да борбору болуп калды. Бул болсо, албетте, башка шаарларга салыштырмалуу баш калаабыздын инфраструктурасынын тез темп менен өнүгүшүн шарттады.

1924-жылдын 22-ноябрында ККАОнун Өзгөрүш комитети: «ушул күндөн баштап, Кыргыз автономиялык областынын убактылуу өкмөтү катары өз милдеттерин аткарууга киришкендиги» [1.7-8] жөнүндө жарыялайт.

Ревкомдун төрагасы бир эле учурда анын Президиумунун да төрагасы болуу менен Ревкомдун жана Президиумдун жыйындарын чакырган, аларда төрагалык кылган, же бул милдетти өзүнүн орун басарларынын бирине, же болбосо, ревкомдун кайсы бир мүчөсүнө жүктөгөн.

Облревком коллективдүү чечүүнү талап кылган маселелерди пленардык жыйынга алып чыккан. Ревкомдун пленардык жыйыны анын коллегиалдык органы болгон. Анда,

төрага, анын орун басарлары жана ревкомдун мүчөлөрүнөн башка мамлекеттик кызматкерлер кеңеш берүүчү добуш менен катышкан.

Ревкомдун жыйыны анын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышкан учурда гана мыйзамдуу деп эсептелинген. Ревкомдун жана анын Президиумунун токтомдору жана башка актылары жыйынга катышкандардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынган.

Облревкомдун жыйындарынын аралыгында автономиялык областты башкаруу боюнча күнүмдүк ишти анын Президиуму жүргүзгөн. Ал, өз ишинде ККАОнун Ревкомуна толук жоопкерчиликтүү болгон жана анын көзөмөлү астында иш алып барган.

Ревкомдун жана анын Президиумунун актылары мыйзам күчүнө ээ болгон жана бардык коомдук жана мамлекеттик органдар, мамлекеттик кызматкерлер жана атуулдар тарабынан милдеттүү түрдө аткарылган.

Ревком жана анын Президиумунун иштеген мезгилинде 1924-ж. 12-ноябрынан 1925-ж. 15-мартына чейин 51 жыйын өткөрүлүп, анда автономиялык областты башкаруу ишине, Советтердин Учредительдик курултайын чакырууга, борбордук жана жергиликтүү бийлик жана башкаруу органдарын түзүү жана бекемдөө, эл чарбасын калыбына келтирүү, маданиятты, саламаттыкты сактоо, эл агартуу ишин өнүктүрүүгө байланышкан ар кандай мүнөздөгү 665 маселе [4.76] талкууланган жана каралган.

Областтык мамлекеттик башкаруу жана бийлик аппаратын түзүү ККАОнун Ревкомунун алдында турган, токтоосуз чечүүнү талап кылган эң орчундуу маселе болгон. Ансыз, областты башкаруу, автономиялык областтын түзүлүшүнө байланыштуу жаралган көптөгөн маселелерди чечүү мүмкүн эмес эле.

Облревком мамлекеттик бийлик жана башкаруу аппаратын эң татаал, оор кырдаалда түзгөн. Керектүү кадрлар, айрыкча улуттук кадрлар таптакыр жетишкен эмес. Улуттук кадрларсыз мамлекеттик аппараты кыргыз элинин кеңири массасына жеткирүү мүмкүн эмес эле.

Кара-Кыргыз автономиялык областынын түзүлгөнүнүн алгачкы күндөрүнөн тартып эле башталган кыргыз кызматкерлеринин ортосундагы топтук күрөш да, Ревкомдун ишинде бир топ кыйынчылыктарды жараткан.

1924-жылдын 22-ноябрында Облревком областтык, округдук жана райондук мекемелердин штаттарын иштеп чыгуу жана ал органдарга жооптуу кызматкерлерди дайындоо үчүн курамы 5 адамдан турган штаттык-уюштуруу жана аттестациялык комиссияларды түзөт. Бардык кызматкерлер облревкомго жана ал тарабынан түзүлгөн бөлүмдөргө аттестациялык комиссия аркылуу гана кабыл алынууга тийиш болгон.

Облревкомдун ушул эле жыйынында анын төмөнкүдөй тармактык 14 бөлүмү түзүлгөн: областтык пландоо бөлүмү, жергиликтүү чарба (өнөр жай) бөлүмү, жер башкармалыгы, областтык сот, областтык прокуратура, суу чарба башкармалыгы, областтык эмгек бөлүмү, областтык статистика бюросу, областтык саламаттыкты сактоо борбору, жумушчу-дыйкан инспекциясынын областтык бөлүмү, областтык ички иштер бөлүмү, областтык финансы бөлүмү жана областтык элге билим берүү бөлүмү [1.10].

Ошондой эле, Ревкомдун алдында ар түрдүү туруктуу жана убактылуу комиссиялар түзүлгөн жана иштеген. Мисалы: райондоштуруу [1.65-67], мамлекеттик аппараты жергиликтештирүү [1.82], балдардын жашоосун жакшыртуу [1.53], Кытайдан кайткан качкындарга жардам көрсөтүү [1.53], согуштун инвалиддерине, оорукчан кызыл

аскерлерге жана согушта курман болгон кызыл аскерлердин үй-бүлөлөрүнө жардам берүү комитети [1.15], областтык ден-соолукту чыңдоо Совети ж. б [1. 53].

Ревкомдун алдында иштеген туруктуу комиссиялар Советтердин Учредительдик курултайында КАОнун аткаруу комитети түзүлгөндө анын карамагына өтүшкөн.

Ревком туруктуу комиссиялардан башка, күнүмдүк уюштуруу маселелерин чечүү үчүн убактылуу комиссияларды да түзгөн. Мындай комиссиялар алдына коюлган милдетти аткаргандан кийин, эреже катары жоюлган. Алар: Советтерди кайра шайлоо боюнча комиссия, борбордук мекемелерди Пишпек шаарына көчүрүү боюнча комиссия, турак жай комиссиясы, областтык курултайды даярдоо боюнча комиссия ж. б. эле [1. 10].

Аталган комиссияларды түзүү жаңыдан түзүлгөн Кара-Кыргыз автономиялык областынын алдында турган ар кандай татаал маселелерди чечүү зарылдыгынан келип чыккан. Алар, экономиканы жана маданиятты калыбына келтирүү жана өнүктүрүү, мамлекеттик аппараты жергиликтештирүү, жергиликтүү бийлик органдарын түзүү, эмгекчилерди мамлекеттик жана коомдук башкаруу ишине тартуу, ж. б. маселелер болгон. Албетте, өлкө алдында турган бул маселелерди Ревком жана анын Президиуму өз күчтөрү менен гана чече алмак эмес. Токтоосуз чечүүнү талап кылган маселелелерди чечүүдө жогоруда аталган комиссиялар Кара-Кыргыз ревкомуна чоң көмөк көрсөттү.

Областтын мамлекеттик аппаратын калыптандырууда 1924-жылдын 22-ноябрында курамында 12 адамдан түзүлгөн Жумушчу-дыйкандар инспекциясы манилүү роль ойноду [1. 7-10].

Жогоруда белгилегендей, облревкомдун негизги милдеттеринин бири Советтердин жалпы Кыргызстандык Учредительдик курултайын даярдоо жана чакыруу болгон. Ушул максатта облревкомдун Президиуму 1924-жылдын 13-декабрында атайын токтому менен шайлоо өткөрүү жана Учредительдик курултайды даярдоо боюнча комиссия түзөт [3. 24-25].

1925-жылдын февраль-март айларында Кеңештерге шайлоо өткөрүлгөн. Шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү курч мүнөздө жүргөн таптык жана топтук күрөштөрдүн шарттарында өткөн [1. 74-75].

1925-жылдын шайлоо кампаниясынын жыйынтыгында Кеңештердин жалпы Кыргызстандык биринчи учредительдик курултайы чакырылган. Курултай 1925-жылдын 27-мартында ачылып, 30-мартка чейин иштеген [5. 108, 11].

Курултайда ККАОнун Өзгөрүш комитетинин (ревкомдун) ишмердүүлүгү жөнүндөгү докладды анын төрагасы И. Айдарбеков жасаган. Доклад угулгандан кийин, курултай Кара-Кыргыз автономиялык областынын эң алгачкы өкмөтүнүн ишмердүүлүгүн оң баалаган Резолюция кабыл алган [3.15].

Ошентип, кыргыз элинин автономиялык область формасында өзүнүн улуттук советтик мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшү (1924-ж.), элибиздин тарыхый өнүгүүсүндөгү эң чоң саясий жетишкендик болгон. Бул тарыхый факт-кыргыз жерлеринин биригишин (толук болбосо да), кыргыз элинин консолидацияланышын шарттады. ККАОнун, андан кийин КАОнун (1925-ж.) жогорку мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары (Ревком, Облатком), анда иштеген мамлекеттик ишмерлер, өздөрүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжасында Кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый өнүгүүсүнүн кийинки этаптарына өбөлгө түздү.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР ЖАНА АРХИВДИК БУЛАКТАР:**

1. Ф. 20. Кыргыз автономиялык областынын жумушчулар, дыйкандар жана кызыласкерлер депутаттарынын Кеңештеринин аткаруу комитети (КАОнун облаткому).КР БМАсы, ф. 20, оп. 1, иш кагазы 3.

2. КР БМАсы, ф. 20, оп. 1, иш кагазы 114.

3. КР БМАсы, ф. 20, оп. 1, иш кагазы 38.

4. К вопросу государственного строительства Советского Киргизстана (1924 - 1937 гг.). Сб. док. Ф.: Кыргызстан, 1974.- 318 с.

5. Резолюции и постановления сьездов Советов Киргизии (1925 - 1937 гг.). - Ф.: Кыргызстан, 1973. 264 с.

*　　*　　*

***Сулайманов Эртабылды Жолдошевич, Смадияров Сыдык Акунович, Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна***

# КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛУСУНУН ТҮПТӨЛҮШҮНДӨГҮ ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН ОРДУ

***Сулайманов Эртабылды Жолдошевич, Смадияров Сыдык Акунович, Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна***

# МЕСТО ГОРОДА ДЖАЛАЛ-АБАД В СТАНОВЛЕНИИ КЫРГЫЗСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ

***Sulaimanov Ertabyldy Zholdoshevich, Smadiarov Sydyk Akunovich, Toktogulova Guljamal Tynybekovna***

# THE PLACE OF JALAL-ABAD IN THE FORMATION OF KYRGYZ STATEHOOD

***УДК. 94. (575.2)***

***Аннотация.*** *Коомчулукка сунушталып жаткан ушул макалада Жалал-Абаддын бир учурда борбор калаага айлануусу тууралуу сөз болот. Деги эле Жалал-Абад шаарынын тарыхы ушул убакытка чейин толук кандуу жазылбай келет. Ошондуктан илимий макала жазуудагы негизги максат шаарыбызды борбор калаага айландыруу токтомунун кабыл алынуусу жана анын аткарылбай калуусунун айрым себептерине токтоло кетүү эсептелет. Тарыхый фактылар катары чет өлкөлөрдөгү, борбор калаадагы мамлекеттик архивдик маалыматтар, Жалал-Абад областындагы архифдик маалыматтар, В.Ф. Труновдун 1887-1997-жылдар боюнча берген маалыматтары жана башка тарыхнаамалык жана булакнаамалык материалдар колдонулду. Архивдик изилдөөлөрдүн натыйжасында Жалал-Абад чын эле бир учурда борбор калаа катары токтомдоштурулгандыгы, борбор калаа болууга болгон негиздемелер бар экендиги, ошол эле мезгилде бир катар тоскоолдуктар, кемчилдиктер жана өнүгүү өбөлгөлөрү тууралуу пикирлер сунушталат. Ошондой эле илимий изилдөөнү ишке ашыруу үчүн илимий иш жазууда колдонулуучу ыкмалар колдонулду. Негизинен бул багытта аздар-көптүр изилденип келген эмгектер топтоштулуп теориялык анализ жүргүлүлдү. Объективдүүлүк принцибин сактоо менен тарыхый анализден өткөрүлдү. Бул шаардын тарыхын тыкыр изилдөө зарылдыгы келечектин милдети экендиги макаланын жыйынтыгы катары баса белгиленди.*

***Негизги сөздөр.*** *борбор, шаар, токтом, калаа, администрация, интеллигенция, мамлекеттик ишмерлер, саясат, мамлекет, легенда.*

***Аннотация.*** *В данной работе анализируются исторические предпосылки и факторы, способствовавшие формированию города Джалал-Абада в качестве столицы. История города Джалал-Абада до сих пор не получила всестороннего историографического освящения. В настоящей работе*

*рассматриваются исторические, экономические и политические предпосылки, которые могли бы способствовать трансформации нашего города в столицу, а также ограничения, препятствующие достижению данной цели. В качестве исторических фактов использованы данные Государственного архива за рубежом и в столице, архивные данные в Джалал-Абадской области, данные В.Ф. Трунова за 1887-1997 годы и другие историко-источниковые материалы. В результате архивных исследований предлагаются мнения о том, действительно ли Джалал-Абад в какой-то момент перестал быть столицей, обоснования для того, чтобы стать столицей, а также ряд препятствий, недостатков и предпосылок для развития в тот же период. В ходе исследования были применены такие методы, как анализ исторических документов, статистический анализ данных переписи населения и социологические опросы местных жителей, используемые при написании научных работ. В основном в этом направлении сосредоточены более или менее изученные работы, проведен теоретический анализ. Исторический анализ проводился с соблюдением принципа объективности. В заключение статьи было подчеркнуто, что необходимость тщательного изучения истории этого города является задачей будущего.*

***Ключевые понятия.*** *столица, город, постановление, город, администрация, интеллигенция, государственные деятели, политика, государства, легенда.*

***Abstract.*** *This paper analyses the historical prerequisites and factors that contributed to the formation of the city of Jalalabad as the capital. The history of the city of Jalalabad has not yet received a comprehensive historiographical treatment. This paper examines the historical, economic and political prerequisites that could have contributed to the transformation of our city into a capital city, as well as the constraints that prevented the achievement of this goal. As historical facts, data from the State Archive abroad and in the capital, archival data in Jalal-Abad region, V.F. Trunov's data for 1887-1997 and other historical and source materials are used. As a result of the archival research, opinions are offered on whether Jalal-Abad really ceased to be the capital at some point, the justifications for becoming the capital, and a number of obstacles, shortcomings and prerequisites for development in the same period. In the course of the research, methods such as historical document analysis, statistical analysis of census data and sociological surveys of local residents used in writing research papers were applied. Basically, more or less studied works are concentrated in this direction, theoretical analyses were carried out. The historical analysis was conducted in compliance with the principle of objectivity. At the end of the article it was emphasised that the need for a thorough study of the history of this city is a task for the future.*

***Key words.*** *capital, city, ordinance, city, administration, intellectuals, statesmen, politics, mamleket, legend.*

**Киришүү.** Кыргызстандын эгемен өлкөгө айлануусу Ата Мекендик тарыхты тактоого кенен шарт жаратты. Анын алкагында тарых беттеринен өз ордун таппай карт тарых барактарында катылып жаткан шаарлардын, тарыхый инсандардын, тарыхый жараяндардын, окуялардын, жалпы өлкөбүздүн тарыхы жаңыча илимий өңүттө жазылды. Жалал-Абад шаары да уникалдуу шаарлардын катарын толуктагандыктан, анын тарыхын жазууну колго алуу зарылдыгы келип чыгууда. Тарых беттериндеги жана жергиликтүү жашоочулардын маалыматтарына ылайык, Жалал-Абад дарылык касети бар булактарга бай, жаратылышынын кооздугу менен суктандырган өзгөчө чөлкөм. Расмий маалыматтарда бул аймакта XIX кылымдын башында Кокон хандыгынын чептери орнотулгандыгы айтылып келет [1]. Башка бир булактардан маалым болгондой түпкүлүктүү эл мал чарбачылык, дыйканчылык, багбанчылык жана кол өнөрчүлүк менен алектенишип, мезгилдин алга жылышы менен калктын саны жогорулап, Фергана облусунун экономикасына жана социалдык-маданий жашоосуна таасир этүүчү ири кыштак катары XIX кылымдан белгилүү боло баштагандыгы [2] айтылат.

**Материалдар жана изилдөө методдору.** Бул макаланы илимий чөйрөгө сунуштоодогу негизги максатыбыз кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүндөгү Жалал-Абад шаарынын ордун анализдөө болуп саналат. Бул изилдөөнүн негизги материалдары болуп, Жалал-Абад тарыхын камтыган эмгектерди, архивдик маалыматтарды, ошол

мезгилди изилдөөгө алган авторлордун эмгектерин, илимий тарыхый адабияттарды, интернет сайттарынан алынган маалыматтарды белгилей кетүүгө болот. Тарых багытындагы илимий изилдөө тарыхый объективдүүлүк принцибине негизденээри белгилүү, анткени, чыныгы илимий методологиянын объективдүү принциптерге таянган учурда гана тарыхый жараян туура изилдененет. Изилдөөдө тарыхнаамалык, булакнаамалык, архивдик материалдарды конкреттештирүү, анализдөө, сынчыл ой-жүгүртүү, тарыхыйлуулук, туура талдоо, рационализм, герменевтика, диалектика усулдары пайдаланылды. Ошондой эле адабияттарды топтоштуруунун алкагында жалпы теориялык анализ жүргүзүлдү.

**Тыянактар жана талкуулар.** Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун 100 жылдык мааракеси жакындаган сайын анын реалдуу тарыхын толуктай турган маалыматтар изилденип, илимий иштер колго алынууда. Ушул сыяктуу изилдөө иштеринин алкагында биз тарабынан Жалал-Абаддагы, Бишкектеги, Өзбекстандагы мамлекеттик жана саясий документациялар архивдери изилденип, Жалал-Абад шаарынын кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүндөгү орду тууралуу тарыхый талдоолорду аздыр-көптүр анализденип, илимий макала катары жарыкка чыгуу алдында турат. Бул макалада кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүндөгү Жалал-Абад шаарынын орду тууралуу маселе көтөрүлүп, Жалал-Абаддын шаар статусун алуусу, шаардын өнүгүүсү, өзгөчөлүктөрү тууралуу тарыхый-архивдик маалыматтар сунушталмакчы.

Орусиянын ФГУ РГИАнин директору А.Р.Соколов тарабынан тастыкталган архивдик фактыларда Жалал-Абаддын негизделүү датасы тууралуу мындай маалымат кездешет: "В Российском международном архиве в фонде Горного Департамента Министерство торговли и промышленности (ф.37) хранится дело "Выписка из журнала Совета Туркестанского губернатора о мерах для устройства Хазрет-Аюбах минеральных источников Ферганской области" за 1914-1915гг. В дело имеется Журнал Туркестанского генерал-губернатора от 6 февраля 1914 г за №2 и котором говорится: "Означенные источники известны местному назначению с незапамятных времен, русские же узнали о них в 1877г. когда Андижанский уездный врач Мездриков составил первое описание их". В фонде Управления данного (?) врачебного инспектора Министерство внутренних дел за 1916 г. по справке предоставленной и управление главного врачебного инспектора говорится, что Хазрет-Аюбские (Джалел-Абадские) источники находится в Туркестанском крае к Ферганской области и Андижанском уезде, в Ханабадской волости в селениях Джелал-Абад и Аюб, на западном склон Кугартских (Кугарийских) гор, обрашенном в долину речки Кугарт-Сая и настоящем название Аюб-Тау" [3]. Бул архивдик фактыдан белгилүү болгондой, бул маалымат Орусия архивинде сакталган жана Жалал-Абаддын шаар статусун алуусунун дагы бир кошумча далили десек болот. Ошондой эле белгилүү тарыхчы Т.Кененсариевдин пикирине ылайык: ""Жалал-Абад" кантону географиялык жактан Кыргызстандын ортосунда жайгашкандыгы, атүгүл, кээ бир көрсөткүчтөргө байланыштуу шаарды өлкөнүн байтактысы деп атоо сунушу киргизилгендиги" [8, 3-4б] да шаарыбыздын тарыхындагы урунттуу учурлардын бири.

Алгач, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануусунун советтик мезгилдеги этаптарына токтолсок, 1922-жылы 30-декабрда Советтердин Буткул Россиялык I съезди РСФСР, Украина, Белоруссия жана Закавказье Федерациясын бириктирип, Советтик

Социалисттик Республикалар Союзун (СССР) жарыялаган. 1924-жылы 31-январда Советтердин II съезди СССРдин биринчи Конституциясын бекиткен. Федерациялык негизде бирдиктүү союздук мамлекеттин түзүлүшү улуттук мамлекеттик бирикмелердин пайда болушун тездеткен. Түркстан АССРинин Советтеринин XII съездине (1924-ж. январь) барган кыргыз делегаттары кыргыз эли "белгисиз" бойдон калып жаткандыгын, анын натыйжасында, *биринчиден,* кыргыздар жашаган аймактарда саясий жана социалдык-экономикалык иш чаралар жүргүзүлбөй жаткандыгын, областтык эмес, атүгүл уездик башкаруу аппаратын түзүүдө улуттук өзгөчөлүктөр эске алынбай аткандыгын, *экинчиден,* кара-кыргыздардын маданиятын көтөрүү азыркыга чейин, партия тарабынан да, совет бийлиги тарабынан да коюлбай келе жаткандыгын, *үчүнчүдөн,* кара-кыргыз эмгекчи массасынын өкүлдөрү партиялык-мамлекеттик иштерге активдүү тартылбай жаткандыгын белгилешип, кыргыздар жашаган аймактардын жаратылыш шартын, кен байлыктарын, чарбалык дараметин мүнөздөп келип, РКП(б)нын БКсынан жана СССРдин БАКынын Улуттар кеңешине төмөнкүдөй талаптар менен кайрылуу жолдошкон: 1. Кара-кыргыз элин башка улуттар (өзбек, түркмөн, тажик, кыргыз-кайсак) сыяктуу эле өз алдынча улут катары таануу; 2. Кара-кыргыз эмгекчилеринин өкүлдөрүн партиялык жана мамлекеттик бийлик органдарына кеңири тартуу; 3. Кара-кыргыз эмгекчилеринин арасында маданий-агартуу иштерин алардын эне тилинде жүргүзүү, айрыкча окуу китептерин чыгаруу үчүн мамлекеттик каражат бөлүү[10, 86-87-бб.]. Мында, Кайрылуунун авторлору улуттук автономияны талап кылбаганы менен, алардын түпкү максаты ошол болгон. Белгилөөчү жагдай, Кайрылуу өз учурунда жасалган, анткени, бул мезгилде Орто Азияда улуттук-мамлекеттик жиктешүүнү ишке ашыруу күн тартибинде турган эле. Ага карабастан, кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгү түзүү жолундагы тоскоолдуктар улана берген. Э.Арабаевдин, А. Сыдыковдун, Ж. Абдрахмановдун, И. Айдарбековдун ж.б. катуу аракетинин натыйжасында гана, апрель айынан баштап кыргыздарга көңүл бурулап, натыйжада кыргыздардын улуттук советтик мамлекети автономиялык область формасында РСФСРдин курамында түзүлөөрү белгилүү болгон.

1924-жылдын сентябрына карата жаңы түзүлө турган мамлекеттердин калкын жана чегараларын тактоо иштери негизинен аяктаган. 860 мин адамдан турган кыргыз эли Туркстан АССРинин Жетисуу, Фергана, Сырдарыя жана Самаркан облустарында жашары аныкталган. Мындан тышкары 210 миндей кыргыз Памирде, Бухарада, Батыш Кытайда жашаган. РСФСРдин Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитети (ББАК) 1924-жылы 14-октябрда Бухара, Хива Республикаларынын, Туркстан АССРнин элдеринин эркине ылайык, Орто Азия элдерин улуттук мамлекеттерге бөлүү тууралуу токтом кабыл алган. Ошентип, революцияга чейин эле бытырап бөлүнгөн кыргыз, өзбек, тажик, түркмөн, казак жана кара калпак жерлери кайрадан бириктирилген. Натыйжада, РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялуу облусу түзүлгөн. Белгилөөчү жагдай, Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун РСФСРдин курамында түзүлүшү жөнүндөгү маселе зор кыйынчылык менен чечилген. Алсак, Абдыкерим Сыдыковдун тобуна (Э. Арабаев, И.Айдарбеков, Ж. Абдрахманов, Т. Худайбергенов ж.б.) каршы турган Р. Кудайкуловдун тобу ККАОну Казакстандын (ал кезде Кыргыз АССРи деп аталган) курамында түзүлүшүнө аябай аракет кылышкан. Бирок, алардын ою ишке ашкан эмемс. Борбор (Москва) ККАОну

РСФСРдин курамында түзүү жөнүндө чечим кабыл алган. Бул Кыргыз улуттук мамлекетинин, кыргыз элинин кийинки өнүгүүсү үчүн эң чоң өбөлгө жараткан.

Улуттук мамлекеттүүлүктөргө бөлүнүү менен Орто Азия элдеринин өз тагдырын өзү чечүү укугу кандайдыр бир деңгээлде ишке ашкан. Кара-Кыргыз автономиялуу облусуна мурдагы Туркстан АССРинин Жетисуу облусунун Пишпек, Пржевальск уезддери дээрлик бүт бойдон, Фергана областынын Ош уезди толук, Анжиян уездинин 10 болуштугу, Наманган уездинен дагы 10 болуштук, Кокон уездинен 2 болуштук, Сыр-Дарыя областынын Олуя-Ата уездинен 14 болуштук кирген. Ошентип, кылымдар бою чачыранды болуп бөлүнүп келген кыргыз эли облустук автономия формасында болсо да, бирдиктүү улуттук мамлекетке бириктирилген. Кара Кыргыз автономиялуу облусу түзүлгөндөн кийин, Кыргызстанда партиялык жана советтик бийлик органдары уюштурулган. Алсак, 1924-жылы 18-октябрда РКП(б) БКнын Саясий бюросу Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун Убактылуу партиялык бюросун түзгөн. РКП(б) Кыргыз обкомунун партиялык бюросунун 1-катчылыгына Михаил Каменский (Эйдис), 2-катчысы болуп Жусуп Абдрахманов дайындалган [4]. Ошол эле жылдын 21-октябрында РСФСРдин ББАКынын Президиумунун токтому менен курамы 17 адамдан турган ККАОнун чукул чакырылган эң жогорку убактылуу мамлекеттик бийлик жана башкаруу органы - Революциялык комитет түзүлгөн. Анын төрагалыгына Иманалы Айдарбеков дайындалган[5]

ККАОнун ревкому өзүнүн биринчи жыйынын 1924-жылдын 12-ноябрында өткөрүп, ревкомдун Президиумун шайлаган, ККАОнун административдик-аймактык түзүмүн карап, областты 2 округка (Пишпек жана Жалал-Абад) бөлүү жөнүндө токтом кабыл алган. Бирок уюштуруу иштери учурунда мындай бөлүүнүн туура эмес экендиги байкалып, 13-декабрда ревком областты 4 (Пишпек, Ош, Жалал-Абад, Каракол-Нарын) округка бөлүү чечимин кабыл алган жана алардын ревкомдорун түзгөн. Мына ушул эле жыйынында (12-ноябрь) ревком: “ККАОнун аймагында областтык мекемелерди токтоосуз жайгаштыра ала турган шаардын болбогондугуна байланыштуу, убактылуу аларды Ташкент шаарында жайгаштыруу зарыл деп табылсын” деген токтом кабыл алган [6].

Албетте, башка республиканын аймагынан ККАОну башкаруу бир топ татаалдыктарды жараткан. Андыктан, ошол эле күндөрү, борборду Кыргызстандын аймагына көчүрүү маселеси каралып, борбор катары Жалал-Абад шаары тандалган. Бирок, Жалал-Абад шаарынан ревкомду жана анын бөлүмдөрун жайгаштыруучу бир да имарат табылбагандыктан, областтык мекемелерди *убактылуу* Пишпекке көчүрүүгө токтолушкан. 25-ноябрда өткөн жыйында, ревком областтык мекемелерди көчүрүү боюнча Убактылуу комиссия түзүп, ал эми 27-ноябрдагы пленардык жыйынында, көчүрүүнү 7-декабрдан кийин гана ишке ашыруу керектиги жөнүндө токтом кабыл алат [7]. Архивдик документтерге таянсак, ККАОнун убактылуу жогорку мамлекетик бийлик жана башкаруу органы – ревком, Пишпекке 1924-жылдын 28-декабрында көчүп келген. Бул анын өз милдеттерин аткаруусун олуттуу жеңилдеткен. Ошентип, Пишпек, кийин Фрунзе, азыркы Бишкек шаары Кыргыз мамлекетинин борбору болуп калды. Ал эми, ККАО түзүлгөн алгачкы айлардагы борбор катары тандалган Жалал-Абад шаарын борборго айландыруу маселеси ошол бойдон кайра көтөрүлгөн эмес.

1925-жылдын 27-30-мартында өткөн Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун Советтеринин биринчи Учредительдик съездинин отчеттук докладында: “Для удобства

управления Кара-Киргизской Автономной областью с одной стороны, и из-за недостатка для Областных учреждений помещений в Джалал-Абаде (который признан ревкомом центром и столицей Кара-Киргизии) с другой - решено было впередь до постройки необходимых зданий все областные учреждения оставить в городе Ташкенте. Однако целый ряд практических неудобств не позволил выполнить этого, и Облревком вместе со своими отделами в конце декабря переехал *временно* в Пишпек” [9] деп Жалал-Абад Кара-Кыргыз автономиялуу областынын байтактысы жана борбору катары революциялык комитет тарабынан тандалгандыгын социалдык тармактардагы маалыматтар да кабарлайт.

Демек, Жалал-Абад шаарынын жаңыдан түзүлгөн улуттук мамлекеттүүлүгүбүздүн байтактысы катары тандалуусу кокустук болгон эмес. Анткени, Жалал-Абад шаары көп тарабынан ордо калаа болууга туура келип, кандайдыр бир деңгээлде жаңыдан түптөлгөн мамлекеттүүлүктүн бекемделишине өз салымын кошо алмак, ошол эле учурда чыгарылган токтомдун тез убакытта аткаруусуз калуусу да бир катар жүйөлүү себептер менен негизделип көрсөтүлгөн.

Жалал-Абад шаары 1924-26-жылдарда округдун, 1926-28-жылдарда кантондун, 1928-жылы Ош округуна бириктирилген. 1938-жылы мартта Ош округунан бөлүнүп, Жалал-Абад округу аталган. 1939-жылы 21-ноябрда өз алдынча облус болуп уюшулган, 1959-жылы 27-январда жоюлуп, Ош облусуна кошулган. 1990-жылдын 14-декабрында кайрадан облустун борбору катары белгилүү. Социалдык тармактардагы маалыматтарга ылайык: “Жалал-Абад Фергана өрөөнүнүн бир бөлүгүн түзгөн Көгарт өрөөнүнүн түзөң түштүк-чыгыш чет-жакасында, Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш тармагы болгон Айып-Тоонун этегинде, деңиз деңгээлинен 755 мден (түштүк бөлүгүндө) 800 мге чейинки (түндүк бөлүгүндө) бийиктикте жайгашкандыгы белгилүү.

**Корутунду.** Жыйынтыктап айтканда, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүндө жана өнүгүшүндө Жалал-Абад шаарынын орду бар. Жогорудагы маалыматтардан белгилүү болгондой ал алгачкы Кыргыз улуттук мамлекети түзүлгөндө (ККАО, 1924ж.) борбор катары тандалган. Ушул фактынын өзү эле анын мамлекеттүүлүгүбүздүн тарыхындагы саясий, экономикалык ордун көрсөтүп турат. Бирок, объективдүү жана субъективдүү себептерге байланыштуу Жалал-Абад иш жүзүндө борбор калаага айланбай калды. Ошентсе да, шаарыбыз мамлекеттүүлүгүбүздүн кийинки тарыхый өнүгүү жолунда өлкөбүздүн саясий-экономикалык, социомаданий маселелеринин чечилишине чоң салым кошту жана кошуп келүүдө. Азыркы күндө Жалал-Абад шаары өнөр жайлуу аймактын борбору болуу менен билимдин, илимдин, маданияттын ордосуна айлана алды жана Кыргызстандын байтактысы болууга толук мумкүнчүлүгү бар.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Карта Бухарского, Хивинского и Кокандского ханств и части Русского Туркестана. Дата обращения: 20 октября 2018. Архивировано 6-июня 2013 года.
2. https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%96%.
3. РГИА ф.37, оп.77, д.954 или ф.1298, оп.1, д.2878
4. https://tyup.net/page/kyrgyz-mamleketinin-negizdelishi-zhana-onugushu
5. Смадияров С. Становление и развитие государственного аппарата Кыргызской Республики в период ее автономии (1924-1936гг.). – Ош, 2001. – С.14-15.
6. КРнын БМАсы ф.20, оп.1, иш кагазы-3. 1-2-бб.
7. КР БМА, ф.20.оп1, 114- иш кагазы, 10-11-бб.

8. К.Ж.Усенов, Г.Т.Токтогулова. Жалал-Абад - билим башаты. Жалал-Абад. -2018, 3-4-б.
9. facebook_1727796375168_7246903247556161990.jpg
10. Введение в историю Кыргызской государственности. – Б., 1994. – С.86-87.

* * *

***Султаналиева Назира Ишенбековна, Шекерова Элизат Нурдиновна***

## БОЗ ҮЙДҮН ИЧКИ ЖАСАЛГАЛАРЫНДАГЫ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК БУЮМДАРЫНЫН БЕРИЛИШИ

***Султаналиева Назира Ишенбековна, Шекерова Элизат Нурдиновна***

## ПРЕДМЕТЫ ДЕКОРОТИВНОГО-ПРИКЛАДНОГО ИССКУСТВО ВНУТРЕННЕМ УБРАНСТВО ЮРТЫ

***Sultanalieva Nazira Ishenbekovna, Shekerova Elizat Nurdinovna***

## THE SUBJECT IS DECORATIVE AND APPLIED ART AND INTERIOR DECORATION

***УДК. 746:677.533.1(575.2)(04)***

***Аннотация.*** *Макала кыргыз элинин салттуу турак жайы болгон боз үйдүн ички жасалгаларына арналган. Боз үйдү жасоодо, тигүүдө, чечүүдө, жүктөөдө, сактоодо кол өнөрчүлүктүн баардык түрү пайдаланылат да, тери, жүн, сайма, таар, жыгач, таш буюмдары боз үйдүн ички колдонмо – жасалгалары гана болбостон кыргыз аялдарынын чыныгы чеберчилигинен, коздук жөнүндө, кыял чапкыттарынын кенендигинен кабар берет. Макалада терме менен согулган боз үйдүн жасалгаларына кенен токтолдук. Алсак, боз үйдүн терме боо чууларынын негизгиси жана нарктуучу-тегирич, кылдырооч, үзүк боо, тизгич, кереге чалгыч, жел боо. Боз үйдүн терме боо чуулары бир жүздүү жана эки жүздүү болуп согулат. Мындан тышкары боолор терме ыкмасы менен гана эмес өрмөкчүлүктөгү кажары жана беш кеште ыкмалары менен да согулат.*

***Негизги сөздөр.*** *материалдык маданият, боз үйдүн ички жасалгалары, чий согуу, өрмөкчүлүк, терме, кол өнөрчүлүк, оюу.*

***Аннотация.*** *В статье рассматривается внутренняя отделка традиционного жилища кыргызов юрты. При изготовлении, сборке, разборке, погрузке и хранении юрты используются всевозможные ремесло - изделия из кожи, шерсти, дерева и камня, вышивки, плетения являются не только внутренним украшением юрты, но и признаком истинного мастерство, красоты и широты воображения кыргызских женщин. В статье мы подробно остановились на украшениях юрты из безворсового ткачества. Например, основные и самые ценные из узорных лент юрты — это тегирич, кылдырооч, үзүк боо, тизгич, кереге чалгыч, жел боо. Узорные ленты юрты ткались одноликим и двуликим. Кроме того, ленты ткались не только методом терме, но и методами кажари и беш кеште*

***Ключевые слова.*** *материальная культура, внутреннее убранство юрты, плетение чия, ткачество, терме, ремесло, орнамент.*

***Abstract.*** *The article examines the interior decoration of the traditional Kyrgyz dwelling, the yurt. All kinds of crafts are used in the manufacture, assembly, disassembly, loading and storage of the yurt - products made of leather, wool, wood and stone, embroidery, weaving are not only the interior decoration of the yurt, but also a sign of true craftsmanship, beauty and the breadth of imagination of Kyrgyz women. In the article, we dwelled in detail on the decorations of the yurt made of lint-free weaving. For example, the main and most valuable of the patterned ribbons of the yurt are tegirich, kyldyrooch, uzuk boo, tizgich, kerege chalgych, zhel boo. The patterned ribbons of the yurt were woven by one-faced and two-faced people. In addition, ribbons were woven not only by the terme method, but also by the kazhari and besh keshte methods.*

***Key words.*** *material culture, yurt interior decoration, chiya weaving, weaving, terme, craft, ornament.*

Кыргыз элинин салттуу кол өнөрчүлүгү көп түрлүүлүгү менен да, анын күндөлүк турмуш менен да тыкыз байланыштуу болгондугу менен өзгөчө.

Кыргыздын боз үйү анын улуттук оюм-чийимдеринин эң кооз үлгүлөрүн өзүнө камтыйт. Боз үй кыргыздын турак жайы гана болбостон, алардын улуттук мүлкү. Ал укмуштай көркөмдүккө, математикалык так эсепке жана физикалык тең салмакка ээ. Жалаң мал чарбачылыгын аркалаган эл каалаган жерге: мейли тоодо, мейли түздө жашоого бирдей оңтойлуу шарт түзгөн үйдү жаратып алуусуна жашоо-тиричилиги өзү мүмкүнчүлүк берген.

Белгилүү изилдөөчү Н.Д. Зеланд убагында боо-чуусуз боз үй жөн гана кийиздердин үйүндүсүнө айланган көрүнүшкө ээ болмоктой эле, кыргыздардын тиричилиги да аялдардын ишмердигинин натыйжасында гана кармалып турат деп кыргыз аялдарынын ордун адилеттүү ачып бере алган [4.28]. Чынында эле боз үйдү жасоодо, тигүүдө, чечүүдө, жүктөөдө, сактоодо кол өнөрчүлүктүн баардык түрү пайдаланылат да, тери, жүн, сайма, таар, жыгач, таш буюмдары боз үйдүн ички колдонмо-жасалгалары менен бирдикте кармалат. Ошондуктан узчулук: оймочулук, саймачылык, өрмөкчүлүк, килемчилик. түймөчүлүк, бычмачылык, зергерчилик, жыгаччылык, кайышчылык, боз үйдөн көрүнүп, элдик буюм катары таанылып-элге жетип турат. Төргө төшөлгөн ала кийиз, шырдак, таар, тушка тартылган туш кийиз, килем, керегелеринин сыртына каланган кооз канат чий, чыгдан, ууктарга байланган жабык баш, тизгич жана башка ушул өңдүү ажайып кооздукка оролгон буюмдар табияттын кызыл-тазыл түстөрүнө жуурулушкан кыргыз оюусунун эң мыкты үлгүлөрүнө бай. Ал гана турсун боз үйдүн кош каалгасы, уук-керегеси, түндүгү, үзүк-туурдугу, түндүк жабуусу, жана эшик жабуусу көргөндүн көз жоосун алып, уста менен уздардын чеберчилигинен кабар берет.

Ошондой эле өрмөк менен согулган буюмдарды көзгө элестеткенде, албетте, биринчи кыргызды кыргыз кылып тааныткан дагы бир материалдык байлык болуп эсептелинен боз үйдүн терме жасалгалары элестейт. Боз үйдүн көркүн ачкан бул терме жасалгалар талыкпас эмгектин натыйжасында пайда болгон. XIX кылымдын аягында – XX кылымдын башында ар бир кыргыз аялы өрмөк менен боз үйдүн терме жасалгаларын сокконду билишкен.

Тегиричке, шалчага, керегe таңууга согулган терме үлгүлөрү кылдырооч үчүн да жарай берген. Кылдыроочко да түймөчүлөр (чачыкчалар) жипти бышык чыйратып, түрдүү ачык түстөргө боеп алышкан. Түймөчү чачык үчүн жипти тегиз ичкерээк ийрип, чыйратып, челдеп, анан чебердеп түйүшкөн. Мисалы, мунун четине «чагырмак» көчөтүн түшүргүлөрү келсе, ага кара-актан жети кош жип эриш болуп, андан кийинки көчөткө тогуз көк – кызыл жип керектелген да [10.26] андан кийин уз «тай туяк» көчөтүн түшүргөн.

Кылдыроочтун кажары таардан жасалышы, албетте кол өнөрчүлүктүн мыкты үлгүлөрүнөн болот. Мунун четине ак-карадан «кырк шак» көчөтү түшөт. Андан кийин сары өңдө «төрт илик» кара жердикке «ичирилип» берилет. Андан «тумарча» көчөтүн түшүрүп, кайра төрт илик сыяктуу бачайы көчөттөр кызыл түстө көктүн арасында көрүнөт.

***ТЕГИРИЧ*** – Тегерете карадым, тегиргичи кооз экен. (элдик ыр) демекчи - боз үйдүн терме менен согулуп даярдалган негизги жасалгасы. Ал жабык баштын алдына тартылат.

Боз үйдүн терме аркылуу ишке ашырылуучу боо – чууларынын ичинен эни жазылыгы боюнча да тегирич биринчи орунда турат. (сүрөттү караңыз № 1). Айрым кыргыз аялдары тегиричке оюу түшүрөөрдө ортосунан бир кызыл жипти терүүдөн башташкан. Анан жуп жети жипти таштап, кайра эки жип алып, дагы жти жип түшүп, кайра эки жипти теришкен. Ушинтип, мында жалаң түгөйлүү кызыл жиптер гана үстүнө чыгып, бул симметрия сызыгынын (төптөө) сол тарабында кандай терилсе, симметрия сызыгынын оң жагына да дал ошондой кайталанат. Эми жиптин көгү эриштин эркеги болуп үстүнө чыгат. Ошондо мурунку жети жиптер төртөө, мурунку беш жиптин үчөө гана терилет да, жогорудагыдай симмерия сызыгы пайда болгон. Бир караганда жалаң кызыл түс менен гана согулгандай көрүнгөн. (сүрөттү караңыз № 2). Тегиргич-өрмөкчүлүк аркылуу бүткөн боз үйдүн кооз жасалгаларынын бири. Мунун эни болжолдо 20-22, 28-32 см дей жасалат. Ал ууктардын билегинин үстүнөн тегерете айландыра тартылат да, «төкмө чачысы», «топ чачысы», «кылыч байлоо чачысы» керегенин башына тиер-тийбес болуп төгүлүп турган.

Ошол мезгилде, манаптар, байлар, колунда барлар эң мыкты өрмөкчүлөргө атайын тапшырма берип тегиричти эки жүздүү терме ыкмасы менен да соктурушкан. Эмгек акысына тегирич үчүн дайыма бодо мал берилген. Ал эми калган убакта бир жүздүү ыкмасы менен эле согот. Дегеле, кол өнөрчүлүк, анын ичинде, таар сокмокчулукту жогоруда көрсөтүлгөндөй ар бир аял, уз соккон да өзүнгө топ болуп бөлүнүп чыккан эмес. Же болбосо атайын топ даяр, согулган, өрмөкчүлүктөн чыккан товарды алып чыгып саткан, андан түшкөн пайдага жашаган элдердин кандайдыр бир катмары да пайда болгон эмес. Мыкты чебер, уздарга элдин кээ бир колунда бар адамдарыдан тапшырма түшкөн жана аны бүтүрүп бергендиги үчүн, мал түрүндө сыйлык алган.

Тегиричке мүнөздүү оюуларга «табак», «ийрек», «жарым кыял» оюулары кирет [9. 41]. Кээ бир уздар үзүк боо, тизгич, жел боо, кереге таңгыч сыяктуу боо – чууларга түшүрүлүүчү оюмдарды тегиричке да түшүрүшкөн.

Тегиргич кажары термеден да жасалып, туштүктө, Талас өрөөнүндө гана таралган. Ал энсиз болгон. Мисалы, «кыйдым көчөтү» түшкөн болсо, анын кара кызылдан «суусу» берилет. Кызылдан «кыйдым көчөтү» түшсө, карадан «беш иликче» ак-карадан «суу» болсо, ал буюм ого бетер жарашкан. Же сары-карадан «төө көз», кара-актан «суу», кызыл-карадан он беш жиптен эки жүздүү өрмөктүн көчөтүн беришкен. Кайра «чычкан изин» түшүрүп, анан «тор чачыкталса», кажары терме өз өңүнө чыгат. Уздар көбүнчө жиптерди натуралдык боектор менен гана боегондугу менен айырмаланып жана өзгөчөлөнүп турган. Мисалы, бозунач деген чөптөн кошумча ачык, сары түстү алса [10. 67-б.], жаңгактын жалбырагынан жашыл өңдү, кызылчанын жалбырактарын кызыл өңдөрдү кайнатып алышкан.

XIX кылымдын аягында – XX кылымдын башында бай адамдар, колу жеткен кишилер, Кашгар жана Фергана менен байланышта болгон үй-бүлөөлөр тегирич, терме боолорду түрдүү түстөгү жибектен согуп тактырган. Ал гана эмес чийлерди да жибектер менен чырматкан. Чыгдандын баштарында саймалар койдуруп, кундуз кыйыткан чачылар тагылган [5]. Кытайлык кыргыздарынын, тактап айтканда Кызыл Суунун Ак Чий өрөөндөрү Ак Суудагы өрмөкчүлөрдүн боз үйлөрүндөгү тегирич да согулушу, түсү, түшүрүлгөн оюулары боюнча Теңир тоолук кыргыздардыкына окшош [1.346]. Ошондой эле аялдар жагын, идиш аяктарды жаап тосуп турган чийден жасалгон тосмо «ашкананын»

да эки чекеси, үстү менен асты тегиричтей кылып согулуп, чийге иштелип коюлган. Кээ бирде мындай ашканалардын термелерине чачык да тагып коздоп коюшкан. Мына ушундай эле, тегирич менен ашкананын кооздолушун Кетмен-Төбөлүк кыргыздардын да боз үйүнүн жасалгаларында кездешет [2.7].

Е.И. Махова түндүк Кыргыздардын тегиричи негизинен бир типте кызыл, көк өңдөрдү пайдалануу менен негизине *«мүйүз», «табак оюу», «жолборс тырмак», «илбирс тырмак»* оюулары түшүрүлүп, суусуна «*чагырмак*» түшүрүлөт деп белгилеген [7].

Кийинки мезгилдеги байкалаарлык өзгөрүүлөргө тегиричтин ак, кара, күрөң башкача айтканда боелбогон, натуралдык өңдөрдөгү жүндөрдөн ийрилген жиптерден гана согула баштаганын кошсок болот.

***КЕРЕГЕ ТАҢГЫЧ*** – Жайылган керегенин белинен курчала турган боз үйдүн боосу. Кереге жайып эки керегенин кошулуучу жерин капшырып, анын жазылыгы эки эли келген кереге таңгыч менен башынан аягына чейин каршы-терши кылып капшырган жерин байлайт. Ал көбүнчө өрмөк согуучулук жана килем токуучулук ыкмасы аркылуу пайда болот. (сүрөттү караңыз № 3) Буюмдун эни 70 см ге чейин жетет. Түштүк Кыргызстандын айрым аймактарында чеберлер мына ушундай энде өрмөк жана килем дүкөнү куруп, кереге таңгыч токушууда [3.63].

Негизи жалпы жонунан кереге чалгычка 17 жип күзүктөлөт. Кереге чалгычты эки жүздүү таар кылып соккон да уздар бар. Мисалы, Жумгал өрөөнүндө, кулжыгач уруулары жашаган айылдарда жана жайлоолордо кереге чалгычты да эки жүздүү кылып согуп, ага «каз таңдай» оюумун салышкан. Булар көбүнчө суусуна *«тумарча»* оюусун колдонушуп, мындан тышкары терме менен соккон буюмдарына *«чагырмак», «ит таман», «кыял», «толук кыял»* оюуларын колдоно билишкен. Алар көбүнчө көк, кызыл өңдөрдү колдонушуп, жээгине жашылдан оюу түшүрүшкөн. Бычак учуна кара-көк, сары-кызыл өңдөрдү пайдаланышат [9.25]. Кереге чалгычка көбүнчө суусуна салынуучу *«чычкан изи», «тоок көз», «жылан»* атуу жөнөкөй эле оюумдар салынганы учурайт [10.38]. Ысык-Көл өрөөнүндө терме менен согулган кереге чалгычтардан бир аз айырмачылыктар болгон. Мында кереге чалгычтарга оюу түшүрүлбөстөн түз «көзчө» болуп же параллель кеткен эки сызыктан эле турган [10.73]. Ал эми Жалал-Абад өрөөнүндөгү аймагында кереге таңгычты кажары жана беш-кеште ыкмалары менен согуп, боз үйгө кошумча көрк беришкен [8. 48].

***ТИЗГИЧ*** (уук тизгич) – боз үйдүн боо-чууларынын бири. Керегеге жапырт сайылган (тигилген) ууктардын жылып кетпеси үчүн билегине текши кыркалай имере оролгон сызма, терме таар. Мунун өрмөгүнө жети гана тал жип чалынып, ууктан оң-тетири тарабы көрүнүп тургандыктан көбүнчө көркөмдүк үчүн эки жүздүү терме түрүндө согулган. Уук тизгич өрмөк түрүндө да, эшме жип түрүндө да болушу ыктымал. (сүрөттү караңыз № 4) Ал эми, жипти боеодо көбүнчө күңүрт, ачык эмес өңдөрдү пайдаланышкан. Адатта тизгичтин узундугу 30 метр, туурасы 4 см болгон [9.13]. Көбүнчө терген өрмөктүн жиптери бирдей өңдө болгон. Мисалы, эркеги бир түстө, ургаачысы бир түстө. Тизгичтин эни тайкы болгонуна карабастан, эки четине суу салынат. Суусуна адатта «чычкан изи», «тоок көз» оюулары 2ден жип менен түшүрүлгөн.

***ҮЗҮК БОО*** - да боз үйдүн негизги боо-чууларынын бири. Үйдүн үзүгүнүн (эки үзүккө төрт боо) уукту арта айлантып, керегенин билегине байлана турган боо. Үзүк боо, кереге чалгыч, жабык баш боо-булардын эни бирдей кетет. (сүрөттү караңыз № 5) Эриш

жиптери өрмөккө бирдей түшөт. Үзүк боого уздар «*жолборс тырмак»* көркөм көчөтүн көп колдонушкан. Мисалы Ат-Башы өрөөнүндө үзүк боого жашыл, кызыл өңдөр жогорудагы оюумду түшүрүп, аны «илбирс же жолборс тырмак» деп аташкан. Бул үчүн 13 жип күзүктөлөт. Мындан тышкары «кош чагырмак» оюусу да бул буюмдун көркүн ачат. Кээ бир уздлар өздөрүнүн ой чабыттары, кыялдары менен жаны оюуларды ойлоп таап салып келишкен. Мисалы, гүлдүн сүрөтү түшүрүлгөн, же кандайдыр бир геометриялык фигуралардн сүрөтү түшүрүлгөн [10.40]. Кыргызстандын түндүгүндө үзүк боого салынуучу кеңири таралагн оюуларга *«жарты кыял», «бадал оюу», «кош чагырмак», «чыңар мүйүз», «чөмүч баш», «бото көз»* сыяктуу оюулар кирет. Мисалы «кыял» оюусу үчүн 34 жип керектелсе, «бото көз» оюусу үчүн 17 жип менен согулат. Кээ бир уздар «кыял» оюусун 49 жипке чейин күзүктөп, сого алышат [10.35].

Мунун да, терме, кажары жана беш кеште кылып түшүрүү ыкмалары болот. Аны да кара таар, сызма таар кылып, жөнөкөй эле согууга мүмкүн.

***САКАНАК ТАҢГЫЧ*** – жайылган керегелердин бири-бирине ашталган саканактарын бириктирип берүүчү сызма. Мунун өрмөкчүлүк аркылуу бүткөнүнүн эни уук тизгичтей келет. Бир жүздүү, эки жүздүү терме менен да согулат. Жөнөкөй эле сызма түрүндө болот. Эшилген жиптен саканак таңгыч кылып да жүрүшөт. Буга түшүрүлгөн көркөм көчөттөр уук тизгичке окшошот. Алар биринин коздугун бири кайталайт. (сүрөттү караңыз №6, 7)

***ЖЕЛ БОО*** (түндүк боо)-таар, эшме жип буюму. Ал боз үйдүн боо-чууларынын ичинен эң көрктүүсү да, эң барктуусу да. Эки жүздүү терме ыкмасы менен согулган боо түндүктүн эки жагына тагылат. (сүрөттү караңыз № 8) Үй тигүүдө, түндүк көтөрүүдө боо башы менен кошо кармалат. Жел боолорду үйү шамал учурбасын үчүн колдонулат. Эки жел боо үйдүн ички эки капшытында болуп, учтары керегенин башына байланып коюлат. Эгерде өтө катуу шамал болсо үйдүн сырткы артына казык кагып, узун жана жоон аркандын ортосунан ошол казыкка байлап коөт да аркандын эки учун үйдүн үстүңкү эки жагынан арта салып барып эшиктин эки жагындагы керегенин түбүнө казык кагып, ошол казыкка байлап коет [6.73].

Кээ бир маалыматтар боюнча шамал болгондо, кыргыз үйлөрдү жыгачтар менен ар жеринен тиретип, оттун төрүнө казык кагып коюшуп, желбоолорду казыкка бек байлап, бону бир жыгач менен толгоп бекиткен. Капка таштарды салып, аркан менен түндүккө да байлап, аны *салмоор* деп аташкан. Кээ бир ашынган байлар алтын жамбыдан салмоор да салган экен [6].

***ЭШИК БОО*** (тастар боо)-түндүк боого окшош согулат. Эшик боо түндүктөн арта салынып, баш босогого байланат. Мунун да жел боодой (түндүк боо) оң-тетириси көрүнүп, натыйжада эки жүздүү терме кылып согулган. Же болбосо мунун жөнөкөй эле сызмадан, кара таардан же эшме жиптерден бүткөрүлгөн түрлөрү да болгон. (сүрөттү караңыз №8) Буюмдун эки четинде бир – төрт жип кетет да ургаачы (астыңкы жип) жыйырма алты тал болот. Эшик боого түшчү оюуларга «карагай бутак», чагырмак, «сыңар ийин» көркөм көчөттөрү кирет.

Акыркы мезгилдеги элибиздин салтуу маданиятына болгон кызыгуу, жандануу канчалык күчөп бара жатканына карабастан, мезгилге жараша трансформацияга да учурап жатат. Боз үйдүн кайрадан көп колдонула баштаганынан боз үйдүн баардык ички

жасалгаларын жасоо да кайрадан жандана баштады. Алсак, боз үйдүн боо чуулары, терме, шырдак, жыгач жасалгалары коп өзгөрүүгө учурабаса, чий менен чогулган буюмдар байкалаарлык өзгөрүүлөргө учураган. Тилекке каршы, чий оюу түшүрүлүп чырмалбастан, көбүнчө актай эле согула башталган. Бул маселелер боюнча келечекте дагы терең изилдөөлөр зарыл.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР МЕНЕН БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ:


1. Абрамзон С.М. Киргизское население Синьцзянь – уйгурской автономной области Китайской народной Республики // Труды киргизской археолого-этнографической экспедиции. Т.II. - М., 1959. – С. 346.
